Кыргыз республикасынын улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү
Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту

“АЙТЫШ” СЕРИЯСЫ

АЙТЫШ

I ТОМ

Адат-салт айтыштары
Акындар айтышы:
Арстанбек, Айтыке, Чоңду,
Эсенаман, Найманбай,
Нурмолдо, Жеңижок

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы менен

Түзгөндөр: А.Акматалиев, М.Көлбаева

Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 37

Жыйнак Кыргыз Республикасынын 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 515-б) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Рецензент:
Филология илимдеринин кандидаты М.Мукасов

Редколлегия: Акматалиев А.А., Байгазиев С.О., Жайнакова А.Ж., Маразыков Т.С., Мусаев С.Ж., Садыков Т.С., Токтоналиев К.Т., Эркебаев А.Э.

А **37** **Айтыш. I том:** Арстанбек, Айтыке, Чоңду, Эсенаман, Найманбай, Нурмолдо, Жеңижок. / Түзг.: А.Акматалиев, М.Көлбаева – Б. Имак Офсет, 2015. - 480 б.

ISBN 978-9967-12-527-8

Кыргыз элинин оозеки жаралган көркөм чыгармаларынын бири – айтыш. Жыйнакта элдик оозеки чыгармачылыкта айтылып келген айтыштын үлгүлөрү, Арстанбек, Айтыке, Чоңду, Эсенаман, Найманбай, Нурмолдо, Жеңижоктун чыгармачылыгынын орчундуу бөлүгүн түзүп, акындык жүзүн даана көрсөтүп турган айтыштары топтоштурулду.

Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

А 4702300200-15
ISBN 978-9967-12-527-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© КР УИА, 2015
© “Имак офсет”, 2015

Баш сөз

Айтыш – кыргыз элинин жашоо турмушу менен бирге өнүгүп, бүгүнкү күнгө чейин өрүш алып келген оозеки адабиятынын чоң бир салаасы. Анда калктын кубанычы, кайгысы, саясий-чарбалык турмушу, маданияты, идеологиясы, үрп-адаттары, жалпы адамзаттык жана жеке адамдык карым-катыштары чагылдырылат. Мындан улам айтыштар тематикалык жактан тарамдалып, эл турмушунун баардык тарабын камтыйт.

Айтыш - түрдүү мазмундагы көркөм сөз өнөрүнөн бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып, улуттук болмушту көркөм чагылдырып, кыргыздын руханий дүйнөтаанымын, дүйнөгө көз карашын, арманы менен кубанычын ырга салган улуттук өнөр.

Айтыштын өнөр катары кылымдан кылым кезип биздин күнгө жетишине кыргыз эли канчалык кызмат кылса, экинчи жагынан кыргыздын улут катары тарых баракгарына из салып жашап турушунда, руханий-эстетикалык баалуулуктарын урпактан-урпакка сакталышында айтыш өнөрүнүн ролу өзгөчө. Бул айтыш менен кыргыз болмушунун өтмө катар байланышта өнүгүп келгенин айкындап турат. Демек, кыргыз айтыштары-элибиздин руханий баалуулуктарын урпактан-урпакка жеткирүүчү алтын көпүрө сымал кызмат кылып келди. Айтышты элибиздин турмушунда өзгөчө орду бар руханий табылгасы экендигин үстүбүздөгү жылы ЮНЕСКО тарабынан дүйнө элдеринин материалдык эмес маданий мурастарынын тизмесине катталып жатышынан эле көрүүгө болот.

Кыргыз айтыштарынын өзгөчөлүктөрүнүн бири – дүйнөгө, айлана-чөйрөгө, турмуштук окуяларга, чындыкка кыргыз баласынын көзү менен карап, дүйнөнүн сырткы көрүнүшүн ырга салабы, ички табиятын ачабы кыргыз таанымынын чен-өлчөмүнөн баа бергенинде. Айтыштын ар бир кыргыздын жан азыгы болуп, байыртадан бери сүзүлсө да, үзүлбөй элдик өнөргө айлынышынын сыры, анын жоюлбас кунары – улуттук таанымга негизделгенинде. Айтыш кандай өңүттө кайсы темада ырдалбасын улуттун мүдөөсүн коргоого, анын муңун муңдап, жогун түгөлдөөгө, элдик касиетин бийик кармоого умтулуу бар.

Айтыш жазма адабият кийинчерээк калыптанган көчмөн элдердин көбүнүн көркөм дүйнөсүндө кезигет. Бирок, ал айрым элдерде өнүгүүнүн бийик үлгүсүн көрсөтсө, экинчисинде азыраак. Мындай өзгөчөлүк элдердин жашоо мүнөзүнө ылайык мүнөз күтүп, алардын салт-санаасына, үрп-адатына, өнөргө карата талап-муктаждыктарына ылайыкталган. Жашоо шарты дээрлик окшош болгон казак, каракалпак элдеринде айтыштын жогорку деңгээлде өнүккөнүн көрөбүз. Мунун себеби, ал элдердин байыркы замандарда бир уруудан таралган гениологиялык жакындыгынан, элдик ишенимдердин бирдейлигинен жана көчмөн маданиятынын туруктуу орун алганынан көрүнөт. Бул тууралуу казак окумуштуусу Ч.Валиханов монгол, түркмөн, араб сыяктуу элдерде төгүп ырдоого ылайыкталган чыгармачылыктын бар экендигин белгилегени менен казак, каракалпак, кыргыздарда өнүккөндөй жогорку бийиктикке жете албаганын жазат. Кыргыз айтыштарынын алгач башатында элдин турмуш-салтка байланыштуу жөрөлгөлөр, ал жөрөлгөлөрдө айтылган «Жар-жар», «Сармерден», «Акыйнек» өңдүү элдик чыгармалар жатат. Айтыштардагы улам кезектешип ырдоодогу диалогдук ыкма кыз менен жигиттин айтышында уланып, ар бир мезгилде

жанрдык белгилерди калыптандыра берди. XIII кылымда жашап өткөн аты уламышка айланган Бука ырчынын атактуу Айгандын баласы Жучи дүйнө салганда атасына угузгандагы ыры, андан бери келсек орто кылымдагы М.Кашгаринин «Түрк тилдер сөздүгүндөгү" жыл мезгилдери «Кыш менен жаздын» айтышын, Кожа Ахмет Яссавинин «Дивани хикметтериндеги» «Тозок менен бейиштин айтышы» аттуу ырлары айтыш ырларынын нагыз үлгүсү катары өнүгүп жатканынан кабар берет. Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын баш чендеринде өнүгүүнүн бийик чегине жеткен акындар айтышы бул өнөрдүн жанр катары баардык касиеттерин калыптандырганынан кабар берет. Бул тууралуу А.Х.Маргулан: «Профессионалдык ырчылардын калыптанышы уруу-уруу болуп жашоо доорунда эпикалык поэзиянын өрүш ала башташы менен тыгыз байланышкан» [Маргулан, А.Х. О носителях древней поэтической культуры казахского народа. В сборнике: М. О. Ауэзову. К его 60 летию. Сборник статьей, – Алмата, –1959, – с. 21] - деп уруулук мезгилде ырчылык өнөрдүн бийиктикке көтөрүлгөнүн белгилейт. Ички эрегишүү бийик өөрчүгөн элдин уруучулук абалы айтыштын бийик деңгээлге көтөрүлүүсүнө негиз болуп, классикалык үлгүлөрдүн жаралышын шарттаган.

Айтыш – төкмөлүктүн жемиши. Ал эми акын менен төкмөлүк өнөр эгиз, бири болбосо бири жок болуп кетүүчү кош бирдиктүү көрүнүш. Төкмөлүк менен алектенген акындар бир эле учурда жараткан чыгармасын обонго салып, комуз менен коштоп калк алдында аткаруучу да болгон. Ошондуктан ырчылыкка талапкер жаштарда да, чыгармачылыгы төшөлгөн акындарда да айтушуунун

баштапкы талабы - эл алдында таамай, таасирдүү айтылган сөзүн аргументтүү далилдер менен бышыктап, аны албан түрлүү обондор менен шөкөттөп ырдоого машыккан өзгөчө чеберчиликти калыптандыруусу кажет. Мындан улам кыргыз акындары чыгармачылыктын албан мектебине айланган устат-шакиртчиликти аздектеп, бүгүнкү күнгө чейин улантып келүүдө. Чыгармачылыкты өздөштүрүүнүн удаалаштыгы богон устат-шакиртчилик айтыш өнөрүн гана эмес айтуучулук, дастанчылык ж.б. бир катар өнөрлөрдүн уланмалуулугун сактап келген салттуулукка айланды. Ошондой эле айтыш өнөрүндө жаратуучулук, аткаруучулук, обончулук, комузчулук өңдүү бир катар өнөрлөрдүн айкалышып келиши жанрдын синкреттүү сапатынын бийик экенин айкындап турат.

Айтыш – каршылаш эки акындын эл алдында төгүп ырдаган өнөр жарышы. Анда бир акындынайткан соболдорун экинчиси кандай да болсо сынга алып, жүйөгө жыгууга аракет жасайт. Мындан улам айтыштарда сынчылык мүнөз өтө күчтүү.

Кыргыз элинин төл өнөрүнө айланган айтыштар калк тарыхы менен тамырлаш өнүгүп, биздин күнгө чейин жетти. Колуңуздагы беш томдук айтыштардын топтому 1972-жылы А.Токомбаева топтоштуруп жарыкка чыгарган “Айтыштар” деген алгачкы саамалыктан кийинки экинчи эмгек. Алгач жаралган “Айтыштардын” эки томдугу жарык көргөндөн бери жарым кылымга жакын убакыт болсо дагы айтыштарды жарыкка чыгаруу иши токтоп калгандай.

Бул жыйнактарда элдик өнөрдүн өсүш жолун таасын белгилөө максатында хронологиялык тартипте жайгаштырууну туура көрдүк. Жанрдын пайда болуу башатында турган адат-салт айтыштары өзүнчө, тамсил

айтыштар өзүнчө бир топ болуп берилди. Ал эми акындар айтышы авторлордун өмүр-жолуна байланыштуу хронологиялык тартипте жайгаштырылды б.а. Арстанбек, Чоңду, Эсенаман, Нурмолдо, Найманбай, Жеңижок, Токтогул, Ботобай, Калмырза, Эшмамбет, Үмөталы, Бекназар сыяктуу улуу муундун айтыштарынан тарта, совет мезгилин көрүп, ошол учурдун жетишкендиктерин жар салган Калык, Омонкул, Ысмайыл, Токтонаалы, Токтосун ырчылардын айтыштары, советтик мезгилде чыгармачылыгы калыптанганы менен эгемендик мезгилинде да өмүр кечирип, өнөрдүн жол-жобосун кийинки муунга жеткирген Эстебес, Тууганбай, Ашыралы ырчылардын айтыштары топтоштурулду. Айтыштар эгемендик жылдарында да кайсы бир деңгээлде өз өмүрүн улап жаткандыктан Замирбек, Абдибали, Амантай, Элмирбек, Жеңишбек, Аалы, Азамат өңдүү жаш ырчылардын мыкты деген айтыштары киргизилди. Бул айтыштар постсоветтик мезгилдеги жанрдын өнүгүшү, идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү тууралуу кабардар кылат деген ойдобуз.

Айтыштарды топтоштурууда кайсы доордо кандай ырдалса ошол калыбында киргизүүгө аракет кылдык. Себеби, айтыштар – турмуштук чындыкты кандай болсо, ошол калыбында чагылдырган өзгөчө жанр. Мындан улам ар бир доор жана андагы саясий кырдаалдын жанрдын өсүү динамикасына, мазмунуна, формасына тийгизген таасирин ачык белгилөө максаты негиз болду. Өзгөчө совет мезгилиндеги айтыштар кандай ырдалса ошол калабында жыйнакка киргизилди.

Айтыш – кыргыз менен казакка орток жанр. Эгиз элдин өнөргө болгон аздек мамилесин, жайлоого чыкса

төрү бир, жакага түшсө жери бир достук, биртуугандык абалын чагылдыруу максатында “Арстанбек менен Сүйүнбайдын”, “Арстанбек менен Каңтарбайдын”, “Үмөталы менен (Чачуубай) Шашуубайдын”, “Казак жергесинде Жамбыл менен Молдо Багыштын”, “Ысмайыл менен Кенендин” айтыштары да топтоштурулду.

Адат-салт айтыштарынан тарта бүгүнкү күнгө чейинки үлгүлөрүнүн камтылышы бул жанрды жаңыча изилдөөгө объект болуп берет. Жыйнак эл мурасын үйрөнүүчүлөргө, өнөр ышкыбоздоруна, изденүүчүлөргө жана жалпы эле окурман журтуна кызыгуу жаратат деген ойдобуз.

А.А.Акматалиев,
академик

АДАТ-САЛТ АЙТЫШЫ



АКЫЙ

БАЙДЫН КЫЗЫ МЕНЕН ЖАРДЫНЫН КЫЗЫ

Байдын кызы:
Бай мактанса табылат,
Жок мактанса чабылат.
Ошондуктан, жардылар
Бир балээге кабылат.

Узун чыбык колго алып,
Уй айдаган сен атаң.
Кыска чыбык колго алып,
Көп жандаган мен атам.

Менин атам сурасаң,
Тойго минген тор аттай.
Жакшы кийим кийинип,
Топчуланган манаптай.

Сенин атаң сурасам,
Жарга ойногон улактай.
Жатып алат тартайып,
Жабууланган тайлактай.

Этегимби, жеңимби,
Ушул кыз менин теңимби?
Ой жарды кыз, жарды кыз,
Жакшылап уккун кебимди.

Чий чырмаган мен энем,
Чийге колун алдырып,
Чимкиригин тарта албай,
Ыйлап жүргөн сен энең.

Терме терген мен энем,
Тикереңдеп ар күнү,
Ала кабын аркалап,
Тезек терген сен энең

Торко элечек мен энем,
Топчу бучук сен энең,
Каз элечек мен энем,
Кайкы бучук сен энең.

Кара аякка кан куюп,
Капкан чечкен сен атаң.
Сыр аякка бал куюп,
Сынап ичкен мен атам.

Жорго минген мен атам,
Чобуру жок сен атаң.
Күлүк минген мен атам,
Күлүгү жок сен атаң.

Кызыл чай ичкен мен атам,
Кебеги жок сен атаң.
Менин атам сурасаң,
Казы кесип жал жеген.
Кызыл чок жигит ээрчитип,
Кыйнап жүрүп эл билген.

Менин атам сурасаң,
Короо толгон кою бар.
Сенин атаң сурасам
Кой кайтарган жоору бар.

Менин апам сурасаң,
Шуру чачпак шалдырайт.
Сенин апаң сурасам,
Талкан таппай жалдырайт.

Менин апам сурасаң,
Жибек кийип көйкөлөт.
Сении апаң сурасам,
Куур кийип сөйкөнөт.

Менин апам сурасаң,
Намеркан кийип чоюлат.
Сенин апаң сурасам,
Чокойго жетпей корунат.

Менин атам сурасаң,
Жылаажындуу куш салат.
Сенин атаң сурасам,
Жылаңаяк туз чабат.

Менин апам сурасаң,
Каз элечек белдемчен.
Сенин апаң сурасам,
Кара кычы чеңгелчен.

Менин атам сурасаң,
Күлүк минет күнүгө.
Сенин атаң сурасам
Көк бит талайт түнүндө.

Менин апам сурасаң,
Ак үй тигип керилет.
Сенин апаң сурасам,
Алачыкта сенделет.

Менин апам сурасаң,
Кийим кийип сыналат.
Сенин апаң сурасам,
Тезек терип, суу алат.

Менин атам сурасаң,
Дөөлөтүнө кубанат.
Сенин атаң сурасам,
Жалчы болуп суранат.

Жарыбаган жалчылар,
Жалданып улак алчылар,
Жалдап коюп жакырды,
Жакшы жүрөт малдуулар.

Согончогу чор болуп,
Жалданышат кор болуп,
Өзүңдү-өзүң билбейсиң,
Тегерегиң тор болуп.

Таң заарынан турасың,
Талкан таппай куурайсың.

Таалайы жок жалчылар,
Өлгөндөн кийин жыргайсың,

Жардынын кызы:
Жарды эмгегин жегендер,
Жабышып алган кенелер.
Жардыга бакты келгенде,
Сасык байлар сенделер.

Көтөрүлбө бултук кыз,
Атасынын төрүндө,
Көп отурган тултук кыз.

Сасык байдын сары кыз,
Эр албаган кары кыз.
Эбиребей жөнү жок,
Эртерээк эрге барыңыз.

Такыяңды ыргытып,
Башыңа жоолук салып ал.
Таштап кеткен эриңди,
Эртелеп барып таап ал.

Көөдөнү жок көйрөң кыз,
Көөрү ачылган ойрон кыз.
Көп отуруп зак болгон,
Сен керексиз шакел кыз.

Сенин байлыгыңа байпагым,
Байкап жүр деп айтамын.
Ушул жерден эскертем,
Бар жоругуң маа дайын.

Жоргону минген башкалар,
Жолдо жүрсө такшалар.
Жорудай болуп отурат,
Сен окшогон кашкалар.

Күлүктү минген башкалар,
Көп чапса күлүк такшалар.
Күрмөгө батпай отурат.
Сен окшогон кашкалар.

Атакеңдин төрүндө,
Ак чач болуп жүрө бер.
Акыйнек айтып талаада,
Арсыз акмак үрө бер.

Энең менен бойлошуп,
Абысындай жүрөсүң.
Арданып элден өлбөстөн,
Акыйнек айтып күлөсүң.

Кыз намысын кетирип,
Кыйлага даңкың угулду.
Айылдагы зөөкүрлөр,
Аламын деп чуу кылды.

Жардынын кызы мен болсом,
Жарадар акмак сен болсоң.
Жаным тынат тезирээк,
Жарылып өлүп тим болсоң.

Өзүмдү сага теңебейм,
Өлсөм дагы кебелбейм.
Сен окшогон көөдөктү,
Өлгүчө минтип тебелейм.

АКЫЙНЕК

1. БАГЫШТЫН КЫЗЫНЫН АЙТКАНЫ

Багыштын кызы баймалуу[1]
Багалеги саймалуу.
Үр кызындай чырайлуу,
Мейман келсе ырайлуу,
Дасторкону жайналуу.
Баары чебер четинен
Ишке билги, айлалуу.
Муну үйрөткөн энекем,
Муң билбей өскөн мен экем.
Биз турганда буйлалуу.
Жикилдин кызы ким экен?
Жылаңаяк ликилдеп,
Жеңи айрык дикилдеп,
Журт ичинде кем экен,
Жону айрык, суукта
Ичикийлейт жикилдеп.

[1]Баймалуу - алты урук дегени имиш; Багыш уруусу чоң багыш, кичи багыш, ак багыш, кара багыш (найман), сары багыш, үч багыш болуп бөлүнөт дегени.

Жүргөнү менен иши жок
Башкаргансып мактанат,
Акыйнек баштап чалкалап.
Арууланып калгансып
Айыбын жаап калкалап.
Баарыбызды кемсинтет
Курган шекил салтанат.

Биз кемисек буларың
Жүргөнсүшөт аркалап.
Ошон үчүн ойроттор
Ойроңдогон талкалап.
«Тозбосунчу торук!» - деп
Биз жүргөнбүз калкалап.
Муну торук билип жүр,
Жүрөгүңө түйүп жүр.
Жалабактап желпинбей,
Жал-куйругуң шүйүп жүр.
Жаңылып калдың сөзүңөн
Жакшылык тешет көзүңөн.
Биз кемиген кездерде
Жүрдүң бекен аркалап?!
Көпсөң эми чалкалап,
Дагы душман талкалайт.
Эрегишсең биз менен
Анда кимдер калкалайт?

2. ТОРУКТУН КЫЗЫНЫН ЖООБУ

Торуктун кызы толгон кыз,
Өз алдынан болгон кыз.
Ата-теги жикилден
Ойротто жок ойрон кыз.
Оолукканда ойроттор
Оңдоп-түзөп койгонбуз.

Башталышы биз багыштын,
Баяның билип кагышкын!
Ойсоңдобой ойлон кыз.
Түбүңдү билбес тексизсиң,
Апаң каңгы[1] эссизсин,
Тартышта калган доолон кыз[2]
Билбесең коём үйрөтүп,
Акылың пештеп[3] соолон кыз.
Жикил, дөөлөс[4] бабаңар
Багышты багып жүргөнсүң[5]
Бугудан чыгып бөлүнүп

---

[1]Каңкы - уруунун аты, Багышка тага имиш.

[2] Довлон кыз, доолон кыз — согуш доосуна тутулуп кеткен кыз.

[3] Пештөө - учуна темир ширетүү, бул жерде акылыңды ыраста дегени.

[4]Жикил, дөөлөс - бир туугандар имиш.

[5] Багыш - бугунун бир түрү. Чынында багыш көпкө бөлүнөт: акбагыш, карабагыш, сарыбагыш, арбагыш, чоңбагыш, кичибагыш, чикебагыш (чурчаар багыш - чычарбагыш), улуубагыш, үчбагыш, көккөзбагыш, төмөнчектибагыш, өөдөчектибагыш, жогорчектибагыш...

Бой-бойлоп күнүң көргөнсүң.
Док урунуп ар кимге
Долу болуп көнгөнсүң.
Биз элек жакын агаңар,
Жээгиңбиз каранар.
Чамына бербе чакчаңдап,
Чаркыңды ченеп[1] койгонбуз.
Түбүбүз бирге туташкан
Согумду бирге сойгонбуз.
Төбөлөшсөң чакырбай,
Тойдон куру койгонбуз,
Ойротко кетип кошулуп,
Төбөңдү далай ойгонбуз.
Ордо күткөн бабабыз[2]
Ой менен бийлик чойгонбуз.

...Биригип алган биз экен,
Куп тамырлуу дешсек да
Күчүктүн кызы ким экен?!
Акыйнек айтып ээленет
Алдыбызда шым экен!

[1] Чаркты ченөө - жип ийрүүчү чаркы чоң болсо, эли бай болот имиш. Турмушу калкына жараша дейт.

[2] Ордо - ак ордо, көк ордо, улуу ордо, кичи ордо; орто ордодо торуктар хандык кылган имиш.

3. КҮЧЛҮКТҮН КЫЗЫНЫН АЙТКАНЫ

Күчлүктүн кызы гүлгүн кыз,
Күүлөнүп шайыр жүргөн кыз.
Көрөр көз болуп көңүл чак
Көп нерсени билген кыз.
Ак ордону[1]саймалап
Ашыкпастан кирген кыз.
Ачуусун асти көрсөтпөй
Ашын берип күлгөн кыз.
Адашпай терип көчөтүн
Ала килем түргөн кыз.
Биз чыкканбыз жикилден
Ата тегин сүргөн кыз.
Абалтан көптүн байтагы[2]
Аз торуктан түзүкпүз.
Ата даңкым атыккан
Ак ордого үзүкпүз.
Айталбасаң абышкын,
Арсыз менен табышкын.
«Күчүк» эмес - күчлүкпүз,
Торуктай[3] болуп тозулуп
Тоорумакка сатылбай
Толгон элдин бегибиз.
Көк ордого үзүкпүз.
Кекечтен кудай сактасын
Көп торуктан түзүкпүз.
Торуктун кызы ким экен?

---

[1] Ордого үзүк болуу - ордодо башкаруучубуз дегени.

[2] Байтак — борбор

[3] Торук - ордо атканда тоорумакка сатылган имиш.

Түшүндүргөн энекем:
Күнү болгон немелер
Качан, кайда тың экен?
Туу сатары[1] ичинде
Түбү бузук ным экен.
Түбүн саткан оңчубу
Тексиздиги чын экен.

Чындыкты неге айтпайсың!
Чычардан кудай сактасын.
Чычырадын кызы чычалак
Чымчып койсоң күч алат.

[1]Торуктагы бир аталык.

4. ЧУРЧААРДЫН КЫЗЫНЫН ЖООБУ

Айталбасаң - карыпсың,
Арсыз менен кабышкын.
Дей албасаң - карыпсың,
Дайис менен кагышкын.
«Чычар» эмес - «чурчаарбыз»[1]
Чалыкпай узак чуркарбыз.
Кезегинде Шыбырда
Көкөлөп учкан шумкарбыз.
Али-Чур хандын урдагы
Чур-Чаардын кумпарбыз[2]
Хандыктан түшкөн чагында
Маскаралап четинен,
«Чычар» деп саган үйрөткөн
Чырдын кызы жетиген.
Колтугуңа суу бүрккөн
Пырдын кызы жетиген.

Жетиген - жетиген
Жети нанын кетиген.
Жер тырмалап түбөлүк
Жезиттей азган бетинен.
Долононун түбүнөн
Доңуз аткан, жетиген.
Делбелектеп куйкалап,
Даамын таткан, жетиген.
Топ-топ болуп чогулуп,

[1] Чур чаары – уруунун аты
[2]Кумпар - шумкардай азамат дегени.

Тоё жеген этинен.
Андан арткан майына
Чырак жаккан, жетиген.
Жетпей калса куптанга[1]
Сурап жаккан жетиген.
Жарык кылар жакуттай
Ташын саткан, жетиген.

Оокатына жалданып
Башын саткан, жетиген.
Акыйлаткан биздерди
Ана ошол кыз, жетиген.
Жекеленген жезиттер
Журту ашпай жетиден.[2]

[1] Куптан - эл жатар мезгил, караңгы.

[2] Журту ашпай жетиден - айлынын саны жетиден ашпаган имиш, себеби алар өз шаары Жети-Кентти душманга тарттырып койгондон кийин тентип кетишиптир.

5. ЖЕТИ-КЕНТТИН КЫЗЫНЫН АЙТКАНЫ

Акыйлашып баарыңар,
Арыганда алыңар
«Азгырды - деп биздерди»
Асылып не калдыңар?
Мал экениң ырастап
Мааниңерден тандыңар.
Ажылдашып алдастап,
Адамдыктан жандыңар.
Чычарды шыкап чунайтып,
Чырлашууга салдыңар.
Мен Жети-Кент жетиги,
Моокуңарды кандырар.
Жез дарбаза калаасы
Ар биринде жетиден,
Жер жүзүнө дүң болгон
Жергелүү шаар Жети-Кент.
Жети-Шаар[1] жергебиз
Кырк-Гыздардын[2] байтагы
Өнөгөлүү Оту-Кент[3]
Күйөөлөрү күжүрмөн
Жер тырмаса жети-кент[4]
Жеткилең дыйкан экени.
Жети-Шаар арасы
Жемиш, дандын мекени.

---

[1]Жети-Шаар - Жети-Кент деген шаар.

[2] Кырк-Гыз - кыргыз.

[3] Оту-Кент - Орурар-Кент деген шаар.

[4]Жети-кент - жетиген уруусу дегени.

Шаттуу дүмбүл, таттуу нан
Арпа, буудай эккени.
Сага сактап жеткизген
Жүгөрү менен мекени[1].
Дарбыздары дандырдай
Коону койдой жуушаган.
Мээнеткеч эмей неткени!
Жемиштин баарын өстүргөн
Жедигер, жикил[2] кетмени.
Жезиттей азса өңүнөн
Жете иштерман экени.
Доңуз атса айбыкпай
Коруганы мекесин.
Буга чейин турмушту
Билбей жүргөн экенсиң.

Бакма түгүл жекенде[3]
Жапайы мал экенсиң!
Жесе доңуз этинен
Ачарчылык экени.
Жети-Кент билсең кырк-гыздын
Жетеси өскөн мекени.
Кимдер муну билбесе
Кыскарганы этеги[4]
Бычыкчымын деп калат
Бу сөздү черик чечеби?

---

[1] Меке - жүгөрү даны дегени

[2]Жедигер, жикил - уста уруулар имиш.

[3]Жекенде - ээн жерде

[4] Кыскарганы этеги - каапыр, чүрчүт болгону

6. ЧЕРИКТИН КЫЗЫНЫН ЖООБУ

Ээй-эй, чериктин кызы чепкен бычар,
Челек-челек көжөнү кептеп жутар.
Баарыбыз жикил: багыш, торук,
Жетиген, күчлүк, черик, чычар.
Бир-бирине чоңсунуп мыктысыңар
(Акыры азып-арып мыкты сынар).
Кагышып кара ала жинин сынаар.
Эрегишиң койбосоң эбиң кетер
Учуңду узартпастан этегиң жыртар[1]
Саруунун кызы не дейт экен:
Кууланбайбы? Аныңда кайсы сыр бар?

[1]Этегин жыртар - согушта колго түшуп, эрсиз келин болоор.

7. САРУУНУН КЫЗЫНЫН АЙТКАНЫ

Саруунун кызы сайкал-ай,
Сарпайын[1] кийип кайкалай,
Сылай серпип камчысын
Сар жорго[2] минип чайпал-ай.
Жикилдериң жикилдеп,
Жөн маскара болуптур.
Жетесин[3] жете билбестен
Жакалашып жоруптур:
Акыйлашып айтышып,
Аша чаап кордуктар,
Анткендериң жөн-жөнү
Ата-текте солбук бар.
Бирин-бири кактамай,
«Күчүк», «чычар» - каптамай.
Жетигени жэлигип
Тыңсынышат торуктар.
Чериги четте чиренип,
«Калыстыгын» сактамай!
Балбалактап багышы
Былжыракты баштамай!
Жердигин жете түшүнбөй
Кара көө чаптамай!
Айрөктөшүп айныган
Ата-тегин дайынан:

---

[1] Сарпай - белекке берилген кийим.
[2] Сар жорго - башкы, мыкты жорго.
[3] Жетеси — жети атасы

Арсыз сөздү үйрөткөн
Апалары бакшыбы?
Аянбастан кордошуу
Ал эмне какшыгы?!
Алымсабак айтышпай
Аруу сөз неге какшыды?!
Кокодон алып ыркыраш
Кордошуп жүргөн жакшыбы?
Кыйрынан бери айныбай
Саркер болгон баарыга
Жикилдерим жикилдеп
Жетпединер саруруга!

БАЙ КЫЗЫ МЕНЕН БАКЫР КЫЗ

Бай кызы:
Намаз окуйт мен атам,
Даараты жок сен апаң.
Тарабада мен атам,
Орозосуз сен апаң.
Куран окуйт мен атам,
Куру калган сен апаң.

Бакыр кызы:
Ушуну деле геп кылган,
Уяты жок шалкы кыз
Орозо, намаз, тараба
Орошон биздин салтыбыз.
Оозун ачат чак түштө
Уурдап жеп сендей таркы кыз.

Бай кызы:
Чакчайасың нимеге?
Чактанасың нимеңе?
Мени теңсинбегенсип
Мактанасың эмнеңе?
Бай мактанса табылат
Жок мактанса чабылат.
Сенсиреп сендей бакырлар
Бир балээге кабылат.

Бакыр кызы:
Бай мактанса бир жуттук,
Баатыр мактанса бир октук.

Ушуну деле билбеген
Ууру тамак окшуйуп,
Китеп окуй билбеген
Сен күнөөкөр локуйуп.

Бай кызы:
Узун чыбык колго алып
Уй айдаган сен атаң.
Кыска чыбык колго алып
Кыз жандаган мен атам.

Бакыр кызы:
Узун чыбык колго алып
Уй айдаткан жокчулук.
Кыска чыбык карматып,
Кыз жандаткан токчулук.
Муну билбей кемпайым
Мулуңдайсың окшуйуп.
Бай, бакыр болуп бөлүнүш
Бактысынын сабагы,
Алын билбей айтышып
Акылыңын чабалы.
Алып баргай күнөөгө
Ал сөзүңүн айагы.

Бай кызы:
Менин атам сурасаң
Тойго минген тор аттай.
Таза тыкан кийинген
Топчуланган Манастай.
Сенин атаң сурасам

Жарга ойногон улактай,
Жатып алат тартайып
Жабуусу жок тайлактай.

Бакыр кызы:
Атаң болсо тору аттай
Анык эле айбанго?
Жакшы киймин аттарга
Жабуу кылып салган го?

Бай кызы:
Этегимби? Жеңимби?
Эссиз кыз менин теңимби?
Ой жарды кыз, жарды кыз?
Ойлоп ук менин гебими?
Чий чырмаган мен апам
Чийеге колун тилдирип
Чыркыраган сен апаң.
Бакыр кызы:
Жакшылап терең ойлосок:
Жардылык, байлык кимде жок?
Чий оруп келген мен апам,
Дайарга тап сен апаң.
Жүн тытып берген мен апам,
Чийге орогон сен апаң.
Болбой калса мен апам
Иш кылалбайт сен апаң.

Бай кызы:
Терме терген мен апам,
Тезек терген сен апаң.

Торко илеки мен апам,
Топчусу жок сен апаң.
Каза илеки мен апам,
Какмар жоолук сен апаң.

Бакыр кызы:
Жуда жакшы жүндөрдөн
Жип ийриген мен апам.
Үйрөтпөсө мен апам
Тералбайт терме сен апаң.
Тороп токуп торкону
Илекер жасайт мен апам.
Үйрөтпөсө мен апам
Илдекер жасайт сен апаң.

Бай кызы:
Ажат жолун ырастап
Ажыга барган мен атам.
Анын жайын билалбай
Айылда каңгыйт сен атаң.
Менсинип алыс жактарга
Меккеге барган мен атам.
Мадина жолун билеалбай
Мелтейип жүрөт сен атаң.

Бакыр кызы:
Айтасың кантип арданбай?
Ажынын иши ар кандай:
Ак жүрөктөн сыйынган
Адам болот баргандай.
Адал жүрсө ар дайым

Аллах, колдойт пайгамбар.
Мискиндин акын жебегей
Мээнет кылса алдабай.
Менсинбестен жашаса
Меккеге болот баргандай.
Сафидбилал санааси
Экинчи Мекке, Мадина,
Өзүндөй экен арасы
А дүнүйө, бу дүнүйө!
Билбесең муну тултугум
Биликсинбе, култуйба!
Ажыга барса сен атаң
Ак кызмат кылган мен атам.
Алыска кетсе сен атаң
Акысын кошкон мен атам.
Ачылар эле ажатың
Абалды билип мактансаң...

Бай кызы:
Кара аякка кан куюп
Капкан чечкен сен атаң.
Сыр аякка бал куюп
Сынап ичкен мен атам.

Бакыр кызы:
Кумайык тайган агытып,
Капкан салып мен атам
Таап келип бербесе
Түлкү ичик кийбейт сен атаң.
Каркыра, кундуз тебетей.
Арча аарыдан бал алып

Апкелбесе мен атам
Таярга тап майпайып
Ташты жейби сен атаң?

Бай кызы:
Жорго минген мен атам,
Чобуру жок сен атаң.
Күлүк минген мен атам
Кунаны жок сен атаң.

Бакыр кызы:
Жолун билип суутуп
Жемдебесе мен атам.
Керилдеген жоргону
Кайдан минсин сен атаң?
Аргымак минмек мен атам,
Алдабаса сен атаң?

Бай кызы:
Кызыл чай ичкен мен атам
Кебеги жок сен атаң.
Менин атам сурасаң:
Казы кесип жал жеген.
Кызыл чок жигит ээрчитип
Кыйнап жүрүп эл билген.

Бакыр кызы:
Чайдын түгүл майдын да
Бабын билбейт сен атаң.
Кыябына келтирип
Демдебесе мен апам,

Куркуратып курсагын
Куру суу ичмек сен атаң.
Бакпаса жылкы мен атам
Жал, казы түгүл таш жейби?

Бай кызы:
Менин атам сурасаң
Короо толо коюу бар.
Сенин атаң сурасам
Кой кайтарган жоору бар.

Бакыр кызы:
Кобураган коркок кыз
Жобураган чоркок кыз
Кара өзгөйлөр чыкпаса
Биз деле койлуу болмокпуз.
Карабай койсо мен атам
Кембагал болмок сен атаң.

Бай кызы:
Менин апам сурасаң
Шуру чачпак шалдырайт.
Сенин апаң сурасаң
Талкан таппай жалдырайт.

Бакыр кызы:
Байлыкты ким тапканын
Билбегендер тантырайт.
Кетип калса кедейлер
Силердей байлар самтырайт.
Көтөрүлбө бултук кыз,

Эр албаган тултук кыз.
Атасынын төрүндө
Кара далы күлтүк кыз.
Сасык байдын сары кыз,
Сааты чыкпас кары кыз.
Эбиребей эртерээк
Эриңизге барыңыз.
Такыяны ыргытып
Башыңа жоолук салыңыз.
Таштап кеткен эриңе
Темтеңдебей барыңыз.
Байлыгыңа пайпагым
Байкап жүр деп айтамын.
Акийнектен айлангыр
Акылы жок тайтагым.

Бай кызы:
Байлыктан турат бу дүйнө,
Барбаңдап мурдуң чүйрүбө.
Теректин көркү жалбырак,
Кишинин көркү кийминде.
Маймылдан айырмасы жок
Үйрүп салар үстүндө
Кызыл жабар болбосо
Кийим берем кимине?
Эгесиз бөөдө жатыппы
Эсеби жок дүнүйө?
Акыл табат байлыкты
Алаңдап мурдуң чүйрүбө.
Накыл табат байлыкты
Наалып бекер чүйрүйбө.

«Аракет кылсаң берекет»
Аллахтын сөзү бу дүйнө.
Жарбаңдаба жалкоом
Эсеп билбес аңкоом.
Киши болсоң байлык тап
Байлыктан турат бу дүйнө.
Мейман келсе мал соёр
Чайлыктан турат бу дүйнө.
Конок келсе кембагал
Каппас итин соёбу?
Уйкучу, соргок, даңгесе
Битинин канын соробу?
Ушуну менен кедейдин
Жаагы жап болобу?
Өз жеринен тентиреп
Кайда барат кембагал?
Байдан качса суусу жок
Сайда калар кембагал.
Өнөйүн десе дагы бир
Байга барар кембагал.
Же болбосо кепинсиз
Жайда калар кембагал.
Же болбосо жакшы иштеп
Пайда табар кембагал.
Байлык тапкыча бага тап:
Эгин тапкыча кысап тап.
Бу дүйнөнүн ачкычы
Эсепти үйрөн ушаптап.

ЭРКЕК БАЛА МЕНЕН КЫЗ БАЛА

Эркек бала:
Кыргыек алдым талаадан,
Кыз бала кетпейт санаадан.
Мен бир күнү кезиктим,
Кыз балага талаадан.
Жанына камчы таштадым,
Жалтанып кайра качпадым.
Табыйгатка сыйынып,
Жаңыдан сөздү баштадым.
Сиз тууралуу сөз уктум,
Калайык калктан көп уктум.
Азамат келсе алдыңа,
Жоопко туура деп уктум.
Кез келдим бүгүн өзүңө,
Жооп берчи сөзүмө.
Ынтызарым көп түшөт,
Жаркыраган көзүңө.
Артыңыздан жардантып,
Адамдын баарын караттың.
Айып этпей, чырагым,
Эмчегиңен карматкын.

Кыз бала:
Алманын гүлүн жулабыз.
Асили адам болобуз.
Убактыга бекем деп,
Жоопко туура болобуз.
Кызылды минип дуулайсың,
Кыргыек салып чуулайсың,

Кызыгып келип калыпсың,
Кандай жооп сурайсың?
Караны минип дуулайсың,
Карчыга салып чуулайсың,
Кадырлап келип калыпсың,
Кандай жооп сурайсың?
Ишти кудай оңдосун,
Эч жамандык болбосун,
Эмчегимди карматсам,
Элге ушак болбосун.

Эркек бала:
Аз айланып кууратты,
Азабы барбы сурактын?
Так он бешке чыгыпсың,
Качан жетет убактың?
Булбул куштай сыягың,
Пендеде жок кыялың.
Жооптун жайын сурасаң,
Көңүл кошсок, чырагым!
Элиги кырда булактайт,
Түлкү түздө чубактайт.
Түн ичинде ойносок,
Элибиз кантип ушактайт?
Каманы кырда булактайт,
Карышкыр ойдо чулактайт.
Караңгыда ойносок,
Калкыбыз кантип ушактайт?

Кыз бала:
Түн ичинде сен келсең,
Күрсүлдөп итим үрбөйбү?
Күрсүлдөгөн эмне деп?
Ошондо элим билбейби,
«Шерменде бийкеч болду» деп,
Теңтуш, жеңе күлбөйбү?
Караңгыда сен келсең,
Арсылдап итим үрбөйбү?
Арсылдаткан эмне деп,
Мында элим билбейби?
«Кара бет бийкеч болду» деп,
Кадырлаш жеңем күлбөйбү?
Кадырлашым сен болбой,
Карабет башым жүрбөйбү?

Эркек бала:
Алтын боолуу ак шумкар,
Алты өрдөккө салайын.
Азыр маалым болсо да,
Чырагым, сени алайын.
Күмүш боолу ак шумкар,
Көп өрдөккө салайын.
Көбүрөөк маалым болсо да,
Чырагым, сени алайын.

КҮЙӨӨ МЕНЕН КОЛУКТУ

Бир кыз күйөөсүн чанып жүрсө, күйөөсү: «Мени сен жеңип кетсең, баткага кеткин, эгерде жеңилсең, каларсың» — деп айтыптыр. Анда кыз «макул» деп, экөө айтыша баштайт:

Колуктусу:
Күн күркүрөп жаз болду,
Көйкөлгөн шибер саз болду.
Жамгыр жаап жаз болду,
Жайкалган шибер саз болду.

Элебай акем элдесин,
Эчки, улагы, төлдөсүн,
Төлдөбөсө курусун,
Айран, кымыз көлдөсүн.

Атакем Алай кеткенде,
Энекем үйдү чечкенде,
Жети атанга ком артып,
Жетелетпей бек артып.
Алты атанга жүк артып,
Алды, кийнин бек тартып,
Ак дайра кечип жол тартып,
Алайга кетсем кантесиң?

Күйөөсү:
Алайга кетер жериңде,
Сары ингенге чөп артып,
Саргая кууп мен барып,
Сая жетсем кантесиң?

Куу ингенге чөп артып,
Кумсара кууп мен барып
Куба жетсем кантесиң?

Колуктусу:
Куба жетер жериңде,
Коктуну басып койкоңдоп,
Кырды басып кылчаңдап,
Кыйырчактын кырк кулач,
Кызыл түлкү мен болуп,
Кыйырга кетсем кантесиң?

Күйөөсү:
Кыйырчыктын кырк кулач,
Кызыл түлкү сен болуп,
Кыйырга кетер жериңде,
Кандын, каргылуу тайган мен болуп,
Какмачыга кактырып,
Тосмочуга тостуруп,
Как туураңдан дат уруп,
Илип кетсем кантесиң?

Колуктусу:
Кандын каргылуу тайган сен болуп,
Какмачыга кактырып,
Тосмочуга тостуруп,
Как туурамдан дат уруп,
Илип кеткен жериңде,
Буудай болуп буркурап,
Музга кирсем кантесиң?
Таруу болуп таркырап,
Ташка кирсем кантесиң?

Күйөөсү:
Таруу болуп таркырап,
Ташка кирген жериңде,
Көк кекилик мен болуп,
Терип жесем кантесиң?
Буудай болуп буркурап,
Музга кирген жериңде,
Алача моюн каз болуп,
Алып жесем кантесиң?

Колуктусу:
Алача моюн каз болуп
Алып жеген жериңде,
Салааңдан сенин бырп этип,
Боз торгой болуп чырк этип,
Абага кетсем кантесиң?

Күйөөсү:
Абага кетер жериңде,
Беш күнү жолу буулган,
Белести карай куюлган,
Алты күн жолу буулган,
Адырды карай куюлган,
Өнгөнү көрсө сүйүнгөн,
Мүштөктөй болуп түйүлгөн,
Боз турумтай мен болуп,
Илип кетсем кантесиң?

Колуктусу:
Боз турумтай сен болуп,
Илип кетер жериңде,

Өйдө карай эргиген,
Шамалга бою сергиген,
Адырмактын, ак аркары мен болуп,
Чыга качсам кантесиң?

Күйөөсү:
Адырмактын ак аркары сен болуп,
Чыга качкан жериңде,
Көк бараң мылтык асынып,
Көнөктөй ташка жашынып.
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып,
Атып алсам кантесиң?

Колуктусу:
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып,
Атып алар жериңде,
Суу түбүндө ойногон,
Кемерде жатып бойлогон,
Ак чабак болуп кылтылдап,
Сууга кетсем кантесиң?

Күйөөсү:
Ак чабак болуп кылтылдап,
Сууга кетер жериңде,
Жез кайырмак кылдырып,
Боосун жибек чалдырып,
Сууга алып барып салдырып,
Илип алсам кантеснң?

Колуктусу:
Усталарды жыйдырып,
Жез кайырмак кылдырып,
Боосун жибек чалдырып,
Илип алар жериңде,
Бөдөнө чаар куш болуп,
Борпоң-борпоң жорголоп,
Боз жапырмак корголоп,
Жатып алсам кантесиң?

Күйөөсү:
Бөдөнө чаар куш болуп,
Борпоң-борпоң жорголоп,
Боз жапырмак корголоп,
Жатып алган жериңде,
Чеңгелдерин арбайткан,
Боор жүнүн борбойткон,
Тумшуктарын орбойткон,
Кабактын кара ала барчыны мен болуп,
Кагып алсам кантесиң?

Колуктусу:
Кабактын, кара ала барчыны сен болуп,
Кагып алган жериңде,
Желбестен жорго боз минип,
Желбегей торко тон минип,
Ак жеке кийип алчактап,
Как жеке кийип талтактап,
Алты кызды башчы алып,
Жети кызды кошчу алып,
Айттап кетсем кантесиң?

Күйөөсү:
Желбестен жорго боз минип,
Желбегей торко тон кийип,
Ак жеке кийип алчактап,
Как жеке кийип талтактап,
Алты кызды башчы алып,
Жети кызды кошчу алып,
Айттап кеткен кезиңде,
Алты жигит башчы алып,
Жети жигит кошчу алып,
Үзөнгүмдөн үн алып,
Жоолугуңдан жол алып,
Алдыңдан чыксам кантесиң?

Колуктусу:
Сен алты жигит башчы алып,
Жети жигит кошчу алып,
Үзөнгүңдөн үн алып,
Жоолугумдан жол алып,
Алдымдан чыккан жериңде,
Атакемдин үйүндө,
Энекемдин төрүндө,
Жолканамдын ичинде,
Ашканамдын оозунда,
Атакемдин бөрү ичигин салынып
Түлкү ичигин жамынып,
Башыма башчы койдуруп,
Аягыма сакчы койдуруп,
Жатып алсам кантесиң?

Күйөөсү:
Атакеңдин, түлкү ичигин жамынып,
Бөрү ичигин салынып,
Башыңа башчы койдуруп,
Аягыңа сакчы койдуруп,
Жатып алган жериңде,
Коңшуңа эшик ачтырып,
Койчуга итиң бастырып,
Жылаң аяк, жылаң баш,
Кирип барсам кантесиң?

Колуктусу:
Коңшума эшик ачтырып,
Койчуга итим бастырып,
Жылаң аяк, жылаң баш,
Кирип кеткен жериңде,
Төрт мурутуң тердирип,
Керилип келтек урдуруп,
Келки кылсам кантесиң?

Күйөөсү:
Төрт мурутум тердирип,
Керилип келтек урдуруп,
Келки кылган жериңде,
Элим Алай жайлатып,
Эки тору байлатып,
Калкымы Алай жайлатып,
Карыя молдо шайлатып,
Чапма нике кыйдырып,
Алып койсом кантесиң!

Ошентип күйөө жеңип, чанып жүргөн колуктусун алып калыптыр.

ЖИГИТ МЕНЕН КЕЛИН

Жигит:
Аргый, аргый жүгүргөн,
Аргымак болсо мингеним.
Астыртан карап сүйлөгөн,
Кыз бозой болсо сүйгөнүм.
Күрпөң-күрпөң жүгүргөн,
Күлүк ат болсо мингеним.
Күлүмсүрөп сүйлөгөн,
Кыз бозой болсо сүйгөнүм.
Кай жерде калат арманым?
Ай тийген тескей боз болот,
Алтынды соксоң уз болот.
Айда бир чачын таранган,
Айнекке жүзүн каранган,
Алтын бир көкүл кыз болот.
Алтын бир көкүл кыз менен,
Акылман жигит дос болот.
Акылман жигит дос менен
Акмак жигит кас болот.
Күн тийген тескей боз болот,
Күмүштү соккон уз болот.
Күндө бир чачын таранган,
Күзгүгө жүзүн каранган,
Күмүш бир көкүл кыз болот.
Күмүш бир көкүл кыз менен,
Күйөрман жигит дос болот.
Күйөрман жигит дос менен,
Көөсөр жигит кас болот.
Ак-Суунун башы Меркиге,

Ак марал ойнойт секиге.
Алышып-ойноп жүрсөм дейм,
Акмактар койбойт эркиме.
Көк-Суунун башы Меркиге,
Көк марал ойнойт секиге.
Көрүшүп ойноп жүрсөм дейм,
Көпкөндөр койбойт эркиме.
Ак-Суунун башы Чатыркөл,
Тең жайлашка кандайсын?
Акылдаш болуп алууга,
Бел байлашка кандайсың?
Көк-Суунун башы Чатыркөл
Тең жайлашка кандайсың?
Көңүлдөш болуп алууга,
Бел байлашка кандайсың?
Кызылдан кийдиң желетти,
Кыркалай тактың седепти.
Кыйналып кайда бар дейсиң,
Кыйбасым кылбай себепти.
Жашылдан кийдиң желетти,
Жаркылдаттың седепти.
Жабыркап кайда бар дейсиң,
Жаракөр таппай себепти.

Айлыңдын арты Ашуу-Бел,
Ашуулап согот атыр жел.
Азили сендей көрбөдүм,
Ак көйнөк кийген бураң бел.
Үйүңдүн арты кокту бел,
Коктулап согот атыр жел.
Короомдон сендей көрбөдүм,

Кош көйнөк кийген бураң бел,
Ай тийген тескей кумарча,
Алтындан соккон тумарча.
Ашык болуп жеталбай,
Азабың тарттым бир канча.
Күн тийген тескей кумарча,
Күмүштөн соккон тумарча.
Көңүлдөш болуп жүрө албай,
Күйүтүң тарттым бир канча.

Чачың токойго чыккан мыядай,
Кашың каламдап жазган сыядай.
Сүзүлүп сурма ачылбайт,
Уйкуга көзүң кумарбы?
Оң ийинде жарк эткен,
Же молдолор чийген тумарбы?
Кериле сүзүп суу алган,
Кере элечек чубалган.
Келинжан сени көргөндө,
Кебездей жаным кубанган.
Суйкая басып суу алган,
Суп элечек чубалган.
Сулууларды көргөндө,
Султандай жаным кубанган.
Сулуулар тең, мен да тең,
Сумсайттың го жаман сен.

Келин:
Көк көйнөк кийсем буралып,
Көчөдөн чыксаң суналып.
Көңүлдөш жарым ушу деп,

Көрүп турсам кубанып.
Ак көйнөк кийсем буралып,
Айылдан чыксаң суналып.
Акылдаш жарым ушу деп,
Артыңда турсам кубанып.
Кололуу кумган колго алып,
Колуңа сууну куйсам дейм.
Кош чаштенкем[1] шыңгырап,
Койнуңуздан турсам дейм.
Беделүү кумган колго алып,
Бетиңе сууну куйсам дейм.
Беш чаштеңкем шыңгырап,
Бер жагыңан турсам дейм.
Алтындан сөйкө сен болуп,
Кулагымда болсоңчу,
Айда басып, суу алган,
Булагымда болсоңчу.
Күмүштөн сөйкө сен болуп,
Кулагымда болсоңчу.
Күндө басып суу алган,
Ой жигит, булагымда болсоңчу
Алтындын кенин кен дедим,
Алганды коюп сен дедим,
Сен дегенде дегдедим.
Күмүштүн кенин кен дедим,
Күйгөндү коюп сен дедим.
Сен дегенде дегдедим.

[1] Чаштенкем — күмүштөн жасалган чачпак

Жигит:
Айтайын эркем билгенге,
Ашыктык ойнун сүргөнгө,
Кубанышып күлгөнгө,
Кунудары[1] сен белең?
Кусадар болуп жүргөнгө.
Кучакташып сен менен,
Кумармын доорон сүргөнгө.
Аянып киши токтойбу?
Ашыгыңды билгенге.

Көмүрдөй көзүң шам чырак,
Айнектей тишиң жалтырап.
Көңүлдөшүм ашыгым
Көргөндө кетем алсырап.

Керсе кендир үзүлгөн,
Кермегиң таттуу жүзүмдөн.
Керилип кашың чийилген,
Илмейип белиң ийилген.

Чачың кара кундуздай,
Көзүң чолпон жылдыздай.
Кадырлашып кара чач,
Көрбөдүм сиздей нур кызды ай.

Белиң ичке шыргыйдай,
Пейлиңизди кантейин
Үндөккө келген кыргыйдай.

[1] Ку н у д а р ы — кумары, ырахаты деген мааниде.

Бурулуп өскөн токойдо,
Булбулу сайрайт ошондо.
Булбул өзү муңайым,
Бурулуп туруп угайын.

Жайлоонун башы жайык таш,
Жайма бир көкүл узун чач.
Ак ичик кийип тердеп ал,
Азыраак арман бизде бар.
Көк ичик кийип тердеп ал,
Көбүрөөк арман бизде бар.

Келин:
Ак ала таш, ак күңгөй,
Ал сырыңды мен билбей.
Ал сырыңды билгенде,
Акылым кошпой тим жүрбөй!
Короонун башы кең күңгөй,
Кетериңди мен билбей,
Кетериңди мен билсем,
Кеңешим кошпой тим жүрбөй!

Күмүштөн кылган иймегим,
Күнчүлүк ыраак кетти деп,
Күдөрүң үзүп күйбөгүн.
Алтындан кылган иймегим,
Айчылык алыс кетти деп,
Айт-арбакка койбогун!

Кара тоонун боорунан,
Карартып кудук каздым мен,

Сиз алыска кеткендей,
Кай жеримден жаздым мен?!
Туура суунун боюнан,
Туруп кудук каздым мен.
Сиз алыска кеткендей,
Кай жеримден жаздым мен?!

Жигит:
Коктуну карап ит үрөт,
О, жаным! Койнуңду самап ич күйөт.
Жылганы карап ит үрөт,
О, жаным! Жытыңды самап ич күйөт,

Караны минсем бургутам,
Кармасам белиң бир тутам.
Кайырма жака, бурма этек,
О, жаным, кадырың кантип унутам!

Кызылды минсем бургутам,
Кыздай белиң бир тутам.
Кызыл көйнөк, бурма этек,
О, жаным, кылыгың кантип унутам!

Сөз айтайын жамактан,
Жайнаса сөзүм сабактан.
Тосуп бир чыксам кабактан,
О, жаным, жыттап жатсам тамактан!

Сөз айтамын термеден
Термесем сөзүм келбеген.
Курбудан курдаш айрылса,
О, жаным, курбунун көзү көлдөгөн!

Келин:
Күмүштөн кылган сөйкөмдү,
Күн тийбес жерге илермин!
Күнчүлүк ыраак сен кетсең,
Күйүтүң тартып жүрөрмүн!

Алтындан кылган сөйкөмдү,
Ай тийбес жерге илермин!
Айчылык ыраак сен кетсең,
Азабың тартып жүрөрмүн!

Калаага барсаң бара бер,
Карала жоолук ала кел,
Карала жоолук өзүңө,
Кадырың артык, секетпай,
Бир көрүнчү көзүмө?!

Жигит:
Каракол биздин калаабыз,
Кара жол менен барабыз.
Караколдон келгенче,
Оо, жаным, бузулбасын санааңыз!

Эки мата, эки бөз,
Эки жарым кишиден,
Эшитсеңиз ушак сөз,
Ушак сөзгө кирбей жүр!
Убадаңды бузбай жүр!

Жарты мата, жарты бөз,
Жарым акыл кишиден,
Эшитсеңиз ушак сөз.
Ушак сөзгө кирбей жүр!
Убадаңды бузбай жүр!

Ботолор чайнайт тал башын,
Болжошуп койдум жар башын.
Болжошкон жерде болбосоң,
Оо жаным, мончоктоп агат көз жашым!

Нар тайлак чайнайт тал башын,
Айтышып койдук жар башын.
Айтышкан жерде болбосоң,
Алдыма агат көз жашым.

Короодон кармап кой берген,
Колу ачык сиздей бар бекен?!
Коктулай басып сүйлөшкөн,
Жолу ачык сиздей бар бекен?!

Күркүрөп аккан кашка суу,
Күлүктү минсем кечким жок.
Күйөөң жаман көрбөсө,
Оо жаным, күндө элиңден кетким жок.

Аркырай аккан кашка суу,
Аргымак минсем кечким жок.
Алганың жаман көрбөсө,
Асты айлыңдан кетким жок.

Келин:
Күндө боз ат минбей жүр,
Күн жарыкта келбей жүр.
Күндөй болгон бетимди,
Күйөөмө чиркөө кылбай жүр.

Айда боз ат минбей жүр,
Ай жарыкта келбей жүр.
Айдай болгон бетимдин
Алганга чиркөө кылбай жүр.

Жигит:
Күмүштөн кылган билерик,
Күндө келем имерип.
Күндө сөзүм айта албай,
Оо жаным, күйөөңүздөн ийменип!

Алтындан кылган билерик,
Айда келем имерип.
Айда сөзүм айта албай,
Оо жаным, алганыңдан ийменип!

Келин:
Ак калпагың бар эле,
Ак калпагың таштап кет!
Чачы тагып коёюн.
Күндүз келбей, түндө кел,
Секет ай, төшөк салып коёюн.

Жигит:
Короонду арты көк дубал,
Көк дубалда тосуп ал!

Көк дубалдан тоспосоң,
Оо, жаным,
Көрүшчү жарың бизге убал!

Үйүңдүн арты ак дубал,
Ак дубалдан тосуп ал.
Ак дубалдан тоспосоң,
Оо, жаным,
Ашык жарың бизге убал!

Коюмду жайдым коктуга,
Жибек алдым токтума.
Токтуга алган жибегим,
Токтолбойт менин жүрөгүм.

Эчкимди жайдым булакка,
Жибек алдым улакка,
Улакка алган жибегим,
Оо, жаным,
Уктабайт менин жүрөгүм.
Ийилип кашың чийилген,
Ийиктей белиң ийилген.
Итиң үрүп койгондо,
Ийменчээк болуп калар деп,
Оо, жаным,
Имерип үйгө кийирген.
Карарып кашың чийилген,
Каламдай болуп ийилген.
Калкым көрүп коёт деп,
Оо, жаным,
Калкалап үйгө кийирген!

Келин:
Торго түшкөн куштайым,
Кожолор кийген суптайым.
Короого басып сен келсең,
Секет-ай, козголбой кантип уктайын?
Эшикке түшкөн куштайым,
Эшендер кийген суптайым.
Эшикке басып сен келсең,
Секет-ай, эстебей кантип уктайын.

Жигит:
Күзгүдөй бетиң жапжарык,
Күйүтүң тарттым саргарып.
Күйгөнүмдөн сен үчүн
Күңгүрөндүм зарланып.
Айнектей бетиң жапжарык,
Ашыктыкка күйгөндөн
Азабың тарттым саргайып.
Кымбатың кызыл алтынсың,
Кыялың кумар жаркынсың.
Көрсө көңүл жараткан,
Оо, жаным, күзгү бир коңур салкынсың!

КАЙНАГА МЕНЕН КЕЛИН

Кайнага:
Кызыл көйнөк бүгүлүп,
Кыя тартып жүгүнүп.
Кылгырып карап калганың,
Ичимди жаман күйгүзүп.

Келин:
Сиз — кайнага, биз — келин,
Сыртыңдан көрүп жүргөмүн.
Арага киши түшкөн соң,
Акемдин сырын билгемин.

Кайнага:
Качымыш болуп жүрө бер,
Каймана сөздү ким билер.
Абысынга сөз айтпа,
Айыңчы болот биздин эл.

Келин:
Арага киши жүрбөсүн,
Айың кылып күлбөсүн.
Ай жарыкта келбей жүр,
Акебай, киши билбесин.

Кайнага:
Арага киши салбаймын,
Азапка башың малбаймын.
Акырындап мен өзүм,
Айрыкча барып жүрөмүн.

Келин:
Катточудан бергеним,
Карала кагаз кат болор.
Кайрылып мында келбесең,
Кадырлашың жат болор.

Кайнага:
Айыл билип коёт деп,
Айта албадым атыңды.
Алып жүрдүм жоготпой,
Алиги берген катыңды.

Келин:
Асмандап учкан зар эле,
Акелик жолуң бар эле.
Адамга сырың билгизбе,
Акебай, алганым көөнү тар эле.

Кайнага:
Күйөөңдүн жайын билемин,
Көрмөксөн болуп жүрөмүн.
Көрүнүп калсаң сен өзүң,
Көз менен ирмеп көрөмүн.

Өзүмдө көптүр арманым,
Өзүңдөй болбой алганым.
Амалым барбы кантейин,
Алданын жазган барманын.

Келин:
Каракол барсаң келе кет,
Камчыңды белек бере кет.
Кадырлашың сагынар,
Акебай, кайрылып мында келе кет.

Адырга чыккан кайыңдай,
Аргымактын тайындай.
Алыс жерге сиз кетип,
Акебай, азабың тартып каламбы-ай?

Каракол биздин калаабыз,
Кандай экен санааңыз.
Жанаша басып турууга,
Жакын эмес арабыз.

Арытып жүргүн артыңды,
Ашкере салдың дартыңды.
«Келинчи» деп шылдыңдап,
Акебай, кетирбесин баркыңды.

Кайнага:
Арытып жүрөм артымды,
Билбеймин кантип шартымды.
Андай атка конгуча,
Жоюп салам атымды.

Ыраазымын сөзүнө,
Акыл айткан өзүңө,
Келин, байкап жүрө көр,
Чөп салбасын көзүңө.

Келдиң бул жыл күзүндө,
Кеп айттырдым өзүңө,
Бура басып кирбей жүр,
Бузукунун сөзүнө.

ОТОРБАЙ, БАЙТӨКТҮН АЛЫМКАН МЕНЕН АЙТЫШКАНЫ

Караколдун боюнда беш-алты түтүн чериктин Алымкан дсген кызы болуптур.

Бир күнү Оторбай, Байтөк деген эки жигит өгүз минип келе жатышып, аңыздын арасындагы балкыган Алымкан кызды көрүшүп, тийишмек болушат, айтыш башталат:

Оторбай:
Аркардай төшүң булайтып,
Ак эмчегиң кылайтып,
Айлыңдан көрүп, бир күйдүм.
Күйгөнүмдү билбейсиң,
Чоң кыз, бир кылчайып карап күлбөйсүң.

Коендой төшүң булайтып,
Кош эмчегиң кылайтып,
Корооңдон көрүп бир күйдүм.
Күйгөнүмдү билбсйсиң,
Чоң кыз, бир кылчайып карап күлбөйсүң.

Үйүңдүн арты кош арык,
Суу алдыңбы, ак селки?
Караколдун боюна,
Кара жолдун оюна,
Оторбай, Байтөк келет деп,
Өзүн тосуп келүүдөн,
Уялдыңбы, ак селки?

Алымкан:
Өгүз минген баласың,
Өрөпкүп сүйлөп каласың.
Жайдын ысык чилдеде,
Өгүз минип өпөйүп,
Экөөң кайда барасың?

Оторбай:
Өгүз минген баламын,
Өрөпкүп сүйлөп каламын.
Өгүз минип өпөйүп,
Калаага сапар барамын.
Калаадан кара мейиз аламын,
Сага окшогон чоң кыздын,
Таңдайына саламын.
Биздин жайды сурасаң,
Оторбай, Байтөк баламын.

Сураймын урааның ким, дайның ким?
Айтып бергин, кайның ким?
Тээ тетиги көрүнгөн,
Чериктин үйү окшогон,
Сенин кичинекей айлың ким?

Алымкан:

Сөздү сурап нетесиң,
Жөнсүз киши дейсиңби?
Теңимди сурап нетесиң,
Сен мени теңсиз киши дейсиңби?
Жардылыктын жайынан,
Жокчулуктун айынан,
Отурганбыз Челекке,
Менин атам куда болгон Белекке.
Ошону менен басылар,
Кудай урган жел өпкө!
Жолдон кызды көргөндө,
Ичиң жаман бук болор.
Алдыңда жаман өгүзүн,
Ичи өткөндөй чычкактап,
Бешмантыңдын учаасы,
Жаманынан бок болор.
Какылдаган Оторбай,

Ошону менен токтолоор, — деп Оторбайды жеңип коёт. Бирок намыс үчүн Байтөк айтыша баштайт.

Байтөк:

Үйүңдүн арты ак кыя,
Жалгыз атка чак кыя.
Айлыңдагы турпандык,
Ошону менен айтышып,
Адис болгон шуркуя.
Жолду тосуп келесиң,
Жанымдагы жолдошум,
Оторбайды жеңесиң.
Сүйлөгөн сөзүң укмуштуу,

Эч болбосо түгөнгүр,
Экини тууган эмесиң.

Чыт бешмантың кооз кыз,
Чытыраган бооз кыз.
Көк бешмантың кооз кыз,
Көлтөңдөгөн бооз кыз.
Жору айлансын журтуңа
Ак кыя менен көк кыя,
Мындан мурун муз турган.
Мындай шумдук бар беле,
Катындан мурун кыз тууган.

Алымкан:
Айтышканым бсрки уйчан,
Намыс кылба аркы уйчан.
Сүйлөшкөнүм берки уйчан,
Сен сүйрөлбөгүн аркы уйчан.
Өзүң нени оттойсуң?
Куюшканга кыпчылган боктойсуң.
Беш, алты ооз сөз айтсам,
Саргарып турган сен какмар,
Ошону менен токтойсуң.

Байтөк:
Уй мингенден эринбейм,
Калаада жазоол менен зерикпейм.
Тизгиним колго илемин,
Сенин жайыңды жакшы билемин.
Быйыл Челекте калдың эригип,
Былтыр Белек күйөөң албай кеткен зеригип,

Челекте калдың зарыгып,
Белек күйөөң албай кеткең таарынып.
Эригип жүргөн кыздардын
Эриккенин жазчу элек,
Ушу Оторбай экөөбүз
Эңкейиш жерге басчу элек.
Биздин жайды сурасаң,
Саан бээм байлоодо.
Ат, кунандын баарысы,
Көлтөр деген жайлоодо.
Менин жайым сурасаң,
Боз кочкорду сойдурган,
Атымды Байтөк койдурган.
Бешигимди сырдаткан,
Менин атам Түмөнбай,
Кичинемде үлүшкө,
Көтөрүп жүрүп ырдаткан.
Кытайдан чыккан бул акын,
Кыргыздан чыккан мен акын,
Айтышам дейт бекенсиң,
Экөө менен айтышкан,
Алымкан илең-салаң экенсиң.
Биздин жайды сурасаң,
Сен өңдөнүп жолду тоскон бозор жок,
Ушул жерде шылдың кылып кетүүгө,
Жанымда кызыл сакал Ороз жок,
Деп акыры Байтөк жеңиптир.

АЙГАНДЫН БАЛАСЫ ӨЛГӨНДӨ БУКА ЫРЧЫНЫН ТАБЫШМАКТУУ УГУЗГАНЫ

I түрү

Ырчы-комузчулардын сөзүндө Айгандын баласын кулан тээп өлтүргөндө Бука деген ырчы Айганга угузган экен дейт.

Бука:
Алтын боолу ак шумкар,
Алтын боосун тытыптыр.
Айды карап сызыптыр.
Күмүш боолу көк шумкар,
Күмүш боосун тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр.
Ал эмне болучу?
Туу түбүндө көк бука,
Күндү карап өкүрөт.
Алчагай мүйүз, ак эркеч,
Айды карап бакырат.
Бул эмне шумдугу?
Асмандап булут сөгүлөт,
Аяктап мөндүр төгүлөт,
Көктөн көк ала булут сөгүлөт,
Көнөктөп мөндүр төгүлөт,
Бул эмне шумдугу?

Айгандын жообу:

Алтын боолу ак шумкар,
Алтын боосун тытканы,
Айды карап сызганы,
Ал кулунум, ботом болгону.
Күмүш боолу көк шумкар,
Күмүш боосун тытканы,
Күндү карап сызганы,
Бул кулунум, ботом болгону.
Култук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрсө,
Ал атасы болгону.
Алчагай мүйүз, ак эркеч,
Айды карап бакырса,
Ал энеси болгону.
Асмандан булут сөгүлсө,
Аяктап мөндүр төгүлсө,
Көк ала булут сөгүлсө,
Көнөктөп мөндүр төгүлсө,
Көзүмдүн жашы болгону,
— деп Айган ачууланып:
Кет-кет, кет Бука,
Кеби жаман ит Бука.
Сенин айтар кебиң бул эмес,
Менин угар кебим бул эмес

— деп, Бука ырчыны багылган арстан, жолборско таштап жиберерде, Бука ырчынын айтканы:

Кыздары-соккон кыялдай,
Кылыгы жакшы, Айганым.
Келиндер сайган кештедей,

Кеби жакшы, Айганым.
Элчи менен ырчыга,
Хан алдында кайсы өлүм

— дегенде Айган ачуусунан кайтып, ырчыны өлтүрткөн эмес экен.

II түрү

Айган алты шаардын ханы болуп, ордосу Үч деген жерде хан уюгу деген ордо болуп, тагы Үч болуп аталганда бара-бара Турпан деген атак пайда болот. Бул шаар үч жерге салынгандыктан Үчкө айланып Үч-Турпан аталып кеткен.

Бул жердин ханы Айган болуп, баласы токтобой өлүп турат. Бир баласын токтоор бекен деп ырым кылып жар-таштын бооруна атайлап үй салдырып ошондо бактырат. Бала 6—7 жашка келгенде, жемиш менен кошо келген кара курт Канбачаны чагып өлтүрөт. Калк чогулуп Кетбука деген комузчу ханга ал кабарды комуздун күүсү менен угузат:

Кетбуканын күүсү:
Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын туур ордунан,
Туйгун качты, Айганым.
Алтын ордо багынан,
Булбул качты, Айганым.

Деңиз толкуп чайкалып,
Көл бөксөрдү, Айганым,
Терек түптөн жулунуп,
Жер бөксөрдү, Айганым,
Ала-Тоо кулап бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бексөрдү, Айганым.
Төрөлөрдүн уругунан,
Төл бөксөрдү, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым,
Кара жалдан таптаттуу,
Ынак көчтү, Айганым.
Касиеттүү башкача,
Чырак өчтү, Айганым.

Айгандын жообу:
Кет-кет, Кетбука,
Кеби суук ит Бука!
Карап турган кашымда,
Көзүң курсун, ит Бука.
Күү менен кошо сүйлөгөн,
Сөзүң курсун, ит Бука.
Комуз чертип ырдаган,
Ырың курсун, ит Бука.
Кара жанды кашайткан,
Чырың курсун, ит Бука.
Атайы келген алдыма,
Ишиң курсун, ит Бука.
Комуз чертип жоруган,
Түшүң курсун, ит Бука.

ТАЛЫМ КЫЗ МЕНЕН КӨБӨКТҮН АЙТЫШКАНЫ

Талым кыз:
Адамзаат пендеси,
Сүйгөн нуру ким болот?
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру ким болот?
Арасында мунарык,
Кирген нуру ким болот?
Асман-жерди жаркыткан,
Ачык нуру ким болот?
Асман-жерди бүркөгөн,
Сасык нуру ким болот?
Асман-жердин зыйнаты,
Канык нуру ким болот?
Жан бүткөндүн баарысын,
Тазалаган ким болот?
Жарды дебей, бай дебей,
Жабыр кылган ким болот?
Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру ким болот?
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру ким болот?
Талымдын тапта домогун
Таба салгын жомогун.
Менин атым Талым кыз,
Ченеп мага жологун.

Көбөктүн жообу:
Адамзаат пендеси,
Сүйгөн нуру таң болот.
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру ай болот.
Арасында мунарык,
Кирген нуру түн болот.
Асман-жерди жаркыткан,
Ачык нуру күн болот.
Жер-асманды бүркөгөн,
Сасык нурун туман дейт,
Жер-асмандын зыйнаты,
Анык нурун жылдыз дейт.
Жан бүткөндүн баарысын,
Тазалаган эки көз.
Жарды, байды кейитип,
Жабырлаган суук сөз.
Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру жакшы сөз
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру убада.
Таптым, Талым, сөзүңдү,
Келтирдимби кезиңди?
Аптыкпагын, Талым кыз,
Ачмак болдум көзүңдү.

Талым кыз:
Жерге сиңип кеткен жети атаң,
Ал эмне, Көбөк чоң?
Жерди жемире баскан чал буура,
Ал эмне, Көбөк чоң?

Желини сүттүү куу инген,
Ал эмне, Көбөк чоң?
Жез буйлалуу нар тайлак,
Ал эмне, Көбөк чоң?
Оргочордон от күйөт,
Ал эмне, Көбөк чоң?
Ысык-Көлдөн ит үрөт,
Ал эмне, Көбөк чоң —
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган ким болот?
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган ким болот?
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган ким болот?
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп турган ким болот?
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган ким болот?

Көбөк:
Жерге сиңип кеткен жети атаң,
Жети атабыз эмеспи!
Жерди жемире баскан чал буура,
Түп атабыз эмеспи!
Желини сүттүү куу инген,
Өз энебиз эмеспи!
Жез буйлалуу нар тайлак,
Карындашым эмеспи!
Оргочордон от күйсө,
Эки көзүң, жайнаган.
Ысык-Көлдөн ит үрсө,

Бака болот чардаган.
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган карышкыр.
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган байкуштур.
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган чечендер.
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп турган санаа дейт.
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган бала дейт.

Талым кыз:
Узун, узун, узун жол,
Учун билген ким болот?
Күндөп-түндөп жүгүрүп,
Аянбай жүргөн ким болот?
Алыс менен жууктун,
Ченин билген ким болот?
Ачуу менен таттуунун,
Даамын таткан ким болот?
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган ким болот?
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган ким болот?
Ойдо жокту ойлонтуп,
Кесел кылган ким болот?
Мүңкүрөтүп адамды,
Карып кылган ким болот?
Мууну-жүүнүн бошотуп,
Арык кылган ким болот?

Кызыл жүзүн ондуруп,
Сарык кылган ким болот?

Көбөк:
Узун жолду узартып,
Учун билген кербенчи.
Күндөп-түндөп жүгүрүп,
Аянбаган мергенчи.
Алыс менен жууктун,
Ченин билген базарчы.
Ачуу менен таттуунун,
Даамын таткан казанчы.
Кара сууну кайнатып,
Таттуу кылган туз болот.
Кан төгүшкөн душманды,
Жакын кылган кыз болот.
Калжыраган тантыкты,
Асыл кылган мал болот.
Кайраты бар жигитти,
Баатыр кылган эл болот.
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган тил болот,
Ойдо жокту ойлотуп,
Кесел кылган жин болот
Мүңкүрөтүп адамды,
Карып кылган ургачы.
Муунун, жүүнүн бошотуп,
Арык кылган убайым.
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган бересе.
Жана сөзүң бар болсо,
Жообун берем бир нече.

Талым кыз:
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Казда бүтүн бар бекен?
Башынан алыс албаган,
Таш оодарып салбаган,
Сууда бүтүн бар бекен?
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу бар бекен?
Кармаганын куткарбас,
Куштун чоңу бар бекен?

Көбөк:
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн куркулдай,
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Каздан бүтүн карлыгач.
Башынан алыс албаган,
Таш оодарып салбаган,
Суудан бүтүн Ысык-Көл
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу Кумайык.
Кармаганын куткарбас,
Куштун шери Буудайык.
Каргашалуу, Талым кыз,

Ушул кимге ылайык?
Талым кыз сен да шайтансың,
Дагы айтар кебиң калдыбы?
Бар болсо кебиң айтарсың.

Талым кыз:
Акыр заман калкынын,
Алпы белең, эр Көбөк!
Алптардын калган соңунда,
Артыгы белең, эр Көбөк!
Тим жүрбөстөн сөзүңө,
Тийиштик кылдым өзүңө.
Күнөөм болсо кечкин деп,
Күрмөгөн жибим чечтиң — деп,
Таппадым деп ыгыңды,
Талым кыз сөзгө жыгылды.

БАЙГАБЫЛ МЕНЕН ЧАТА КЫЗДЫН АЙТЫШКАНЫ

Кыргызда бир чоң аш болуп, ошондо Байгабыл деген бир ырчы келип ырдап жүрсө, Көкшалкы байдын Чата кыз дегени «айтышамын» деп келе жатканда, Байгабыл «бул өзү байдын кызы болсо, мен жалаң аттуу, жайдак токумдуу бир киши болсом, кызына жаман кеп айтып жыгып койсом мени өлтүртүп койбойбу» — деп, качып берет. Анда баякы кыз артынан бара жатып:

Чата кыз:
Ай, Байгабыл акетай,
Арыз айтамын уга тур.
Атыңдын башын бура тур.
Жоргоңдун башын бура тур,
Ай, Байгабыл акетай,
Жооп айтамын уга тур.

Анда Байгабыл токтобой эле:
Атымдын башын бурбаймын,
Ай, кудача таеже,
Арзыңды угуп турбаймын.
Жоргомдун башын бурбаймын,
Ай кудача таеже,
Жообуңду угуп турбаймын,—

деп эле келе жатканда, Байгабылдын астынан бир жигит чыгып: «Ой, Байгабыл, сен айтышкын, мен турганда сага өлүм жок» — деди.

Ошондо Байгабыл кубаттанып:
Абийрим мындан жабылды,
Атан төөдөй азамат,
Ушул жерден табылды.
Ырысымдан көрөйүн,
Ырдашып жатып өлөйүн.
Азабымдан көрөйүн,
Сени менен айтышып жатып өлөйүн, —
деп кайрылып келип турду.

Чата кыз:
Ай, Байгабыл акетай,
Көпкөр кепти таштайлы.
Айтышканга жараша,
Санат ырдан баштайлы.

Байгабыл:
Ай, кудача таеже,
Минген атым ток эле,
Бекер кыйнап турбагын,
Санат ырым жок эле.

Чата кыз:
Минген атың ток болсо,
Санат ырың жок болсо,
Санат ырды таштайлы,
Табышмактан баштайлы

Байгабыл:
Ойду бороон боросо,
Тоону бороон боробос.

Ай, кудача таеже,
Айтышып жеңип алганда,
Байкеңдин эч бир жери коробос,

Ошондо Чата кыз төмөнкүдөй деп табышмак айтты:
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн бар бекен?
Муну тапчы, Байгабыл.

Байгабыл:
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн — карлыгач.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн — куркулдай
Мунун несин айткыдай.
Теңирим тобо кудайга-а,
Таптык бекен, кудача-ай?

Чата кыз:
Отоо тоонун бооруна,
Отоо тиккен ким экен?
Ата тоонун бооруна
Ат ойноткон ким экен?
Алтын казык кактырып,

Бек байлаткан ким экен?
Беш чыбыктын башынан,
Күйүп алган ким экен?
Кара жыгач түбүнөн
Казып алган ким экен?
Эки жыгач түбүнөн
Эптеп алган ким экен?
Жалгыз жыгач башынан
Жарып алган ким экен?
Түн уйкусун төрт бөлүп,
Түндө жорткон ким экен?
Жылаңайлак, жылаң баш
Суу кыдырган ким экен?
Муну тапчы, Байгабыл!

Байгабыл:
Отоо тоонун бооруна,
Отоо тиккен — жылкычы.
Ата тоонун бооруна
Ат ойноткон — борукчу.
Алтын казык кактырып,
Бек байлаткан — кайыкчы.
Беш чыбыктын башынан
Күйүп алган — саятчы.
Кара жыгач түбүнөн
Казып алган — кырмачы.
Эки жыгач түбүнөн
Эптеп алган — ээрчи.
Жалгыз жыгач башынан
Жарып алган — чоорчу.
Түн уйкусун үч бөлүп,
Түндө жорткон — каракчы .

Жылаңайлак жылаң баш,
Суу кыдырган — балыкчы.
Мунун несин айткыдай,
Теңирим тобо кудача-ай,
Таптык бекен, кудача-ай?

Чата кыз:
Башына булак бурбаган,
Буруп алыш албаган,
Суусун бөлөк бурбаган,
Ак сарбашыл сойбогон,
Сууда бүтүн бар бекен?

Байгабыл:
Сууда бүтүн Ысык-Көл,
Теңирим тобо кудайга-ай,
Мунун несин айткыдай,
Таптык бекен, кудача-ай?

Чата кыз:
Узун, узун, узун жол,
Учуна чыккан ким экен?
Жер ортосу боз дөбө,
Болжоп калган ким экен?
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт, айланган ким экен?
Медийнаньш беш бурчун
Беш айланган ким экен?
Кара кийик терисин
Кайыш кылган ким экен?
Кара киши баласын
Каныш кылган ким экен?

Көпөлөктү куш кылып,
Күн кыдырган ким экен?
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган ким экен?
Муну тапчы, Байгабыл!

Байгабыл:
Узун, узун, узун жол,
Учуна чыккан жолоочу.
Жер ортосу боз дөбө,
Болжоп алган — жылкычы.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланган — кербенчи.
Медийнанын беш бурчун,
Беш айланган — кербенчи.
Кара кийик терисин,
Кайыш кылган — мергенчи.
Кара киши баласын,
Камыш кылган — суусарчы.
Көпөлөктү куш кылып,
Көл кыдырган — бул шайтан.
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган — бул шайтан.
Мунун несин айткыдай,
Теңирим тобо кудайга-ай
Таптык бекен, кудача-ай?

Чата кыз:
Ой, Байгабыл акетай,
Биздин кылган ак калпак,
Сиздин башка чак калпак.

Тегерете четине,
Төрттөн бермет жамадым.
Кыдырата четине,
Кытай кундуз кармадым.
Түндө түшүп калбасын,
Түшүрүп бекем кысып кий.
Караңгыда түшпөсүн,
Кайрып бекем басып кий.

Байгабыл:
Сиздин кылган ак калпак,
Биздин башка чак калпак.
Тегерете четине,
Төрттөн бермет жамасаң.
Кыдырата четине,
Кытай кундуз кармасаң,
Атаң кийген калпакпы?
Атаң кийсе кийейин.
Атаң кийген калпакпы?
Элиң кийген калпакпы?

Мындан ары уят сөздөрдү айтып,
Байгабыл кызды жеңип кетет.

КЫЗ МЕНЕН ЖИГИТ

Жигит:
Кээ бирөө келиштирип оозду боёп,
Бетине атыр — упа сыйпап коёт.
Анысын жаман деп мен кордобоймун,
Бирок да шайкеледик адат болот,
Көйнөгү эки болбой калган күнү
Кетсем деп келишпеген чатак болот.

Кыз:
Кээ бирөө келиштирип кийим кийип,
Көйкөлтүп — кылтылдатып жорго минип.
Мингени ат, кийингени абдан жакшы
Бирок да мас болушат арак ичип.
Арыкка же ылайга оонап калат
Жарабас бул өңдөнгөн тиричилик.

Жигит:
Кээ бирөө өңү сулуу, сөзү кыйын,
Колунан жумуш өнбөйт жарым тыйын.
Үй-ичи, идиштери турат кирдеп,
Жаткансып ылай, чаңда жарым кылым.
Жыртылса көйнөгүнүн этек-жеңи,
Эринет жамагандан — айтам чынын.
Бул кандай өңү сулуу сонун бекен?
Уккан эл нече билер терең сырын.

Кыз:
Кээ бирөө тандап жүрүп аял алат,
Үйдө жок жууркан-төшөк, казан-аяк,

Алганы канча жакшы болсо дагы.
Кор кылат күндө-күндө уруп-сабап.
Алты айга жете электе мындай күйөө,
Жиберет алган жарын төркүнгө айдап.

Жигит:
Кээ бирөө тура албайт бир жеринде,
Сүйлөшкөн жары менен бир кебинде.
Сонундап бирден бирге тандап тиет.
Жылына эки күйөө эң кеминде.

Кыз:
Кээ бирөө кепке жайкап буюм сурайт,
Беришет жолдоштору бербей турбайт.
Аныңды алты жылда ала албайсың,
Берүүгө беш тыйынча көңүл бурбайт.
Бергин деп бекемирээк айтып койсоң,
Баркыңды бүт кетирип сөгүп булгайт.

Жигит:
Кээ бирөө, күйөө канча тапса дагы,
Үйүнөн дүнүйөсү ашса дагы,
Күйөөнүн жолдоштору келип калса,
Түйүлөт кош муштумдай терс кабагы.
«Үйүндө дүнүйөң батпай жатабы?» — деп,
Оолугат күйөөсүнө канча дагы.

Кыз:
Кээ бирөө киерине кийими жок,
Үйүндө төшөгү жок чаңдап турат.
Аялы — балдарынын баары жүдөө,

«Кожоюн» эмне тапса аракка урат.
Кайгырбайт үй ичине төштү кагат,
Көңүлү көтөрүңкү «жыргап-куунап».

Жигит:
Кээ бирөө ичкиликти дегдеп турат,
«Өнөр» деп мас болушту эңсеп турат.
Ичкен соң тунук суунун деми менен
Урушуп, жулмалашып чачты жулат.

Кыз:
Кээ бирөө башка жерде чиренишип,
Сөз менен бир адамды чоң бай кылар.
Алардын үйлөрүнө барып калсаң,
Анда жок топурагы чымчып чыгар.
Бирок да ооз көптүрүп жүрө берет,
Жарабас бул өңдөнгөн көп кылыктар.

Жигит:
Кээ бирөө, албууттанып ар убакыт,
Үй ичин чаңызгытып күндө чачат.
Кокустан күйөө туруп койгун десе,
«Чыгамын... теңчилик» деп арыз жазат.
Теңчилик чыгууга эмес, эрик үчүн,
Түшүнүп ага барып кимдер айтат?

Кыз:
Кээ бирөө бекерликти жакшы көрөт,
Кээ бирөө түз айтсаң да, болбой сөгөт.
Кээ бирөө кызыл кулак чырылдашып,
Кээ бирөө уурулукка көңүл бөлөт.

Булар да айлы менен ынтымаксыз,
Чыгынат баркы төмөн болот, чөгөт.

Экөө:
Кыдыртып айта берсе баарын тегиз,
Ушундай жарабаган көп адат бар.
Жыргалдуу мына ушул биздин доордо,
Сыйышпайт бул өңдөнгөн терс адаттар.

КЫЗ МЕНЕН ЖИГИТ

Кыз:
Он гүлүмдөн бир гүлүм,
Ооба[1] тартип туйгунум.
Оң жакты карап бир күлүң
Ооболоп кетпей бир жүрүң
Беш гүлүмдөн бир гүлүм,
Бедебай тартип туйгунум,
Бер жакты карап бир күлүң.
Безип кетпей бир жүрүң.
Ой тартип, жан күйдүргүм,
Оттой күйдүм билдиңби?
Жаным тартип, күйдүргүм,
Жалынсыз күйдүм билдиңби?
Агын дайра, агын суу,
Бойлоп келиң, тартибим.
Ак боз аттын үстүндө,

[1] Ооба – асман

Ойноп келиң, тартибим.
Күүгүм дайра, күүгүм суу,
Бойлоп келин тартибим.
Көк боз аттын үстүндө,
Ойноп келиң тартибим.
Ак кайын бүтөт ноода[1] алып,
Ажырап алыс мен кетсем,
Акылман тартип туйгунум.
Аркаман барың соога алып.
Көк кайң бүтөт ноода алып,
Көркөм бир тартип туйгунум,
Көргөнү барың, соога алыл,
Көк кайыңдын тозундай,
Көк шумкар куштун бозундай.
Ак кайыңдын тозундай,
Ак шумкар куштун бозундай.
Ак ордодо үй тигип,
Жолго консоң, тартибим.
Ак шумкар куштай айланып,
Колго консоң, тартибим.
Көк ордодо үй тигип,
Жолго консоң, тартибим.
Көк шумкар куштай айланып,
Колго консоң, тартибим.
Эшигимдин алдына,
Эрмен чөп чыксын чытырлап.
Эстүүм келип калды деп,
Эшикке чыксаң утурлап.
Капшытыңдын алдына,

[1] Ноода – чырпык

Камыш чөп чыксын чытырлап.
Кадырлап келип калды деп,
Кайкалап чыксаң утурлап,
Ышкыман чыккан ырым шул,
Ымандай айткан сырым шул.

Жигит:
Алкымыңды мен эстеп,
Кубанамын, ак зиба.
Ак калпагым киемин,
Ачасыдан, зибайым.
Жата албаймын ак үйүм,
Тамчысыдан, зибайым.
Көп коркомун элиңдин,
Камчысыдан, зибайым.
Чыккым келбейт бир кирсем,
Койнуңуздан, зибайым.
Бейсарамжал күн болуп,
Ай караңгы түн болуп,
Келе албадым, зибайым.
Күн жаады хашыма,
Күйгүздүң, зиба ашына.
Кар жаады башыма,
Кара көз зиба ашына.
Ашырып бааң мен айтсам,
Мойну алача казга окшойт.
Желке чачың, жети тал,
Жериң шибер сазга окшойт,
Агын дайра, агын суу,
Кечпейбизби, зибайым?
Көңүлүбүз бир болсо,

Көрөймүн болуп жүргүчө,
Көздөп алып бир жакка,
Кетпейбизби, зибайым?
Сүйлөп коюп моймолжуп,
Сүрөткө тартып койгонсуп,
Айтып коюп моймолжуп,
Арипке тартып койгонсуп.
Тамагыңа кадаган,
Седебиңен кетейин.
Эки колу боорунда,
Адебиңден кетейин.
Арча, челек нар басым,
Алтын седеп жан досум.

Кыз:
Тараза тандын болжоосу,
Үркөр айдын жолдошу.
Куурчак күндүн кулагы,
Кыз—жигиттин сырлашы.
Кызыл-Кыя узак жол,
Кымбаттуу тартип, аман бол,
Кара-Кыяк узак жол,
Кадырлуу тартип, аман бол.
Кыргый куш учат асманда,
Кылчаңдап тартип басканда.
Карчыга учат асманда,
Кайкалап тартип басканда.
Белеске чыгып суу алам,
Бел багың көрүп кубанам.
Капталга барып суу алам,
Калпагың көрүп кубанам.

Тескейге чыгып суу алам,
Телпегиң көрүп кубанам.
Кол комуздан күү айттым,
Коңшуңуздан дуба айттым

ЖИГИТ МЕНЕН КЕЛИН

Жигит:
Акырын айтып ашпайлы,
Ашапке сөздү таштайлы.
Биздин кыргыз ырынан,
Аз да болсо баштайлы.
Дубайы салам кат жазсам,
Тиеби сизге арнасам?
Тура албаймын токтолуп,
Сизден кабар албасам.
Минген атым кер болсо,
Жайкалган шибер жер болсо.
Мен жаныңа барганда,
Патипонуң[1] бар болсо.
Олтурсам, турсам сен деймин,
Башкага көңүл бербеймин.
Олтурсам, турсам сени ойлойм.
Балапан куштай эрмегим.
Басасың, келин, толгонуп,
Салынганың тор жоолук.
Алганым сендей болбосо,
Асыл жан өтөт кор болуп.

[1]П а т и п о н — патефон

Келин:
Алтындан менин түймөгүм,
Албырат алтын жүрөгүм.
Ал түндө жатып түш көрсөм,
Алышып ойноп жүрөмүн.
Күмүштөн менин түймөгүм,
Күркүрөйт күмүш жүрөгүм.
Күнүндө жатып түш көрсөм,
Күлүшүп ойноп жүрөмүн.

Жигит:
Жайдары сонун мүнөзүң,
Жаркырап ойноп күлөсүң.
Жазбас бекен жараткан,
Жаштардын кылган күнөөсүн.
Жайлоонун башы жашылдан,
Ай, жылдызы жашынган.
Адамда сендей табылбайт,
Жаралдың кандай асылдан.
Кайниси болбой келиндин,
Кайнага болуп калганым,
Кайниси кылып койбогон,
Кудайга көптүр арманым.
Арманым көп ичимде,
Кайсы бирин айтайын,
Кудайдын салган азабын,
Өзүм жалгыз тартайын.

Келин:
Алтындан салган сарайың,
Ай чыкканча карайын,

Ай чыкканча келбесен,
Азабың тартып калайын.
Күмүштөн салган сарайың,
Күн чыкканча карайын.
Күн чыкканча келбесең,
Күйүтүң тартып калайын.

Жигит:
Минген атым кер жорго
Салдырамын кең жолго.
Кетсе да бизден кеткендир,
Кечирип койчу бир жолго.
Олтурганым, турганым,
Кең мекендин талаасы.
Ойногонум, күлгөнүм
Жакшы атанын баласы.
Биринчи колум бармагым.
Кат жазып сизге арнадым.
Жазган катым тийбесе,
Капаланып калбагын.
Экинчи колум сөөмөйүм,
Ак бетиңден өбөйүн.
Өптүрбөсөң бетиңди,
Өз шоруман көрөйүн.
Кат жазамын күйгөндөн,
Кадырлаш бала сүйгөндөн.
Жан болобу жалганда,
Жашында ойноп күлбөгөн.
Таштан ташка урунуп,
Тоонун суусу шар агат.
Кучактап жатсаң секетти,

Өзүңө кандай жарашат.
Сүйлөбөймүн жалган кеп,
Сүйлөсөм ичте арман көп,
Сүрөтүңдү тарттырып,
Алсам деген андан көп.

ТАМСИЛ АЙТЫШТАР



САРЫ ЭЧКИ МЕНЕН ЭЭСИ

Мыскал төркүнүнө барганда төркүнү бир сары улак энчилеп берет. Ал чоңоюп эчки болуп, жыл сайын эгизден улак тууйт. Бирок улактарын жылыга союп жей берип көбөйбөйт. Күндөрдүн биринде эчкинин туур мезгили болуп калат. Аялы «байлап кой» десе, Тагай кенебестен жуунуп болгуча, эчки заматта тышка чыгып кетет. Артынан издеп чыкканда күн жаап, суу болот. Ошондо эчкини издеп жүрүп, ырдаган ыры.

Тагай:
Эртең менен турганда,
Бети, колду жууганда.
Сени байлап койгондон,
Эриндим беле, сары эчки?
Менден качып тургандай,
Келиним белең, сары эчки?
Жалпы мундуз бириксе,
Батасы белең, сары эчки?
Сени бакылдап кууган текенин,
Атасы белем, сары эчки?
Таш такалай басасың,
Тагайдан мынча качасың.
Жамгыр куюп мойнума,
Тагайдын тарттырдың го жазасын,
Кесилбей кийген тумаксың,
Кебекбай берген улаксың.
Кызы талак сары эчки,
Сен эчкиден чыккан чунаксың.
Төбөгө кийчү тумаксың,
Төркүндөн келген улаксың.

Төбөңөн тийген сары эчки.
Талаадан тапсам сойбосом,
Танагүл үмүт кылат деп,
Кызы талак сары эчки,
Сенин далыңды туздап койбосом.
Кекендим сени сойбосом,
Кебекбай үмүт кылат деп,
Сенин керчөөң туздап койбосом.
Колума тийсең сойбосом,
Козубек үмүт кылат деп,
Сенин кол этиң туздап койбосом.

Аңгыча күн басылып сары эчкинин издеген Тагай суу болгон кийимин сыгып, таштын башында турса, эгиз улагын ээрчитип ары жактан сары эчки чыга калат да, мындайча ырдайт:

Сары эчки:
Жаагыңды кересиң,
Жаңшап ырдап бересиң.
Союп жеген төлүмдүн,
Эсебин качан бересиң.
Жылда тууйм эгизди,
Жылына жейсиң семизин.

КУБА КОЙ МЕНЕН ЭЭСИ

Ээси:
Каргашалуу Куба кой,
Күндөп-түндөп жөтөлүп,
Убайыңды көрбөдүм.
Убара болуп көтөрүп,
Өпкө боордо чериң жок,
Же кагынып кеткен жериң жок.
Салаадан чыккан жүнүң жок,
Жакшылык кылар түрүң жок.
Куба кой мени куруттуң,
Бакканымды унуттуң.

Жазында сени Куба кой,
Ыраңдуу жерде көктөттүм.
Ою менен жесин деп,
Карыш чөптү оттоттум.
Токтоп чөптү жесин деп,
Алдыңдан тосуп токтоттум.

Мал дсп сени сыйладым,
Башынан багып жыйнадым.
Баккан сайын жөткүрүп,
Жанымды минтип кыйнадым.

Көктөмү калса келишпей,
Көрөмбү койдун өзүнөн,
Түбүндө мага мал болбойт,
Түңүлүп калдым өзүнөн.
Кашка беде, жылтыркан,

Оттоп жүрдүң, Куба кой.
Эркиң менен жайылып,
Токтоп жүрдүң, Куба кой.
Өтөккө салдым өзүңдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Убара кылдың бир далай,
Ук, Куба кой сөзүмдү.
Кара өтөк болду жатканың,
Каржалып сени тапканым.
Мындан артык Куба кой,
Кандай болот бакканым?

Эл жайлоого чыкканда,
Эркин менен оттодуң.
Ойрон болгон Куба кой,
Айдасам онтоп токтодуң.

Эзилген шибер жалбырак,
Эркиң менен чайнаттым.
Эмгегим сая кетирип,
Баспай шорум кайнаттың,
Тогуз төбө, мекери,
Ажырык, ак чөп бетеге,
Балтыркан менен кымыздык.
Даамдуу чөптү жедирдим,
Ушунчалык семиртип,
Кой кимдики дедирдим.

Көк шиберди чалдырдым,
Шибердүү жерге оттотуп,
Аябай шоруң кандырдым,

Ал кызматты тандырдың,
Карагайдан коо кылып,
Таза туздан салдырдым,
Арбак урган Куба кой,
Аябай тузга кандырдым.

Оюң менен шордодуң,
Ал кызматка болбодуң.
Акырында Куба кой,
Бакпадың деп кордодуң.

Аппак туздан кемирдиң,
Жайкалып жакшы семирдиң.
Семиргенде жон алдың,
Төөдөй болуп ком алдың.

Семиргенде жон алган,
Майың кана, Куба кой?
Секирип качкан сезденип,
Чайың кана, Куба кой?
Төрт ай оттоп семирген,
Этиң кана, Куба кой?
Жеген чөптү танасың,
Бетиң кана, Куба кой?

Күз болгондо Аксайдан,
Айдап түштүм жылдырып.
Бакканымды тандырдың,
Куба кой мени сындырып.

Акырын жайып токтоттум,
Аңыздын чөбүн оттоттум.
Беденин гүлүн жедирдим,
Береке тапкын дедирдим.
Жылтыркан, шыбак жедирдим,
Жыргал ушу дедирдим.

Айтканымда жалган жок,
Айтар сөзүм калган жок.
Кутуруп өлгөн коюм ай,
Куба кой сенде арман жок.

Кышка калбай өссүн деп,
Эрте кырктым жүнүңдү.
Кесири бар Куба кой,
Келтирдиң менин жинимди.
Билбедиң коюм сырымды,
Сала кой азыр чырыңды.
Кышында тоону кыштаттым,
Суукка качан муздаттым,
Желим болду жегениң,
Сай сөөгүмдү сыздаттың.

Кара күнгөй кең керме,
Кыштаткан жериң келишти.
Ойлонбопмун ок тийип,
Куба кой минтип өлүштү.
Айдаган жолго баспадың,
Онтогон үнүң жазбадың.

Буздуң коюм суруңду,
Билбединң менин сыймды.
Куба кой сенде жазык көп,
Курулай ыйла ыйыңды.
Мени мынча күйдүрүп,
Көрсөттүң коюм ыйыңды.
Уят кылдың өзүмдү,
Укпаймын сенин чырыңды.

Куба кой:
Кара тумшук ээм ай,
Калбаптыр сенин мээң ай.
Мындан башка айтарга,
Дагы барбы жүйөөң ай!

Чыны жок айткан сөзүңдө,
Калбаптыр акыл өзүңдө.
Мал экен деп Куба кой,
Бар белем сенин эсиңде.
Айдадың качан тоюнга
Арманың көп коюңда,
Кутурган жок болуучу,
Куба кой сенин оюңда.
Көчпөй, конбой отурдуң,
Аккан суунун боюнда.

Тамыңдан ташып конбодуң,
Койду качан ойлодуң?
Жаңыдан туудум жабыркап,
Курсагым чөпкө тойбодум.
Жамандык мага жүктөйсүң,
Семизимде сойбодуң.

Малга ээм эсирди,
Эпсиз кылды кесирди.
Айдап жакшы бакпастан,
Алып койдуң бешимди.
Ушубу жакшы бакканың,
Талаага калды тапканың.
Өзүңө ээм өнөрбү,
Талыкшып уктап жатканың?
Козу аяктап семирип,
Эл Аксайга көчкөндө,
Элет чарба дүркүрөп,
Жайлоого көчүп кеткенде,
Аксайга качан жайлаттың?
Аягымды байлаттың,
Ак жайдын күнү чөп жебей,
Ошентип шорум кайнаттың.
Жай Ополдой жайнаттың,
Жаш балага айдаттың,
Менин шорум катырып,
Жашаңды качан чайнаттың.
Күндө үч убак жуушатып.
Минтип шорум кайнаттың.
Откорбой жайып жуушаттың,
Сугарбай айдап суусаттың.
Такыр сайга жаткырдың,
Кадемимди катырдың.
Айдап жакшы бакпастан,
Азабымды тарттырдың.

Тоюңду качан кыштаттың?
Тойгузбай сөөгүм сыздаттың.
Ичимди жаман муздаттың,
Аксайдын бетин көрбөдүм,
Арманы жок өлбөдүм.
Арманы көп Куба кой,
Ал жорукка көнбөдүм.

Ополдойдон көчкөндө,
Келип кондуң жериңе.
Жытыгып калган башынан,
Жылас болгон көрүнө.
Сапырылган кыгыңа.
Көнө бердим ыгыңа.
Бедени качан бүрдөттүң,
Аңызды качан гүлдөттүң?
Ээм сага таарынч көп,
Көөнүмдү жаман кирдеттиң.
Коюм өлмөк болду деп,
Канчалык элди дүрбөттүң.

Кактап күнгө бышырып,
Жатып алдың ышынып.
Куба кой менде ырыс жок,
Сендей ээге тушугуп.
Санаага албас кеп айтып,
Салкын түшсүн деп айтып.
Камап салдың тамыңа,
Качан келдиң жаныма?
Күн батардын алдында,
Тамыңдан айдап чыгардың,

Сүттөн аппак кой элем,
Бакканыңдан кубардым.

Жайып койдуң эшикке,
Зарыл болуп жаткамын,
Жылтыраган тешикке.
Мал экен деп Куба кой,
Жакшылап айдап бакпайсың,
Ээм сенде эсиң жок,
Мендей койду таппайсың.

Кышында тоюн жедирбей,
Кара тору кыштаттың.
Кантейин ээм эсиң жок,
Карга камап муздаттың.
Кыш чилденин өзүндө,
Сай сөөгүмдү сыздаттың.

Тоңдуу кылдың корооңду,
Тозуп жаттым бороонду.
Кор болоруң билбестен,
Коюңду кылдың коромжу.
Ээм сага жеңдирсем,
Мен Куба кой боломбу?
Короок муздак муз болду.
Жаткан жерим сыз болду.
Мээнет баскан Куба кой,
Мээси жок ээге туш болду.
Боорум үшүп чер болду,
Көзүм көрбөс көр болду,
Өпкөм үшүп көгөрдү,

Көрсөттүң далай өнөрдү.
Ичегим шишип ылжырап,
Ич этим калды былжырап,
Ичим турат үн салып,
Басылбастан кулдурап.

Кышында карды тептирип,
Кыйгак болду туягым.
Бузулду ээм сыягым,
Укпай калды кулагым.

Бир жылда мени үч кыркып,
Азабым аштай катырдың.
Кеч күздө кыркып жүнүмдү,
Азабымды ашырдың.
Бороондо боздоп ыйладым,
Жаткан жерден турбадым.
Эс-акылың жогунан,
Куба койду кыйнадың.
Ала курт басты денемди,
Аябай тешти теримди.
Уяты жок ээм ай,
Укпадың айткан кебимди.

Бороонду күнү чилде урса,
Табылбайт койдун дарысы.
Бороон алды борукту,
Ким көргөн мындай жорукту.
Боруктун этин сактап жеп,
Сагызган, карга корукту.

Кыянат кылып бакпадың,
Кыл курт алды коктуну.
Топугу жок ээм ай,
Толтурдуң койго коктуну.
Койдон залал көргөндөй,
Кобурайсың, сүйлөйсүң,
Койдун сырын билбейсиң.
Айткан тилге кирбейсиң.

Семиздеп сойдуң серкемди,
Тебетей кылып көрпөмдү.
Чыгарба ээм үнүңдү,
Кыркып саттың жүнүмдү.
Тон кылып кийдиң теримди,
Айтпагын мага кебиңди.
Эбирейсиң, ээм ай,
Эми баскын демиңди.

Үч ийдирип сааганда,
Көнөк толгон сүт алдың.
Түгөт ээм оңбойсуң,
Сүт алган сайын күч алдың.
Куруп кеткен ээм ай,
Куба кой айтып какшады.
Арыктыгы жеткен соң,
Ал себептен баспады.
Сүт бербейт деп Куба кой,
Катынды мээнет кыстады.
Желиним жара муштады
Сай сөөгүм катуу сыздады.

Базарга саттың өзүмдү,
Байкабай койдуң сөзүмдү.
Эпсиз кылдың кесирди,
Ачарсың бир күн көзүңдү.

Союп жедиң этимди,
Дарманымды кетирди.
Айтыша калып мынчалык,
Ачып койдуң бетимди.
Каалабайсың чыгымды,
Билермин сенин ыгыңды.

Куба койдо не жазык,
Көң кылып жактың кыгымды.

Адырдан жедим ак шыбак,
Арман менен мен өлдүм,
Аркамда калган бир тукум,
Ак токтумду жакшы бак.
Сөздүн байка жүйөсүн,
Куба кой жеңди ээсин.
Кой демекте маани бар
Акылдуу адам билесиң.

КАРА КАШКА МЕНЕН ОСМОН

Осмон:
Арам өлүп калсаңчы,
Атаңдын көрү Кара кашка.
Кыжаалат болуп турамын,
Түгөнүп калып наспайым.

Кара кашка:
Ачууңду менден чыгарба,
Ада болсо насбайың,
Убара болуп урбагын,
Ушундай менин басканым.
Сенин ада болсо насбайың,
Менин ачып жатат карыным.
Чаксэден[1] эгин аласың.
Берип койбой жарымын.

Осмон:
Теңир урган союлгур,
Тегеле сонун сыягың.
Буба-суба эмессиң,
Тептегерек туягың.
Камчыласа баспаган,
Калаты[2]сенин кыялың.

---

[1]Ч а к с э — алты килограмм.
[2]К а л а т ы — кызык, жакшы эмес,

Кара кашка:
Ойлонуп көрчү, Осмонум,
Токмоктоп жүрүп сен мени,
Өлтүрүп коёт окшодуң,
Угуп турчу, Осмонум,
Убара болбо жомоктоп,
Ушундай менин басканым.
Бир айдан ашып кетти го,
Сүйрөй мала тартканым.
Тоготпойт элек маланы,
Очойтуп сени көтөрүп,
Ошону үчүн чарчадым.

Осмон:
Арам өлүп союлгур,
Кара көзүң оюлгур.
Кузгун куран окугур,
Тазкара бооруң чокугур.
Сен чарчабайсың өлсөң да,
Арамзалык кыласың.
Коё берсем кеч курун,
Айгыры жок бээ болсо,
Ага дароо барасың,
Тоготпой анча-мынчаны.
Тос-тополоң кыласың.
Анча-мынча жем берсем,
Алымсынып тойбойсуң.
Атамын ишин кылгансып,
Арпа бер деп ойлосоң.
Догдурлар келет бир күнү
Акталатып койбосом.

Кара кашка:
Андай дей көрбө, Осмонум,
Догдурдан жаман коркомун.
Узак жолго мингенде,
Жоргодон тынч жортомун.
Жоголуп кетсем кокустан,
Таап аласыңар кыйналбай,
Таанымал Кара кашкамын.
Түңүлбөй жүрчү көп эле,
Түзүк эле го басканым.

Осмон:
Сенин басканың калсын башында,
Жортконуң, калсын артында.
Жолдо кайда жортчу элең?
Жоругуң менин эсимде.
Сени бир бутундай көрбөйбүз,
Племенной аттардан,
Жоргодон тынч жортом деп,
Уялбастан мактандың.
Өзгөнгө жөнөп бир мартэ[1],
Өтө эле эрте аттандым.
Кашаңдыгың шунчалык,
Карагуз бардым бешимде.
Бакбазды ашып бөксөлөп,
Каманчы бардым кечинде.

[1] бир мартэ – бир жолу

Кара кашка:
Тим койбой менин эркиме,
Тизгинимн тарткансың.
Ойлоп көргүн, Осмонум,
Анда бир деме саткансың,
Кыйналып калат малым деп,
Каманчы барып жаткансың,
Уяты жок, Осмонум,
Убакта ишке келбейсиң.
Келип алып шашкеде,
Кайтарың менен тилдейсиң.
Эч болбосо бир боо чөп,
Ала келип жүрбөйсүң.
Дем алганда астыма,
Салып коюшту билбейсиң.
Эмне болуп калгансың,
Менден бетер тердейсиң.
Жамгыр жаап коюптур,
Баса албай жатам тайгылып.
Өлөсө кылдың токмоктоп,
Өзүңдөн өзүң, кайгырып.
Мушташа кетсек экөөбүз,
Мен, деле сенден калбаймын.
Кымызга тоюп алыпсың,
Кардыңды жара тээп салбайын.

Осмон:
Жаталак болгон союлгур,
Жаткыза чаап салбайын.
Зорго жүргөн чагымда,
Бир кулун төлөп калбайын.

Этке барсын сени деп,
Эртеге ырайыска барбайын

Кара кашка:
Эмне кылсаң ошо кыл,
Өлгөнүмө кайылмын.
Айтып жүрүп ар кимге,
Тополоң достон айырдын.
Жоктугу тушүп эсиме,
Жорутун санайм шайырдын.
Аны да сен кетирдиң,
Айтып барып кансеге[1].
Зыркырачу элең кайгырып,
Зыян кылды эле канчага.
Куруп калган курдашым,
Түшүп берчи эле тансага[2].

Осмон:
Тополоңду айтпачы,
Анын атын укпайын.
Курдашыңды мактабай,
Менден сура тек жайын.
Кашаң элең өлгүдөй,
Камчыласа баспаган.
Мине койсом бир мартэ,
Чычаңдап өлтүрүп коё жаздаган.
Мага дайын тополоң,
Мал болбойт андай дүйнөдө.

[1] канцелярияга
[2] бийге

Такыр жүрбөйт болучу,
Мала менен чийнеге.

Кара кашка:
Жаман болот, Осмонум,
Жалган калпты сүйлөбө.
Белгилүү элдин баарына,
Беттешер салчу чийнеге.
Айтыша берсек ушинтип,
Абийирибиз кетпейби?
Урукчулар кетишти,
Уруша бербей иштейли.
Ынтымак болсо экөөбүз.
Колхоздун иши бүтпөйбү.

ЧЫЙЫРЧЫК МЕНЕН ТАРАНЧЫ

Чыйырчык:
Эшикке чыккын, таранчы,
Эминең бар үйүмдө?
Ээси келбейт экен деп,
Ээн үйгө сүйүнбө.
Качан көрсөм жүрөсүң,
Кампанын кетпей түбүндө.

Таранчы:
Кантип чыгам бул үйдөн,
Кампачы менин кошунам.
Кампасынын жанында,
Каралашып отурам.
«Үй бошот» деп, чыйырчык,
Чыкпасын мага оозуңан.

Чыйырчык:
Чырлашпай чыккын, таранчы,
Тынчтыгын сүйөм дүйнөнүн.
Сырымды билген адамдар,
Сыйлыкка берет үйлөрүн.
Сыйың менен жөн кетпей,
Сыйрылып калып жүрбөгүн!,

Таранчы:
Кейишпейли, чыйырчык,
Келиптирсиң алыстан.
Үй кимдики, экөөбүз,
Сурашалык калыстан.

Кара кылды как жарып,
Калыс болсун сагызган,

Чыйырчык:
Сан канаттуу куштардан,
Сагызган экөөң саксың да.
Чокчоңдойсуң жөн баспай,
Чок жаткансып астыңда.
Сагызганды тааныгам,
Залим куш экен абыдан.

Таранчы:
Сагызганга болбосоң,
Залим куш деп ойлосоң.
Айры куйрук кулаалы,
Арзан куш эмес бу дагы.
Урматтуу Куке, сен бил деп,
Ушуну калыс кылалы.

Чыйырчык:
Кулалы экөөң, куруп кет,
Кууланбай үйдөн туруп кет.
Балпаңдап учуп айылда,
Балапан аңдыйт жайында.
Алы келсе, дүйнөнү,
Аңтарып салуу жагында.

Таранчы:
Жондо жүргөн жору бар,
Көп жорунун ичинде,
Көк жору деген зору бар.

Кумда жүргөн кузгун бар,
Кудай калыс сөздөрүн.
Айтып өтсүн ушулар.

Чыйырчык:
Кууланып айтып турасың,
Кузгун менен жоруну,
Фашисттин желдеттериндей,
Баарыңдын билем оюңду.
Калыс болсун көгүчкөн,
Канаттуунун сонуну.

Таранчы:
Көп куштардын ичинен
Көгүчкөндү мактадың.
Көсөмдүк кылып бир нерсе,
Көрсөтөөр калыс таппадың.
Көгүчкөн муну чече албайт,
Көтөрмөлөп айтпагын.

Чыйырчык:
Жабдыгы жок жанында,
Жалам бетке үй салат.
Эне-аталык мээримде,
Эмгек кылат тырмалап,
Карлыгач куштун чебери,
Калыстыкты берели.

Таранчы:
Карлыгачты билемин,
Топурак жууруп там салат,

Ылай ташып жүргөнгө,
Ыраазы болот чалкалап.
Калыс көз менен карабайт,
Карлыгач буга жарабайт

Чыйырчык:
Бал челектин аарысы,
Баштуу журт экен баарысы.
Эмгеги менен жашаган,
Эң жакшы сыймык анысы,
Канаттуу жандар а дагы,
Калыстыкка алалы.

Таранчы:
Канатын көккө сермеген,
Канча бир куштар турганда,
Калыстыкты бер дейсиң,
Катарда жок урганга,
Алдына да барбаймын,
Аарыны калыс албаймын.

Чыйырчык:
Үй талашып экөөбүз,
Отурбайлы камалып.
Көп канаттуу куштар бар,
Көпчүлүккө салалык.
Көп эмине кааласа,
Ошону кабыл алалык.

Таранчы:
Көпчүлүккө салгыдай,
Көп бирдеме деп койсо,

Айтканын кабыл алгыдай,
Көз каранды эмесмин.
Көпчүлүктү сүйгөндөр,
Өз алдынча кеңешсин.

Чыйырчык:
Кылмышың бардан, таранчы,
Кыйыктанып качасың,
Көпчүлүктүн талкуусун,
Көргүң келбей жатасың.
Акыры сендей куулардын,
Көпчүлүк берет жазасын.

Таранчы:
Чыныңбы бул сөз ойнуңбу,
Чыйырчык мага сүйлөбө,
Көпчүлүк чечет баарын деп,
Көрүнгөндү күүлөбө.
Мага жаза берчү жан,
Жаралган эмес дүйнөгө.

Чыйырчык:
Таранчы тажаал чыкты деп,
Тарууну тепсеп жыкты деп,
Жаны күйгөн дыйкандар,
Жабыла арыз бериптир.
Таранчыны жойсун деп,
Көп жерден сунуш келиптир.

Таранчы:
Талаадагы тарууга,
Таранчы жооп береби?

Таранчыга таруунун,
Эч кандай жок кереги.
Таранчы буга жоюлбайт,
Таптакыр чети оюлбайт.

Чыйырчык:
Окуучу балдар досторум,
Эми сен,
Оңбой турган окшодуң.
Айтпайын сага бөлөгүн,
Аманыңда жөнөгүн.
Балдарыңды кара ниет,
Башка жакка төрөгүн.

Таранчы:
Каршы душман көп болуп,
Кампадан кетип баратам.
Кайрылып бир күн талатам,
Чегирткени чакырам,
Тамашаны көрөсүң,
Таранчынын атынан.

Чыйырчык:
Чегирткеге сыйынсаң,
Чегиңен өтпөй калганың.
Ала чыйырчык беттешсе,
Андан да кетет дарманың.
Ажал издеп калыпсың,
Аракетиңден калбагын.

Таранчы:
Жалпы душман көп болуп,
Жайымдан кетип баратам.
Жардам берер дос жыйнап,
Жайымды кайра талашам.
Как башыңа келбесин,
Айткан сөзүң жанатан...

Чыйырчык:
Айткан сөздү укпаган**,**
Кандай акмак немесиң.
Кер какшыгын, жылдырып,
Кет десе кайра келесиң.
Ушинте берсең сен менден,
Көрбөгөндү көрөсүң.

АҚЫНДАР АЙТЫШЫ



АРСТАНБЕК МЕНЕН КАҢТАРБАЙДЫН АЙТЫШЫ

Казак акыны Каңтарбай менен Арстанбектин беттешүүсү Каркырада кыргыз, казак көп чогулган бир чоң жыйында өтөт. Кыргыздар атайылап Арстанбекти чакыртып келишет. Бирок ал ырдагандан кийин Каңтарбай жооп берүүдөн баш тартып, айтыш Арстанбектин ыры менен аяктайт.

Арстанбек:
Оо, казактан чыккан Каңтарбай,
Домбураңды чалганча,
Ойбойлоп обон салганча,
Каркылдап үнүң калганча,
Каркыра учар толгонуп,
Каракуш кетер ойгонуп,
Каран туткан султаның,
Кашыңдагы ултаның,
Калың кыргыз олтурат,
Сөздү сынга толтурат,
Каада менен айтышпай,
Өйдө-төмөн чарпышпай,
Мени бир мыят кылат деп,
Калар бекен ойлонуп?
Жеңилип калсаң сөз таппай,
Калк баштаган султаның,
Калка кылар ултаның,
Калчылдап жини келбесин,
Сени кастарлап топко ээрчитип,
Калк көрсөтүп телчитип,
Алып жүрбөй жанына

Ээлик кылбай алыңа,
Кайрылып камчы салбасын,
Кашаң ат минген Каңтарбай,
Калк сөзүнөн аңтарбай,
Капчыгайда калбасын.
Сен казактан чыккан Каңтарбай,
Мен бугудан чыккан Арстанбай,
Сөз туурасын айталы,
Тозок отун жазданбай,
Мөңкө[1] бий айткан кеп эле,
Арстанбек кимден кем эле,
Санат сөзүм сан эле,
Санжыра сөзүм кап эле.
Нуска сөзүм кум эле,
Кордосом сөзүм шум эле.
Айтышканы олтурсун,
Беделиң түшүп калбасын,
Казак, кыргыз ичинен
Мага тең келер ырчы жок эле,
Оозум менин шок эле.
Теңселе туруп кетүүчү
Теңдеше турган сөз таппай,
Терме сөзүм ок эле.
Анда эмесе Каңтарбай,
Санат ырдан баштайлы,
Санатын журтка таштайлы.
Улуу сөздөн баштайлы,
Урматын элге таштайлы.

[1] Мөңкө — казак бийи, уулу Мурат замана поэзиясынын өкүлү, 1843—1906-жылдардын аралыгында өмүр сүрөт.

Кыйла сөздөн баштайлы,
Кымбатын элге таштайлы.
Замана ырын ырдайлы,
Илгеркинин санатын
Артыбызда сөз калсын,
Бирден терип сындайлы,
Сөз жакшысын ылгайлы.
Уламадан улаган,
Улуулар сөздү кураган.
Илгеркинин жакшысы,
Олуя сындуу бакшысы[1]
Өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат деп айткан,
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат деп айткан,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат деп айткан,
Ай ааламдын баарысын
Соруп чыгат деп айткан.
Эки башын кайкайтып,
Кайык чыгат деп айткан.
Мейил кадыр болом деп,
Зайып чыгат деп айткан.
Калем алып кат жазган,
Безер[2] чыгат деп айткан.
Калпты чындай сүйлөгөн,

[1] Бул жерде Арстанбектин Калыгул Бай уулунун санаттарына таянгандыгы байкалат. Анткени — Ормон хан Калыгулду «бакшым» дечү экен.

[2] Безер — писарь.

Эсер чыгат деп айткан.
Акыр заман кишиси
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот деп айткан.
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан,
Акыр заман адамы —
Бакыл болот деп айткан,
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана
Акыр болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Аалым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залим болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш
Ошондо, айыл конот деп айткан.
Замананын адамы
Молдо болот деп айткан,
Акыр заман жакындап,
Келип калды деп айткан.
Оо, армандуу дүнүйө,
Булут минсең жетпейсиң,

Мурункунун наркына,
Буркурайсың түтүндөй,
Бул замандын артына.
Байыркынын мингени
Кылтылдаган ат болгон,
Кыргызга ким чак болгон?
Баатырлары көп болгон,
Байыркыга сөз болгон,
Кыраандары көп болгон,
Кылым арта сөз болгон.
Жомогу жолдо айтылган,
Жоругу жолдо камтылган.
«Манасын» айтып баптаган,
«Семетейин» септеген,
Анча-мынча ырчыны
Ашка, тойго келтирбей,
Ана-мына дедирбей,
Боз балдар эле эптеген.
Кыргыз кырда ырдаган,
Кыз-кыркыны сындаган,
Тоо башында ырдаган,
Топ карыя сындаган.
Ашка, тойго чакырып,
Аземдеп күлүк чабуучу.
Ырчылар чыгып ортого
Сөз гүлгүнүн табуучу.
Мурункунун наркында
Казак, кыргыз калкында,
Миң жылкыда жорго жок,
Миң түтүндө молдо жок,
Кызыл кагаз пулу жок.

Эки бөлөк үйү жок,
Элүү башы бийи жок.
Араба менен чана жок,
Торпок менен тана жок,
Жасоол деген балаа жок,
Ыстарчын деген жалаа жок,
Набакты деген тамы жок,
Үйөз башы чоңу жок,
Болуш деген бийи жок,
Суу башында бекет жок,
Карагай башы зымы жок,
Кагаз жазар безер жок,
Калп айтуучу эсер жок,
Нечен түрдүү кесел жок,
Шариат сөздү билбеген,
Адамды көзгө илбеген,
Орус деген осол жок,
Каары катуу капыр жок,
Кайкалап баскан майыр жок,
Жасалоочу соту жок,
Жазаңды берчү оен жок,
Калктын болчу көңүлү ток.
Байырыда кыргыздын
Баласы бараң атчы эле,
Баракатта жатчы эле.
Кыздары кымкап кийчи эле,
Кылыгы журтка тийчи эле.
Не бир азаматтар бар эле,
Бала жолборс баштанган,
Кылычынан кан тамган,
Каңгайга чейин жол салган,

Не бир байбичелер бар эле,
Сарамжалы сан эле,
Салтанаты мол эле.
Эми баатырлары пас болду,
Балакет капыр кас болду.
Кымкап кийген кыздардын
Тал-талдап өргөн чачтары,
Осмо койгон каштары
Түйдөктөлүп жүн болду.
Эндик жапкан беттери
Кызылы өчүп, боз болду,
Кыйын заман кез болду.
Каса элечек байбиче
Кара жоолук салынып,
Казан кармар күң болду.
Кайсы бирин айтайын,
Кадеми кетип кыргыздын
Кандай гана күн болду?
Кайран өткөн илгерки
Жарды-байы белгисиз,
Кунан-тайы мингисиз,
Кулу-бийи белгисиз,
Маңдайлашып жоону алган,
Таңдайлашып доону алган.
Эми жыты кетти жалбыздын,
Жарыгы өчтү жылдыздын,
Баасы кетти кундуздун,
Байымы кетти кыргыздын,
Барбардигер кудурет,
Пааналаган пендеңе
Кандай күндү туугуздуң?

Эми кайран заман куурулар,
Капыр менен мусулман
Камырдай болуп жуурулар.
Кайран гана кыргыздын
Кылычы кетер кынынан,
Кыздары кетер сынынан,
Келиндер кетер келбеттен,
Уландар кетер уяттан,
Катындар кетер наркынан,
Карылар кетер баркынан.
Эми заман бузулду,
Кыл жоргоң жоор ат болду,
Кыл торко тонуң бөз болду.
Мурункудан барк кетти,
Каада-нуска нарк кетти.
Башалык менен башкарып,
Башыңды орус кармады.
Күндө мыйзам чыгарып,
Заманаңды кууруду,
Топурак кылып жууруду.
Каркыра кылды элиңди,
Каратып алды жериңди,
Кайыштырды белиңди.
Тоодак кылды элиңди,
Талоонго алды жериңди,
Кабакка салды эриңди.
Эми кимге айтасың,
Көкүрөк толгон кебиңди,
Ичиңдеги кегиңди.
Жакшы жерден ажырап,
Тоо, ташка кыргыз чегинди,

Кайберен болуп элирди,
Арстанбек айтпас тегинди.
Сурагы кыйын капырың
Суунун башын ээледи,
Суракка жол бербеди.
Эсепке алды башыңды,
Кары менен жашыңды.
Каршы турар чама жок,
Казак, кыргыз басынды.
Кара жол кылды көлүңдү,
Касапка салды элиңди.
Катуу заман туш келип,
Кайгыга салчу көрүндү.
Сары журт болду конушуң,
Көч алды болду орусуң,
Өз колунда бийлик жок,
Кулалы болду болушуң,
Кыйын го кыргыз оңушуң.
Наркы кетти карынын,
Урматы кетти уулдун,
Кымбаты кетти кызыңдын,
Кыябы кетти узундун,
Кайран заман бузулдуң.
Кызыл-тазыл көчүң, жок,
Кымкап кийген кызын, жок,
Кылымга кетер сөзүң жок,
Кылычың чабар баатыр жок,
Оо, армандуу дүнүйө,
Байыркыны ойлосом,
Байтерек түгүл, чырпык жок,
Байыр кылар бийиң жок,

Баш калкалар ийин жок,
Ынтымак курган айыл жок,
Ызаат кылар байың жок,
Карагайда чайыр жок,
Каран тутар жайың жок,
Айта берип эрте-кеч
Арстанбектин ичи чок.
Кыйытып айтар сөз келди,
Кыйын заман кез келди.
Бир күнү айтар солдат деп,
Колуңдагы балаңды
Колмо-кол мага кармат деп,
Анда кандай кыласың,
Ошондо чыгар жыласың.
Асты заман бузулду,
Беш убак намаз усулду,
Бейили менен окубай,
Пендең көрөр кусурду.
Азаматтан ал кетти,
Аргымактан жал кетти,
Адырга толгон мал кетти,
Айры өркөчтүү нар кетти,
Желе толгон бээ кетти,
Короодогу кой кетти,
Козу, улагы тең кетти,
Калың берип, кыз албай,
Каада-салтты буза албай,
Же колунда малы жок,
Аны табар алы жок,
Кокуйлап жигит бой кетти.
Мындай заман кез келди,

Арстанбек айтар сөз келди.
Кокондуктун сарттары
Кокуй ишти баштады,
Кой көтөрүп, бул[1] берип,
Эки кылып эсебин
Эсиңди жаман кетирди,
Чом минген сартың эсирди.
Байыры кыргыз көрбөгөн,
Пул жыйнаган эсерди.
Аргымак азып жооруду,
Азамат көөнү ооруду.
Күлүгүң азып жооруду,
Гүлдөй көңүл ооруду.
Боз балдарың муңайды,
Баштагыдай көркү жок,
Кыз-кыркының чунайды.
Оо армандуу дүнүйө,
Тоо-ташыңдын көркү жок,
Өрүп жүрчү түлкү жок,
Өргөө толгон мүлкү жок,
Күмүш кармар зергер жок,
Күлүк чабар эрлер жок.
Кайберен атар мерген жок,
Калк арасы бөксөрдү,
Арстанбек айтып теңселди.
Көркү кетти жериңдин,
Мүлкү кетти элиңдин,
Күлкүсү өчтү эриңдин.

[1] Бул («була» деген сөз уйкаштыкка карата «бул» болуп айтылып калган) — кендир, кебез жана жибек кездемелери.

Аргымак ат мине албай,
Алгы сөздөн биле албай,
Саны кетти жашыңдын,
Сыны кетти башыңдын,
Сыйы кетти ашыңдын.
Тар заман келди такымдап,
Азапка калган кайран эл
Эми кайда жашындың?
Журттун сөзүн айта албай,
Ынтымагын кайтарбай,
Жакшыларың басынды,
Кашкарга качып жашынды.
Андан да айла болбоду,
Амалы кыйын капырың
Өз тууганын азгырып,
Асыл тууган Балбайды
Текестен барып кармады,
Алматыга айдады.
Карагер атты ким минет,
Кайыш тонду ким киет,
Жанында карап турбасаң,
Жан отумду жебейин,
Калпы-чынын ким билет.
Уу бердирип жайлаптыр,
Баатыр жүрөк Деркембай,
Бугудан чыккан көркөм ай.
Көтөрүп чыгып абактан
Көрүн казып кенендеп,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Аманат жанын тапшырган,
Бейажалдан өлтүргөн,

Алладан көрсүн ант урган.
Орусуң оңой көк эмес,
Оңдуруучу неме эмес,
Майыры турат башында,
Мылтыгы турат кашында.
Обдулуп топто сүйлөсө,
Чулдураган сөзү бар,
Көк кытандай көзү бар.
Караколду бийледи,
Пашаанын сөзүн сүйлөдү,
Калк башкарган жакшыны
Камгактай да көрбөдү.
Мыйзамды катуу баштады,
Карагай, жыгач аштады,
Калкты жаман кактады.
Суунун башын ээледи,
Суунун башы Сулайман
Анын да күчү келбеди,
Калкты кыйын тергеди.
Кыйын болду кыргызга
Бул орустун келгени.
Тырышманке[1] минем деп,
Майыр деген эмеси
Жылкыдан тандап кармады,
Өз малымды бергин деп,
Үрөйү учкан кыргыздын
Бир да бири барбады,
Каз, өрдөк калды балаага,

[1] Тырышманке — орустун экипаж, фаэтон деген сөзүнүн кыргыз арасында айтылышы.

Байыры кыргыз кылбаган,
Балакеттүү жалаага.
Топ-тобу менен кармады,
Толгоп туруп байлады.
Жүнүн жулуп жулмалап,
Канатын кыркып куйкалап,
Катары менен жалмады,
Айтарга сөз калбады.
Мылтык үнү тарсылдап,
Көлдүн үстү кан болду.
Жаш балапан чуркурап,
Жулунган жүн бырпырап,
Жалпы журтка дың болду.
Каары катуу заманды
Айта берип күн-түнү
Арстанбек башы маң болду.
Казак, кыргыз мусулман
Көзүм жетпейт артына
Кандай гана заң болду?
Орустардын мужугу
Эгин айдап өрөөнгө
Кара жерди каңтарды,
Ыплас экен чочкосу
Жерди казып аңтарды.
Макирөө кылды сууңду,
Кайран кыргыз куулду.
Там, ташты салды бекемдеп,
Чарбасы кыйын экен деп,
Бей-бечара таң калды.
Сыны кетти жериңдин,
Сыйы кетти элиңдин,

Кайсы арманым айтайын,
Кыргызга кандай жай калды?
Түрү суук заманды
Айта берип боруктум,
Түбү бирге мусулман
Кандай күнгө жолуктуң?
Казактан чыккан Каңтарбай,
Замана ырын ырдачы,
Калпыңды айтып калтарбай,
Бул орустун келгени
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Диниң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Пашааң кандай, бай кандай?
Жакшың кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Байың кандай, бар кандай?
Жардың кандай, жан кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?
Болуш кандай, бой кандай?
Элиң кандай, эр кандай?
Замана кандай, заң кандай?
Эми сенден тыңдайлы,
Айттым окшойт бир далай.

Арстанбек ырдап бүткөндө Каңтарбай обдула калып: — Мен жауып бермей ак жеңилдим,— деп ыраазылыгын билдирет.

Жолдо келе жатканда ээрчитип барган султаны (бир кабарда Тезек төрө делет):

— Бу калай болды Каңтарбай, казак ишинде сеннен мыкты ыршы жоктай көрүнүши еди. Арстанбектии алдында бөрини көрген күшиктей короого кире каштың гой, бир ауыз жауып бергенге да жарамадың, — деп жекирип калат. Анда Каңтарбай: — Арстанбек жети суу кешип өткен акыр замандын ыршысы екен, еки ыйыгында еки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр. Акыр заман болмак болды гой, — деген экен.

АРСТАНБЕК МЕНЕН ЧОҢДУНУН АЙТЫШЫ

Чоңду:
Оо, Арстанбек, угуп тур,
Абайлап көңүл буруп тур.
Талас жердин атасы
Сөзүмдүн жоктур катасы.
Пайгамбардан бата алган,
Бардык жандан кат алган,
Манас жердеп өткөн жер.
Уй түгүндөй кытайдан
Кыргыздын өчүн алам деп,
Кандуу жолго аттанып,
Алмамбет, Сыргак, Чубактан
Катары менен айрылып,
Кабыргадан кан жутуп,
Бир алданы пир тутуп,
Көктү карай өкүрсө,
Көк жарылып, түн түшүп,
Жерди карай өкүрсө,
Жер жарылып, күн түшүп,
Айкөлүң аза күткөн жер.
Кабыргага кадалган,
Казалыңа жаралган,
Ажыдаардын заарына
Каста[1]жерде сугарган,
Кара ниет капырдын
Карам[2]огу кабылган,

[1] Каста — жашыруун.
[2] Карам — арам.

Карттанып ичи жалындап,
Калк атасы эр Манас
Жан таслим кылган жер,
Түмөн кыргыз күтүнө
Тул орнотуп үйүнө
Кара желек көтөрүп,
Кайгырып башын ийген жер.
Бул дүнүйө жалганда
Табылбастыр мындай эр.
Арстанынан айрылып,
Кара кийип, кан жутуп,
Каныкей чачын жайган жер.
Кан ордодон баш кетип,
Камчы бою жаш кетип,
Карабет катын Каныкей
Кара чок болуп күйгөн жер,
Кадырын билбей канкордун
Абыке, Көбөш эки кул
Кан жесирин какшатып,
Ымыркайын көтөртүп,
Букарды көздөй сүргөн жер.
Буркурап ыйлап Каныкей
Булкунуп чачын түйгөн жер.
Эрезеге жеткенде
Айкөлдөн калган Семетей
Ашуу ашып, арбын жол басып,
Арманы түтөп, муңу артып,
Ата-Журту жердеген,
Алма, өрүгү бүрдөгөн,
Киндик кесип, кир жууган,
Кейиштүү иштер өтсө да,

Түпкү теги бир тууган,
Кең-Кол, Талас келген жер,
Канкордон калган кайран эр,
Капалык ичке толсо да,
Керилип боюн керген жер,
Кудурет чындап берген жер.
Айкөлдүн уулу жез туяк,
Айтып жүрөм ыр курап,
Улуулар айткан сөздү улап.
Саны кеткен кыргызды
Сай-сайдан таап чогултуп,
Куну кеткен кыргызды
Кыр-кырдан таап чогултуп,
Элдин башын кошкон жер,
Эзелтен Талас озгон жер.
Айда алтын тапкан жер,
Алсыздарды баккан жер.
Күндө күмүш тапкан жер,
Күчсүздөрдү баккан жер.
Жардылары жалданып[1] ,
Жалгыз атын семиртип,
Той байгеге чапкан жер,
Кыздары кымкап кийген жер,
Кылыгы журтка тийген жер.
Балдары жорго минген жер,
Бири эмес, баары эр.
Келиндери сымбаттуу,
Кемпирлери урматтуу,
Айта берсем түгөнбөйт,

[1] Жалданып — байып, карттанып деген мааниде.

Берекелүү бейпил жер,
Жылкысы сансыз мол болот,
Жылкы тийген кор болот,
Короосу толгон кой болот,
Кой уурдаган шор болот,
Журтта күндө той болот,
Ырчылары мол болот,
Айтылуу акын Арстанбек,
Айтышып көрсөк не болот?

Арстанбек:
Оо, Чоңду өнөгүм,
Ырдап көрчү бөлөгүн,
Таласты нечен көргөмүн,
Талдап көңүл бөлгөмүн.
Жумурудай жер экен,
Журт сөзү менен иши жок,
Жулунган ырчы көп экен.
Байкап көрсөм жериңди
Кушчу, саруу элиңди
Малга кенен жайыт жок,
Мал уурдаса, айып жок,
Башын кармар берен жок,
Баш калкалар эрен жок,
Байыр кылар байы жок,
Өрнөк кылар бийи жок,
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Сөз кадырын билбеген,
Алабарман эл экен,
Баш, аягы биригип,
Бир көөкөргө сыйгандай

Аймагы тар жер экен,
Айтар сөзүң кем экен,
Оо, Чоңду, өнөгүм,
Жер жакшысын билбепсиң,
Жер соорусу Ысык-Көл
Желдирип барып көрбөпсүң.
Эл жакшысын билбепсиң,
Чалкып жаткан көп бугу
Чарбагын барып көрбөпсүң.
Касиеттүү көлүмдүн
Каркылдап учат каздары.
Каса элечек кийинип,
Карыны көрсө ийилип,
Кастарлуу келет уздары,
Карысы келет нускалуу.
Чабагы ойнойт көлүндө,
Береке бар жеринде,
Берени көп элинде,
Чарба малы мол болот,
Өйүз-бүйүз эл конуп,
Өлбөгөн адам зор болот.
Чечени элдин көп болот.
Чечпеген доосу жок болот.
Каз, өрдөгү көп болот,
Касташкан жоосу жок болот.
Тоосу токой чер болот,
Тоосунда толгон шер болот,
Толгоп кармап илбирсти,
Токтоткон адам көп болот.
Толорсуктан чөп болот,
Топуктуулар көп болот.

Кайберен койдой жайылат,
Адис кыраан мергендер
Эчки, улагын сулатып,
Текесин атып кулатып,
Жарды менен жалчынын,
Жабыгып жүргөн малчынын,
Капшытын этке толтуруп,
Казан, аяк май кылат,
Калктын көөнүн жай кылат.
Каркыра жердин соорусу,
Кыргыз-кыпчак конушу,
Белден шибер жайкалат,
Белсенип эрен мал табат,
Бир көргөндөр таңкалат.
Жашыл тулаң аралап,
Жайдары көңүл салаалап,
Жашаган адам шаңданат.
Калк атасы кан Кошой
Каркыраны жактырган,
Кысырактан бактырган,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Кыргыздын болсун башы деп,
Манаска киши чаптырган.
Жер соорусу Жети-Өгүз,
Эсиңден кетпейт бир көрүш,
Көрбөй калсаң, чоң кейиш.
Көк Жайыкты жайласаң,
Элиртип кулун байласаң,
Өзүнчө жаткан бир бейиш.
Чычкан менен Даркандын
Кудурети жетпестир

Аны жомок кылып айткандын.
Манастын жери Талас деп,
Баян кылдың баятан,
Ал айтканың ырастыр,
Алдастабай тура тур.
Аламан ырчы сизде бар,
Алп манасчы бизде бар.
Уктуң бекен өнөгүм,
Келдибек Манас айтканда
Шамал уруп, бук болуп,
Боз үйлөргө жүк болуп,
Чагылган учуп чартылдап,
Кереге, уук карчылдап,
Үзүктөрү желпилдеп,
Түндүк жабуу салпылдап,
Эшиктери шалкылдап,
Ат дүбүртү угулуп,
Айыл калбай чогулуп,
Журт атасы Манастын,
Алмамбет, Сыргак, Чубактын
Арбагы көзгө урунуп,
Кырк чоро кырдан суурулуп,
Кемпирлер турчу балпылдап,
Келиндер коркчу калчылдап,
Желеде кулун чыңырбай,
Кымызга көңүл бурулбай,
Азынабай айгыры,
Аздектеп турчу бардыгы.
Төөлөр чөгүп жоодурап,
Карылары кобурап,
Койлор жуушап кепшебей,

Коңулда иттер эт жебей,
Барбардигер кудурет
Паана болуп өзүнө,
Кара тору түспөлүү
Кыпкызыл болуп чыңалып,
Арча отундай чок болчу,
Ашырып айтар Манасты
Ак уул, Куба уул кыргызда
Андай адам жок болчу.
Түндүк бою түйүлүп,
Кереге бою керилип,
Коргошундай былкылдап,
Кор кызындай жылтылдап,
Он эки мүчө шалкылдап,
Бүт денеси балкылдап,
Он манчасы калтылдап,
Тар дүйнөнү унутуп,
Кең бейиште жүргөндөй,
Сыйкырдуу дүйнө аралап,
Керемет болуп кеткенин
Көргөн жайым бар эле,
Көрбөгөн адам зар эле.
Чоң манасчы Акылбек
Чогоол сөздү сүйбөгөн,
Чоюлган сындуу жан эле,
Чоң казатты айтканда
Чок түшкөндөй чартылдап,
Ээ-жаа бербей жети күн
Элирчү жайы бар эле.
Андан кийин жети күн
Бутун тартпай уктачу,

Аралап айыл чыкпачу.
Чынында да Акылбек
Эл оозунда жүргөндөй,
Жаркырап күйгөн шам эле.
Калп айтып ыйман жебейин,
Манасчынын нары эле,
Мактагандай бар эле,
Балды тарткан аарыдай,
Бар адамды караткан,
Баамы артык жан эле.
Канаты сынып кайрылып,
Чоролордон айрылып,
Кабыргадан кан чыгып,
Кабылан Манас айкөлдүн
Кан какшап түшүп ордого
Кайгырган жерин айтканда
Кабыргасы сөгүлүп,
Кара нөшөр жамгырдай,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
«Манас» айтып жатканын
Унутканын көргөмүн,
Умсунуп көңүл бөлгөмүн.
Тыңшап турган калайык
Көрүп турган эмедей
Көзүнөн жашы тамчылап,
Кошулуп кошо ыйлаган,
Журт атасы айкөлдүн
Арбагын чындап сыйлаган,
Кабылан кайран баатырды
Кара жерге кыйбаган.
Оо, Чоңду, өнөгүм,

Чөл жериңди сактабай,
Чөп ырчыңды мактабай,
Чоң манасчы көлдө бар,
Чоюлбай барып көрүп кел,
Көкүрөккө түйүп кел.
Семетейчи Назардын
Кан жесири Каныкей
Букарды көздөй качканын,
Төлгө кылып долунун
Тайторуну чапканын
Кара нөшөр жамгырдай,
Төгүп ырдап турганда,
Каныкейдин арманын
Калк дилине жеткирип,
Чөгүп ыйлап турганда
Ат дүбүртү угулчу
Айыл калбай чогулчу
Жетик жесир зарына
Калк көңүлү бурулчу,
Салаалап жашы куюлчу
Оо, Чонду-өнөгүм,
Аргымак минип, жол жүрсөң,
Ат арытып, мол жүрсөң,
Ашуу-ашуу кезең бар,
Ашкере көркөм өзөн бар,
Касиеттүү көлүмдө
Калп айтып, ырыс-жебейин,
Арбагы зор Манасты
Ашырып айтчу нечен бар.

Чоңду:
Оо, Арстанбек, акыным,
Жомок сөзгө жакыным
Көлдү айттың сыпаттап,
Келдибек менен Акылбек
Келтирип айттың ызаттап.
Чынында да Арстанбек
Ырчылыкка мыктысың,
Айтышам деген акынды
Алкымдан алып жыкчусуң.
Санат ырга мыктысың,
Сабалап ырдап жыкчусуң.
Анда эмесе, Арстанбек,
Бул сөздү мындай таштайлы,
Табышмактан баштайлы.
Айры-айры бел болот,
Ойлобой айтсаң жел болот,
Атасы өлсө не болот?
Эр өлүшсө жоо болот,
Энеси өлсө не болот?
Акыл уккан зор болот,
Ага-тууган бел болот,
Агасы өлсө не болот?
Кара чым басып денесин
Карындаш өлсө не болот?
Жеңилиң жерден алуучу
Жеңең өлсө не болот?
Эзилип тосуп туруучу
Эжең өлсө не болот?
Балкытып турчу денеңди
Балаң, өлсө не болот?

Тоту куштай кулпунган,
Кызың өлсө не болот?
Керилип бурчта олтурган,
Келиниң өлсө не болот?
Капшытыңды толтурган,
Катының өлсө не болот?
Журт жакшысы кадырман
Акылман өлсө не болот?
Эки эл жоолашса,
Эби кетип доолашса,
Анын жайы не болот?

Арстанбектин чечкени:
Оо, Чоңду, өнөгүм,
Чойроңдобой тура тур,
Маселиңди табармын,
Бир оозуңду жабармын.
Атасы өлгөн кор болот,
Аталуу адам зор болот,
Аскар тоосу солкулдап,
Ураган менен тең болот,
Айткан сөзү кем болот,
Энеси өлгөн адамга
Чалкар булак соолуп,
Чаңкаган менен тең болот,
Эти бою эзилип.
Энедей сүйчү ким болот?
Агасы өлгөн адамдын
Айтарга сөзү кем болот,
Сени аркалап жүрчү ким болот?
Иниси өлгөн адамдын

Чабарга камчы кем болот,
Жатындаш сага дем болот,
Жатындаштан ажыраш
Жалын менен тең болот.
Карындаш өлсө какшайсың,
Бар айлаңды таппайсың.
Жеңеси өлгөн адамдын
Жеңи желден жыртылат,
Жакасы кирден кыркылат.
Эжеси өлгөн кишинин
Эркелер жери аз болот,
Эженин көзү өткөн соң,
Жээн деген жат болот,
Баласы өлгөн адамдын
Бар өзөгү өрттөнүп,
Чок чачкан менен тең болот,
Байкуш болуп калды деп,
Бар эсинен танды деп,
Калк ичинде кеп болот.
Кызы өлгөн адамдын
Кабыргасы бөлүнөт,
Кандуу жашы төгүлөт.
Келини өлгөн адамдын
Кермеден аты бошонуп,
Кемиген менен тең болот.
Катыны өлгөн адамдын
Куту кетет үйүнүн.
Куну кетет тирүүнүн.
Акылман өтсө дүйнөдөн
Артында асыл сөз калат.
Эки эл жоолашса,

Элдиктен кетип доолашса,
Жетим менен жесирдин
Саны элде көбөйүп,
Саясы кетет жериңдин,
Сандыраштап ар жерде
Саны кетет элиңдин.

Чоңдунун табышмагы:
Анда эмесе Арстанбек,
Эзелки кепти таштайлы,
Эмкисинен баштайлы:
Жону чаар ак жолборс
Жонду айланды билдиңби?
Бели чаар ак жолборс
Белди айланды билдиңби?
Эки түгөй ак шумкар
Эргип учту билдиңби?
Ат ойнотпос сары жон
Ат ойнотту билдиңби?
Алтындан казык кактырып,
Бек байлатты билдиңби?
Көзү кыйшык кабылан
Көрүп калды билдиңби?
Мурду жырык сары атан
Чөгүп калды билдиңби?

Арстанбектин чечкени:
Жону чаар ак жолборс
Жон айланды дегениң —
Жогорку казак болбосун.
Бели чаар ак жолборс

Бел айланды дегениң —
Төмөнкү казак болбосун.
Эки түгөй ак шумкар
Эргип учту дегениң —
Солтолордун Эшкожо, Канай болбосун.
Ат ойнотпос сары жон
Ат ойнотту дегениң —
Алтындан казык кактырып,
Бек байлатты дегениң —
Кокондуктун саркерин
Коктуга салып айдаган,
Кол көтөртпөй жайлаган,
Куртканын чебин бекиткен,
Купшуңдаган сарттарды
Кулдарындай кекеткен,
Кыргыздын кегин кайтарган,
Кытайдын мизин майтарган,
Атантай, Тайлак болбосун.
Көзү кыйшык кабылан
Көрүп калды дегениң —
Саяктардын чоң Садыр болуп жүрбөсүн.
Мурду жырык сары атан
Чөгүп калды дегениң –
Сарбагыштын Атаке баатыр болбосун.

Чоңду:
Оо, Арстанбек, акыным,
Акыл сөзгө жакыным,
Айтышканга бекемсиң,
Башка сөздөн козгосом,
Анда кантер экенсиң?
Кара ылаачын теппеген,

Калдайың жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн барбы экен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн барбы экен?
Боору бүтүн, башы эсен
Ааламда бүтүн барбы экен?
Кетмен, чот мизи тийбеген,
Жерде бүтүн барбы экен?
Ак таман ат кечпеген,
Сууда бүтүн барбы экен?

Арстанбек.
Оо, Чоңду, өнөгүм,
Чоюлган ырчы деп койсом,
Чоёңдоп кеттиң окшодуң,
Чобур сөздөн көп сурап,
Чорт кыялым козгодуң.
Арстанбек акын жөн эмес,
Өйдө-төмөн ойдолоп,
Сынаганың эп эмес.
Баятан берки айтканың,
Баамдаган адамга
Баасы артык кеп эмес,
Соболуңа сөз таппай,
Сүрдүгүп калчу мен эмес.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн карлыгач.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,

Куйрукта бүтүн куркулдай.
Боору бүтүн, башы эсен
Ааламда бүтүн бир кудай,
Мунун несин айткыдай.
Кетмен, чот мизи тийбеген,
Жерде бүтүн дегениң —
Кеңирсип жаткан — Кең Текес.
Ак таман ат кечпеген,
Сууда бүтүн дегениң —
Суусунга сузуп албаган,
Сай-сайлап өзөн салбаган,
Суусу бүтүн шор болгон,
Суктанган душман кор болгон,
Түбү терең туңгуюк
Түнөрүп жаткан сыр туюп,
Касиеттүү Ысык-Көл,
Оо, чоюлган ырчы Чоңдуке,
Табышмагың таптымбы,
Абийириңди жаптымбы?
Айта бергин дагы да
Алдырып сага койбосмун,
Мен алышып жүрчү жолборсмун.
Жеңдирип сага койбосмун,
Мен жеңе жүрчү жолборсмун.

АРСТАНБЕК МЕНЕН СҮЙҮМБАЙДЫН АЙТЫШЫ

Эки ырчынын беттешүүсү 1850-жылдардын тегерегинде Түптөгү беш уулдуу Аалыбайдын ашынан кийин Жети-Өгүз тараптагы бир чоң жыйында өтөт. Айтышууга төмөнкү окуя себепчи болуптур.

Аалыбайдын ашы Кененсары, Норузбай менен кыргыздардын согушунан кийин эки эл ынтымакташып, баш кошкон алгачкы чоң жыйын экен. Ошол себептүү Боромбай, Жантай, Ормон, Байтик сыяктуу кыргыздын билермандары чатак чыгып кетпесин деп катуу көзөмөлгө алышат. Ашта Катаган ырчы менен казак Сүйүмбай айтышат. Сүйүмбайды чоң айтышка жарайт деп Тезек төрө, Бөлтүрүк ээрчите келиптир. Ал мындай казак, кыргыз чогулган жыйында айтышып көрбөсө да, жаштыгына карабай, казак калкынын учу-кыйырына атагы чыгып, оозго алынып калган курч ырчы экен. Катаган болсо, кырктын тегерегинде, оңду, солду аралап, элге катуу таанылып калган, казактарга да барып айтышып байге алып жүргөн чоң ырчы болот. Сөздү Катаган баштап: «Кененсары, Норузбайыңды өлтүрүп, башын итке салгамын, канакей кегин алганың» деп чуулуу сөздү чубуртуп, өктөм ырдайт. Калыстарга анын бул сөзү жакпай, Сүйүмбайдын жообунан кийин байгени казак ырчысына ыйгарышат. Ашта Арстанбек да болуп, ары чоң акын, ары жашы улуу Катагандан жол талаша албай, айтышка түшпөгөнүнө өкүттө калат да, Сүйүмбай менен бир беттешсем деп кекенип жүрөт. Аалыбайдын ашынан 2-3 жыл өткөндөн кийин Жети-Өгүздө дагы бир чоң аш болот.

Мында да казак Тезек төрө, Бөлтүрүк төкмө Сүйүмбайды ээрчите келет. Өргөөгө кирип жайланышкандан кийин Бөлтүрүк Сүйүмбайга: «Кана ырчым, сүйлөй отыр, кызыл тилди бүлөй

отыр» — дейт. Ошондо Сүйүмбай кыргыз манаптарына саламдашып ырдайт:

Ассаломалейкум, бурадарым кыргыздарым,
Ай мен күнгө тете жылдыздарым.
Силерди аңсап келдим ат арытып,
Жүйрүк акын Сүйүмбай жыр бастагын,
Таскак уруп, аргымактай бой тастагын.
Кан Ормон, Кара Байтик, баатыр Жантай,
Бармысың мал-жан аман, жайың калай?
Кара жок бир ишинде өңшей хансың
Баркыңды айта берсем сөз жетмейди,
Бааңды салмактасам пул жетмейди,
Ар бириң ат көтөрмес албан жансың.
Аркы атан, эр Атаке баатыр Жантай,
Басыңа кийдин бөрик кызыл алтай.
Жүзүңдү бир көрсөм деп баатыр сенин
Элимде эңсөүши эдим далай-далай.
Кан Ормон болмас иске бурулмайды,
Кан Жантай ак шумкардай шуулдайды,
Мөмөлүү Кара Байтик чынар агаш,
Сан торгай бутагында шырылдайды.
Камшысын Кара Байтик катуу устаса,
Азыр тур мүлдө кыргыз кырылганы.

Сүйүмбайдын кыргыз манаптарын көкөлөтүп мактап, зоболосун көтөрүп отурганын казак султандары жактыра бербейт. Муну байкаган кылдат Бөлтүрүк: «Не болдың мыншалык, ай мен күндүн өз орду бар гой. Дурустеп жырласаңшы», — деп сөз ыргытат. Сүйүмбай комдоно отуруп, ырын улантат:

Осы отырган манаптар,
Айткан сөзүм жаратар.

Ээр токуму алтындан
Бир ат бергин минерге.
Алтын шапан жабарсың,
Асем менен киерге,
Марттыгыңды билерге.
Он алты жасар бир кыз бер.
Алышып ойноп күлөргө,
Нарк билбеген адамдар
Акындын сөзүн билерме.
Бир ак отан үй бергин,
Эңкейип ага кирерге,
Беш-алты атап түйө бер,
Жүгүмдү артып жүрөргө,
Токсон жылкы бериңиз,
Элиме айдап бараргa.
Кыргызга келген Сүйүмбай,
Куру кол айыл барарма.
Жамбы туяк бериңиз,
Сандыгыма саларга,
Мейманыма жараргa.
Кыз берсең жумшап, күн, бергин,
Түйөгө артып бул[1] бергин,
Өзүмө бергин эки кул,
Эки жакка айдарга,
Элиртип кулун байларга.
Атайын келген Сүйүмбай
Азды берсе аларма,
Айың сөзгө каларма.
Суурулган жүйрүк болмаса,

[1] Бул (була) — кездеме.

Өз боюна сенбесе,
Жаксы алдына барарма.
Жалгыз түйе жетелеп,
Жарыбаган олжо алып,
Жалалуу кепке каларма.
Олжа берсең көптү бер,
Ойдолобой сөздү бер.
Кан Орман, Байтик, кан Жантай,
Бак-дөөлөтү басында,
Нөөкөрү мол касында.
Алланын берген бактысы,
Астындагы тактысы.
Менин айткан кебимдин
Такыр жоктур калпысы.
Сүйүмбайдын осы еди.
Көңүлүнө алганы,
Сурабаймын анша көп,
Өздөрүң билип кошорсуң,
Дагы да болсо калганы.

Арстанбек мырза сыпаа ырчы болуп, ашта, тойдо сурап ырдаганды жаман көрчү экен. Сүйүмбайдын сөзүнө жини келип, анын үстүнө Аалыбайдын ашында кыргыздардын байгени алдырганына кекээри бар эме айтышууга чакырып ырдап кирет.

Арстанбек:
Оо, Сүйүмбай, токтогун,
Алсыздын сөзүн козгодуң.
Мойнуңа көлбоор[1] асынып,
Алакан жайган таз белең,

[1] Көлбоор — кудайчынын баштыгы.

Ырчылыгың пас белең?
Кече Аалыбайдын ашында,
Кан Боромбай башында,
Акылмандар кашында,
Бел жоорутпай байге алып,
Сен кыныгып калган окшодуң.
Ээ, екейден[1] чыккан Сүйүмбай,
Айткан сөзүң куюндай,
Бөлөктү көрбө буюмдай.
Келе сала бер дейсиң,
Калганбы напсиң тыйылбай?
Кол жайдырбай кыргызга
Эки чобур ат бериш
Жер жайнаган жылкылуу,
Тезек төрө ханыңа
Журт башкарган баарыңа
Ошончолук кыйынбы ай?
Ото тигип, кыз бер деп,
Ойбойлойсуң казагым,
Алакан жайып калыпсың,
Өчкөнбү сенин мазарың
Түгөнгөнбү казалың?
Уяты кеткен казагым,
Уялбай сурай баштадың,
Жоо талаган жери жок,
Мынча неге какшадың?
Ачарчылык кез эмес,
Уккан адам уялар
Опсуз сөздү таштагын.

[1] Екей — уруктун аты.

Көпчүлүк угуп кубансын,
Нуска сөздөн баштагын.
Орунсуз кепти айтканың
Ойлоп көрчү Сүйүмбай,
Ото тигип бергидей,
Олжо кылып бөлгүдөй,
Сен ажосу белең кыргыздын,
Же перзенти белең нур кыздын.
Аял алып бергидей,
Алды-алдынан бөлгүдөй,
Сен атасы белең кыргыздын,
Же айымы белең нур кыздын.
Антаңдап улам сурайсың,
Атаңдын барбы энчиси,
Анаңдын барбы берчиси.
Төө бергин деп сурайсың,
Төө өстүргөн казактын
Төбөсүнөн урганбы.
Жүк артарга төөсү жок,
Жүктөгөнгө мүлкү жок,
Султанында кайыр жок,
Суусунда суусар жок,
Ичейин десе чайы жок,
Байыр кылар байы жок,
Чайнайын десе майы жок,
Киейин десе шайы жок,
Саамалынын курчу жок,
Чара толгон айран жок,
Көнөгүндө каймак жок,
Эзип ичер курут жок,
Эзилип ичер угут жок,

Кедейинде көйнөк жок,
Кемпиринде өрнөк жок,
Түбүнөн бери курганбы?
Жамбы сурар жалбарып,
Жанталашып ырдайсың,
Жамынарга жабуу жок,
Жамбаштарга жайы жок,
Жаштарында каруу жок,
Ырчысында ыйман жок,
Жараткан сени урганбы,
Жалпы казак курганбы?
Жамбынын жайы башкача:
Кыраан мерген сен болсоң,
Кыя атып аларсың,
Канжыгага чаларсың,
Олжого тунуп каларсың.
Талытып жамбаш жатпасаң,
Жамбыны кыя атпасаң,
Сураганга байге жок,
Суурулганга суусар жок,
Куру жалак каларсың.
Ажысы март кыргыздын
Ат сурасаң, аларсың,
Айлыңа минип барарсың.
Кыз бергидей кыргыздын
Кызы жатпайт талаада.
Алкымыңды агытпа,
Куру болбо убара,
Баятан байкап отурсам,
Сүйүмбайы келжирейт,
Суратып коюп ырчысын

Сурап олжо алчусун
Султандары мелтирейт,
Мунун султанын кудай урганбы,
Казагың түбүнөн бери курганбы?
Кул сурайсың, Сүйүмбай,
Кул жумшоочу сен белең.
Кулжуңдаба кур бекер,
Кул жумшап берип казакка,
Кылымга калып мазакка
Кулдук урчу мен белем?
Күң сурайсың Сүйүмбай,
Күң жумшоочу сен белең,
Күл чыгарчу мен белем?
Кутурбагын кур бекер,
Күң болсун деп кыздарын
Кыргыз бербейт казакка,
Калкка калбайт мазакка.
Кудайыңды карасаң,
Өткөнүңдү санасаң,
Кул жумшайм деп көпкөндөй
Сен кулдуктан качан кутулдуң,
Кургак сөздү көп айтып,
Сен Арстанбекке тутулдуң.
Күң сурайсың Сүйүмбай,
Күң жумшап, каада күткөндөй,
Сен күңдүктөн качан кутулдуң,
Күпүлдөп мактанч кылам деп,
Сен Арстанбекке тутулдуң.
Оо, акылман калыстар,
Айткан сөздү калыптар.
Аркы-терки сүйлөсө,

Асыл сөздү билбесе,
Акындын буту чалыштар.
Ала көөдөк ырчынын
Аңги-маңги сөздөрүн
Акылман кайдан барыктар.
Оо, алабарман казагым,
Унутпагын өткөндү,
Бүтүн шалбар кийгенге
Султандар менен жүргөнгө
Бейопа сөздү көп сүйлөп,
Сүйүмбай чындап көпкөнбү?
Мактанбагын казагым,
Сенин жайың белгилүү
Чыгарамын мазагың.
Түбүң маңгул, калмактан,
Жылкысын тийип жылгадан,
Коюн айдап коңулдан,
Каада-салтты сактабай,
Кыз-келинин барктабай,
Олжо кылып алам деп,
Кыргызга кыргын салам деп,
Аблай хан бизге жармашкан,
Бегимжан сулуу кошогу,
Белгилүү кылган ошону
Канышбектин арманы
Калк ичинде айтылып,
Али күнгө калганы.
Түбү бузук казагым,
Түргөндүн суусун бойлодуң,
Түндө жылкы айдадың.
Эч жериңе жукпаптыр,

Чекеңе мүйүз чыкпаптыр.
Эрдиң турат кеберсип,
Канакей жарып калганың?
Каркыра суусун бойлодуң,
Катарлап жылкы айдадың,
Калжыраган казагым,
Айтсам чыгар мазагың,
Бир көтүңө жабышып,
Калдыр шымың түшпөптүр,
Канакей жыргап калганың?
Аблай кулдун тукуму
Кененсары, Норузбай,
Кесирлүү чыкты чоюштай,
Коңшу жаткан кыргызды
Жөн жайына коюшпай.
Кылычын канга кандаган,
Кушчуларды жайлаган,
Арам калмак тукуму
Кимге азап салбаган,
Бейкапар жаткан кыргыздын
Шейит болгон баатыры,
Жесир калган катыны.
Малын жыйып айдаган,
Албаганы калбаган,
Кыз-кыркынын ыйлаткан,
Кемпир-чалды сыздаткан.
Тирүүнү мындай коелу,
Түрү бузук капырын,
Арбакка да кол салган,
Эшкожо менен Канайдын,
Көрүн бузган далайдын.

Мусулман пенде кылбаган,
Бузукту журтка көп салып,
Бей-бечара ыйлаган,
Бейопа жанын кыйнаган,
Айбандын ишин жасайм деп,
Акыры чыкты мазасы,
Кененсары, Норуздун
Кыргыздан жетти казасы.
Аблай жолун жолдойм деп,
Кыргыздарды кордойм деп,
Өзү келип кабылды,
Ажалы четтен табылды.
Алардын кылган иштери
Аллага кантип жөн болду,
Асыл жаны кор болду,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Ардактап көмгөн ким болду?
Кенен менен Норуздун
Кылганы журтка жеткенден,
Ыза, кордук өткөндөн,
Сарбагыш, солто чогулуп,
Жантай, Байтик оолугуп,
Ормон колду баштаган,
Опсуз көпкөн Кенендин
Башын кесип таштаган.
Норузбайдай баатырдын
Жүлүнүн жулуп сабынан,
Жүрөгүн сууруп кабынан,
Журтка өткөргөн зары үчүн,
Шейит болгон жан үчүн,
Кемпир-чалдын ыйы үчүн,

Талкалаган жер үчүн,
Талоонго түшкөн мал үчүн,
Ойрондолгон үй үчүн,
Олжолонгон кыз үчүн,
Жаманкара каны үчүн,
Мазакталган көр үчүн,
Канын ичкен кашыктап,
Канкорлугун бышыктап.
Угуп тургун калайык,
Кийинки биздин урпакка
Арстанбек сөзү ылайык.
Коонун башы тоо болот,
Тоонун башы зоо болот,
Токойдун ичи куш болот,
Туюктун ичи туз болот,
Ашуунун бели муз болот,
Туздун түбү шор болот,
Эки эл жоолашса,
Элдиктен кетип доолашса,
Элдештирер бий болот,
Эптештирер кыз болот.
Зордун түбү зор болот,
Зоболосу чоң болот.
Чегинен чыкса азгынып,
Чеңгелинен кан чыгып,
Зордукту түбү кор болот.
Баркташып эл мен жүргөндүн,
Байсалдуу өмүр сүргөндүн,
Таажысы түшпөйт башынан,
Тактысы кетпейт астынан,
Башына келип бак конот,

Кашына келип журт конот.
Ойлодуңбу базарың,
Ордуңду бил казагым,
Онтоп чыгар мазагың.
Бер дегенден башка сөз
Оозуңа келбейт ойдолоп,
Кайда кеткен казалың?
Айкайлаба казагым,
Аябай чыгат мазагың.
Аттууга жөө жете албайт,
Айланып зоону өтө албайт.
Агын суудан кече албайт,
Ашкан булбул Арстандан
Алыңды бил казагым,
Айтышып акын өтө албайт.
Түбү болот майтарбайт,
Түптүү акын калтаарбайт,
Түбү жука адамдар
Төгүлгөн сөздү айта албайт,
Сага окшогон ырчыны
Арстанбек булбул барк албайт.
Жараткандын мыйзамы
Түн жаңырып, күн болгон,
Күн айланып, түн болгон,
Жамгыр жаап, сел болгон,
Булак агып, суу болгон,
Бел бөксөрүп, ой болгон,
Төрдүн көркү мал болгон,
Айкайлаган казакка
Атандашар ал кайда
Баатырлыгы кыргыздын

Бээжинге жетип даң болгон.
Алыңды билбей казагым,
Айтышканы олтурсуң,
Арстанбектей акынды
Ар санат сөзгө жакынды
Аңтарып алчу ким болгон?
Айтышам деп келгендер
Айласын таппай тамтаңдап,
Акырын сүйлөп, жөн болгон.
Белсенип ырдайт Арстанбек,
Мен белдүү жердин баласы,
Теңселип ырдайт Арстанбек,
Мен тектүү жердин баласы,
Тегинде жок карасы.
Териштирсең тукумун
Акындын барбы чаласы.
Терип ырдап берейин,
Темтеңдебей угуп тур,
Тегиме жакын келейин,
Мен Арстан Буйлаш баласы,
Тынымсейит даанасы,
Ырымдын жок чаласы.
Мен Арстанбек болгону,
Арстанбек атка конгону,
Периште ишим оңдоду.
Он алтымда ырдадым,
Оң менен солду сындадым.
Күкүк болуп күү чалдым,
Гүлбурак болуп нур салдым.
Он сегизге келгенде
Ырчы аталып суйсалдым.

Туура он алты жашымда
Жаратканды жар тутуп,
Жалгыз чобур ат минип,
Камчыланып бат жүрүп,
Атам Буйлаш артынан
Саркерлердин[1] зарпынан,
Анжыянга баргамын.
Комуз чертип, ыр ырдап,
Ордонун болгом эркеси,
Көп ырчынын серкеси
Мендей барбы эр киши.
Алымбекти көргөмүн,
Ордо хандын ичинен
Өзгөчө көңүл бөлгөмүн.
Кокон менен Маргалаң
Кошо жүрдүм аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Хан датканы пааналап.
Көп акын менен айтыштым,
Көп ичинде тартыштым.
Комуз күүсү жагынан
Эч ким менден өткөн жок,
Бет алып ырчы жыккан жок.
Атын укчу Анжыян
Ар жеринде бир жыйын,
Ар өнөрдүн сыры экен,
Сөздүн чынын айтайын,
Ырчылыктан куру экен.

[1] Саркер — ир. сөзү, кол башчы. Аскер башчы, текстте хандын кыргыздардан алык-салык жыйнаган адамдарына карата колдонулган.

Мөмө жемиш төгүлүп,
Берекеси мол экен,
Пулдун күчү зор экен.
Пулу жок жарды бечара
Чынында эле кор экен,
Шалысы көп жер экен,
Мата, жибек көп экен,
Жеринин көбү чөл экен,
Атагы алыс кетсе да,
Төрт түлүк малга кем экен.
Аш, тойго аздап мал соет,
Бир, жарым бодо болбосо,
Торпок, тана, кой соёт.
Күрүчтөн табак көтөрүп,
Күймөлгөндөр көп болот,
Азем сөзү аз болот,
Ала чапан көп болот.
Бычак ала жүгүрүп,
Бүрмөсүн чечип бүгүлүп,
Бирине бири кас болот.
Жар куласа, түз болот,
Жамак айтса сөз болот,
Жарты нан түйүп белине
Кол куушуруп ийиле
Жармачтары көп болот.
Жигит кезден Арстанбек
Аш менен тойду бийлегем,
Ажарлуу сөздү сүйлөгөм.
Журт алдында ырдагам,
Журт жакшысын сыйлагам.
Ашкан ырчы аталгам,

Аксакалдан бата алгам.
Ырысымды жебеймби,
Калпты кантип айта алам,
Сен сыяктуу казагым
Айкырбай эле ат алгам,
Айттырбастан бат алгам,
Мырза ырчы аталгам.
Көп ичинде ырдагам,
Көп жакшыны сыйлагам,
Карыядан бата алгам,
Калк ырчысы аталгам.
Каркылдабай кузгунча
Кадими менен ат алгам.
Келе сала бер дейсиң,
Кыргызды сен ким дейсиң,
Нарктуу сөзгө келбейсиң.
Калжыраган казагың
Калбаганбы базарың,
Тайганбы сенин мазарың,
Дагы барбы айтарың?

Сүйүмбай:
Оо, Арстанбек не дейсиң,
Сөзгө кезек бербейсиң.
Тектүүмүн дейсиң, Арстанбек,
Тегиңди жакшы билемин,
Текебер сөздү сүйлөдүң,
Мен сенин тек жайыңды теремин.
Сөзүмдүн жок катасы,
Кыргыздан барбы атасы?
Кызыл иттен төрөлгөн,

Андан бери мен келсем,
Сөзүңдүн жок чаласы,
Сен Буйлаштын баласы.
Анжыянга барыпсың,
Азынатып жетелеп,
Айгыр аттан алыпсың,
Аңгиге жакшы марыпсың.
Ат сурайт деп ардыкпа,
Айта берип кардыкпа,
Бий баласы болсоң да,
Бий үйүнө батпаган,
Бий өргөсүн баспаган,
Сен салбардан тууган карыпсың.
Оо, Арстанбек акыным,
Айың сөзгө жакыным,
Тегиңди айтып мактандың,
Мени тексиз деп айтып каптадың
Менин ата-тегим ыр болгон,
Ыр менен күүгө пир болгон,
Сөз чынына келели,
Силерде Кабандай[1] ырчы ким болгон?
Бак даарыган бабамдын
Баскан жери сыр болгон,
Барган жери ыр болгон.
Тегимде бар ырчылык
Темселебе чыр кылып,
Текебер кылбай тек тургун,
Андан көрө Арстанбек

[1] Кабан — XVII кылымдагы Жети-Суу акындарынын ири өкүлү.

Тектүү сөздөн кеп кылгын,
Мактана турган жайың жок,
Жаш кезиңде Арстанбек
Карагай, тикен аралап,
Колу, бутуң жаралап,
Козу бактың кокуйлап,
Кой кайтардың чокулап,
Бакканың болчу козу-улак,
Калыпсың эми сөз улап.
Күң баласы катары
Атаң бир кадыр кылбады,
Айып этпе Арстанбек
Айыңдуу сөздөн сен баштап,
Сүйүмбай сөзү ырбады.
Оо, Арстанбек, мактанба,
Калпты сүйлөп актанба.
Укканым бар кабарын
Кокон жакка барганың
Кокондуктун Мадал хан,
Кокуйлаган чала хан,
Мактап ырдап жүрүпсүң,
Көк чапанды кийипсиң,
Көтөрүм сартты сүйүпсүң,
Анжыян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап,
Ашта-тойдо көп ырдап,
Алабарман сарттардын
Ырчыларын жеңипсиң.
Аламан көп ырчынын
Алдына таштап коюучу
Ала топу, көк чапан

Аябай эле жыйыпсың.
Кокондуктун көк чапан,
Бир көтүңө чак чапан,
Төшү ачык сарт чапан,
Көп эле олжо алыпсың,
Сопусунуп сүйлөбө,
Сомдоп ырдап сарттарды
Соогатка чындап марыпсың,
Асыл заада кандардан
Ат сурансам арданбайм,
Сенчилеп сартка жалданбайм.
Арбын ырдап ат алам,
Акындыктын салты ушул,
Аш менен тойдун наркы ушул.
Аксакалдан бата албай,
Аргымак минип, жамбы албай,
Айылга кантип кайта алам.
Жамбы берсе жанбаймын,
Сенин айткан сөзүңө
Жабыгып токтоп калбаймын.
Алтын берсе арбаймын,
Сенин, айткан сөзүңө
Арданып токтоп калбаймын.
Арстанбек, мени ким дейсиң,
Абайласаң пир дейсиң,
Туура жыйырма эки жашымда,
Аалыбайдын ашында
Ормон, Жантай, Боромбай,
Жакшыларың башында,
Тезек төрө, Бөлтүрүк
Булар болчу кашымда.

Өйдө-төмөн тартышкам,
Көптү көргөн Катахан,
Көп ырчыны матаган,
Көп сөздүн башын чатаган.
Ага моюн бербестен,
Домбураны колго алып,
Толгоп-толгоп бурадым,
Толгон сөздү курадым.
Бир алланы пааналап,
Артыктыгым дааналап,
Көк шилиге сайгамын,
Көпчүлүктүн ичинде
Күйүттүү сөздү көп айтып,
Көчүгүнөн салгамын,
Анда, Арстанбек, кайда элең,
Сүйүмбайдай акынга
Сүйлөй койчу жан белең?
Оо, Арстанбек, акыным,
Ар бир сөзгө жакыным,
Албан, дулат[1] аралап,
Ашка барган жок белең,
Ашыкча ырчы деп жүрсөм,
Аштан тулпар минбеген,
Асем чапан кийбеген,
Асыл сөздү билбеген,
Айылда жүргөн шок белең,
Акындыгың жок белем.
Оо, Арстанбек, акыным,
Ар бир сөзгө жакыным,

[1] Албан, дулат — казак урууларынын аттары.

Шапырашты[1] -екейдин
Тоюна барган жок белең,
Сени мен толкуган ырчы деп жүрсөм,
Тойдон торко кийбеген,
Топ жыйынга кирбеген,
Туйлатып тулпар минбеген,
Туура сөздү билбеген,
Тана минген шок белең,
Ырчылыгың жок белем.
Баео сөздү көп сүйлөп,
Баймын дейсиң кыргызым.
Байлыгыңды билемин,
Баса жатып күлөмүн.
Айлың жакын конгондо
Баламдын ичи катты деп,
Көк айран жанга батты деп,
Келүүчү элең ун сурап,
Кайнатканга чай сурап,
Катыктыкка май сурап,
Кечээ көргөн жарды элең,
Бүгүн кайдан байыдың,
Мактанам деп, Арстанбек,
Чындык кептен кайыдың.
Бекмин дейсиң, кыргызым,
Бектигиңди билемин,
Кийизден башка киймиң, жок,
Килем салган төрүң жок,
Мактанарга жөнүң жок.
Баатырмын дейсиң, кыргызым,

[1] Шапырашты — улуу жүздөгү ири уруудан.

Анын несин айткыдай,
Эли бардын эри бар,
Эри бардын беги бар,
Айтар кептин жөнү бар,
Калкы бардын ханы бар,
Карөзгөй капыр болбосо,
Кастарлуу журтта баркы бар.
Каптап калың жоо келсе,
Калк намысын сактаган,
Ар бир элдин наркы бар.
Айтканында калет жок,
Баатыры бардын баркы бар,
Жалгыз мазар болбостон,
Баатырдын да калкы бар.
Өткөндөн кеп баштасаң,
Чындык сөздөн качпасаң,
Кылымга кетер кыркышып,
Кастарлуу калың казакта
Кыргыздын да кеги бар,
Мактанчтын да чеги бар.
Аблай кандын чабуулу
Далайдын калган эсинде,
Кененсары, Норузбай
Кыргыздардан өлдү деп,
Кордукту бизден көрдү деп,
Кокуй кеп айтып эсирбе,
Башың кетет кесирге.
Баатырмын деп мактанба,
Баамы артык, Арстанбек,
Баланын сөзүн айтарма.
Тоо куласа, зоо болот,

Хан бузулса жоо болот,
Сел каптаса, жер көчөт,
Жоо каптаса, эл көнөт.
Анын несин айткыдай,
Абалтан бери ушундай.
Алсыз адам үйдө өлөт,
Арсыз адам күндө өлөт.
Жок издеген жолдо өлөт,
Эр азамат жоодо өлөт.
Ажал жетсе хан да өлөт,
Ай ааламды тергеген,
Ак пайгамбар а да өлөт,
Кызыл тилин сайраткан,
Калың журтту жыргаткан,
Сүйүмбай, Арстан дагы өлөт.
Боору бүтүн, башы эсен
Бир кудайдай сүйлөйсүң,
Алланын жолун билбейсиң.
Шейит өлүм болбосо
Сенин кайда Манасың,
Ээн калган Таласың.
Кандуу жолдо кармашып,
Көп кытай менен таймашып,
Алманбет, Сыргак эр өлгөн,
Чуулуу Чубак дагы өлгөн.
Баатырлардын баары өлгөн,
Казак, кыргыз биз тургай,
Азиретаалы балдары
Шейит болуп жоодо өлгөн.
Асан, Үсөн эки эгиз,
Бир кудага тептегиз,

Кербаланын чөлүндө
Жоо колунан мерт болгон,
Шейиттерге шек кылбас,
Адамзатка шерт болгон.

Сүйүмбай ырдап бүткөндө Арстанбек комузунун кулагын бурап, жооп кайтармакчы болот. Боромбай колун көтөрүп, токтоп тур дегендей белги берет. Ошондо өргөөдө отурган кыргыз, казак султан, бий, бектери сөзгө аралашып: «Түбү бирге эл элек, уруш-талаш ыркыбызды кетирди. Ынтымакка жаңыдан келип отурабыз, өткөн чатактан кеп баштап, Арстанбек сеники да ыңгайсыз болду. Өз кезегинде Сүйүмбай да жөн калган жок. Орду менен жооп кайтарды. Сөз жагынан бириңди бириң жеңе алгандай көрүнбөйсүңөр. Экөөңдүн тең чоң ырчылардан экендигиңерге күбө болдук. Айтыш мындан ары уланса, сөз ырбап, чатакка айланууучудай көрүнүп калды. Экөөңө тең ыраазыбыз. Мындан кийин бир-бириңдин алдыңарга чыкпагыла», — деп ынтымакташтырып, байгесин тең бөлүп беришет. Ушундан кийин Арстанбек менен Сүйүмбай айтышпай, экөө сыйлашып, жылуу мамиледе жүрүшкөн экен.

АРСТАНБЕК МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН УЧУРАШКАНЫ

Жеңижок Арстанбектин даңкын угуп, бир көрүүгө ынтызар болуп эңсеп жүрүп, Каркырага издеп барып жолугушкан экен.

Анда Жеңижоктун Нурмолдо ырчыны, Ысык-Көл, Талас, Олуя-Ата, Меркиге кеңири белгилүү чоң акын Эсенаман, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кези болот.

Ал барганда жай мезгили экен, Арстанбектин айылы Каркырада жатыптыр. Акындын өргөөсү обочо жердеги дөбөчөгө тигилиптир. Жеңижок аттан түшүп, жанындагы жигити менен салам айтып, үйгө кирет. Аттарын алып, эшик ачкан киши да болбойт. Үй ичинде Арстанбек кара көрпө көлдөлөңдүн үстүндө ичик жамынып, жамбаштап жатыптыр. Киргендерге анчалык назар бөлбөй, ооз учунан алик алат. Буга Жеңижок тырчый түшүп, «Ээ, кетеличи» деп жанындагы жигитке караганда жолдошу: Ырда, анан көрө жатарбыз! дегендей белги берип токтотот. Ошондо Жеңижок комузун алып:

Аманбы, абам, Арстанбек,
Ааламга айттың далай кеп.
Эсенби, абам, Арстанбек,
Элге айттың далай кеп.

Нукура ырчы Арстандын,
Нуска сөзүн уксам деп.
Буйлаштын уулу Арстанбек,
Бүткүл кыргыз чогулса,
Булбул болуп сайрадың,

Бурап тилиң кайрадың.
Бурадар ишке барбадың.
Боомдон урган шамалдай,
Бурулбай сөзүң айдадың,
Карала сакал болупсуң»
Каралап келдим өзүңө,
Кадоо салгын сөзүмө.
Ырчылыгым жок болсо,
Жаш экен деп санабай,
Көңүлүмө карабай,
Тике айткын көзүмө,
Жерим менин кең Талас,
Жердеп өткөн эр Манас.
Түп тегимди сурасаң,–
Калың кытай ичинде,
Уругум сол Каратал.
Жашымда жетим калгамын.
Жабыгып өскөн баламын.
Жалбарсам да эгедер,
Жетимдин тонун кийгизген,
Жетилтпей ичим күйгүзгөн.
Козу баккам коктуда,
Кой кайтаргам чокуда.
Кокуйлап нечен ыйлагам,
Койго жетпей кубалап,
Калың токой аралап,
Бутумду тикен жаралап.
Жараттан чыккан кочкул кан,
Агып кетчү салаалап.
Алланын берген дартынан,
Жетимдиктин зарпынан.

Айыл ичин аралап.
Эркин басып жүрө албай,
Далай көргөм кордукту,
Бай балдары басмырлап,
Башыма камчы тийгизген.
Жетимдигим билгизген.
Көзүмдөн жашым тамчылап,
Кийген киймим самтырап.
Коного кылгам ар жерди,
Мага окшогон алсыздын,
Кыйналганын ким билди!
Бир жылы чоң той болду,
Төрт дубан элди чогултуп,
Калк башчысы кадырлуу,
Катарлап ак үй тиктирип.
Казылуу нечен бээ сойду.
Кемегенин башында,
Эт бышырган жигиттер,
Шымаланып кашымда.
Отурат элем сексейип,
Сары үкүдөй чекчейип.
Той башкарган эмеси,
Мени көрүп зекиди,
Ала киши айылда,
Залалы тиет баарына.
От башынан куугула,
Жетим өлсө бир соолук,
Желкеден алып сойгула!
Жан соогалап жалбардым
Ажалымдын жогунан,
Качып чыктым тобунан.

Таяке-тайым табам деп,
Аксыга кеткем тентиреп.
Асырап алар жетимди,
Агайиндин жогунан,
Аксыга барып жай таптым,
Алтын боолуу куш таптым.
Аркырап аккан суу таптым.
Аземи артык журт таптым,
Агайин, тууган дос таптым.
Көркөмү артык тоо таптым,
Көңүлү куунак эл таптым.
Шалысы бар жер таптым,
Шааниси бар эл таптым.
Адыр-адыр тоо бастым,
Кадырымды билүүчү,
Ажарлуу ак периште,
Айнектей асыл жар таптым.
Тектир-тектир жер бастым,
Тегимди тербес эл таптым.
Курбу-курбу тоо бастым,
Куюктурбас эл таптым.
Дары таптым дартыма,
Аброй алдым артыла.
Эл аралап ырдадым,
Эссиздин сөзүн сындадым,
Эстүүнү ээрчип сыйладым.
Ырчылыгым жактырган,
Күрүч берип бактырган.
Алдыма тулпар мингизген.
Арзыган жарым Көксулуу,–
Бир колума тийгизген.

Ажынын уулу Сулайман,
Абийир алган кудайдан,
Ыйман берсин ал жайдан!
Жетимдин тонун кийгизбей,
Жетимдигим билгизбей.
Желкеме камчы тийгизбей,
Ак ала чапан кийгизбей,
Алсыздыгым билгизбей,
Аркама камчы тийгизбей.
Аргымак тандап мингизип,
Ак парча кемсел кийгизип.
Алып жүргөн жанына,
Дайын кылган баарына.
Эрезеге жеткенде,
Нурмолдо менен айтышып,
Шарият сөздөн тартышып.
Атыккан ырчы аталып,
Атагым тарап кеткенде,
Кайрылып келдим Таласка,
Арбагы артык Манаска.
Атаганат арман күн,
Туулган жерди көргөндө,
Көңүлүм жаман бөлүндү,
Көзүмдөн жашым төгүлдү.
Ата-энемдин арбагы,
Алдымдан тосуп жол берди.
Агайин-тууган эмеспи,
Алыс, жакын чогулуп,
Аксыда алыс жүрсөм да,
Адашып журттан күйсөм да,
Амандашып кол берди.

Калк чогулган жыйында,
Эсенаман карыя,
Атагы элге жарыя.
Алдыман тосту ыр баштап,
Өткөн иштен чыр баштап.
Сары-Өзөндү сагалап,
Жангарачты пааналап.
Жакшылар менен жанашып.
Ырчылык жолун талашып.
Казак, кыргыз аралап,
Акындыгын дааналап.
Атагы арткан кексе чал,
Алдымдан кыйын тороду.
Мени элсиз деп айтып эңшерди,
Калксыз деп айтып каңтарды.
Тексиз деп айтып теңселтти.
Көпкө ойлонуп буйдалдым,
Ич отумду билгизбей,
Бутумду сунуп суйсалдым.
Алла-Таала кудурет,
Абийир бер деп жалындым.
Табият берген тартуулап,
Өнөрүнө багындым.
Барбардигер кудурет,
Паана болуп өзүмө,
Эсенаман ырчыны,
Эңшерип тойдо жеңгемин!..
Кадемин колго бергемин!
Той тараган эртеси,
Кара бет катын Наркүлдүн,–
Кылыгын айтып берейин:

Айыл башы тукуруп, –
Сук* катындай кара бет,
Албарстыдай апсайып.
Алды, артына карабай,
Акындыгым баалабай,
Айтышамын деп келди.
Аркы-терки сөз айтып,
Абийирин жеген ит катын,
Айламды катуу кетирди.
Аңги жалап эсирди.
Калың топтун ичинде,
Карабет катын калтаарбай,
Кадими журттан жалтанбай.
Сөзү кандуу ок экен,
Күйгүзүп ийчү чок экен.
Шыпырып таштап уятты,
Жан жерин жаңсап сөзгө алып,
Ары-бери калчады.
Каткырып баары күлүштү.
Албын* сөздү укканда,
Жыйылып боюм бүрүштү.
Баам алдым саамда,
Бетме-бет каршы кеп айтсам,
Кайра тартар түрү жок.
Бет ачылар окшоду.
Бети курган бул бетпак,
Бейжай сөздөн козгоду,
Катарлашып олтуруп,
Жалмаңдатып катының,
Жалкы сөздөн айттырып,
Жалпы баары жактырып.

Жаш, карысы каткырып.
Ошондо кыт-кыт күлгөн карыга,
Ташкара, Эшен (Эшенкул) баарына,
Наркүлдүн сөзүн кайырып,
Устукан тарттым учалап.
Жото жилик ортолоп.
Табак койдум алдына,
Нарын кылып үймөлөп.
Чучук кесип үстүнө,
Күлүп жаткан көпчүлүк,
Кан буугандай токтоду.
Айтышка шыкак бергендер,
Бирден жылып жоголду.
Ошентип ишим оңолду!
Калк ырчысы Арстанбек,
Кабарыңды көп уктум.
Анжиян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап.
Ырдап кеткен деп уктум.
Кокон хандын ордодо,
Коно жүрүп бир жылча,
Ордо толо ырчыны,
Сындап кеткен деп уктум.
Омурткасын омкоруп,
Озуп кеткен деп уктум.
Карыядан кеп уктум,
Кадими ырчы деп уктум.
Аксакалдан көп уктум.
Артык ырчы деп уктум.
Өзгөлөрдөн кеп уктум,
Өзгөчө ырчы деп уктум.

Ошондон улам келгемин,
Аксы деген жерденмин.
Айтып бүттүм болгонун,
Атактын кантип конгонун.
Калганын өзүң талдап бер,
Жаман, жакшы болгонун?..

Арстанбек:
– Аманбы, балам, Жеңижок,
Айтканыңдын кеми жок.
Алкынып турчу ээ бербей,
Оо, балам, алтындай жаштын бири жок!
Эсенби, балам, Жеңижок,
Эчен кеп айттың кеми жок.
Элирип турчу ээ бербей,
Оо, балам, күлгүн жаштын бири жок!
О, тирикарак чырагым,
Термедей сөздү курадың.
Темир тоо жылып көчсө да,
Сен термелбей турган курагың.
Оо, анык бир буудан чырагым.
Сен кестедей сөздү курадың.
Көмүр тоо жылып кенсө да,
Сен кебелбей турган убагың!
Байкоо салдым сөзүңө,
Баалап турам өзүңдү.
Сыноо салдым өзүңө,
Толтурдум сынга өзүңдү!
Сын-сыпатың байкасам,-
Бучкагыңа теңебей,
Бороон урса кенебей.

Борумдуу басып, бой салып,
Жыйырмада жашың бар.
Жаш жолборстой башың бар!
Келбетиңди байкасам;
Жан бүткөндү теңебей,
Жамгыр төксө кенебей,
Кериле басып бой салып,
Как жыйырмада жашың бар,
Кабылан сүрдүү башың бар!..
Менин жайым сурасаң,-
Кара сакал болсом да,
Кадими үнүм өчө элек.
Кадырым журттан кете элек.
Агала сакал болсом да,
Аргендей үнүм өчө элек!
Аброюм журттан кете элек.
Эр ортодон өтсөм да,
Али комуз күүм топ эле.
Ырдаар ырым мол эле.
Азар салсаң байкарсың,
Ааламга жайым айтарсың.
Азыр ак саргыл өңүм азыңкы,
Алибеттүү денем басыңкы.
Балам, алдага айтар арзым бар!
Алда качан башталган,
Арылбай жүргөн дартым бар.
Ажалдан алыс качсам да,
Азирейил жалаңкыч,–
Алды, артымдан аймалап,
Айламды жаман кетирди.
Айласыз эсер эсирди.

Урмат менен тоспойт деп,
Таарынба, балам, Жеңижок!
Калк алдында шаңшыган,
Кар суусундай ташыган.
Тоо суусундай ташыган.
Абаңдын булкунуп турчу күчү
Арстандай сүрү жок,
Ак маралдай түрү жок.
Ак ботодой жүнү жок,
Аркырап акчу күнү жок.
Таң алдында сайраган,
Таңшып үнүн кайрыган.
Булбул өңдүү доошу жок,
Алсырап барам күндөн-күн,
Абандын аман болор түрү жок.
Айтканыңдын баары чын,
Туура он алты жашымда,
Алымбектин кашында,
Аралап Аксы көргөмүн,
Жер соорусу жарыктык,
Авлетим тоосуна,
Кожожаш учкан зоосуна.
Абайлап көңүл бөлгөмүн.
Пача-Ата суусу жарыктык,
Бутуңду салсаң муз болот.
Суусунун кана жутканда,
Ичиң муздап, кыш болот.
Арчалары түз болот,
Көлөкөлөп уктасаң,–
Ак жайдын күнү күз болот.
Кызыл-тазыл кийинип,

Кечке маал болгондо,
Шынаарлашып кыз-келин,
Жеңелерин жетелеп,
Бирине-бири эркелеп,
Токойдун ичи жыш болот.
Кара чачтуу моймол кыз,–
Кашын серпип койгондо,
Калдактап ичиң тыз болот.
Кайкалап басып кеткенде,
Кара жаның чок болот.
Ал айтканың дагы чын.
Шайыры көп эл болот.
Шакылыктап бүт күлүп,
Айткан сөзү кер болот.
Кодура талдай жанашып,
Биринен-бири талашып.
Ырчымын деген көп болот.
Жазгы кара жамгырдай,
Нөшөрлөтүп сабаган,
Ашкере ырчы жок болот.
Ак ала сакал болгондо,
Калпты кантип айтайын.
Жаз күнүндөй бүрү жок,
Күз күнүндөй мөмө жок.
Күн-түндөп айтар нуру жок.
Манасчысы пас болот.
Эсенаман ырчыны,
Аксыдан келген бир бала,
Жеңип кетти деп уккам,
Эңшерип аттан оодарып,
Эңип кетти деп уккам.

Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кески ырчы.
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу.
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле.
Кызыл тили курч эле,
Ырчылардын мурчу эле.
Оң, Сол кыргыз чогулса,
Какшап бир ырдап турчу эле.
Казак, кыргыз аралап,
Кыргыздыгы билинбей.
Эки тилде бипбирдей,
Элирип ырдап жүрчү эле,
Эсекемди жеңгениң,–
Элде калчу сөз болгон.
Эгем сүйүп, жар болгон,
Атагың чыгыр шар болгон.
Катындан ырчы кыямат,–
Айткан сөзү алаамат,
Таластагы бир тойдо,
Наркүлдү мен да көргөмүн,
Нурмолдо баштап бир тобу,–
Жалаңдаган ырчылар,
Шатыра-шатман каткырып,
Акынмын деп наз кылып.
Айтышам деп шаштырып.
Артынан калбай ээрчиген.
Байкап көрсөм сөздөрүн,–
Ырчылыгы бар экен.
Кажаң кара сөздөрдү,

Камырдай жууруп жиберген,
Калпыс жери бар экен.
Каарына алса каапырың,
Кар, борошо урса да,
Катарлап адам турса да,
Кара өзгөй сөздү айткандан,
Кайра тартпас жан экен.
Айтканынча бар экен.
Атагы бар чоң ырчы,
Айтышпай турган жан экен.
Адигине Нурмолдо,
Ият сөзү бир жорго.
Дагы бир тойдо көргөмүн.
Атайлап көңүл бөлгөмүн.
Молдолугу бар экен,
Нур бетинен төгүлгөн,
Сымбаты ашкан жан экен.
Шарияттан шар экен.
Сөз өктөмүн кетирбес,
Сүйлөгөнү курч экен,
Пайгамбарлар тарыхын,
Балкып ырдап турганда,
Кол жетпеген мүлк экен.
Ырчы балам, Жеңижок,
Сенде ырчылыктын кеми жок!
Ырдасаң сөзүң нар экен,
Түбү терең ор экен.
Сени менен беттешкен,
Ырчылардын шору экен.
Айт дедиң айтып калайын,
Комуз күүсүн черткенде,

Так келтире албаган,
Тайкылыгың бар экен.
Термелтип колду бош таштап,
Жандырып ийип күүңдү,–
Жаздырган жайың бар экен.
Санат сөзүң сан экен,
Сайраган жайың бар экен.
Санжырага келгенде,
Уруулардын тарыхын,–
Оң, Сол кыргыз канатын,
Ундай элеп айтпаган,
Сылтыган жериң бар экен.
Аттиң, балам, Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес.
Периштелер айт деди.
Эгемдин берген белгисин
Айтпай коёр эрким жок.
Көксулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың.
Артыңан бала ээрчибей,
Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир ташы кем шум дүйнө,
Арман толор ичиң чок,
Кабатыр болбо сөзүмө,
Тоодой мүшкүл түшсө да,
Томуктай кылып көтөрөт.
Таң калам адам күчүнө!
Шаймерден сени колдосун,
Барбардигер кудурет,
Пааналап ишиң оңдосун.
Камбаркан Баба кол берсин,

Кыдыр даарып, жол берсин!
Оо, балам, ырчылык жайын айтайын:
Ырчы болсоң – сынчы бол!
Зөөкүрдү чабар камчы бол.
Кургак жерге тамчы бол.
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Ууруларга айгак бол,
Бечарага калка бол.
Беделсизге арка бол,
Ашта, тойдо мырза бол.
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол.
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол.
Коркокторго уруш бол,
Кош сөздүүгө буруш бол!
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар бол.
Ашы жокко айран бол.
Эрегиш чыкса элчи бол,

Эл, журтуңдун кенчи бол!
Тону жоктун бөркү бол,
Той менен аштын көркү бол!
Желек кармар жетик бол,
Жардыларга кешик бол.
Жармачтарга эшик бол.
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол,
Пейилдүүгө бейпил бол,
Ысаптууга байыр бол.
Мүлдө журтка шайыр бол!
Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол!
Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт.
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып жыргап өт.
Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт!
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып, жыргап өт!
Уламаны улагын,
Улардай таңшыр убагың!
Баяда минтип койгон деп,
Кек сактап, сөздү куубагын!
Санат сөздө сабагың,
Сабап айтар убагың.
Санаа тартпай жыргап өт,
Сакадай болгон чырагым.
Күлүк минип гүлдөп өт,
Күмүрөй журтка сүйлөп өт.

Жорго минип, жолдо өт,
Жамы журтка ырдап өт!
Ырың журттун ынагы,
Өзүн болгун чырагы.
Балам, сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук!
Жомокчуну издеп ук,
Ушакчыны уктап ук.
Акылманды аңдап ук,
Дудуктарды жандап ук.
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук.
Комузчунун күүсүн ук,
Кыякчыны кылдат ук.
Добулбастын доошун ук,
Чоорчуну чордоп ук.
Темир комуз күүсүн ук,
Термелтип жанды жыргатат,
Назар салып, таасын ук!
Жолоочуну жолдон ук!
Добогердин доосун ук,
Манасчыны түнөп ук,
Кошокчуну кошуп ук.
Боз балдардын ырын ук,
Булбулдун мукам үнүн ук.
Кыз баланын сырын ук.
Боздогонду бозуп ук,
Бекбекейди безип ук.
Борумдууну тосуп ук,
Замананын зарын ук.
Каапырлардын каарын ук!

Мусулмандын жайын ук.
Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук.
Дубананын зарын ук,
Мүлдө журттун баарын ук!
Балам, нуска сөзүңкап болсун.
Санат ырың сан болсун!
Санжыра сөзүң саз болсун.
Калың кыргыз элиңе,–
Кадырың артып, бак консун!
Балам, жугумдуу сөздү сүйлөгүн,
Жулунган ырчы көп болот,
Журт ичинде сөз болот.
Ыр кадырын билбеген,
Өйдө, төмөн сүйлөгөн.
Жуксузга көңүл бөлбөгүн!
Журт алдында айтышып,
Жолбун жаман сөз угуп,
Асти бир жолой көрбөгүн,
Балам, каадалуу сөздү сүйлөгүн!
Калкыган ырчы көп болот.
Калк ичинде сөз болот.
Сөз кадырын билбеген,
Өйдө, төмөн сүйлөгөн.
Кадими жок ырчыга,
Кайрылып көңүл бөлбөгүн.
Калк алдында айтышып,
Кадырың калчу сөз угуп,
Тегинде бир жолдой көрбөгүн.
Баркыңды төмөн түшүрбө,
Бар атыңды өчүрбө!

Кадырыңды түшүрбө,
Кадими атын, өчүрбө!
Адеби жок ырчынын,
Артында жаман сөз калат.
Анык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү сөз калат.
Балам, кайрылып сени көрбөсөм,
Нуска сөзүм айта жүр.
Арстанбекти көргөм деп,
Арткыларга айта жүр?!.

Жеңижок Каркырада бир топ болуп, Кегенге чейин барып, Көл кыргыздарын аралап, ырдап жүрүп кеткен экен. Кетеринде Арстанбектин алдына келип, коштошуп, узак ырдаган дешет. Арстанбек да комуз күүсүн өзгөчө муңкантып чертип, ырдап узаткан экен.

АЙТЫКЕ МЕНЕН БЕКМУРАТТЫН (БАЛЫК) АЙТЫШЫ.

Айтыке:
Балык ооз Бекмурат,
Бекмурат бокту жеп турат.
Айта турган кеп турат,
Арам кул бокту жеп турат.
Кара комок тезектей,
Өчкөнүңдү айтамын,
Ак тасмадай сыдырып,
Аягы Талас, башы Чүй,
Бирин койбой кыдырып,
Көчкөнүндү айтайын.
Соройгондо жуттуң Сомойду,
Карганда жуттуң Канайды,
Кабат жуттуң солтодон,
Эшкожо менен Жанайды.
Султанкулду чокудуң,
Башына куран окудуң.
Ормонумдан бөлөк жүр,
Төрөкелдимден төмөн жүр,
Субанымды сураба,
Ачык күнү тутулду,
Караболот, Жааболот,
Ырысынын барынан,
Кабакка кирип кутулду.
Кудаярды куруттуң,
Ажыбекти аймадың,
Нартөбө менен Сайыттын,

Элин жуттуң Бекмурат,
Калмышында Көкчөнүн,
Белин жууттуң Бекмурат,
Ажыбек менен Сазандын,
Ашын жуттуң Бекмурат,
Кудаяр менен Нурактын,
Башын жуттуң Бекмурат.
Минген атың жээрде ат,
Кызыталак Бекмурат.
Сенин айылың не жерде,
Бу жеримден кете көр,
Кең Таласка жете көр.
Кудай алган Бекмурат,
Кекилик басып эт жеген.
Кыргоол басып эт жеген,
Кыр жаныңды бит жеген.

Бекмурат:
Кудай алган Айтыке,
Кыргоол басып эт жесе,
Уруп алар таяк бар,
Кыр жанымды бит жесе,
Терип берер битимдин,
Айтыке кулдай саяк бар.
Кекилик басып эт жесе,
Уруп алар таяк бар.
Кер жанымды бит жесе,
Айтыке кулдай саяк бар.
Чоң Тайлактын ашында
Кемегенин башында
Сенин энең Жаңылга,

Эки кара бөз берип,
Эптеген жерим дагы бар.
Эки бутум белге алып,
Кептеген жерим дагы бар.
Ак дамбалын кып-кызыл
Кандаган жерим дагы бар.
Тойго түшүп карасам,
Балбан жайым дагы бар.
Чапма ника кыйдырып,
Сенин энең Жаңылды,
Алган жерим дагы бар.
Ойноп айтсам уулумсуң,
Чындап айтсам Айтыке
Ала күчүк кулумсуң.
Өлгөндүн несин кеп кылдың,
Өчкөндүн несин кеп кылдың.
Аягы Талас башы Чүй,
Көчкөндүн несин кеп кылдың.
Кара сууну кыдырып,
Казак көчкөн эмесби?
Сары сууну кыдырып
Ногой көчкөн эмесби?
Жалгыз аттуу сен тургай,
Жалгыз уйлуу мен тургай,
Кечээ Турусбек, Чомой
Көчөн эмесби?
Сен кызыл тилим бурасаң,
Кызыталак Айтыке
Менин элим сурасаң,
Кайнардын кара суусунда,
Чоң чынардын өзүндө,

Манастын тиккен багында,
Кеңколдун маңдай жагында.

ЧОҢДУНУН АЙТЫКЕ МЕНЕН САЛАМДАШУУСУ

Чоңду атайын Айтыкеге жолукканы Жумгалга барып, жолуга албай бир айылда Манас айтып жаткан жеринен Айтыке үстүнөн чыгат. Ошондо Айтыке Чоңдунун сырын тартыш үчүн минтип ырдаптыр.

Жумуру тойбой Жумгалга,
Жумаланган сен кимсиң?
Аксакалды сыйлабай,
Думаланган сен кимсиң?
Бээ сойгон касаптай,
Шымаланган сен кимсиң?
Манас айтып бакылдап,
Дубаланган сен кимсиң?
Эл журтунан ажырап,
Кубаланган сен кимсиң?
Акын болсоң тартынбай,
Агаңа салам айтып жүр.
Жалгыз ырчы мен дебей,
Тизгиниңди тартып жүр.
Эл четине келгенде,
Эсендикти айтып жүр.
Эптеп таап олжо алсаң,
Сыйың менен кайтып жүр.
Кеп жебеген нааданды,
Көкбөрү кылып тартып жүр.

Сыйды билген адамдын,
Каймагын алып калпып жүр.
Кенен элге туш келсең,
Кайык болуп калкып жүр.
Сырды билген кишиге,
Сырыңды айтып чалкып жүр.
Күйөөрман жолдош табылса,
Күмүштөй эрип балкып жүр.
Бөтөн элге келгенде,
Аты жөнүң айтып жүр,—

дегенде тааныбастык кылып учурашпаганына уялып калат да, Чоңду минтип учурашуу ырын айтат:

Нарындын суусун бойлогон,
Чабак уруп ойногон
Манас айтып көп элге,
Ак Жолборстой жойлогон.
Айтыке абам аманбы?
Азыраак кетти кемчилик,
Азыр айтам саламды.
Жер кыдырып издесем,
Деги сиздей табамбы.
Жайын угуп тосуп ал,
Таластан келген балаңды.
Күңгөй жагы тынымдар,
Күйөөлөткөн абамды.
Кийин байкап көрөрсүз,
Акын болчу чамамды.
Кочкор, Жумгал кош айрык,
Жерим аман барсыңбы?
Карыяны баш кылган,

Кейиген көздү жаш кылган,
Касиеттүү карылар,
Миң кушту каргап таш кылган.
Жайчылары бар дешет,
Ак жайдын күнүн кыш кылган.
Бетеге шыбак карагай,
Жыттаган жанды мас кылган,
Чөбүң аман барсыңбы?
Баш-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл,
Көлүң аман барсыңбы?
Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы,
Кара-Кужур кең жайлоо,
Төрүң аман барсыңбы?
Тынымсейит, сарбагыш,
Көбүң аман барсыңбы?
Саяк, черик, моңолдор,
Элиң аман барсыңбы?
Көк ирим Нарын көк дайра,
Сууң аман барсыңбы?
Кечээ казактын колун токтоткон,
Тууң аман барсыңбы?
Абаке, комузду кайрып бурадың,
Жөнүмдү менин сурадың.
Жөнүмдү айтып берейин,
Тентигенге окшобой,
Элимди айтып берейин.
Жерсиз киши окшобой,
Жеримди айтып берейип.
Аны айтып бүткөн соң,
Чоң саламга келейин.
Жерибиз болот кең Талас,

Атабыз болот зор Манас.
Айтып угуп отурсаң,
Ай менен Күнгө чамаалаш,
Айчүрөк учкан ал жерден,
Ак булут менен аралаш.
Кошой өткөн ал жерден,
Боз айгырын жулкунтуп.
Бакай өткөн ал жерде,
Бөрү ичигин кулпунтуп.
Семетей өткөн ал жерде,
Сейтекке берип кезегин.
Калмактардын Коңурбай,
Алардан алган эсебин.
Каныкей өткөн ал жерде,
Кара чачын чорт түйүп.
Кабагын түйүп караса,
Каарынан от күйүп.
Касиеттүү Таласка,
Манастын сөөгү коюлган.
Жалаң күмбөзүнүн кышына,
Канча миң эркеч союлган.
Майына кыш бышырып,
Эти менен тоюнган.
Мен ошондой жерден келгемин,
Ошондой элден келгемин.
Уруум сол карынай,
Айланайын Таластын,
Жарымына барабар.
Жарымы жалган болсо да,
Үчтөн бирге чамалаар.
Тентидим десем бу жерде,

Четинен чыгып талаар.
Касиеттүү Жумгалда,
Айтыке абаң бар деген.
Анча-мынча адамдар,
Бир көрүүгө зар деген.
Уккан-көргөн карылар,
Ошондон үлгү ал деген.
Кетенчиктеп тартынбай,
Атка камчы сал деген.
Нуска сөзүн үйрөнүп,
Кумарга бир кан деген.
Манас айтып отурса,
Сөзү шекер бал деген.
Семетей, Сейтек, Манасты,
Бүтүн айткан жан деген.
Айтыкеңдин сөзүнөн,
Чыйрал жана жан деген.
Жумгалда барк-кадырлуу,
Салмагы алтын — зал деген.
Каскың келсе ыр кенин,
Айтыкеңе бар деген.
Оозунан май кетпейт,
Жегени казы-жал деген.
Жумгалга барып ырымдап,
Кешигин ичип ал деген.
Айтыке сени таарынтса,
Таласка кайра сал деген.
Кары сөзүн бек сактап,
Көкүрөккө кеп сактап,
Суусамыр-Жумгал сак сактап.
Ашуу ашып таш басып,

Нечен кыя бел ашып,
Сизди көрөйүн деп келгемин.
Төө болуп, нар болуп,
Чөгөйүн деп келгемин.
Жакшы сөз айтса бетинен,
Өбөйүн деп келгемин.
Кодуласа жолотпой,
Сөгөйүн деп келгемин.
Билгенимди эл-журтка,
Төгөйүн деп келгемин.
Сырыңызды Айтыке,
Чегейин деп келгемин,—
деп комузун бооруна алып кол алышкан экен.

НАЗАР МЕНЕН СОЛТОБАЙДЫН АЙТЫШЫ

Назар:
Солтобай келет солтоңдоп,
Сакалы жок молтоңдоп.
Солтобай деген көсөөдүр,
Сакалы качан өсөдүр.
Көөсөнү үйгө киргизбе,
Көчүгүн жерге тийгизбе.
Сакалы жок Солтобай,
Бачым айтчы онтобой,
Кийиз күздү Солтобай,
Кийин турчу онтобой.

Солтобай:
Өзүң буздуң батаңды,
Байсары карган атаңды.
Ит ургандай демитпе,
Сакалымдан кемитпе,
Сакал иттин куйругу,
Көсөө кудай буйругу.
Карагы Назар недейсиң,
Калк кыдырган кедейсиң.
Томояк Назар недейсиң,
Топ кыдырган кедейсиң.
Катын жүрөт май сурап,
Өзүң жүрөсүң аркайсы топтон тай сурап.
Балтырканды колотту,
Көргөмүн сенин атаң Болотту.
Бука минген бултулдап,
Майлуу сорпо көрүнсө,
Тайган иттей жылтылдап.

ЭСЕНАМАН МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

Таласта төрт дубан эл чакырылган той болот. «Тойдун жарчылыгын биз ээлейбиз» деген ой менен казактан чыккан Майкөт акын жана Эсенаман даткалардын үстүндө олтурганда эшиктен Жеңижок кирип келип, төр талаша олтурат. Майкөт акын шектенгендей Ташкара билерманды карап: «Ойбай, Таскара, мынау балам эсиктен келип өр таласты, өрдөн соң төр таласты, сумдук кой, жайын айтшы?» — деп калды. Ташкара: «Өзүңүздөр уккан Жеңижок иниңиз ушул» — деди. Анда Майкөт: «Баса десең, кана Жеңижок карагым, сөзүң болсо такалмай сөйлөй отыр, шамаң жетсе Эсенаман экемизди кабаты менен жөйлөй отыр» — деди.

Жеңижок комузун күүлөйүн дегенде комузунун кылдары ным болуп калгандыктан, бир кылы чырт үзүлүп кетет. Аңгыча араң олтурган Эсенаман акын Майкөттүн жемесинен кутулайын деген ой менен өз тарабын көтөрө ырдап, Жеңижок тарапты кордогондой ырдайт. Өзгөчө Майкөттүн сыймыгын урматтап, Жеңижокту экинчи ооз ачып ырдагыз кылайын деген ой менен жаалданып калган жери:

Аманбы, балам Жеңижок?
Абаңдын сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргызда,
Айтышарга теңи жок!
Аламан ырчы көп жүрөт,
Алты ооз кепке эби жок.
Эсенби, балам Жеңижок?
Эсеңдин сенден кеми жок.
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.

Ээликкен ырчы көп жүрөт
Эки ооз кепке эби жок.
Кандайсың балам, Жеңижок?
Картаңдын сенден кеми жок.
Кара жаак пендеден,
Каяша кылар теңи жок.
Калкымда ырчы көп жүрөт,
Калжырай берген эби жок.
Өзгө сөзгө токтобой,
Өзүмдөн кабар берейин.
Өкүнчүң болор карагым,
Өзүң тапкын дебейин.
Жалпы сөзгө токтобой,
Жайымдан кабар берейин.
Таарынчың болор карагым,
Таап алгын дебейин.
Эми айтайын чыныңды,
Жашырбай айттым сырыңды.
Түбүңдөн бери бүт билем,
Үргүлжү кытай ураның
Үргүлжү кытай ичинде
Үч-Кошой, сарттар тууганың.
Келтирдиң менин жинимди,
Кесип алам тилиңди.
Үч-Кошой менен Кең Талас,
Жерим ошол, Жеңижок.
Калың кытай уругу
Элим ошол, Жеңижок.
Улуулардан көп уктум,
Уламалай мен уктум.
Ушу жерде туулган,

Сенин да
Уругуң кытай деп уктум.
Карыялардан кеп уктум,
Кабарыңды мен уктум.
Калың кытай элинен
Качып кеткен деп уктум.
Тегин таштап тентиреп.
Тентип кете берген дейт.
Уругу Сол Каратал,
Ушу жердик элден дейт.
Беш уруу Солдон адашып,
Кайда бардың, Жеңижок?

Берими жок, жат өскөн,
Жанга бардың, Жеңижок.
Берекелүү эл болот,
Биздин байга баргын, Жеңижок.
Алты уруу Солду унутуп,
Кайда жүрдүң, Жеңижок?
Алымы жок жат өскөн,
Жайда жүрдүң, Жеңижок.
Айдап тогуз мал берген,
Биздин байга жүргүн, Жеңижок:
Уругуң Сол Каратал,
Уругуң айтчы, Жеңижок?
Убайым тартсаң алыңды,
Сурарын айтчы, Жеңижок?
Асирет арман, арзыңды,
Угаарың айтчы, Жеңижок!
Алты атан Сол Каратал,
Арбагын айтчы, Жеңижок?

Аксыга качып Таластан,
Барганың айтчы, Жеңижок?
Андагы көргөн көп кордук,
Баарысын байкап көргөмүн,
Марттыгы бизден кем болот.
Алты күнү ырдасаң,
Алек чапан кийгизет.
А деген жерден биздин эл,
Аргымак тандап мингизет.
Жети күнү ырдасаң,
Желең чапан кийгизет.
Жеткен жерде биздин эл,
Жээрдени тандап мингизет.
Айылга келип ырдасаң,
Алтының ашып карк болот.
Ат мингизип чыгармак,
Бизде абалтан берки карк болот.
Эзелден берки эскимин,
Эл кыдырган кескимин.
Элдир-селдир ырчынын
Элдешпей тилин кесчимин,
Мындан мурда аныктап,
Көрдүң бекен көзүмдү?
Уламадан иликтеп.
Уктуң бекен сөзүмдү?

Көрө элек болсоң көзүмдү
Уга элек болсоң сөзүмдү
Убара кылып издетпей
Учуратты кезиңди.
Таасын айтып мен сага,

Таанытайын өзүмдү,
Кереметимди көрүп ал,
Келтирди балам кезиңди.

Эсенаман эски атым,
Эл кыдырган кески атым.
Күкүктөй күндө күүлөнткөн,
Күндүр-түндүр сүйлөткөн,
Кош көмөкөй тил катым.
Акын болсоң жооп бер,
Айтам сөздүн кыйбатын.
Акындыгың жок болсо,
А да болсо зыйнатың.
Үч Кошой менен Кең Талас,
Өз атаң мында өлгөн жер.
Өбөктөп жатып чогулуп,
Өкүрүп тууган көмгөн жер.
Өзөнүн бойлоп башынан,
Өмүрүң өсүп өнгөн жер.
Өзгө жерде өкүнбөй,
Өз элиңе көчүп кел.
Чоң атаң жердеп өлгөн жер,
Чогулуп тууган көмгөн жер.
Чоочун жерде өкүнбөй,
Чоюлган журтка көчүп кел.
Эсиңди жыйып, элиң тап!
Эзелки Талас жериң тап!
Туурасын айтсам мен сага,
Туугандуу киши кем болбойт.
Калкың менен болбосоң,
Кайрат айтып не кылам.

Сөөлүм бар тилимде,
Сөздөн кантип жаңылам.
Кабыл алсаң айтканды,
Кайта келгин Таласка.
Өлсөң ыйлап көмүүчү,
Өз үйүңдөн адашпа.
Жалдырап барып көзүңдү,
Жат элдин көзүн каратпа.
Карап тургун карагым,
Карылык сөздөн сүйлөйлү.
Калкынан азып жүргөн бар,
Кайгырышып жүрбөйбү.
Кайрылып келсең кадырлап,
Калдайган журтун сүйбөйбү!
Капилет жерден жоо болсо,
Кара өзгөй жалаа доо болсо,
Каңгырап жүргөн акмак деп,
Катындын тили тийбейби?
Каралашар тууган жок,
Кармап минер буудан жок,
Кайгырып ичиң күйбөйбү?
Тентибей элге кошулсаң,
Теңтуштар сени сүйбөйбү?
Теминишкен жоо болсо,
Тексиз жерден доо болсо,
Тентиген элсиз акмак деп,
Тентектин тили тийбейби?
Теңдигиң айтар кишиң жок,
Телмирип ичиң күйбөйбү.
Угуп тургун карагым,
Үлгүлүү сөздөн сүйлөйлү.

Өзгө жерден келген көп,
Улутунуп жүрбөйбү.
Өзү башка элден деп,
Өжөрдүн тили тийбейби?
Өбөк кылар тууган жок,
Өөчтөй минер буудан жок
Өрттөнүп ичиң күйбөйбү?
Баргандардан кеп уктум,
Баарысын байкап мен уктум.
Бакылдаган көйрөң эл,
Сенин, баркыңды билбейт деп уктум.
Каттагандан кеп уктум,
Кабарыңды мен уктум.
Кажылдаган калдас эл,
Сенин кадырың билбейт деп уктум.
Өчүгүп калган жоо болсо,
Өзүңө жалаа доо болсо,
Өзөгүң үзүп сен үчүн,
Өмгөгүн салар жакшың ким?
Өзөгүңдү дарт чалса,
Өпкө чабар бакшың ким?
Карышып калган жоо болсо,
Каймана жалган доо болсо,
Караан болуп сен үчүн,
Кайрат айтар жакшың ким?
Кабыргаңды дарт чалса.
Каралашар бакшың ким?
Жангарачтын Осмонбек,
Жамсагыраак киши дейт.
Ажынын уулу Сулайман.
Аламан чалыш бакшы дейт.

Бир мүнөзү кармаса,
Бой бербеген жинди дейт,
Антсе дагы башкарып,
Аксынын ичин билди дейт.
Алымбектин беш торпок,
Айылдагы ашка орток.
Торпокту бука сүзбөйбү,
Бактысыз болуп жат элде,
Башыңа кайгы түшпөйбү?
Айсыз бир кара түн болсо,
Ала тополоң күн болсо,
Адашып өлсө мейли деп,
Артыңдан киши издейби?
Таарынбагын Жеңижок,
Таба албассың биздейди.
Алда кимден туулду деп,
Атасыз-тексиз уулбу деп.
Ар ким айтып артыңдан,
Айың ушак кеп кылат.

Жай мезгили бир кызык,
Жайнап жылдыз, ай чыгат.
Кеңешип чукул жарышса,
Тап берген жерден тай чыгат.
Тамандары кызыса,
Таасын күлүк ат чыгат.
Сайрап турган тилимден,
Сабак-сабак кат чыгат.

Таамай ырчы сен болсоң,
Таңшыт кызыл тилиңди.

Таластан келип жолуктуң
Таанып ал Майкөт пириңди.
Тааныбасаң кагайын.
Төрт чекеңе дилиңди.
Чыңданып туруп, Жеңижок,
Чыгарып көрчү үнүңдү.

Кайрылып качан табасың,
Кадимки Талас конушту.
Токтолбостон Жеңижок,
Толгоп көрчү комузду.
Улуу кичүү баарына,
Угузуп көр добушту.
Каяша кылбай тилим ал,
Кашында Майкөт пириң бар.
Кайда качып барасың,
Каршы алдыңдан жолукту.

Жигиттик жаштын кийни деп,
Жеңижок колго тийди деп,
Эсекеңдин айтканын,
Элдин баары сүйдү деп.
Арттан ушак болбосун,
Ак жеринен күйдү деп.
Калың жыйын сөз кылсын,
Карган Эсең алды деп,
Бышыксынган баланы,
Бир сүйлөтпөй салды деп
Толгой кармап капшыра,
Толорсуктан чалды деп.
Жеткилең күлүк Эсеңе
Жеңижок жетпей калды деп.

Арышын кере жүгүрүп,
Алдыңкы буту бүгүлүп,
Адырлуу жерден сүрүлүп
Аргымак келди жол бергин,
Атактуу Майкөт пириң бар,
Алдына келип кол бергин.

Күнчүлүк алыс жүгүрүп,
Күүлөнсө буту бүгүлүп,
Капталдуу жерден сүрүлүп,
Казанат келди жол бергин.
Казак Майкөт пириң бар,
Каапыр болбой кол бергин.
Эргий, да эргий жүгүрүп,
Эликтей буту бүгүлүп.
Эңиштүү жерден сүрүнүп,
Эсекең келди жол бергин.
Эзилип Майкөт пириң бар,
Эңкенип барып кол бергин.
Кол берүүчү так мазар,
Пириң ушул, Жеңижок,
Кошуп айтсам шарият.
Диниң ушул, Жеңижок.
Кол куушуруп чин окуур,
Тилиң ушул, Жеңижок.
Жаркырап шоола тийгизген,
Күнүң ушул, Жеңижок.
Айткан сөзгө кулак сал,
Акырекке түйүп ал.

Абайлагын карагым,
Алдыңда Майкөт пириң бар.
Көп сөзүмө кулак сал,
Көкүрөккө түйүп ал.
Көтөрүлбөй байкагын.
Көрдүңбү Майкөт пириң бар.
Майкөт сага пир болот,
Пирине тийген ким болот.
Сендей-сендей ырчыда,
Төрт чекене пир болот.
Тааныбасаң карагым,
Таанытайын пириңди.
Каяша кылсаң кайрылып,
Кагайын сенин жиниңди.

Мен дарчысы болом ордонун
Тазаланып жуунган,
Даараты болом молдонун.
Талыкпай жолго салдырчу,
Таманы болом жоргонун.
Пириң Майкөт алдыңда,
Пириңди балам оңдогун.

Жаактууга жай бербес,
Жаалымды ойлогун.
Чигити болом козонун,
Угуту болом бозонун,
Карысам да Жеңижок,
Казыр сенден озомун.
Кайда качсаң куткарбай.
Каршы алдыңдан тосомун.

Мөмөсү болом даректын,
Шишеси болом арактын.
Жакасы болом Жеңижок,
Торкосу алтын манаттын.
Тобокел кылчы көрөйүн,
Тоорулуп кайда бараттың?
Тамырын жайып тараткан
Сабагы болом санаттын.
Чабыттап эргип учарга,
Чалгыны болом канаттын.
Каяша кылчы көрөйүн
Каңгырап кайда бараттың?
Асылы болом жылкынын,
Артыгы болом ырчынын,
Айчылыкта той болсо,
Алкынып ырдап турчумун.
Айтышамын дегенди
Айттырбай тилин буучумун.
Ары сендей ырчыны,
Алкымдап тойдон куучумун.

Торусу болом жылкынын,
Торгою болом ырчынын.
Топ жыйындын ичинде,
Торгойдой сайрап турчумун.
Томпойдой болгон жетимдин
Токмоктоп тилин буучумун.
Тогонек берген жетимди
Тобуман алыс куучумун.

Күлүгү болом жылкынын,
Күкүгү болом ырчынын,
Көпчүлүктүн ичинде,
Күкүктөй сайрап турчумун.
Күүлөнүп келген ырчынын,
Күрмөтпөй тилин буучумун.
Күүлөнгөн сендей жетимди
Күнөөлөп топтон куучумун.

Бууданы болом жылкынын,
Булбулу болом ырчынын
Бурулушта тон болсо
Булбулдай сайрап турчумун.
Буюгуп турган ырчынын
Буйдалтпай тилин буучумун.
Кетсе да жашым картайып,
Кете элек мизи курчумун.
Аргымак аттай жулкунуп,
Арышты мен да керейин.
Мөөнөтү келген сөзүмдү,
Мөндүрдөй төгүп себейин.
Жайы жок жамсак күлүктү,
Жаныма кантип теңейин.
Айтып көрчү, Жеңижок,
Акындыгың ченейин.
Айтканыма жооп бер,
Андан башка не дейин.
Салдырып көр жоргоңду.
Сага кезек берейин — деди.

Эсенаман ырын токтотуп жай олтурат. Элдин баары тунжурап, бир да киши сүйлөбөй калат. Ошондо бир ак сакал Жеңижокту карап: «Балам, Жеңижок, айтар деле сөз калган жок,

бардыгын Эсекең айтып бүттү, Эсекеңе каяша айтам деп, каарына калып, өз назарыңды сындырып, өзүңдү-өзүң аксатып албагын» — деди. Анда Майкөт акын: «Олай эмес, кария Эсекең картайып калганбы, көп жаңылыстыктарды кетирди, Эсеңдин катесин тауп айтсаң, жеңетун кесек сеники, токтолмай сок, карагым, Жеңижок» — деп обдулуп койду. Жеңижок көп ойлонуп турбай эле: «Чын эмеспи, бардыгын жайгаштырып салып, Майкөттү олуя, мазар, пир кылып мени сыйынтып жатпайбы. Эсенаманды олуясына кошоктоп алып, жылаңачтап тозокту көздөй айдап жөнөйүн» деп, Жеңижоктун ырдап турган жери:

Эң биринчи дүйнөгө,
Нур жараткан эмеспи.
Эмгексизди энчиден
Кур жараткан эмеспи.
Суук кыштын булутун,
Сур жараткан эмеспи.
Аалам жашап турсун деп,
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырып күн менен
Түн жараткан эмеспи.
Буруксутуп атырдан,
Гүл жараткан эмеспи.
Булбулдарга шайырдык
Үн жараткан эмеспи.
Бардык жанга насипти,
Бир жараткан эмеспи.
Асман-жердин арасын,
Кең жараткан эмеспи.
Адамзаттын баарысын
Тең жараткан эмеспи.
Жайда салкын болсун деп,

Жел жараткан эмеспи.
Жерден берип ырыскы,
Эл жараткан эмеспи.
Көл бойлотуп учуруп,
Куу жараткан эмеспи.
Чөл жашарып күлсүн деп,
Суу жараткан эмеспи.
Өрдөк-каздын баарысын
Көлдө кылган эмеспи.
Өлгөндөрдүн баарысын,
Көрдө кылган эмеспи.
Кайберендей күлүктү
Төрдө кылган эмеспи.
Курт-кумурска жайларын,
Чөлдө кылган эмеспи.
Берекенин баарысын,
Жерде кылган эмеспи.
Жер-дүйнөнүн туткасын,
Элде кылган эмеспи.
Ооздун көркү отуз тиш,
Тил жараткан, Эсеке.
Тил сүйлөтпөй айбанды,
Тим жараткан, Эсеке.
Көйкаптагы дөө, пери,
Жин жараткан, Эсеке.
Биз жаралган бир жай бар,
Мындан артык не жай бар?
Жаман Майкөт экөөндү,
Ким жараткан, Эсеке?

Анык туулган башында,
Ата-энебиз адамдан.

Ай ааламдын жүзүнө,
Адам өсүп таралган.
Күндүн алтын нурунун,
Күчү менен жаралган.
Албаптырсың эч кабар,
Адал менен арамдан.
Эми, өрдөктөй учуп келейин.
Өзүмдөн кабар берейин,
Өзүңөр байкап көргүлө,
Өнөрүм артса жеңейин.
Өнөрүм сенден кем болсо,
Өлөрман экен дебегин.
Каздай учуп калкылдап,
Калкымдан кабар берейин.
Калыстык кылып көргүлө,
Кадыры ашса жеңейин.
Кадыры сөзүм кем болсо,
Карыган экен дебегин.
Ата-бабам баарысы,
Таласта болгон туругу.
Уругум Сол Каратал,
Калың кытай уругу.
Жан болуп жаңы жаралып,
Жаркырап шамым жанган жер.
Келгенимди белгилеп,
Киндик каным тамган жер.
Баарысын билем эсимде,
Калдайган кытай биздин эл.
Ата-энем күлүп кубанып,
Алдейлеп сүйүп алган жер.
Аксарбашыл кой союп,

Ак түлөөсүн чалган жер,
Аргасыздан мен кетип,
Алыс болуп калган жер.
Балалык кезде жүргөн жер,
Бар жокту билбей каткырып,
Туугандан кеткем бөлүнүп,
Турмуштун тузу жат кылып.
Өмүрдүн жолу ар түрлүү,
Бурула берет турбайбы.
Ар нерсеге кезигип,
Уруна берет турбайбы.
Дүйнөдө жоктон бар болуп,
Туула берет турбайбы.
Кайрадан бардам жок болуп,
Курула берет турбайбы.
Ак жерден буйруп туз насип,
Татыла берет турбайбы.
Аракет кылса ырыскы,
Чачыла берет турбайбы.
Атам өлүп жашымда,
Айламды таппай башында.
Арка болчу ага жок,
Айланып турчу кашында,
Энем өлүп жашымда,
Эсимди таппай башында.
Эрмек кылар ини жок,
Имерилчү кашымда.
Арка кылар ага жок,
Азып кеттим Аксыга.
Ашуусу бийик бел ашып,
Басып кеттим Аксыга.

Ак никелеп жарымды,
Алган жерим Аксыда.

Тээк кылар ини жок,
Тентип кеттим Аксыга.
Тегеректен жай таппай,
Минтип кеттим Аксыга.
Үй-жай күтүп үйлөнүп,
Ушинтип жүрөм Аксыда.
Каралап баргам ал жерге,
Таякемди, тагамды.
Арка кылып эркелеп,
Ата-эне кылдым аларды.
Туурлай турган жер болсо,
Туугандан качып барабы?
Жетимдин ашын ичирбей,
Жесирдин тонун кийгизбей.
Жетелеп багып өстүргөн
Жемелеп сөзүн тийгизбей.
Алар менен кеңешпей,
Эсеке, кантип келем билгизбей.
Баркыңды билбейт деп айтып,
Басынткансып сүйлөдүң.
Бардык эл сыйлап баркташат,
Баамды чалым билбединң.
Кадырыңды билбейт деп,
Каймана сөздү сүйлөдүң.
Калкымдын баары каалашат.
Чалым, кадырымды билбединң.

Урматташат баарысы,
Улуу, кичүү, карысы.

Аламан эл деп айтасың,
Алардын алыска кеткен арышы.
Ызат кылат барысы,
Ырыстуу элдин карысы.
Ылайыксыз эл дейсиң,
Алардын ыраакка кеткен дабышы
Күңгүрөнүп ыйлагам,
Күйөрүмдүн жогунан.
Эне-атасыз жетимдин,
Эмне келмек колунан?
Кулак салып угуп тур,
Кутулайын жообуңан.
Кутургансып мактанып,
Курсагыңдын тогунан.
Багарга тууган болгон жок
Байкуш деп боор ооруган.
Балапан түлөк жаш кезде,
Басынтып кырсык тооруган.
Жергемден кеткем бөлүнүп,
Жетимдик менен оорудан.
Ала качып жанымды,
Барган жерим Аксыда.
Аман сактап өлүмдөн,
Калган жерим Аксыда.
Айтканымды жок дебес,
Алган жарым Аксыда.
Алтын боолу ак туйгун
Салган жерим Аксыда
Алтын жака, кыйбат тон,
Кийген жерим Аксыда.
Ата-энемдей ардактап,

Сүйгөн жерим Аксыда.
Бакыт шамы жаркырап,
Күйгөн жерим Аксыда.
Атка минип алчактап,
Жүргөн жерим Аксыда.
Анык жыргал доороңду,
Сүргөн жерим Аксыда.
Көңүл ачып шаттанып,
Күлгөн жерим Аксыда.
Качырышар жоо болсо.
Кара өзгөй жалган доо болсо,
Каралашар элим бар.
Кабыргамды дарт чалса,
Кара болчу белим бар.
Өчүгүшөр жоо болсо,
Өзгөчө жалаа доо болсо,
Өзөлөнөр элим бар.
Өзөгүмдү дарт чалса,
Өбөк болчу демим бар.
Тарбиялап өстүргөн,
Таяке, тага дагы бар.
Тели теңтуш тең курбу,
Тектүү элим дагы бар.
Кайгырбагын, Эсеке,
Каралашар табылар.
Байкагын Эсе, сөзүмдү,
Айнектей ачам көзүңдү.
Абышка болгон кезиңде,
Адашып айттың сөзүңдү.
Баарысын айтып нетейин,
Башка сөзгө өтөйүн.

Баятан айткан сөзүңө,
Баяндап жооп берейин.

Мөмөсү болсоң даректын,
Айылдан балдар келбейби?
Ары-бери имерип,
Акылын таап илбейби?
Ар этектеп теришин,
Ар кайсы жерге жебейби?
Данегиң чирип кык болор,
Кабыгың чирип жок болор.
Өмүрүңдүн акыры,
Ушундай болуп токтолор...

Шишеси болсоң арактын,
Мас адам сени сыйлайбы?
Таамайлап кармап мойнуңдан,
Таамайлап ташка урбайбы.
Тамтыгы кетип быркырап,
Талкаланып сынбайбы.
Койкойгон мойнуң жоголуп,
Кокуй чал жаның тынбайбы?
Аракеч болсоң мас болуп,
Агайын менен кас болуп
Ажалың жетип сен өлсөң
Балдарың базар барбайбы?
Олуята базардан
Айтылуу спирт арактан,
Аябай арбын албайбы?
Бейитиңе бул атап,
Балдарың арак бербейби?

А дүйнө жайга барганда
Абышкам, арактан азап көрбөйбү?
Жаңкүр, нүңкүр бериште
Жетимиш батман күрсү алып,
Жаныңа басып келбейби?
«Рабиң кимдер?» — дегенде
Келмеге тилиң келбесе
Күрсү менен бир коюп,
Сазайыңды бербейби?
Ойлонбой туруп айтылган
Оозуңда жаман кеп турат.
Эсекем капыр болду деп
Эл айтып ушак кеп кылат.
Күүлөнүп буудан чуркаса,
Сендей, күлүктөр баспай тек турат,
Алтымыштан ашканда
Арып калган экенсиң.
Акыл менен эсиңден,
Танып калган экенсиң.
Азуу менен тишиңден,
Чалып калган экенсиң.
Карууң кетип шылкылдап,
Карып калган экенсиң.
Азабы көп тозокко,
Барып калган экенсиң.
Жаратканды унутуп,
Жаныңдагы Майкөттү,
Мазар кылып, пир тутуп,
Жарып калган экенсиң.

Таманы болсоң жоргонун,
Туягың жадап таш басар

Темтеңдеп баспай жүгүнүп,
Теминсе көзүң жаш басар.
Дааратыңды болсоң молдонун,
Кумганга суу куюлар.
Колуна алып койкойтуп, .
Кожо, молдо жуунар.
Байкап көрчү, Эсеке,
Мунун кандай обу бар.
Чигити болсоң козонун,
Чиритип жерге көмбөйбү?
Угуту болсоң бозонун,
Ородо сасып өнбөйбү?
Ары жок сендей как баштын,
Ажалы жетип өлбөйбү?
Алакан жайып дубага.
Агайын-тууган келбейби?
Чапчакка бозо салдырып,
Чаңкаса суусун кандырып,
Батага келген кишиге
Балдарың бозо бербейби?
Бозо салып бербесе,
Бул ордуна келбесе
Шаанисиң жок деп сендейди
Шайтандар жаман көрбөйбү?

Бозокор болсоң бостойтуп,
Эки көзүңдү тостойтуп,
Токтотпой айдап өзүңдү
Тозокко түртө салбайбы?
Жакасы болсоң манаттын,
Бүркүткө сени алдырар.

Кызыл түлкү экен деп,
Жака кылып салдырар.
Кийинчерээк эскирип,
Кылы сынаар кырчылып.
Тыбыты түшөр тытылып,
Каларсың чалым калдырап,
Жаргак болуп тытылып...

Сабагы болсоң сажаттын,
Өзүн өзү күүлөйбү?
Өкүрөңдөп өйдөлөп,
Обу жок сөздү сүйлөйбү?
Салабаттуу жакшы адам
Салттуу сөзгө кирбейби?..

Чалгыны болсоң канаттын
Чабыттарсың, учарсың.
Жаның калбай жалпаңдап,
Чар тарапка сызарсың.
Ары-бери жулунуп,
Анда-мында урунуп,
Чамаң кетип бир кезде
Чалгының түшөөр жулунуп.
Талаада калган чалгыңды
Жок кылаар шамал учуруп.

Күлүгү болсоң жылкынын,
Күнүгө тойго минбейбн?
Күкүгү болсоң ырчынын,
Күүлөнсө кыргый илбейби?
Күкүгү болом деп жүрүп,

Көптөн алдап жеп жүрүп
Күнөөгө башың кирбейби?

Бууданы болсоң жылкынын,
Булкунтуп тойго минбейбн?
Булбулу болсоң ырчынын
Бурулуп кыргый илбейби?
Булбул болом дегениң,
Бузуктукка кирбейби?
Торусу болсоң жылкынын
Токмоктоп тойго минбейби?
Торгою болсоң ырчынын,
Тоо турумтай илбейби?
Торгою болом деп жүрүп,
Топтон алдап жеп жүрүп,
Тозокко башың кирбейби?

Асылы болсоң жылкынын,
Алкынтып тойго минбейби?
Акыны болсоң ырчынын
Алжыган сөздү сүйлөйбү?
Акыны болом деп жүрүп,
Андан-мындан жеп жүрүп,
Азапка башың кирбейби?

Жаак чачың алдырбай,
Жүндүү болгон экенсиң.
Жаратканың унутуп,
Жинди болгон экенсиң.
Жабдык салып шайтанга
Минги болгон экенсиң.

Жаннат турса тозокко,
Кирги болгон экенсиң.

Желке чачың алдырбай,
Жүндүү болгон экенсиң.
Жетелеп Майкөт мингидей,
Минги болгон экенсиң.
Баарынан безип жатыркап
Пир болду Майкөт казабың.
Билбесең айтып билдирем
Ким болот сенин мазабың.
Анык Майкөт пир болсоң
Ашкан кыйын эр болсоң,
Ушул жашка чыкканы
Канча киши жасадың?

Баатырсынып, Эсеке,
Байлыгыңа мактанба.
Бүт баарынан безипсиң,
Бир Майкөттү тапканга.
Караанын көрбөй калкыңдын,
Калаарсың түшүп капканга.
Тиштенип барып жатарсың
Тизеңден капкан чапканда.
Баятан бери айтканың,
Маанисиз жаман ыр болду.
Бүтүн качып баарынан
Майкөт сага пир болду.
Айтканыңдын баарысы,
Аябаган чыр болду.
Жети атаңды унутуп,

Жолоочуну пир тутуп,
Сандырактап Эсеке,
Сага кандай ыр болду.
Адал эмгек денибиз,
Ата-баба пирибиз.
Кеп коомунан адашсак,
Кандай болмок күнүбүз.
Тантырактап адашпай
Таза жолго кириңиз.
Жол көрсөтүп олтурган
Мен Жеңижок иниңиз.
Эс-акылдан адашпай,
Элдин салтын билиңиз.
Ала кетем Аксыга
Ар кылбастан жүрүңүз.
Билип жүрсөң бир тууган,
Бирге болот түбүбүз.
Ойдогунун баарысын,
Орду менен кам кылган.
Эзелкиден калган иш,
Эл-журт үчүн кам кылган,
Карманарың пир болсо,
Каалаганың дин болсо,
Арсланбапта кожо бар
Арман кылбай шого бар.
Билип сөздү так айтып,
Бейилиңди агартып,
Пирим дебей Майкөттү
Пикириңди оңдоп ал.
Ай кыярып баркырап
Баткан жайы кайда экен?

Ата-бабаң чогулуп,
Жаткан жайы кайда экен?
Азезилди таш менен,
Аткан жайы кайда экен?
Күн кыярып баркырап,
Баткан жайы кайда экен?
Күлдү пенде жыйылып,
Жаткан жайы кайда экен?
Күнөөлүнү таш менен,
Аткан жайы кайда экен?
Учсуз, түпсүз ааламга,
Үлөштүрүп адамга
Ырыс менен насипти
Чачкан жайы кайда экен?
Айтчы бейиш эшигин,
Ачкан жайы кайда экен?
Мээрим тонун жамынган
Эрте туруп камынган,
Кол куушуруп калкынын,
Коомуна багынган.
Көзү көргөн чындыкты
Көңүлүнө толтурган.
Акыл сөзүн үйрөткөн
Ак туйгундай түлөткөн,
Ажымат атам ошо бар
Арманда болбой кошо бар.
Карыганда келиптир,
Калжыраар кезегиң.
Билбей жүргөн экенсиң
Пирдин кандай экенин.
Айтып берсин толуктап,

Арсыз Майкөт эшениң.
Кесирленип унуттуң,
Келер сөздүн кезегин.
Жети атамдан бүт билем
Жерим Талас экенин.
Аксыга жүр мен менен
Айыкканча кеселиң.
Талашы жок эч кимдин,
Талас туулган мекеним!
Болбосун десе маскара
Уруксат берер Ташкара.
Соолугуп келгин дартыңдан!
Сооп учун ала кетемин! — деп

Жеңижок ырдап бүтүп, терин сүртүнүп, ондонуп олтурат. Жүз баштуу үйдүн ичи толгон эл, туурдуктарын каңтарып, тыштан тыңшап жүрүшкөндөр андан көп, Жеңижоктун ырдаганына калың эл таң калат. Майкөт акын элди айландыра карап алып: «Бали, балам Жеңижок, жумуру баштуу, кызыл тилдүү адамда сенден аскан акын болмас, рахмет!» — деди да Эсенаманды карап: «Аулүйе, мазарыңмын, пириңмин деп мен сага кашин айтып эдим! Өзүң көтөрүп уруп, жыгып, төрт аягымды буып бердиң. Балаң бауздамастан тирилей теримдн тескери сыйрып салды. Энди айтар не сөз калды. Рахмет, балам Жеңижок, мен айтыспай ак жыгылдым» — деди.

ЭСЕНАМАН МЕНЕН ЧОҢДУ

Чоңду:
Бурай-бурай сөз келди,
Балам, бурачу жерге кез келди.
Толгой-толгой сөз келди,
Балам, толгочу жерге кез келди.
Алыс менен жакындын,
Ченин алган бар бекен?
Кызыл жылан ширгелек,
Кымыз ичкен бар бекен?
Сары жылан ширгелек,
Саамал ичкен бар бекен?
Узун жыгач башынан,
Улап алган бар бекен?
Эки жыгач боорунан,
Эптеп алган бар бекен?
Туура жаткан жыгачтан
Чек чыгарган бар бекен?
Тувур-тувур жыгачтан,
Туурап алган ким экен?
Аштап ырдап ат алдың,
Тойдон ырдап тон алдың,
Муну таап айтып бер,
Муну таап айтпасаң,
Алганыңды кайтып бер!

Эсенаман:
Алыс менен жакындын,
Ченин алган жолоочу.
Кызыл жылан ширгелек,

Кымыз ичкен куу шайтан.
Сары жылан ширгелек,
Саамал ичкен куу шайтан.
Узун жыгач башынан,
Улап алган уукчу.
Тувур-тувур жыгачтан
Туурап алган түндүкчү.
Эки жыгач боорунан,
Эптеп алган ээрчи.
Туура жаткан жыгачтан
Чек чыгарган челекчи.
Толгой-толгой сөз келсе,
Чоңдуке,
Толгоочу жерге кез келсе,
Асмандагы Айыңдын
Батар жери кайсы экен?
Бар олуя чогулуп,
Мунун жатар жери кайсы экен?
Алакандай никенин,
Адалдыгы кайсы экен?
Беш убаккы беш намаз,
Ак сакалы кайсы экен?
Таңга маал болгондо,
Келбейт сопу уйкусу.
Кайсы болот куранындын кулпусу?
Кой кыштатып короого
Сооп алган бар бекен?
Өткөн менен кеткенден
Жооп алган бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,

Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен?
Боору бүтүн, башы эсен,
Калкта бүтүн бар бекен?
Тойдон ырдап тон алдың
Аштан ырдап ат алдың,
Далай бектен бата алдың.
Муну таап айтып бер,
Муну таап айтпасаң,
Чоңдуке,
Алганыңды кайтып бер.

Чоңду:
Беш убаккы беш намаз,
Ак сакалы багымдат.
Таңга маал болгондо,
Келбейт сопу уйкусу,
Кайда болот дегениң?
Куранындын кулпусу.
Кулкулдабат эмеспи
Өткөн менен кеткендин,
Сооп алат дегениң.
Оң ийниңде бериште,
Сактап турат турбайбы.
Сол ийниңде бериште,
Күнөөң менен соопту,
Каттап турат турбайбы.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,

Кууда бүтүн куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн карлыгач.

Эсенаман:
Камыш башы калк этет,
Бул эмне болучу?
Жекен башы желп этет,
Бул эмне болучу?
Жер чапчыган чал буура,
Бул эмне болучу?
Желини сүттүү куу инген,
Бул эмне болучу?
Кумурсканы кой кылып,
Кумга жайган бар бекен?
Чегирткени ат кылып,
Черүүгө минген бар бекен?
Көпөлөктү ат кылып,
Көл кыдырган бар бекен?
Сокбилекти кыз кылып,
Эрге берген бар бекен?
Кара тоонун боорунда,
Казык каккан бар бекен?
Кунан койдун куйкум эт,
Бутун жеген бар бекен?
Бедел менен жайыктын,
Белин ашкан бар бекен?
Узун чыбык колго алып,
Жер кыдырган бар бекен?
Токумдугун тердетип,

Түндө жүргөн бар бекен?
Кара тоонун башына,
Ат ойноткон бар бекен?
Кардуу тоонун боорунда,
Кар бургуткан бар бекен?
Эки таштын түбүнө,
От жактырган бар бекен?

Чоңду:
Камыш башы калк этсе,
Казы элечек эмеспи.
Жекен башы желп этсе
Желке чачың эмеспи.
Желини сүттүү куу инген,
Өз энекең эмеспи.
Жер чапчыган чал буура
Өз атаңыз эмеспи.
Кумурсканы кой кылып,
Кумга жайган шайтаның.
Чегирткени ат кылып,
Черүүгө минген шайтаның.
Көпөлөктү ат кылып,
Көл кыдырган шайтаның.
Сокбилекти кыз кылып,
Эрге берген шайтаның.
Кара тоонун бооруна,
Казык каккан капканчы.
Кунан койдун куйкум эт,
Бутун жеген карышкыр.
Жети төрдүн башына,
Шерне жеген боз балдар.

Бедел менен жайыктын,
Белин бууган арыкчы.
Узун чыбык колго алып,
Жар кыдырган балыкчы.
Токумдугун тердетип,
Түндө жүргөн каракчы.
Кара тоонун башына,
Ат ойноткон бүркүтчү.
Кардуу тоонун боорына
Кар бургуткан куу түлкү.
Эки таштын түбүнө,
От жактырган жылкычы.

НУРМОЛДО МЕНЕН НУРБАЙДЫН АЙТЫШЫ

(ЗАМАНА)

Экөбү бир аймактан: Нурмолдо Алабука ооданынын Коштерек кыштагынан, Нурбай Жойбелкенттен. Иликтөөлөрдүн натыйжаларына караганда Нурмолдо менен Нурбайдын бул айтышы Маргалаң шаарындагы Созоктук Мырзакул байдын медресесине барганда маврут учурунда өткөн дешет. Мырзакул байдын балдары: Самаркент, Олуйата, Алматы, Упа, Казан, Бакы, Парикана эшендерин маврутке чакырган. Бул чоң жыйынга Орусийанын өкүлдөрү да келишкен. Нурмолдонун кастары да жок эмес эле. Нурмолдо менен Нурбайдын өмүр бою айтышып келатканын билген шумпайлар бул чоң жыйындан пайдаланышып Нурмолдонун кадыр-баркын пастатмак болушат. Бирок шумпайлар күткөндөй Нурмолдо майдаланбай маселеге фалсафий карап коомдук маанайда, элдик ырайда калчап, турмуштук ишти козгоп бардыгын кайыл калтырып жеңип чыгат. Кадыр-баркы пастамак түгүл мурдагыдан алда канча бийиктеп калат. Айтышты жар чакырыштын бир түрүнө айландырат. Далилдерге караганда бул айтыш 1916-жылы мардикерлер жөнөй электе болгон. Ушул айтыштан кийин соо болсо да «көр Нурбай» атыгат. Себеби Нурмолдонун көп сөздөрү ылакап болуп тарап кете турган. Өтөнү окутуп жүргөндө ысмын унутуп калып: - Эй, Жеңижок бала, бери кел деп чакырат. Ошондон улам балдар «Жеңи-жок-Жеңижок» деп атап жүрүшүп Жеңижок атыгып кеткен. Мына ушул замана жөнүндөгү айтыштан кийин Нурбай чын эле сокур болуп калган дешет...

Бул айтыш Нурбайдын жердеши Жойбелкент кыштагынын тургуну Калыгул санжырчыдан, Айрытамдагы Камчыбек манасчыдан, Куйгумендеги Ташбай молдодон, Кызылтокойдогу Тойчубек улакчыдан, Кызыратадагы Баатырбек өлөңчүдөн, Жапмасалдыдагы Бурулкан өлөңчүдөн, Иримжит кыштагындагы Кушназар комузчудан, Добулбек чеченден 1950-1960-жылдары жазылып алынган.

Нурбай:
Келатырык бир жолдо,
Кер какшыкчыл Нурмолдо.
Замананы мактайсың,
Зар какшаткан күндөр го?!
Зор берип дайым жактайсың,
Күндүз кара түндөй го?!
Имине менен тактайсың,
Испатиң кайсы кур молдо?!
Заман акыр, жер такыр,
Болуп бара жатпайбы?!
Кайсы жагы мустакам,
Кишини киши сатпайбы?!
Башаламан убакты,
«Жакшы» деп жазып каттайбы?
Баскынчылар көбөйдү,
Башыңа мелжеп айтпайбы?
Байкасаң сөздүн тереңин,
Байсайсың канча керегин.
Супсунуң суур тим эле,
Суроолорду беремин.
Амалдарлар көбөйдү,
Ал эмине береним?

Айласыз калды кулпенде,
Айтып көрчү себебин.
Тоголонгон чектокол,
Тобуң болду замана.
Бычактап союп жегидей,
Койуң болду замана.
Зарлантып аткан зарзаман,
Зарың ушул эмеспи?
Тарыткан баарын тар заман,
Шоруң ушул эмеспи?
Калтыраткан кал заман,
Коруң ушул эмеспи?
Мыкты болсоң келтирчи,
Мындан артык элести?

Нурмолдо:
Изгилери адамдын,
Изин сезип ааламдын.
Түрүн көрүп пенденин,
Тамырын кармайт замандын.
Ажырымын көрсөткөй,
Жакшы менен жамандын.
Апарар чегин аныктайт.
Адымдаган кадамдын.
Алгылары кишинин,
Абалын билип ишинин
Залалы, кандай пайдасы
Задиси заман тишинин?
Алдын ала айтады,
«Имиш-имиш-мишинин».
Алдуулар кантип чайкайды?

Анысын көрбөй - билбей-ак,
Алдагачан байкайды.
«Эми мындай болор» деп,
Элге салар айкайды.
Мен айткандар калк сөзү,
Мээрмандык дал өзү.
Сен айткандар тим эле,
Сенделгендин «пал» сөзү.
«Пал ачкандын» баарысын,
Бакшы болбойт турбайбы.
Тобуңар калыс болгула,
Талдайлычы Нурбайды.
Тике тиктеп өзүңө,
Жооп берем сөзүңө.
Чындыгы үчүн коомдун,
Карабаймын көзүңө.
Ынанбасаң буларга,
Ыроологун өзүмө.
Тоголото чапкыдай,
Тобуң эмес замана.
Кааласаң союп жегидей,
Коон эмес замана.
Кулаткыдай ташынан,
Зооң эмес замана.
Тез алмашып кийгидей,
Тонуң эмес замана.
Кайда болсо баскыдай,
Жолуң эмес замана.
Катындар башка салынчу,
Жоолук эмес замана.
Белиңе байлап алгыдай,

Боолук эмес замана.
Бу дүйнөдө бири кем,
Толук эмес замана.
Шорекке союп жегидей,
Соолук эмес замана.
Найзалагыдай жоо келсе,
Тоолук эмес замана.
Бир-бирине октолчу,
Зордук эмес замана.
Үлбүрөгөн сулуудай,
Назик болгой замана.
Ыгын билип издесең,
Азык болгой замана.
Касиети кубантар,
Канык болгой замана.
Тилин дароо таппасаң,
Жазык болгой замана.
Как жүрөккө кагылган
Казык болгой замана.
Көпчүлүктү жактасаң,
Бакыт болгой замана.
Жаркыраткан түнүңү,
Жакут болгой замана.
Сөлүн таап башкарсаң,
Садык болгой замана.
Жакшыларга жанашсаң,
Бадик болгой замана.
Жамандыктан сактансаң,
Мажик болгой замана.
Түшүнбөсөң тилине,
Таажик болгой замана.

Жезиттин кирсең тилине,
Ый-муң болгой замана.
Өмүрбакы өчпөгөн,
Кайгың болгой замана.
Шерменде кылган шерт бузсаң,
Зайыбың болгой замана.
Сөзгө сөлтүк кылган соң,
Айыбың болгой замана,
Ачкычын тапсаң колдогон,
Кайыбың болгой замана.
Амандык жагын көздөсөң,
Айылың толгой замана.
Издегенге таптырар,
Кайының болгой замана.
Кол кармашып келишсең,
Дайының болгой замана.
Жөнжайын билбей касташсаң,
Түнүң болгой замана.
Кызмат кылсаң жадабай,
Күнүң болгой замана.
Ыргагын таап черталсаң,
Күүң болгой замана.
Обонун таап ырдасаң,
Үнүң болгой замана.
Душмандашсаң байкабай,
Тулуң болгой замана.
Аста секин жумшасаң,
Кулуң болгой замана.
Соодалашсаң келтире,
Пулуң болгой замана.
Найын тартсаң күндө нан,

Унуң болгой замана.
Тарбияга жараша,
Уулуң болгой замана.
Жайын билбей чабышсаң,
Зулум болгой замана.

Бийлик, байлык талашып,
Хандар бузган замана.
Акылгөйлөр башкарса,
Анык түзгөн замана.
Эки жүздүү кошомат,
Жандар бузган замана.
Боложагын көрсөтө,
Таныш түзгөн замана.
Өз кызыгын өмөлөп,
Аңлар бузган замана.
Кележагын кемелдеп,
Жаныш түзгөн замана.
Амалдан амал издешип,
Танлар бузган замана.
Калк мудаасын көздөгөн,
Канык түзгөн замана.
Кара оокатка касташып,
Маңлар бузган замана.
Баарысынан артыгы,
Сардар түзгөн замана.
Нурун көрүп билбей-ак,
Нурбай бузган замана.
Замана деген ушундай:
Колуңдагы кушундай.
Таптаганга жараша,

Түшүм берет кызылдай.
Абалтадан акылдуу,
Ата теги накылдуу,
Аталар айткан ышынбай.
Адыраңдабай ар дайым,
Аңдай жүргүн сен, Нурбай!
Жакшыларга жаман сөз,
Жабыштырган кем Нурбай?
Соо болсо да көрбөгөн,
Эки көзү көр Нурбай.
Байкай билсең буларды,
Болор элең эр Нурбай.
Заманаңа түшүнсөң,
Атыгар элең шер Нурбай!

Нурбай
Коруп алып жериңи,
Кор кылса деле элиңи,
Тартып алып жериңи,
Тарытса деле элиңи,
Атса көрбөй донузча,
Болушасың оруска?
Алмасы бышып гөң болгон,
Жаңагы түшүп дөң болгон.
Алла берген баркыты,
Алып койсо Аркытым!
Имерип кетсе байлыгың,
Ичип койсо чайлыгың?
Ийрейтип көңүл оорутса,
Ийрилдиң неге оруска?
Кафирлер досу - жар дейсиң,

Мардикерге бар дейсиң?
Айнып келе жатырсың,
Анык өзүң кафирсиң!
Жинигип келе жатырсың,
Жин молдо өзүң кафирсиң!
Нойуп келе жатырсың,
Ноокас молдо кафирсиң!
Мүлдө журтка сүйлөйсүң,
Мусулмандыкка үндөйсүң.
Мулуңдап секин саткындай,
Мылжыңдын гебин күүлөйсүң!
Мусулмандын кафирге,
Мамилесин билбейсиң!
Каяша айтсам оруска,
Кайра мени тилдейсиң?
Сөзүң башка молдосуң,
Өзүң башка жолдосуң?
Казыргаче билбейсиң,
Кафирлер эл болбосун?
Гебиң суюк молдосуң,
Кайырсыз туюк жолдосуң?
Минтип жүрсөң бузулуп,
Мусулман кантип колдосун?
Эрдиги жок эшенсиң,
Элден чыккан кеселсиң!
Эки жүздүү кишини
Элим кантип колдосун?
«Кылганын кылба молдонун,
Айтканын иште» дечеле.
Оолуя деп өзүңү,
Оолугупмун кечээ эле!?

Тооба кылдым жаңылып,
Сенин жүзүң нече эле?
Алдамчы эмей сен кимсиң?!
Акылдуу деш кеч эле?!
Кафирге каршы камынсам,
Кайра мени тилдейсиң?!
Айтканың дагы жарабайт!
Тартканың дагы жарабайт!
Эшиткендер кылыгың,
Эми жүзүң карабайт!
Калкка ачпай бетиңи,
Кумарым такыр тарабайт!
Алдамчы эшен телчибейт,
Артыңан эч ким ээрчибейт!
Орустарды жактайм деп,
Кафир болдуң Нурмолдо!
Опсурддарды мактайм деп,
Такыр болдуң Нурмолдо!
Барганыңда аралап,
Байыттыбы паралап?
Ат мингизип орустар,
Тон жаптыбы болуштар?
Куш тартуулап орустар,
Сом жаптыбы болуштар?
Жактап-мактап кафирди,
Жөнүң кандай болушар?
Чыныңы азыр айтасың!
Чыныңы азыр айтпасаң,
Чыгып үйдөн кайтасың!
Аныгын азыр айтпасаң,
Айдалып үйдөн кайтасың!

Жезит болуп кетесиң,
Жек болдуң эми жекесиң!
Армандуу болуп кетесиң,
Азыкыч эми жекесиң!
Болушкудай оруска,
Боордошуң, тагаңбы?
Баскынчылар баш кесер,
Баарысы сенин агаңбы?
Үңүрөйө тиктейсиң,
Унчукпай койсом жагамбы?
«Оңолсун» деген эл сөзүн,
Озунуп айтсам жаманбы?
Кагынып кеткен катаңы,
Катырып айтсам жаманбы?
Кайдигерче көз жумуп,
Карабай койсом жагамбы?
Чочубайсың мунуңа,
Чүргөп койот дединби?
Чортоңдоп жаймай жүрүсүң,
Чочконун гөшүн жединби?
Камырабай күнүтүн,
Карбаластабай жүрүсүң?
Калк көтөргүс күнөйүң,
Катып койот дединби?
Кажатсыз басып жүрүсүң,
Камандын гөшүн жединби?
Дөгүрсүп келе жатырсың,
Доңузду жесең кафирсиң!
Кайгырбай келе жатырсың,
Каманды жесең кафирсиң!
Чойулуп келе жатырсың,

Чочкону жесең кафирсиң!
Басып алган кеними,
Башка чаап ийген элими.
Басынтып ийген белими,
Бу баскынчы орустар,
Бахысташар теңиңби?
Таш каптырган демими,
Ташыбаткан кеними
Тентип келген орустар,
Тексиз эшен, жээниңби?!

Нурмолдо:
Эми сөздү элейин,
Эм болорун терейин.
Асылганың өзүмө,
Ашыкча дебей не дейин?
Каригине буйдалбай,
Коомукка келейин,
Жармачына кайрылбай,
Жамагаттык жооп берейин.
Майдасына ушталбай,
Ирик-ирик[1] желейин.

Кордогонуң жукпайды
Колтугума чыкпайды.
Арбаганың жукпайды,
Ашыгыма чыкпайды.
Кафир сөзүң жукпайды,
Капталыма чыкпайды.

[1] Ирик-ирик – чоң -чоң

Эшендигим эл билет,
Молдолугум мол билет.
Жоболоңдуу көр Нурбай,
Жолбун сөзүң көбүрөт.
Какбаш гепке кайрылбайм,
Коомдуктан айрылбайм.
Уу сөзүңү жолотпойм,
Убакытым коротпойм.
Суроолорго келегей,
Салттуу жооп берегей.
Жамандарча чарпышбайм,
Жакшыларча айтышам.
Коруп алса жерими,
Зордукчулдун тиши экен.
Бирикпеген түрк эли,
Кор болуучу киши экен.
Атылса бири доңузча,
Андайына не чара!
Адам деген бейчара.
Күнү бүткөн күндө өлөт
Ажалы жеткен айда өлөт.
Ичер суусу түгөнгөн,
Ичкери, тышта жылда өлөт.
Бирөөнүн ажалы суудан,
Бирөөнүн ажалы оттон,
Бирөөнүн ажалы октон!
Адамзаада пендесин
Алла шундай жараткан.
Айга, Күнгө качсаң да
Ажал жетет канатчан.
Алат барып жаныңы,

Азирейил жаракчан.
Шейит болгон пендеси
Жайыт табат жаннаттан.
Муну билбей Нурбай пас,
Чыга калдың кайактан?
«Сактансаң - сактайм» - дейт Кудай,
Сенин камың жейт Кудай.
Бөөдөдөн-бөөдө эч кимдин
Өлгүсү келбейт желдеттен.
Узагырак жашагай
Ырайым күткөн Алладан.
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Жерин коргоп алалбай,
Жигитпи үйдө жашынган?!
Чыккынчынын «адиси»,
Душманына сатылган?
Адаты кармап Алаштын,
Жакынын көрүп жатындай!
Болгондордун салтыбы,
Бир бооруна асылган?
Үйүтү күчөп уюгуп,
Уруштан көзү ачылбай,
Уюшууну унуткан,
Уруяты айтылбай.
Экөөбүздөй үгүтчү,
Бир-бирине асылган.
Жамагатта жолукса,
Ушунтип,
Жанчышмакка шашылган.
Башына келер бактыны,

Бириндеп жүрүп качырган.
Ачылары-ачылган,
Чачылары чачылган.
Качырарын качырган,
Кырылары кырылган,
Жырылары жырылган.
Куркулдасаң баш жарат!
Куру намыс сеники,
Каркылдасаң - башты алат!

Картты тырмап чукунуу,
Калкты өлүмгө тукуруу!
Калыс гепти айтканда,
Калайман салып кутуруу!
Андыжанда баягы,
Мадалиешен «сабагы».
Кеттиби чыгып эсиңен?
Жексендеген элими,
Жеткен жерге аягы!
Падишахтын жандарал,
Жайлабай кимди аяды?
Миңтөбөдө эр түгүл,
Калбады бала, аялы?
Тыптыйпыл болду эгинсиз,
Суусуз кылды талааны.
Миңтөбөгө алиге
Маңбайды инсан аягы!
Баштамаксыңбы баң Нурбай,
Мына шундай балаани?
Сырдашым Нурбай сен түгүл,
Залдарга айттым бу гепти.

Хантеңирдей керилген,
Хандарга айттым бу гепти.
Жайыктан азык өндүргөн,
Жандарга айттым бу гепти.
Санжыраны саптаган,
Сардалга айттым бу гепти.
Мына бу карап отурган,
Бардарга айттым бу гепти.
Дөөлүтү ашып-ташыган,
Даткага айттым бу гепти.
Арка болгон асылга,
Аткага айттым бу гепти.
Ааламдын кабарын билген,
Ашнага айттым бу гепти.
Табылгага теминген,
Ташнага айттым бу гепти.
Бардыгы тегиз коштоду,
Бап келген сөзүм окшоду,
Жашыктары тим эле,
Жашып-сыктап боздоду.
Жойбелкент калкын кырдырып,
Аксыга салба жалааны!
Коштерек белин сындырып,
Анан табаң канабы?
Табгачка шылдың кылдырып,
Таанымаксыңбы ананы?!
Деги качан тынчыйсың,
Тексиз Нурбай арамы?!
Жооп берчи Нурбайым,
Журт алдында угайын,
Эки көздүү сен көрсүң.

Эсмесиңи урайын!
Ботобайдай боткосун,
Байсалдай башсыз чочкосуң,
Байагы сөзүң кайталап,
Байсачы кана угайын?
Гөркарыдай гөпшөксүң,
Гөржерди-бокту кепшейсиң.
Үсөндөй орой үңкүймө
Ушуларды кепшепсиң,
Үлгүңү бүгүн сынадым.
Орозматтан озбойсуң,
Калботодон калбайсың.
Байсай берсең ушунтип,
Баарысын бир күн жайлайсың!
Тең келбейсиң Теминге,
Теңдешесиң Оморго!
Терсектей өзүң «кырааным»,
Кайталашка не керек,
Сыйрылары сыйрылган!

Алдагачан басылган,
Аштайлы сөздү асылдан.
Белгилүү бизге, силерген,
Баба-салты илгертен.
Бу дүйнөгө адамды,
Сынамакка жиберген.
Анысын сезбей Алланын,
Айрылар кейбир жигерден.
Мардикерлик маселе,
Марттык болубатпайбы!
Ар нерсени бир айтпай,

Арамдарын таштайлы.
Ар ким туру түшүнүп,
Ана ушундан баштайлы!
Каяша айтып оруска,
Казак хандар не болду?
Аяк-башы белгисиз,
Айтышып жүрүп жоголду,
Кырсыгышкан оруска,
Кыркгузхандар не болду?
Салават, Балбай, Ормондор,
Союлуп баары кор болду!
Мардикерге барбаган,
Мадбаштар кайдан оңолду?!
Мардикер берип жигиттен,
Мардайсаң тирүү каласың.
Кайаша айтсаң өлөсүң,
Кырсыкты башка саласың!
«Башбердини авлет» деп,
Балдарың тартар жалаасын.
Ойлончу бир аз токтолуп:
Каяшаң тийер ок болуп,
Алакандай аз элсиң,
Каласың дароо жок болуп.
Көп элдин чети оюлбайт,
Көңүлү турар ток болуп.
Саначы өзүң бактыңы,
Кырылса аз эл жакшыбы?
Акылды кайдан табасың,
Аттырып ийип жакшыңы?
Осмонбек, Байаз болуштар,
Ороз, Шатман зорустар.

Мадаминбек миңбашы
«Мартэкен» деди орустар.
Мардикерликти жактады,
Байтуман, Шермат, Амандар.
Мадумар, Насырхан төрө,
«Баргыла!» деди барбаңдай.
Нускасаң деле түшүнбөйт,
Нурбай сымак арамдай!
Орус мылтык-бат атар,э
Өнөрүң сага таанытар.
Сенин кара мылтыгың,
Серпкенинче беш атар!
Какбашыңы Нурбайым
«Кап!» дегиче теше атар!
Эне сүтүң оозуңа
«Эй?» дегиче татытар.

Калгандар качар топтошуп,
Качкындарга окшошуп.
Калкыңы түгөл качырып,
Калтырбай тирүү октошуп,
Качырар бакыт кушуңу,
Кырылабыз окшошуп!
Каалайсыңбы ушуну,
Каражаак Нурбайым?
Өзүң калыс бологой,
Кандай айтып турайын?
Куру намыс баш жарат,
Калкты өлүмгө тукуруу!
Төп келбейсиң адамга,
Тескери болуш жаман да!

Оң келбейсиңер адамга,
Орой болуш жаман да!
Элиң азыр аманда,
Эсире бериш жаман да!

Кана айтышчы Нурбайым,
Каалайсың кандай замана?
Сөгүнө бериш жаман да,
Сап жакшылар аманда!
Сүйлөп көрчү Нурбайым,
Сүйөгөй кандай замана?

БИР АЛЛА
(Нурмолдо, Токтогул, Эшмамбет алым сабак)

Нурмолдо:
Йа бисмилла рахим
Жанга жайлуу ыракым.
Не бар үчүн жаркырап
Күйүп турар чырагың?
Үстү жакта ниме бар?
Асты жакта ниме бар?
Кайсы ченде турагың?
Ай-ааламды өзүнө
Караткан ыйык эмине?
Күн ааламды устунсуз
Жараткан ыйык эмине?
Канча ааламды жайына
Тараткан ыйык эмине?
Жамандыкты жоготор
Жаракчан ыйык эмине?
Жакшылыкка бакылык
Шар аккан ыйык эмине?
Дүйүм мөмө жасаган
Даракчан ыйык эмине?
Уктап дем алар шартын
Дагы ачкан ыйык эмине?
Асман жердей дилиңе
Жайгашкан ыйык эмине?
Топуктанып тилесең
Толуктоо берген эмине?
Талабыңча тайынсаң

Болуктоо берген эмине?
Ар кишиге ылайык
Жоруктоо берген эмине?
Шымаланып шаттанып
Шакирттерим келиңер.
Табышмакты калтырбай
Шартын айтып бериңер.
Үгүт жакка үңүлүп,
Үлгүнү кенен кериңер.

Нөшөр төкмө Токтогул
Дем кошулсун демиңе.
Ырчы чыкма Эшмамбет
Мынча калк карап отуру
Сайрагыла элине.

Токтогул:
Бисисмилла рахим
Баарыбызга ырайым
Сиз бар үчүн бир Алла!
Күйүп турат чырагым.
Күндүн нурун жаамиге
Жаабаткан бир Алла.
Алты кабат асмандын,
Жети кабат жер түбү
Ортосунда турагым
Жараткан өзү бир Алла.
Күн ааламын устунсуз
Дагы ачкан өзү бир Алла.
Он сегиз миң ааламды
Тирөөчү жок, жиби жок
Тараткан өзү бир Алла.

Пейилиңи оңдосоң
Жамандыкты жок кылар
Жаракчан өзү бир Алла.
Жакшылыкты жаратып
Шар аккан өзү бир Алла.
Дүйүм мөмө жараткан
Даракчан өзү бир Алла.
Кележакка ак жолуң
Чабып берген бир Алла.
Өнөр издеп ынтылсаң
Таап берген бир Алла.
Аракетчен адамга
Багын ачкан бир Алла.
Жөндөмүнө жараша
Тагын ачкан бир Алла.
Ойдогусун орундап
Дагын ачкан бир Алла.
Нурмолдодой устатты
Таабаткан бир Алла.
Жамгырдай ырды башына
Жаабаткан бир Алла.
Жарандарга жиберип
Тараткан өзү бир Алла.
Эшмамбетти элейтип
Энтиктирип селейтип
Нурмолдонун оозуна
Караткан өзү бир Алла.

Эшмамбет:
Алхамдулилла. Бу күндү
Өзү берген бир Алла.
Акындар ырдап жүрсүн деп

Сөздү берген бир Алла.
Кызыл этин жапсын деп
Бөздү берген бир Алла.
Ай-ааламды көрсүн деп
Көздү берген бир Алла.
Жаттарды жеңип чыксын деп
Өздү берген бир Алла,
Жер жүзүнө табышмак
Сыр жиберген бир Алла,
Ойноп-күлүп өтсүн деп
Ыр жиберген бир Алла.
Бийикти, пасты билсин деп
Кырды берген бир Алла.
Оңолсун деп жамандар
Чырды берген бир Алла
Жакшылар ичип өнсүн деп
Сууну берген бир Алла.
Жамандар татып өлсүн деп
Арак, наша, кокнары
Ууну берген бир Алла.
Кишилер түндө жол жүрсө,
Кайыл болуп мол жүрсө,
Кетпесин деп адашып
Жылдызды берген бир Алла.
Тебетей кылып кийсин деп
Суусар, түлкү, сүлөөсүн
Кундузду берген бир Алла.
Томсортпостон тоолорду
Топукта жашап жүрсүн деп
Кыргызды берген бир Алла.
Жигиттер сүйүп жүрсүн деп

Нуркызды берген бир Алла.
Аскадан нары ашсын деп
Белди берген бир Алла.
Куда сөөк болсун деп
Элди берген бир Алла.
Күнөөлүүнү алсын деп
Селди берген бир Алла.
Желписин деп ысыса
Желди берген бир Алла.
Жарашсын деп сулууга
Меңди берген бир Алла.
Жашасын деп жандуулар
Жемди берген бир Алла.
Алыска барып келсин деп
Атты берген бир Алла.
Окутсун деп Нурмолдо
Катты берген бир Алла.
Өздүн баркын билсин деп
Жатты берген бир Алла.
Ачууну айра сезсин деп
Татты берген бир Алла.
Соода кылып жүрсүн деп
Сатуу берген бир Алла.
Суу сактап чөлдө ичсин деп
Обузду берген бир Алла.
Көпчүлүккө чертсин деп
Комузду берген бир Алла.
Шаңшып ырдап жүрсүн деп
Добушту берген бир Алла.
Тоолуктар тунук ичсин деп
Өзөндү берген бир Алла.

Үйрөтсүн деп баарысын
Көсөмдү берген бир Алла.
Куудулданып жүрсүн деп
Токтогулдай томолой
Ээгинде бир кыл жок
Көсөнү берген бир Алла.

Нурмолдо:
Кыйын болсо устаты
Шакирти озуп чатырар,
Кесибин улайт кеңитип
Көргөндү алга чакырар.
Баракелде бакыр деп
Бата берип жактырар.
Шакирт күткөн устаттын
Шарийатта баркы бар.
Перишителер жар болуп
Бейиш көздөй чакырар.
Сыймыктанар сыйкына
Сын беришке акы бар.
Көз жетпеген дүйнөдө
Кудуреттин заты бар,
Кубаттуу болсун пенде деп
Кудайдын жазган каты бар.
Күнөөлүүгө коючу
«Куп» дегизген шарты бар.
Аңдабасаң буларды
Азабың дагын артылар.
Анын үчүн ак жүргөй
Адалдыктын парзы бар.
Адалдыкка авлетин

Алкындырар карзы бар.
Анаошондо адамды
Аткарылар арзылар.
Шакирттерим Токтогул,
Эшмамбет экөө каркы бар.
Эл ичинде ээлеген
Изгиликтүү наркы бар.
Элестейди маган бу:
Ырдын кени, шаркы[1] бар.
Кастар кесир кылбагай
Күлүк дейин аркырар.
Узун болсун өмүрү
Оомийин оллоохакибар!

[1] Шаркы — түшүндүрмөсү

МУХАММЕТ ПАЙГАМБАРЫМ

(Нурмолдо, Кыдыраалы, Жеңижоктун алымсабагы)

Нурмолдо:
Биссимиллах мусулман
Безик жүргүн кусурдан.
Бейишке киргей акыры
Бир Алланы тутунган.
Пайгамбарды жолдогун
Пайдаланып учурдан.
Кудуретти ким айтар
Кудай жолун тутунган?
Адамзатты Аллага
Акылы көңүл бурдурган.
Ак нийеттик ааламга
Айанбай колун сундурган.
Эгем менен элимдин
Расулу ким экен?
Бакыт жолу патагөй
Ырас оглу ким экен?
Эң акыркы пайгамбар
Мурас оглу ким экен?
Адамата заманын
Айтып берген ким экен?
Алтын ордо - Каабани
Кайтып берген ким экен?
Анын оглу ажайып
Шайхты берген ким экен?
Каабанин ыйык Караташ
«Хажар ул асвад Харамни»
Пайысты берген ким экен?

Кудайдын үйүн куттаган
Биринчи Расул ким экен?
Алла Таала алдында
Туруучу Расул ким экен?
Сафа, Марва тоосуна
Чыгуучу Расул ким экен?
Ажынын жолун ажайып
Ачкан Расул ким экен?
Арафат тоону аянбай
Ашкан Расул ким экен?
Зыйарат кылып зынарлап
Тапкан Расул ким экен?
Актыктын жолун аластап
Чапкан Расул ким экен?

Адамдан чыккан акылман
Арзуулары сөзлөнгөй.
Ага-ини, бала-чакага
Парзылары сөзлөнгөй.
Улукту айтар кичикке
Карзылары сөзлөнгөй.
Байалы байдын тоюнда
Марзылары[1] сөзлөнгөй.
Пайгамбардын ишине
Бала-чака көздөнгөй.

Кыдыраалы:
Алхамдулилла мусулман
Азат болгул кусурдан.

[1] Марзы - тандалмасы.

А дүйнөңүз шай болгой
Алланы сыйынт тутунган.

Араандуу ыйык, жан өткөн,
Арапыстан журтунан.
Адамзатты сактаган
Адакылар куртунан.
Алла Таала берегей
Акындык гептин курчунан.
Аңдагын элим айрылбай
Акыл айтып турчудан.
Ачык баян эткеймен
Ардак жайы бурчудан.
Ажайып апсун Нурмолдо
Акындар менен бир жолдо.
Абалтан бери жазганын
Ачтырбаган кир колго.
Олуя акын Нурмолдо
Апсундар менен бир жолдо.
Окуган, жазган китебин
Оротпогон кир колго.
Табып, олуя Нурмолдо
Табыптар менен бир жолдо.
Табышмактын жандырмак
Тапшырбаган кир колго.
Устазыма келейин
Узатып айтып берейин.
Ушунча элим тыңшады
Уюштуруп терейин
Баялы байдын тоюнда
Бахарлашпай не дейин.

Эгем менен элимдин
Расулу Мухаммет
Бейиши кылар патагөй
Ырас уулу Мухаммет.
Мындан мурда байкамбар
Өткөн нечен пайгамбар.
Адамзатка кам көрүп,
Адалдын нурун жайгандар.
Пендеге келер балээни
Берилетпей сайгандар.
Ошолордун ичинде
Ибирайим пайгамбар
Ырыс сурап кишиге
Ыраса арбын жайгандар.
Ону да берген пендеге
Арап эли шайкамбар.

Уламадан уккан геп,
Китептерден чыккан деп.
Патагөйдү калтырбай
Баарын айткан Мухаммет.
«Ыйык үйүн Кудайдын»
Тагын айткан Мухаммет.
Адамзаттын сыйынар
Багын айткан Мухаммет.
Ибирайим пайгамбар
Шаңын айткан Мухаммет.
Кудай кулун жараткан
Жанын айткан Мухаммет.
Каабани кайта курганын

Дагын айткан Мухаммет.
Ана ошого келейин
Билгенимче жашырбай
Сурооого жооп берейин.
Кеткен окшоп кечкирип,
Каабанин жолу эскирип.
Түп орду менен жоголгон
Патагой ыйлап эчкирип.
Арамылар көбөйүп,
Бирин-бири жейт тилип.
Өнөгөлөр жоголуп
Өтө курчуп кескилик.
Наадандыктар арбыды
Нарк-нускалар эскирип.
Өнүкпөстөн жаңылык
Өкүм сүрдү эскилик.
Араккор болуп карыгандар,
Алтымышка баргандар.
Арсаландап мас болуп
Ага-иниге кас болуп.
Акылсыз кары «жаш» болуп
Аяшы менен «дос» болуп,
Арбаландап мас болуп
Ата-бала кас болуп.
Эңги-деңги мас болуп
Эне, бала кас болуп.
Аккүп-шаккүп арыгандар
Азуусу түшүп карыгандар.
Арагын койбой арсаңдайт
Алтымышка баргандар.
Жилигинен арыгандар

Жетимишке баргандар.
Жегенинче мас болуп
Жергесине кас болуп
Жээги түшүп арыгандар.
Чыркырап чындык асманга
Чыга качып калган зар.
Батырды канга айылды
Бирин-бири жаргандар.
Тууган-урук түңүлүп
Тааныбастан калган бар.
Кыштак, кентте көбөйдү
Калласин кесип салгандар.
Катынын коюп ортого
Кумар ойноп сайган бар.
Барган сайын көбөйдү
Бир-бирин тоноп алгандар.
Мына шунда чыкты дейт
Сыйынар мечит салгандар.
Керек болгон зарылы,
Кейитпей жашты, карыны
Каада күтөр Пайгамбар.
Как ошондо Ибрайим
Каабанин жолун издеген.
Чалдыбарын кыдырып
Чаңын таппай из менен
Чоң төөсүн минип чарчатып
Чаңыртып чөлдөн издеген.
Чаалыгып жүрүп күнү-түн
Чатырап жаныр иштеген.
Чарчаганда ырбыйып,
Чалыштап өңү бырбыйып,

Каны калган бир кашык,
Эти болуп көк жашык.
Арыганын эл билип,
Асманга турду телмирип.
Теңирге турду сыр ачып,
Желмайанын чуратып,
Жебирейилге сыр ачып.
Ибирайим минетер:
− Парвадигар, жардам бер?
Пенделерге мунасып? −
Деп сыйынып Кудайга
Ибирайим Пайгамбар
Тооп кылса Күн, Айга:
Асмандан добуш угулуп,
Ачса көзү жумулуп.
Телмирип турса асманга
Теңирден буйрук сунулуп
Тилеги жетти Аллага
Асмандан добуш геп айтар:
− Ибрайим муңайба!
«Аракетке берекет»
Алга умтулгун, тынайба.

Жеңижок:
Асманга жетип төбөсү
Жерде мандаш токунган.
Жебирейил көрүнүп
Жаханди ээлеп отурган.
Жарык кылып ааламды
Жаркытып нурун толтурган.
Жебирейил айтат: − Расул,

Сенин камың болтурган
Аракет кыл муңайбай
Ар бир ишиң болсун жам.
Сыйынгын Алла Таалага
Сен үчүн өзү кол сунган.
Ибирайим такыр муңайбай
Илкиди издеп бир айдай.
Чалдыбарын Каабанин
Чектеш үчүн кыйналмай.
Күнү-түнү жол жүрүп,
Күдөр үзбөй мол жүрүп.
Айанбастан жол жүрүп,
Айалдабай мол жүрүп.
Төгөрөгүн арытып,
Төө минип сапар карытып,
Далай жерди арытып.
А дагы чарчап жүралбай
Дулдулда сапар карытып.
Бу дагы чарчап жүралбай
Наржак-бержак арытып,
Нар минип сапар карытып.
Бу дагы чарчап жүралбай,
Көрө албаган гөр душман
Көңүлдөрүн тарытып...
Айлананы арытып,
Атан да сапар карытып.
А дагы чарчап жүрө албай
Аябастан айвандар
Акыл-пейлин тарытып,
Тоуп кылып жалынып,
Теңирге нийет малынып,

Ак урунуп жалынып,
Аллага нийет малынып,
Түңүлбөй кайтып келатса
Бир үзүм булут каалгыйт.
Ибрайим карап ошону
Изин кубуп жалынып.
Жоолуктай булут агарып,
Жылат жолду жарытып.
Чаалыккан жанды көксөтөт,
Чалдыбарды көрсөтөт.
Карыккан жанды көксөтөт,
Каабанин ордун көрсөтөт.
Ибрайим аны караса
Каабанин орду ыраса!
Төрт бурчтанып төрт жагы
Так өзүнүн пештагы!
Керемет булут көрсөтөт
Куду өзүнүн пештагы
Ибрайим бакырын
Баласын жүрү чакырып.
Убай тилеп акырып,
Уулун жүрү чакырып.
Тоуп кылып жөтөлүп,
Тоонун ташын көтөрүп.
Өжөрлөнүп өтөнүп,
Ойдун ташын көтөрүп.
Тегерете пештагын
Дөбө кылды Ибрайим.
Изгиленсе иш кайыл
Үйдөй үйдү Ысмайыл.
Туруп сунса Ибрайим

Торпоктой болгон бир ташты.
Кылычтай шилтеп оң колун
Ысмайыл аны бир чапты.
Кереметин карачы!
Болуп калды төрт чарчы.
Пештакка муну кынады
Ибрайим уулун сынады:
−Колуң усул болуптур
Кирпич кылды сыйагы?
Ысмайыл анда минитет:
-Алланын иши бу дагы.
Кирпич кылып таштарды
Дубал уруп таштады.
Тоодон жыгач апкелип
Торсун, сареп аштады.
Гавхар таш сунду Ибрайим
Кол кыры менен төрт уруп
Текче кылды Ысмайыл.
Мармар таш сунду Ибрайим.
Буту менен тараштап
Мээреп кылды Ысмайыл.
Көкөк таш сунду Ибрайим.
Колу менен төрт уруп
Астана кылды Ысмайыл.
Жаркыратып Каабани
Жарык кылып гавхар таш
Ар тарабын агартты
Асыл экен мармар таш.
Түн бою күйөт чырактай
Таңдандырып жакут таш.
Аркандаган жиби жок

Асылып туру шыбында
Асмандан Алла таштаган
Кааба деген бакыт таш.
Колу менен таштарды
Кирпич кылган Ысмайыл.
Кут кийирип пайгамбар
Кааба кылган Ибрайим.
Паана кылган Расул
Өнөрүнө биз кайыл.
Билгилигиң мол экен
Кирпич кылды Ысмайыл.
Акак таш берди Ибрайим
Алакан менен төрт уруп
Ак гыш кылды Ысмайыл.
Билгилиги мол экен
Бу сурооо, молдокем
Жооп берип турайын
Бейишке барар жолдокен,
Устатым менин Нурмолдо
Уруяты колдо экен,
Усулдарын улайын.
Эң акыркы Пайгамбар
Жаратыптыр кудайым,
Апсунуңу агытпа,
Узак жаша илаим!
Ибрайимдин урпагы –
Мурас уулу Мухаммет.
Алтын Ордо - Каабани
Кайтып берген Ибрайим.
Анын уулу ажайып
Шайхты берген Ысмайыл.

Каабанин ыйык Карaташ
«Хажар ул Асвад Харамди»
Пайысты берген Ибрайим.
Кудайдын үйү - Каабани
Берген Расул биринчи
Ибрайим менен Ысмайыл.
Алла Таала алдында
Турган Расул Мухаммет.
Сафа, Марва тоосуна
Чыккан Расул Мухаммет.
Адамата заманын
Чыңаш уулу Мухаммет.
Ажынын жолун ажайып
Ачкан Расул Мухаммет.
Арафат тоосуп аянбай
Ашкан Расул Мухаммет.
Актыктын жолун акмалап
Ачкан Расул Мухаммет.
Зыярат жолун зынарлап
Тапкан Расул Мухаммет.
Мухамметтир динибиз
Мусулман пенде кириңиз.
Жаңылбас жаак болбойду
Жахл кылбай билиңиз.
Ислам биздин динибиз,
Изги пенде кириңиз.
Иликтебей башканы
Илиясты билиңиз.
Алла биздин динибиз
Адал пенде кириңиз.
Аялдабай балалар

Азыр шуга кириңиз.
Баялы атам тоюнда
Баяндар түшүп оюма,
Бакылдап ырдайт балаңыз
Бакыт тапкан колуңда.
Бактыңыз ташкан түбөлүк
Пайгамбардын жолунда.
Урпактар укмуш геп кылсын
Улантышып соңунда.

Нурмолдо:
Берилген баштан Аллага,
Билдирип бала-чакага
Биз патагөй шундайбыз.
Бир орун койбой катага
Болгонун айтып ырдайбыз.
Жайылтып айыл-апаңа,
Жаамиге жардам кылгайбыз.
Жандарын кыйбай катага
Жана да курсант кылгайбыз.
Жаннаттан баштап геп ура,
Жакшы сөз болсо тыңдайбыз.
Табышмактап жаранга
Тартуу-хадя кылгайбыз.
Эмесе тыңда эрендер
Эл бирлигин чыңдайбыз.
Мүлк кылып Адаматанын
Мүнөзүн алган ким экен?
Синф пайгамбар илими.
Күбөсүн алган ким экен?
Нух пайгамбар баатырдын

Сүбөсүн алган ким экен?
Ибрайимдей кааараманы
Куду өзүн алган ким экен?
Билги билик Ысмайыл
Үдөөсүн алган ким экен?
Чечен болуп чертилдеп
Сүвгө өзүн салган ким экен?
Исак изги пайгамбар
Изгизин алган ким экен?
Лут пайгамбар лаззаттуу
Сезгирин алган ким экен?
Ааламдагы окуя
Назгилин алган ким экен?
Жаамиге жагар пайгамбар
Жакыптай жахан тапкычы
Мүдөөсүн алган ким экен?
Маңгулуктуу пайгамбар
Жусуптай жүда чырайлуу
Жүзөсүн алган ким экен?
Муңканыш үнүн жайгандар
Музыка күү-ыр пайгамбар
Музасын алган ким экен?
Маңгулуктуу пайгамбар
Бир сөзүнөн шайкамбар
Туруктуу Жашуу пайгамбар
Үдөөсүн алган ким экен?
Көөрүктү таап алгандар
Уста Давут пайгамбар
Өнөрүн алган ким экен?
Мехрмандык жайгандар,
Боркерлик пайгамбар

Данийалдын өзүндөй
Көөнөрүн алган ким экен?
Мартаба-даңкы таш жарар
Илийас изги пайгамбар
Сөөнөрүн алган ким экен?
Аппак нийет акыйа
Ак пайгамбар Йакыйа
Тазалык алган ким экен?
Илгиртпес изги такыба
Пайгамбар Иса акыба
Базалык алган ким экен?

Кыдыраалы:
Я бисмилла калайык
Аяк-башын карайык.
Табышмак тартты Нуракем
Жообун бөлүп алайык:

Мен айтайын Расул
Жүргүзүп келген күрөшүн.
Табышмакка жандырмак
Жеңижок күчүн бүлөсүн.

Бактыга күчүн үрөшүн
Башкарып батыл мүнөзүн.
Пайгамбарды мен айтсам,
Пактык үчүн күрөшүн,
Кыжырын кайнап кастардын
Кыянатына күйөсүң!
«Шайтан алгыр» дегейсең
Шахзаадалар күнөөсүн.

Анашолор ичинде
Хабиб ибн Малек бар.
Кызы Сатых ооруду
Айыгышка болуп зар.
Жатыр кыймылдабастан
Дүлөй, азис жана шал.
Акыл-кув Хабип ошондо
Мухамметти чакырар.
Пикир кылат бетпагың
Билсең башың адашар:
«Айыктырбаса кызымы
Алсам башын жарашар!»
Деп ойлонуп караөзгөй
Мухамметке айтты шар:
–Жиберди депсиң, ыраспы
Алла кылып пайгамбар?
Анын үчүн ынантар
Айтчы, кандай далил бар?
Мен сурайын: мына бу
Чатырымда ниме бар?

Асман жакты каранар
Аллага анча зарылар
Пата тартып жүзүнө
Мухаммет жооп кайырар:
–Чамалабай түз айтсам
Чатырында кызың бар.
Дабаа таппай жатыры
Дүлөй, сокур жана шал!
Чатырды карап: «Суф!, Суф» деп
Көктү тиктеп муңаяр.

−Адамгерчилик үчүн
Айыктырдым көрүп ал!

Кирсе Хабип чатырга
Сопсоо болуп Сатиха
Сүйлөйт кылып патиха:
− Пайгамбар экен Мухаммет
Айыктырды заматта!

Хабип пашшаа - Өкүмөт
Ыраазы болбой өкүнөт:
− Сыр көрсөтчү жана? - деп
Мухамметтен өтүнөт.

Тизе бүгүп чөгөлөп
Теңирге Расул сыйынып.
Бармагын кадайт асманга
«Бер Алла» - деп ыйынып.

Өчкөндөй Аалам, кокуй-а!
Күнү менен оту да
Ушунда болду заматта
Укмуштай каран окуя:
Караңгылык каптады
Калктын баары отура!
Томолонду чымчык да
Тарс чапкандай чокуга!
Кара түн баарын соргондой,
Кыямат кайым болгондой,
Тең бөлүнүп толгон Ай,
Дароо кайра бирикти.

Не ажайып! Ой-бай-бай!
– Мусулман болдум! - деп ийди
Корккон Хабип пай-пай-лай!
Жакшы иштериң көп болсо,
Көрө албастар топтолуп
Касың арбыйт ошончо.
Жок болсоң — тууган бералбайт.
Бар болсоң тууган - көралбайт.
Ичи тарып ийрилип
Өлөйүн деп өлалбайт.
Мукурайт күчөп табасы
Мухамметтин авасы
Абу Жахл кутурган
Асти канбай кыбасы.
Көчөгө чыгып кыйкырчу:
-Мухаммет – деп – сыйкырчы!
Маскаралайт артынан
Таш ыргытып он, кыркы.
Кайсы бир күнү Каабада
Намаз окуп отурса
Мойнуна аркан оролду
Абу Жахл ыргытса.
Пайдаланып учурдан
Укпа Муат кутурган
Өлтүрмөккө тез эле
Калкан менен муунткан!
Алланын буйрук карачы:
Арийетке жарачу
Амандыкка арачы
Абу Талип, Аббас,
Зайд, Айша, Малек боордошуп,

Мусулмандар сандашты
Мухамметти колдошуп.
Мадинага көчүштү
Меккеде иши оорлошуп.
Сансыздады тарапкер
Салтанатты боолгошуп.
Жакындар жаалап кетишти
Жакшылыкты колдошуп.
Бизге жетти Мухаммет
Билик болуп кол созуп.
Мухаммет менен бир келген
Жакшылыктар жол тосуп.

Жеңижок:
Акыл берип асырайт
Алла Таала Кудаабыз.
Нурмолдо устат нускаган
Собол чечиш мудаабыз.
Оңойлорун ырдады
Кыдыраалы мударис.
Кыйыны мага калыптыр
Кыйыштырсак жүда биз
Кымтып алар галыптыр[1],
Соуптун көбүн утабыз.
Пайгамбарлар өрнөгүн
Карс кылып бекем кучабыз.
Калтырып бала-чакага
Парс катары тутабыз.

[1] Галып-жеңиш

Соболго эми келейин
Соуптук жоуп берейин
Мүлк кылып Адам атанын
Мүнөзүн алган Мухаммет.
Телегейди тең көргөн
Үнөзүн алган Мухаммет.

Синф пайгамбар билеген
Илимин алган Мухаммет.
Ааламдагы акылман
Билимин алган Мухаммет.

Эмнени атса талкалаар,
Пенделерин калкалаар
Нух пайгамбар баатырдын
Жаасын алган Мухаммет.
Тайманбастыктын так кесер
Шаасын алган Мухаммет.
Сулаймандай пайгамбар
Суктанарлык бай камбар
Сыйкырлуу шакек сырдана
Сырын алган Мухаммет.
Сый талашып шайтандан
Мурун алган Мухаммет.
От пайгамбар Ибирахим
Олобун алган Мухаммет.
Кахрамандык кайтпаган
Болобун алган Мухаммет.
Эрки менен өчүрүш,
Сыйкыра менен күйгүзүш
Колобун алган Мухаммет.

Илекер Исак пайгамбар
Илесин алган Мухаммет.
Өлүктү өнө тирилтер
Билесин алган Мухаммет.
Акылын жаами жайгандар
Сезимтал Луту пайгамбар
Сезгирин алган Мухаммет.
Жердин үстү-астында
Нескирин билген Мухаммет.
Эселеген эркинче
Эсгирин алган Мухаммет.
Баакый тыңшап адамды
Сезгир Луту пайгамбар
Эсин алган Мухаммет.

Адамзатка акылдар
Тапкычы Жакып пайгамбар
Ач калтырбай - ток кылып
Баккычы жерде жай камдаар
Тапкырын алган Мухаммет.
Дыйканчылык, малчылык
Бар сырын алган Мухаммет.
Сулуулуктун суктантаар
Чырайлуу Жусуп пайгамбар
Жүзөсүн алган Мухаммет.
Зулайкаларга алданбас
Мүнөзүн алган Мухаммет.

Айткан сөзүн шай багар
Туруктуу Жашуу пайгамбар.
Куду өзүн алган Мухаммет.

Көөрүктү таап алгандар
Темирчи Дөбүт пайгамбар
Өнөрүн алган Мухаммет.
Тегирменди чуркатар
Дөөлөрүн алган Мухаммет.
Боорукерлик пайгамбар
Мээрмандык жайгандар
Данийалдын пейили
Жуда өзүн алган Мухаммет.
Убадага бек туруш
Үдөөсүн алган Мухаммет.

Мартабасы таш жарар
Мактанса шайтан баш жарар.
Илияс изги пайгамбар
Илесин алган Мухаммет.
Ааламдагы билимдин
Ширесин алган Мухаммет.
Ак уруп Алла Тааладан
Күбөсүн алган Мухаммет.

Аппак нийет акыя
Ак пайгамбар Якыя
Тазалык алган Мухаммет.

Илгиртпес изги такыба
Пайгамбар Иса акыба
Сый-урматын аркалап
Сыйынган жетет бактыга
Базалык алган Мухаммет.
Иликтедик ушунча

Үлгүсүн үйрөн, буган жет.
Оомийин оллоохакипар
Орундалсын ак тилек.

НУРМОЛДО МЕНЕН ТОКТОГУЛДУН АЙТЫШЫ

Нурмолдо менен Токтогулдун замандаштарынын айтымына караганда: Токтогулду «Анжыжан көтөрүлүшүнө катышты» деп айдап кеткен күнү Нурмолдо Кетментөбөдө эле, Сазжийдеге жакын Мазарсайдагы мааракеде бирге болушкан, Токтогул үйүнө келген түнү кармалат. А Нурмолдо аман калат. Анын үстүнө мындай ушак тарайт: «Нурмолдо айгак болуп, алаксытып жүргөн, кармоочулар менен байланышта болгон имиш, саткындык кылыптыр» деген айыңды Токтогулдун кулагы чалат. Ошондуктан айдоодон качып келген Токтогул Нурмолдого жолукпаска аракеттенген. Акталгандан кийин Намеккент (Наманган) шаарынын чекесиндеги кушчулардын Желкон деген кыштагында (азыркы аэропорт) кезигишип калып ушундайча айтыша кетишкен. Бул айтыштын башында болгон менин чоң-атам Устажолдоштон жаттап калгам. Токтогулдун 100 жылдыгында, 125 жылдыгында жарыятундарга «Токтогул жеңген» эсепте жарыяланган. Бул биринчи ирет толук берилиши

Нурмолдо:
Биссимиллах лааиллаллаах илааха
Амансыңбы агаин?
Алланын аты хур менен
Амандашып алайын.
Айтылуу бектин тоюнда

Аябай ырдап калайын.
Акыретти ойлосоң
Ачыла берет паанайың.
Ак диниңи сактасан
Артылат улам таалайың.

Кудайдын сөзү бисмилла
Кызыл тилим кыймылда.
Кадырлуу бектин тоюнда
Кыйкырып ырдаар биз мында.
Куранды кадырласаңыз
Кубат-демиң сиздин да.
Баарыга аян артылат
Берекеси иштин да.

Айткан киши жайдаңдар
Алланын Расул пайгамбар.
Анык жол-тутуң шарият
Акылы бар ай жандар!
Алданып калып жүрбөңөр
Азгыргычы шайтан бар.

Алыс болгой жубутпай
Акылсыздар дардаңдар.
Ак нийет кыл ар дайым
Ала ишке барбаңдар.

Беш убаккы такибет
Бек уштасаң акибет.
Наалаттан таза болорсуз
Намаз окуң ак нийет.

Жай алгайсыз Бейиштен
Жолун ачып акырет.
Ишенгени болбосо
Илимсиз ката кетирет.
Кармансаңыз Алланы
Кемчилигиң кечирет.

Токтогул:
О, ассалоому алейкум
Олуйанын пендеси.
Айкырыбаткан ким өзү
Ак матадан селдеси?
Эмине үчүн шылкылдайт
Эпкиндегенби келдеси?
Безеленет бу неге?
Бектин бекен пендеси?

И-ий, ийри тили кыймылдап,
Ии, Аллаалап ый-муңдап
Сенсиреп да сизсирип
Силкип башын мыймыңдап,
Шайтандын өзү-өзүңсүң
Шакылыктабай кыйрың тап?

А-аай! Айкырыгы ай жандар
Айтчы, кандай пайгамбар?
Акындар десең мындабыз
Айтышта чечен таңдайлар.
Ак селдеге алданып
Азап тарттык кыйлабыз?..

Азгырып жүргөн ар кимди
Ала жүрөк шайтандар!
Айтылуу ырчы сен белең
Адам өлсө жайдаңдар?
Ак баш, бирок кара мээ
Акылында шайтан бар!
Ха-аай! Көк жибек пүчү тагынып
Пайгамбар деп жалынып,
«Бай камбар» деп пата окуп,
Шуркуядай шыркылдап
Шоона эшкенден бат окуп.
Шордууларды кашайтып
Куркулдаба, Нурмолдо!
Жалган сөздү көп сүйлөп,
Жаның сатпа, кур молдо!
Абал башкы сөзүндө
Алланын аты хур болду.
Андан кийин «бисмилла»
Алла - кудай бир болду.
Каратып туруп калп айттың
Калк көңүлү кир болду.
Мусаллас ичип мулуңдап
Муңданганың пыр болду.

Ба-аай! Турса бийлик кир колдо
Туруктуулар бир жолдо.
Тыртактатпай теспеңи
Тынч оокатың кыл молдо!

Ашта-тойдо алжыбай,
Ак селде Мади ажыдай[1],
Акмак болбой жүр молдо!
Ар кимге калпты таратпай
Алачык көздөй жыл молдо!
Арбактын өзү өзүңсүң
Ак баш-көк баш Нурмолдо!

Алты ирет намаз оку деп,
Алжыса молдо кокуй геп.
Жети ирет намаз оку деп
Жээликсе молдо кокуй, геп.
Ким кыйнаган буларды
Калп сөздөн куран току деп.
Тынчтанат окшойт кузгундар
Тыптыйпыл болсо сокку жеп!

Нурмолдо:
Валейкума вассалам
Акын Током келиңиз!
Хазыр болуш иншаллах
Бар беле биздин белгибиз.
Алты жылы пыйада
Жүргөн Током келиптир
Жетик ырдын наамесин
Билген Током келиптир.

[1] Мади ажы – 1898-жылы Анжыжан көтөрүлүшүнө катышкан Мадали эшен дегени.

Алла Таала кудурет
Айабай асыл бериптир.
Айдалып кетип Шыбырга
Азган Током келиптир.
Көп шакиртим бирөөбү
Көзөл Током келиптир.
Көп азапты кафирден
Көргөн Током келиптир.
Өстөн болуп ыр аккан
Өзөн Током келиптир.
Кудуреттин жазмышка
Көнгөн Током келиптир,
Өнөгө болуп өнөрү
Өнгөн Током келиптир.

Чексиз кылып ааламды
Ченебей Алла жараткан.
Өөнөбөй жандар ырысын
Өз-өзүнө тараткан.
Ар кишинин тагдыры
Маңдайына жазылган.
Ким эмине көрөрү
Тамга болуп басылган.
Ким эмине кийеди
Бөздөнбү, жаки асылдан?
Ырыскыбыз тувулганда
Өзүнөн өзү ачылган.
Бир Алланын керемет
Колу менен чачылган.
Кайерге түшсө барышар
Жай жүргөн, мейли шашылган.

Жетип барып терип жейт
Током,
Балыкпы, этпи? Асыл дан?
Кай бир пенде ырысын
Кесир кылып качырган.
Шейит кетер мүрт гана
Ажырап бүткүл асылдан.
Асырасын андайча
Алабарман кесирден!
Сабыр кылган кишиге.

Он сегиз миң ааламды
Жараткан өзү бир Алла.
Жаны барга ырысын
Тараткан өзү бир Алла.
Кыймылдатып баарысын
Бараткан өзү бир Алла.
Асманга коюп Ай, Күндү
Караткан өзү бир Алла.
Чексизден бери бизгече
Шар аккан өзү бир Алла.
Кишиге берген түркүнчө
Адаттан бери бир Алла.
Аздектеп өзү үйрөткөн
Тааратан бери бир Алла!
Билбеген киши уу ичер,
Билгендери суу ичер.
Мына ушундан башталар
Марча-марча суу күчөп
Көпчүлүк исян көтөрүр
Аккан селдей күргүштөр.

Парикананын пендеси
Жүрдү, шундай күндү издер.
Кара түндү ойлошуп
Карайлашур, “күндүз” дер.
Мадали баштап газават
«Кафирге каршы бизбиз!» деп.
Көпчүлүк исйан көтөрдү
Мусулманды үгүттөр.
Кереги не келжиреп
Керенип жалган айтыштын.

Күнөлүү болуп актанып
Кафарин[1] тартар ак иштин.
Буйруктан эч ким качалбас
Бүйүрү чыгар чалкиштин.
Кайталбайт инсан артына
Кайра таштап калк ишин.
Касири тийер акыры
Калабалуу тартыштын,
Жарып чыгар жашырсаң
Жабуусун сыйрып чекишиң
Анжыжанда исянга
Мен да, сен да катыштың!
Катышканың ушу да:
Жүрүп ичи, сыртында
Тыйалбадык «кой-ай» деп
Натижага кызыга.
Түбүнөн терең текшерип
Оюнун жетип учуна,

[1] Кафар - кепер, күнөө.

Айталбадык акылды
Алабарман журтуна.
Акырында не болду?
Падышаны увчуна
Түшүп далай кырылдык.
Үш алдырдык чуу чыга!
Түпкүрлөргө айдалдык
Тентектин түшүп кувшуна!
Жашырган менен болобу,
Жарылган жана толобу?
Карайып жаны буулугуп
Качкан куш тувур конобу?
Бууланып жана сувланып
Актын көөнү толобу?
Жара чайнап ырысын
Жалган айткан оңобу?
Маңгу бархайат дары
Мумуя, чөп олобу[1].
Чызылдаткан ысыкта
Чалкыган көл тоңобу!
Токношобуз али көп
Током, эсен бололу...
Адамбыз - акыр өлөбүз,
Ак кепиндеп көмөбүз.
«Адам өлсө жайдаңдар»
Дегениңе келебиз:
Ааламдан өтсө бир инсан
А кандайча көмөбүз?
Оургузча:[2] сандыкка

[1]Олобу – олово, алое.

[2]Оургузча – орусча.

Салып көмөр бедеңиз?
Маскөв менен Шыбырдан
“Үйрөнүп” келген белеңиз?
Ачувланбай, биз муңбай
Мындай собол беребиз.
Ааламдан өтсө бир инсан
Арийетин ким кылат?
Биз болбосок - молдолор,
Калимасин ким кылат?
А дүйнөсүн адалдап
Шариятын ким кылат?
Жаназа, доврон, тажия
Жамиятин ким кылат?
Инсандар арам өлөбү?
Буган кимдер көнөдү?

Кулак укса ушакты
Курсак кайнайт эмеспи:
«Алты ирет намаз оку?» деп
Айтабы молдо кеңешти?
Ал сөзүңү эми угуп
Акылым саган егешти!
«Жети ирет намаз оку?» деп
Жеткизбейт молдо кеңешти.
Мударис айтар сөз беле?
Муңдукка оюм теңешти!..

Шыбырдан аман келгениң
Шердентип мени ээлентти.
Унутулар ушак геп
Токо, уюшуп кылсак мээнетти.

Көп жылдык сүргүндө, анын үстүнө Сибирдин катаал шартында намаз окууга, динге сыйынуу каада-салттарын аткарууга көп учурда мүмкүндүк болбогонун, ал жакка сүргүнгө баргандар айтып келишиптир. «Түф» деген түкүрүк жерге түшпөй тоңгон суукта намаз окуу үчүн даарат алып көр деген экен Токтогулдун өзү Миңжашар чанач сайындагы Кудайбердинин кыштоосуна Ныйазаалы комузчу, Жеңижок молдо, Кыдыраалы манасчы бир кыш жашырып бекиткенин менин чоң атам Уста Жолдошко айтып бериптир.

НАЙМАНБАЙ МЕНЕН ТОКТОГУЛ

(I түрү)

Найманбай:
Мен, Балыктын уулу Найманбай,
Айта берем ар кандай,
Алты уруу журттан тайманбай,
Алтын жаак, жез таңдай,
Бул айтып турган ыр кандай?

Токтогул:
Кара суунун кемеси,
Эртең эмес, бүрсүгүн,
Керимбай, Аалы энеси —
Алтынайдын кеңеши,
Булар элдин баарын чогулткан
Элирген доңуз эмеспи.

Азыр булар калкты билип сереңдер,
Капысынан бир тийсе,
Акыры катынын алат кедейлер.
Кыялы жаман доңуздар,
Кыргызды билип сереңдер.
Кыябынан бир тийсе,
О, Наймаке, булардын кызын
алат кедейлер.

Жетеси жок жамандар
Жергемди билип сереңдер.

Жетилип калса бир күнү,
Жерин алат кедейлер...

Найманбай:
О, Токтогул, убайымды жойсоңчу,
О, убара болуп кыйналбай,
Ушул сөздү койсоңчу.
Капаңды эми жойсоңчу,
Калкыңды аман көргөн соң,
Токо, какшыгыңды койсоңчу?
Ажал жетип, күн бүтсө,
Адамзат төргө өтөбү?
Алсыраган Токтогул,
Алың буга жетеби?...

Токтогул:
Карап жатып өлгүчө
Кармашып өтөт эр киши.
Жатып бекер өлгүчө
Жармашып өтөт эр киши.
Кол куушуруп кордукка
Кимдин келет өлгүсү?
Жатып өлбөй, душманын
Атып өлөт эр киши.
Басташкандын канына
Батып өлөт эр киши.
Наалыш кылып арыз айтуу
Найманбай,
Начардыктын белгиси.

НАЙМАНБАЙ МЕНЕН ТОКТОГУЛ

(II түрү)

Райымбектин ашында Найманбай ырчы Токтогулду көрө коюп, ошо замат ага карата ырдап коё берет.

Найманбай:
Балаң бараң атканда,
Манап аш берип жатканда.
Чуркабай койчу мен эмес,
Мырзабек, Түркмөн — эки дөө
Кызматына чапканда.

Уулуң урум атканда,
Улук аш берип жатканда,
Унчукпай койчу мен эмес,
Көкүмбай, Курман — эки дөө
Кызматына чапканда.

Карап турган калайык,
Сөзүмө кулак салгыла,
«Найманбай акын айтты» — деп,
Айлыңа айта баргыла.
Мен бүгүн аштын жарчысы,
Алтын, күмүш жамбыны
Айгырга жүктөп алчусу.

Сары өзөн Чүйдүн боюнда,
Үч жүздөн ашык коюм бар,

Томаяк ырчы, Токтогул,
Топ жыйындын ичинде
Тоорушуп жыкчу оюм бар.
Кырктан ашык жылкым бар,
Жолугушка сен менен
Башынан кылган шертим бар.

Токтогул:
Башынан билем мен сени,
Балыктын уулу Найманым.
Манапты жандап май жеген,
Шалпаң кулак тайганым.
«Ашка жарчы болдум» — деп,
Адыраңдап ырдадың.
Тийиштик кылып өзүмө,
«Томаяк» деп сындадың.
Томаяк болсом, тилим бар,
Торгойдой сайрар үнүм бар,
Укканга элим ынтызар.
Манаптан башка тилиң жок,
Кожодон башка пириң жок,
Сенин ырың ким угар?

Эмесе, айтам жарыя,
Угуп тургун, калайык!
Казы-карта жегенин
Каркылдап мактап ырдаса,
Кайсы акынга ылайык?!
Жылкы, коюң санатын
Сураган жокмун, Найманбай.
Мактаныч кылып айтасың,

Сен өлгөндө, Найманбай,
Алдап алган малы деп,
Кожолор бербес батасын...

Найманбай:
Долононун боорун
Токулдаткан ким болот?
Эси кетип жыгачты
Чокуп жаткан ким болот?
Жалгыз жыгач боорунан
Жарыя алган ким экен?
Кара суудан карматып
Балык алган ким экен?
Тумшугу жок куш салып,
Турна алган ким экен?

Токтогул:
Долононун боорунан
Токулдаткан токмокчу.
Эки жыгач боорунан
Эптеп алган элекчи.
Жалгыз жыгач боорунан
Жарып алган челекчи.
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган эмгекчи.
Тумшугу жок куш салып,
Турна алган тузакчы.
Туура сөзүн айтпаган,
Тумшуксуз сендей ушакчы.

НАЙМАНБАЙ МЕНЕН КАЛМЫРЗА

Найманбай:
Мен Балыктын уулу Найманбай,
Бирер сөзүм карасаң,
Сөөмөй менен сайгандай.
Бирер сөзүм карасаң,
Каргылы кара тайгандай.
Калмырза балам, кедейсиң,
Кедей балам, не дейсиң?
Оо, жанга жатып куурадың,
Жан бүткөндү туурадың.
Сен мынча неге дууладың?

Калмырза:
Сен Балыктын уулу Найманбай,
Бакырган төөдөй айбан ай.
Сен сөз айтасың ар кандай.
Айбан болсоң чөп берем,
Тайган болсоң бок берем.
Адам туруп куш болдуң,
Карыганда, Най аке,
Калмырзага туш болдуң.
Сен куштан тууган буудайык,
Канакей,
Мен кайсы кушка ылайык?

Найманбай:
Балам, атыңды коюп берейин,
Кыргый деген бир куш бар,
Бөдөнө кууп бөлбөгөн,

Башканы кууп көрбөгөн.
Мен бүркүт деген балбанмын,
Сен өңдөнгөн балдарды,
Нечен эңип алганмын,
Текөөрүмдү малганмын.

Калмырза:
Найаке, айтайынбы айбынды,
Чукуюнбу майбыңды,
Айтайынбы зайбыңды?

Найманбай:
Мен да зайбың көргөнмүн,
Зайбың көрсөң жеңеңдей,
Жеңең десем энеңдей,
Картайган зайбың бар тура.
Кире тарткан төөдөй,
Тартайган зайбың бар тура.

Калмырза:
Мактанбагын, Най аке,
Он тогузда алгансың
Сен оюндан куру калгансың.

Аял жөнүндө экөө аябай айтышып, акырында Калмырза жеңип кетет.

НАЙМАНБАЙДЫН ЭШМАМБЕТ МЕНЕН АЙТЫШКАНЫ

Найманбай:
Эртелеп сөздү элейсиң,
Эшмамбет деги не дейсиң.
Таластан качып жөө келген,
Таманы чор кедейсиң.
Таласта конгон жериң бар,
Сарууда тааныш кишиң бар.
Таяке, жээниң болбосо,
Бул жакта кандай ишиң, бар?
Талас деген жериң бар,
Тааныйсың саруу элиң бар.
Көп болду Кетмен-Төбөгө,
Келгенсиң мында кимиң бар?

Менин жайым сурасаң,
Балыктын уулу Найманбай.
Баштыгым бар ыр салган,
Баштаймын сөздү ар кандай.
Каарыма келсем жүгүрөм,
Каргылуу кара тайгандан.
Кеп-сөзүм учат дирилдеп,
Шамалга жүнүң жайгандай.
Каалап турган кебимди,
Калың эл угат тайманбай.
Караансыз жетим сен эмес,
Качырып жоону сайгандай.

Эшмамбет:
Сен Балыктын уулу Найманбай
Сүйлөгөн сөзүң айбандай,
Сүлпөтүң жок көрүнөт,
Сөөмөй менен сайгандай.
Тайган болсоң итсиң да,
Ит болгон соң түгөнгүр,
Үрүп жүрүп бүттүң да.
Айбан болсоң чөп салам.
Тайган болсоң сөөк салам.
Айбан болсо чөптү жейт,
Тайган болсо сөөктү жейт.

Мен Каратал солдун кулуну,
Кадимки саруу уругу.
Ак калпак кыргыз ичинде,
Акындардын тунугу.
Элиртип чапкан күлүктү,
Эриш-аркак эл болот.
Элинен ырчы чыкпаса,
Эрмеги анын не болот.
Элдин аты эл болот,
Эшмамбет айтып ырдачу.
Даанышман тилден бал тамган,
Дыйкандар угуп жыргачу.
Кызыгып келип ал түгүл,
Кыз-келиндер тыңдачу.
Кайталап сурап уламдан,
Кадырлап калкым сындачу.

Карып калган кезиңде,
Казанчы болгон экенсиң.
Калп жеринен калжырап,
Казалчы болгон экенсиң.
Алкымыңдын айынан,
Асанчы болгон экенсиң.
Такып бир аз ырдадың,
Таластан неге келдиң деп,
Өзгөнү койчу Найманбай,
Өзүң кайда жүрсүң келжиреп.
Артыкчылык жайың жок,
Агын суу ылдый тентиреп.
Чала уюган айрандай,
Чандаясың мелтиреп.

Карыганда Найманбай,
Калжырап калган экенсиң.
Акылыңдан аз гана,
Ажырап калган экенсиң,
Баягыдай кезиң жок,
Балдырап калган экенсиң.
Арабадай жүгү жок,
Калдырап калган экенсиң.

Эскирип калган кезиңде,
Эсиң кеткен көрүнөт.
Кебиңди дурус айта албай,
Кезиң кеткен көрүнөт.
Алыстан даана көрө албай,
Көзүң кеткен көрүнөт.
Каргадай болур каркылдап,
Сөзүң кеткен көрүнөт.

Нары-бери калжырап,
Найманбай мага кеп айттың.
Сакалыңды билбестен,
Саруудан качтың деп айттың.
Келгениң билем каяктан,
Көп ашуу ашып саяктан.
Куулуп далай сенделдиң,
Кутулбай урган таяктан.
Уялып турам айткандан,
Сенин баскан жолуң каяктан.

Жебирей бербей Найманбай,
Жер байын казсаң көп чыгат.
Жаман акын өзүнүн,
Жамак сөзүн жеп чыгат.
Ырчылар небак байкаган,
Ыр тамырын майлаган,
Жакшылардан кеп, жамак,
Жайлоодо койдой жайнаган.

Эл кадырын билбеген,
Эл сынына толо албайт,
Элдир-селдир сүйлөгөн,
Элге ырчы боло албайт.
Көп жыйындан Эшмамбет,
Кубалабай кете албайт.
Ыр тамырын казбаса,
Ырчы атагын ала албайт.
Наары кетип бетинин,
Найманбайча сагалайт.

Намыс, ары кайда деп,
Наркы жоктор дабалайт

Тартагай шыйрак, ичке бел,
Тайган деген ит болот.
Тайган деген ач болсо,
Тарпты издеп жеп коет.
Жумшаса тил чечилет,
Жумшабаган эзилет.
Билбей туруп ырдаган,
Бир балээге кезигет.
Акындан сөз чачылат.
Айткан сайын ашыгат.
Алды менен бакырып,
Акылы жок Найманбай,
Арт жагында басынат.

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН ТОКТОГУЛ

Токтогул акын Сибирден качып келгенде, артынан издөө салынып, жергиликтүү бай-манаптар айгак болуп, туулган мекени – Кетмен-Төбөгө тура албай бекинип, качык болуп жүрүүгө туура келген. Ошондой башына оор күн түшүп турганда Жеңижоктун Аксынын Кара-Суудагы үйүнө качып келет. Жеңижок жетине албай досун тосот, анан минтип учурашып ырдаптыр.

Жеңижок:
– Сайга салсам илинбейт,
Дулдулум, Током, келгенби?

Сайратып комуз черткениң,
Санааман кеткен жок эле,
Менин булбулум, Током, келгенби?!..

Кумга салсам илинбейт,
Күлүгүм Током, келгенби?
Куулантып комуз черткениң,
Кулагымдан кеткен жок,
Менин күкүгүм, Током, келгенби?..

Аргымак оозун кергенби,
Аллам бир чындап бергенби?
Айткан сөзү келишкен,
Ар жыйынды эриткен,
Асылым Током, келгенби?
Аркага колун байлаткан,
Алыска Шыбыр айдаткан,
Токомо аңдышкан душман өлгөнбү?..

Каранын оозун кергенби,
Кудайым чындап бергенби?
Калк акынын көрөм деп,
Калың журтум келгенби?
Калкынан Шыбыр айдаткан,
Кайрып колун байлаткан,
Токомо кас санашкан өлгөнбү?!

Сарынын оозун кергенби,
Саабалар чындап бергенби?
Салтанатын көрөм деп,
Саруу журтум келгенби?

Сандалтып Шыбыр айдаткан,
Сабап колун байлаткан,
Токомо кас, санаа душман өлгөнбү?..

Торунун оозун кергенби,
Теңирим чындап бергенби?
Топ жыйынды гүлдөткөн,
Торгоюм, Током, келгенби?
Токмоктоп колун байлашкан,
Топтон Шыбыр айдашкан,
Токомо тоорушкан душман өлгөнбү?!

Ак каймалдан сүт кеткен,
Ажыратып аларга,
Агайинден күч кеткен.
Кайберенден сүт кеткен,
Кайрып жолдон каларга,
Кайырлардан күч кеткен!

Алдымда атым шок эле,
Аркандан издеп бararга,
Ажыратып аларга,
Ала-Тоодой бел кылган,
Сенде алдуу тууган жок эле!..

Карманган атым шок эле,
Кайрылып издеп бararга,
Кайрып жолдон каларга,
Кара кылып бел туткан,
Кара-Тоо тоодой бел кылган,
Сенде кайраттуу тууган жок эле?!..

Айта турган кеп беле,
Айыпсыз нечен бечера,
Айдалган бойдон кетти эле.
Ак падыша, залимдер,
Антип түпкө жетти эле!
Козгобой койчу кеп беле,
Күнөөсүз канча адамдар,
Кошоктолуп кетти эле.
Гунаадыр менен манаптар,
Каматып түпкө жетти эле?!..

Айылында балдары,
Аталап ыйлап калды эле.
Элиндеги балдары,
Эрксизден ыйлап калды эле.
Аксакалдуу атасы,
Сакалдан жашы тамчылап,
Санаалуу бойдон калды эле.
Алтымышта апасы,
Ак чачын жайып калды эле.
Ак, карасын ылгабай,
Ак падыша Никелей,
Арам ойлуу жан беле?
Айдатып Шыбыр ийгидей,
Алтымыш эки кишинин,
Абыдан шору бар беле?!..

Током,караны миндиң шайланып,
Капыстан кеттиң айдалып.
Калкыңа келип турасың,
Карчыга куштай айланып!

Жээрдени миндиң шайланып,
Жергеңден кеттиң айдалып.
Жериңе келип турасың,
Жем жеген куштай айланып!..

Көк-Ойго тиккен чатырың,
Көрөсөн, Током, акыным.
Көрөргө элди зар болгон,
Көзүнүн жашы көл болгон,
Сенин көйгөйүң айтып жатырым!..

Ак-Ойго тиккен чатырың,
Асыл, Током, акыным.
Алыста жүрүп ыйлаган,
Азиз жанын кыйнаган,
Сенин арманьщ айтып атырым!..

Токомо ашыкча доор келгенде;
Аленген кийиген чок болуп,
Аргымак минген октолуп,
Током ар жерге барса топ болуп!
Токомдон ашыкча доор кеткенде;
Ар күнү мылтык октолуп,
Ак паша сурап сот болуп,
Айыптуу күнгө токтолуп.
Асыл өмүр гүлдөй жан,
Айдоодо кетти жок болуп!..

Токомо күлүстөн доор келгенде:
Күлгүндү кийген чок болуп,

Күлүктү минген октолуп.
Күнүгө жыйын топ болуп.
Токомон күлүстөн доор кеткенде:
Күнүгө мылтык октолуп,
Гүнаадыр сурап сот болуп,
Күнөөлүү күнгө токтолуп,
Күлгүн өмүр, гүлдөй жан,
Күйүттө кетти жок болуп!..

Токсондогу энекең,
Тоголонуп карыды.
Тийди байга дешти эле,
Тотуядай жарыңы.
Толгонуп келип таппадың,
Топчубайдай шагыңы!..

Эми кайгырган менен пайда жок,
Кайраттан башка айла жок.
Топтуу кыргыз куттуктайт,
Током – тынч аман келген жаныңы!.

Аргымак жалын өрүпсүң,
Айылдан насип буюруп,
Айланып элге келипсиң,
Эми, ар жерге барсам шериксиң!..

Тобурчак жалын өрүпсүң,
Топ элден тузуң бар экен,
Толгонуп аман келипсиң,
Эми, топ элге барсам шериксиң!..

Айтканым элге кеп болгон,
Ак падыша залимдин,
Аңдыганы жок болгон.
Айланып аман келгениң,
Айтып салам бергениң,
Током, чын айтсам сага бак конгон!..

Төккөнүм элге ыр болгон,
Төбөлөшкөн залимдин,
Түбүнөн бери чыр болгон.
Толгонуп аман келгениң,
Тобуңа салам бергениң,
Током, туурасын айтсам, бак конгон!.

Какшаган сөздүн макулу,
Кара жаак, кайкы тил,
Калк таныган акыны.
Какшап турган Өтөнүн,
Кадырлаган жакыны.

Калкыңдан тузун, бар экен,
Током, кайрылып көрдүн, калкыңы!..

Током, күйүттү тарттың Шыбырда,
Жатканың сасык там болуп,
Көрөргө элиң зар болуп,
Көзүңдө жашың кан болуп.
Акылың таппай дал болуп,
Адашып башың маң болуп.
Элиңди таппай дал болуп,
Эңгиреп башың маң болуп.

Айланып жеттиң жериңе,
Ак калпак кыргыз элиңе,
Ак үйдө күйгөн шам болуп,
Ак ала сакал чал болуп!..

Током, азапты тарттың Шыбырда,
Башыңа кара түн конуп,
Зарлаган Добуш үн болуп.
Ак бараң мылтык сүр болуп,
Аргасыз көндүң тим болуп,
Азыр, башыңда бакыт күн конуп,
Таңшыган добуш үн болуп.
Тоорулуп келдиң, элиңе,
Туулуп өскөн жериңе,
Түндөгү күйгөн шам болуп,
Түйтөйгөн көк ала сакал чал болуп!.

Током, айланып кеттиң алыска,
Залимде бийлик зор болуп,
Башыңа мээнет шор конуп.
Азиз бир жаның, кор болуп,
Жатканың зындан ор болуп,
Айланаң, темир тор болуп,
Айланып келдиң элиңе,
Айдыңдуу кыргыз жериңе,
Током, акыры ишиң оң болуп!..

Током, кармалып кеттин, узакка,
Канкордо бийлик зор болуп.
Кайран бир жаның кор болуп.
Кашыңа азап шор конуп,

Казылган терең ор болуп,
Карайган темир тор болуп,
Кайрылып келдиң жериңе,
Кадырман кыргыз элиңе,
Током, каниет ишиң оң болуп!..

Током, эрксизден кеттиң Шыбырга,
Эссиздин кеби эм болуп.
Элиңен тузуң кем болуп.
Көзүңдүн жашы сел болуп,
Эми бактылуу күнгө кезигип,
Бутуңдан зоолу чечилип.
Тосуп чыккан мен болуп,
Толкундап турган кезегим,
Менин жаныма кубат-дем конуп!..

Током, аргасыз кеттиң, Шыбырга,
Акмактын сөзү эм болуп.
Айлыңдан тузуң кем болуп,
Азабың күчөп сел болуп.
Азыр, жакшылык күнгө кезигип,

Мойнуңдан зоолу чечилип,
Атайлап тоскон мен болуп,
Көңүлүм Күндөй ачылды,
Менин жаныма кубат-дем конуп!.

Канган жок душман намысы,
Кайтып келип эл көргөн,
Ниетиңдин калысы.
Жеңижок-Өтө досуңдун,

Жетине албай жеринде,
Жети-Уруу, Саруу элинде,
Жолугушкан чагы ушу!..

Түрмөдө жатып, тутулуп,
Зилдеген досум, аманбы?
Машиненин амалын,
Билбеген досум, аманбы?
Ак пашаанын солдаты,
Тилдеген досум, аманбы?

Кум-Белди көздөй бет алып,
Жөнөгөн досум, аманбы?
Кызыл канга баш-көзүн,
Бөлөгөн досум, аманбы?
Жаш күнүндөн таанышып,
Дос болгон досум, аманбы?
Сары алтын Аксы жеримде,
Сак урук Саруу элимде,
Кара-Суунун жээгинде,
Кашка таман, Балыкчы,
Кайнап жаткан элинде.
Көз болгон досум, аманбы?!..

Токтогул:
– Кичи-Кум-Бел, Чон-Кум-Бел,
Ашып келдим, жан досум.
Катар ашуу белиңди,
Басып келдим, жан досум.
Күйүтүн тартып баламдын,
Кеткенин угуп аялдын,

Жашып келдим, жан досум!..
Чымындай жанды калкалап,
Бир өзүңдү аркалап,
Качып келдим, жан досум.

Азап менен тозокту,
Тартып келдим жан досум.
Көп нерсеге көөнүмдү,
Бөлүп келдим жан досум.
Бир өлүмдөн башкасын,
Көрүп келдим, жан досум.

Айлансам аздыр калкыман,
Бар экен тузум жалпыңан,
Өлбөй келдим жан досум.
Кайтып келип карасам;
Каканакташ Кабай жок,
Катынымда таалай жок.
Оң тиземде ойноткон,
Сол тиземе сойлоткон,
Топчубай жалгыз балам жок!..
Энемди кудай албаптыр,
Кол кашыгын колго алып,
Байкуштун кирбеген үйү калбаптыр!
Алты айчылык узак жол,
Басып келдим, жан досум.
Эртерээк барып көрсөм деп,
Элиме жетип өлсөм деп,
Шашып келдим, жан досум!..

Ырдын кени оозуңдан,
Агылган досум, аманбы?

Бир көрүүгө зар болуп,
Сагынган досум, аманбы?!.

–деп учурашкан экен. Эртеси Жеңижок Токомду керилген Көкарт өрөөнүн кыдыртып, андан Ак-Ташка чыгып, Көк-Башат, Бел-Башат жайлоолорун көрсөтүп, Кыр-Жол менен атактуу Айры-Бел жайлоосуна чейин барып, кымыз ичип, элге тааныштырып, жайы менен алып жүрүп, күз болгондо бир сыйра кийим кечесин ырастап берип, астына ат мингизип, Кетмен-Төбөгө узаткан экен деген кеп эл ичинде ушул бүгүн да эскерилип жүрөт.

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН НУРМОЛДО

Өтө жаңыдан ырдап чыкканда өзүнүн бир топ жолдоштору менен Аксынын Кербен базарына базарлап келсе, ал жерде Таш-Көмүрдүн үстүндөгү Ак-Суу жеринен келген атактуу чоң ырчы Нурмолдо ырдап атыры дейт.

Нурмолдо:
Ак шарият колунда,
Ак пайгамбар жолунда.
Кудай деген пенденин,
Касиети соңунда.
Алла деген кар болбос,
А дүйнөдө зор болбос.
Кудай деген кар болбос,
Көрүстөнү тар болбос.

Пайгамбарга дос болор,
Бар сааба чалыяр.

Буйругунда ошонун,
Бүт макулук жаныбар.
Периштелер башкарган,
Бейиш деген жайы бар.

Ажал жетип өлүш бар,
Кара көргө көмүш бар.
Шейт болгон кишиге,
Акыретте бейиш бар.
Бейиш толгон жемиш бар,
Жейин десен, тегиз бар!..

Кожолорго кол берсең,
Зекет пулду мол берсең,
Колдоп кетер сооп бар,
Кудай жүзүн көрүш бар,
Нурдун кызын өбүш бар.

Айткан сөзгө кирбеген,
Зекет, пулун бербеген,
Күнөөлүүнү өткөрбөй,
Кыл көпүрөдөн иргеген,
Кереметин мындан көр,
Күнөкөр пенде билбеген.

Тозок деген от болот,
Күйүп турган чок болот.
Казып койгон ор болот,
Киши чыккыс тор болот.
Тарткан шоруң чоң болот,
Зекет, пулдун пайдасы,

А дүйнөдө чоң болот!
Каза жетип өлгөндө,
Казып көргө көмгөндө.
Сурак кылчу периште,
Сурданышып келгенде.
Манкүр-Нанкүр өзү бар,
Миң бир аяс сөзү бар.
Чекесинде жапжалгыз,
Чоктой кызыл көзү бар.
Колдорунда көтөргөн,
Оттон соккон күрсү бар,
Күнөөсү көп кишини,
«Күрс» дедире бир салар,
Күлдөй сөөгүн талкалар.
Көп бергенди кечирип,
Кыл көпүрөдөн өткөрүп,
Көп азаптан калкалар!..

–деп, Нурмолдо ырдап токтолгондо, Өтө жанына жакын| бастырып барып, атынын башын кейкейте тартып, комузун күүлөп, биринчиден учурашып, экинчиден суроо салып ырдап жиберет:

Өтө:
– Ассалоому алейкум,
Ак селдечен алдаяр!
Ак шарият жөнүнөн,
Айттың сөздү дапдаяр.
Анык жолун исламдын,
Ачкан дейсиң пайгамбар.
Пайгамбарга дос бекен,
Бар сааба, Чалыяр?

Буйругунда деп айттың,
Бүт макулук жаныбар.
Барсаң орун кең бекен,
Периштелер башкарган,
«Бейиш» деген жайыңар?

Каза болгон кишиге,
Казган көрдүн ичинде,
Кайсыл жыргал, шаани бар?
Опсуз айткан сөзүндө,
Орою суук маани бар.

Ак эшенге кол берген,
Акча, пулду мол берген,
Көрөт бекен кудайды,
Көп дүнүйө, малдуулар,
Көпкөн көпөс алдуулар.
Салтанаттап мактаба,
Сатып алсаң акчага!
Биздин жердей эмес го,
Бейиш деген жайыңар?..

Асемдикке кийгениң,
Анжыяндын баркыты.
Ыкылас, куран, шарият,
Ырларыңдын жартысы.
Тозок менен периште,
Сөздөрүңдүн арткысы.
Эл жаманы адаттын,
Ушак айткан калпычы.
Эл жактырса айтканын,

Өнөрпоздун баркы ушу.
Жапыраңдап ырдайсың,
Тозок менен бейиштин,
Колуңда окшоп ачкычы.
Анык өзүн, окшойсуң,
А дүйнөнүн «жарчысы!»
Жарык дүйнө – бейишим,
О дүйнөңдө бар бекен,
Ушунун бир тамчысы?
Билип туруп чын сүйлө,
Бейиш мына бул – дүйнө!
Жер астына барганда,
Ушул турган жыргалдын,
Жетпейт сага саркыты!
Кыйын болсоң жооп бер:

– Ай, Күн, жылдыз, Асман, Жер,
Айтчы, кайдан жаралды?
Ай, Ааламдын жүзүнө,
Адам кантип таралды?
Айдан жылдыз чексиз көп,
Түн эмине караңгы?
Ажыратып айтып бер,
Адал менен арамды?
Акыретке барганда,
Кара көргө салганда,
Отко жагып өлүгүн,
Өрттөйт дейсиң адамды!
Адам үчүн нээти,
Анча неге карайды?!
Өзүң өлүп көрбөсөң,

Кайдан билдиң аларды?
Жаныңды жеп айтасың,
Жалган ушак кабарды.
Бул сөзүңө ишенип,
Бургум келбейт санаамды.
Отко салып өрттөсө,
Опсуз кыйнап жектесе,
Ошончолук адамдан,
Көргөн бекен залалды?

Өткөндөрдүн чеги жок,
Өзгөрүлгөн шеги жок,
Бир да кабар деги жок,
Ой жүгүртүп ченесек,
Байкап көрсөк алдагы,
Пайгамбардан калганбы,
Башыңдагы элечек?

Эркек кийбейт биз жакта,
Ээси мунун келинчек?
Ыксыз жалган ырдабай,
Ырдын наамын булгабай,
Элдин башын маң кылбай,
Эл ичинен чыгып кет,
Же дубана болуп ак ургун,
Минип алып көк эшек!..

– Акын болсоң элди ырда,
Берекелүү колу ачык,
Өнүп-өскөн жерди ырда!
Калка болгон калкына,

Элди баккан эрди ырда!
Угуп туруп ырыңды,
Ачуум кайнап келдим да!
Адилет ким, кара ким?
Айтышалы, кел мында?
Акын болсоң – тарыхты айт,
Жалганды айтпай аныкты айт!

Акын десем – молдодой,
Молдо десем акындай.
Кайран ырды кордобой,
Адебиң менен нары кайт!
Же, жакын болсоң кудайга,
Жардам кылып кедейге,
Суракчыга жооп берер,
Бой тумарын жазып бер,
Бал китебин, ачып бер?
Даана сүйлөп чындыкты,
Далил менен айтып бер?
Көзүң менен көрбөсөң,
Көп периште чогулган,
Кеңешинде жүрбөсөң,
Кереги жок жалгандын,
Кезегимди кайтып бер?!..

–деп Нурмолдодон жооп күтүп калат. Нурмолдо: «Бул окумал бала экен, мен жеңилдим!» дейт. Эки жеңи карысынан чолок күрмө кийип ырдаган Өтөнү биринчи көргөн эл: «Атаңдын көрү – оой! Бул жалмандаган ыраса жеңи жок эме экен го! Жеңижок бала жеңди, Жеңижок! дешет. Ушул айтыштан кийимине карата Жеңижок атыккан Өтө –

жолдоштору менен базардан чыгып кетишет. Ушул эле пикирди атактуу Калык Акыев да өзүнүн «Мени Жеңижок чакыртыптыр» деген эскерүүсүндө дагы жазып калтырган.

– Бул кабар Кербендин чайканасында палоо бастырып, жеп отурган Авлетимдик Сулайманкул даткага угулат. Ал жигитине Жеңижокту таап кел деп буюрат. Ал Жеңижокту таап келет. Учурашкандан кийин, Сулайманкул датка Жеңижокту ырда дейт. Жеңижок бир эт бышымдай убакыт ырдайт! Акындын талантына таң берген, баа берген Сулайманкул Жеңижоктун Кара-Суудан бирге келген жолдошторуна карап: «Жеңижоктун атын Кара-Сууга үйүнө алып кете бергиле! Мен Жеңижокко башка тандап ат мингиземин Баялы бий менен Садырга менден салам айт» деп жөнөтүп иет экен. Ошентип, Сулайманкул датка өзүнүн айылы Авлетимде бир жумадай ырдатып жүрүп, айткан экен, Жеңижокко: «Бали, Жеңижок, балам, каалаганыңды айт? Алакандай Аксы ачсам алаканымда, жумсам уучумда, келинби, кызбы, калыңы менден үйлөп коёюн!» дептир. Ошондо ЖЕҢИЖОК: «Аркыттан Көксулуу деген кыз менен сөзүм бүтүшүп калды эле» аркыттык Артыкбай дүнүйө, күч, бийликке салып менден тартып келиндикке баласына алып берди, ошону алып берсеңиз» дептир. Сулайманкул датка сөзүнө туруп, Көксулууну Жеңижокко тартып алып берип коёт, айтканындай Артыкбайдын баласына башка бир байдын кызын тандап алып берип, калыңын өзү төлөгөн экен. Ошентип, Жеңижок көптөн көксөп жүргөн Көксулуусуна жетип, Кара-Сууда туруп калат. Жергиликтүү Баялы бий өзүнүн жеринен жер бөлүп берип (коңшу болуп) там салдырып, бак тиктирип бериптир. Ал жерди азыр да «Өтөнүн ыраваты» дешет, азыр ал жерде Жеңижок атындагы орто мектеп салынган.

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН НАРКҮЛБҮБҮНҮН (РЫСКҮЛ) АЙТЫШЫ

Наркүлбүбү:
Көрдүң бекен, Жеңижок,
Наркүлбүбү жеңеңди?,
Эми кайним, көрөсүң,
Ыр жагынан тереңди.
Жеңең – кесер деминди,
Оозуңдан үзөр кебиңди.
Кечээ, Эсенаман таппаптыр,
Мен табайын эбиңди.
Сендей далай ырчынын,
Сексени катар жеңилди!

Тойго минген тору атым,
Токтой калса куйругу,
Томугуна оролот.
Тобума келген экенсиң,
Тоотпой койсом., не болот?
Токтоп тур, кайним, ашыкпай,
Тогонек берсем не болот?!..

Калаага минген кара атым,
Кайра тартсам куйругу,
Карчытына оролот.
Калкыма келген экенсиң,
Карабай койсом, не болот?
Карап тур, чыдап Жеңижок,
Каяша айтсам не болот?!

Эми, кайним, Жеңижок,
Өзүмдөн кабар берейин.
Өзүмдөй акын сен болсоң,
Өнөрүм менен жеңейин!..
Ата-энеден туулдум,
Адамзат болуп кубулдум.
Бир муштумдай кызыл эт,
Бул жалганга бурулдум.

Бешикте жаткан кезимде,
Белги берген өзүмө,
Береке кирген сөзүмө.
Беш периште биригип,
Көрүнүп кеткен көзүмө!

Кундакта жаткан кезимде,
Кудайым берген өзүмө,
Кум куюлган сөзүмө.
Кубулушуп бир далай,
Көрүнүп кеткен көзүмө.

Санап берген колума,
Салып кеткен оозума!..

Бешке жашым келгенде:
Белгиси жок ырдапмын,
Белсенип комуз тырмапмын.

Жетиге жашым жеткенде,
Жобурап кирди тилибиз.
Жөндөтүптүр ошондо,

Асан шайыр пирибиз.
Пирдин алып өрнөгүн,
Билгенге сайрап жүрүбүз.
Бүгүн сага учурап,
Бет келишкен күнүбүз.
Сегизге кирген жашымда,
Кызым жакшы болот деп,
Апам ак бермет таккан башыма.
Тогузумда толгонуп,
Тойго ырдасам ырчылар,
Салам айткан кашыма.

Жеңең – онго чыгып октолгон,
Он биринде токтолгон.
Он экиге келгенде,
Бет келер ырчы жок болгон.
Он төрт жашка киргенде,
Ого бетер күчөдүм,
Оң менен Солдон жыгылбас,
Кайним, менден экен мүчөлүң!..

Он алтыга киргенде,
Ойкуштанып жүргөндө,
Куда түшүп, курчалып,
Куп сүйүнүп, тынч алып.
Алар эрим Алымбай,
Күйөө болуп койкоюп,
Тойчугуна кой союп.
Амалым жок, дүнүйө,
Алып кетти үйүнө!

Такыямды түшүрүп,
Ак жоолук салды башыма.
Имерилип ал урган.,
Отурду келип кашыма.
Молдолорун жыйдырып,
Ак никесин кыйдырып,
Бул байлады багымды!..
Мырза күйөө табылбай,
Ичим күйдү жалындай.
Жаш күнүнөн женеңдин,
Көргөн күнү мамындай.
Баштан өткөн окуям,
Баарын уккун, таарынбай.
Күйөөм жаман болгон соң,
Кантем анан зарылбай!..

Күйөөм жаман болду деп,
Күйүтүм ичке толду деп,
Арыз бердим Курман бийине.
Арзымды Курман уккан жок,
Армандан башым чыккан жок.
Алганың жаман болгондо,
Жаман эрдей душман жок!..

Анткенимдин себеби:
Эл аралап чыга албай,
Эстүүдөн бир сөз уга албай,
Эки жыл үйдө олтурдум.
Эңшерилип ичиме,
Эригиз кайгы толтурдум.

Жыйырмага жык толуп,
Ок жыландай октолуп,
Калкыма ырдап чыктым керилип,
Келин ырчы дедирип.
Кушчу – Сарыбайдын ашында.
Келин ырчы келди деп,
Казак, кыргыз кашымда!
Каздай үнүм каркылдап,
Келеңкер чачпак, ак күмүш,
Кең соорумда жаркылдап.
Жалындаган жаш кезим,
Жок эле менде тартынмак.

Алган эрим Алымбай,
Ак куржунун бөктөрүп,
Ээрчип жүрөт салпылдап!
Кызыганда кызыл тил кетет балкылдап.
Кыргыз, казак акынын,
Кыйласын жыктым алкымдап!..

Ошо Суранбайдын ашында,
Казак, кыргыз кашымда.
Анжыяндык Муса ырчы,
Аркасынан чуулдап,
Айтышып калды үч ырчы.
Ошол төртөөлөп алы жетпеген!
Асылышкан ырчылар,
Жеңеңден аман кетпеген.
Акындыгын көрсөтүп,
Акыл менен эптеген!..

Аксыдагы Нурмолдо,
Шарыят менен сенчилеп,
Айтышып көргөн бир жолдо.
Жеңеңдей акын кайда бар,
Абайлап көрсөң – Оң, Солдо?..
Төрт дубанга жеткирбес,
Төрт аягы тең жорго.
Тиктегеним, сен, элең,
Тийдиң кайним, оң колго!..

Сайраса сайрап жүрсүн деп,
Санатыңды билсин деп,
Сартбай ырчы жол берген.
Эсенаман, Чонду ырчы,
Ээрчишип келип кол берген.

Ай-Тамгалуу Солтодон,
Найманбай чыккан ортодон.
Аларда мага бет келген,
Айтышамын деп келген.
Жеңеңдин ырын билген соң,
Айтыша албай тен берген!..

Жеңең жаактууга жай бербес,
Жамакчы ырчы пай келбес.
Ээктүүгө эс бербес,
Астына акын тең келбес,
Эки күн, түн ырдаса,
Жеңең – бир жолунан кебелбес!..

Сен, Жеңижок өзүмө,
Жакын кайним, экенсиң.

Азык кылып бербесем,
Ачка кетер бекенсиң?
Азыгыңды камдайын,
Арманы жок кетерсиң!

Олуя-Ата базарым,
От жакма кара казаным,
Кара мурчтан көп кошуп,
Кумарыңды жазамын.

Ширин болсун күрүчү,
Түбүнө култуйтуп сабиз басамын!
Кыпкызыл майын чыгартып,
Палоо басып берейин.
Касаптар сойгон ириктин,
Түбүнө басып келейин,
Чүкөлүү жото жиликти!..

Осмонбек болуш мүлжүсүн,
Мүлжүгөн менен тойбосун.
Башындагы чүкөсүн,
Ажынын уулу Сулайман,
Өкчөмөк кылып ойносун!..

Бышырган ушул палоону,
Бышкараң, Чартак, Наманган,
Шаары жесе тойбосун.
Кары, жашы аралаш,
Баары жесе тойбосун.
Бийлеп турган Осмонбек,
Нары жесе тойбосун.

Алибектин Шайдылда,
Дагы жесе тойбосун!..

−деп Наркүлбүбү ырын токтотуптур. Ошондо Эшенкул болуш Наркүлбүбү бир айтса бир, эки айтса эки каткырып күлүп, коштоп, кубаттап отурду дейт.

Эшенкул болуш: «Жеңижок иним, жеңең менен айтышар алың калдыбы? Же калган жокпу?» дептир.

Анда ЖЕҢИЖОК: «Болуш, айтайын, коёнду камыш, эрди намыс өлтүрөт деген эмеспи. Кызыл тилим сүйлөп турганда айтайын» дептир.

Жеңижок ойлондум дейт: «Бу катындын күрүчүн олтурган ушул элге тартып, «батасын алып кайтайын» деп баштап турган жери:

Жеңижок:
Ой, Эшенкул, болушум,
Ордо болду конушуң.
Ойго келбес иш болор,
Ойлонуп, айтпай коюшум!

Арстан ажы, датка атаң,
Ак калпактуу кыргыздан,
Арбагын азыр мактасам.
Алты уруу Солду башкарып,
Казы болгон датка атаң.
Алты кур барып, Мекеге,
Ажы болгон датка атаң!..

Белгилүү ажы датка атаң,
Береним., кыргыз элимде,
Бел болгон жайын айтпасам.

Беш уруу Солду башкарып,
Казы болгон датка атаң.
Беш курдай барып, Мекеге,
Ажы болгон датка атаң!..

Чойгулаган кеп эмес,
Чоң датканын баласы.
Чолпондой болгон Эшенкул,
Чоюлган журттун Манасы!
Береги – чокчоңдогон жалаптын,
Болуш, чогоолдугун карачы!..

Караламан киши эмес,
Кан ажынын баласы.
Кара тоодой Эшенкул,
Калдайган Солдун Манасы!
Кары, жаштан уялбайт,
Болуш, карабетти карачы?!.
Кулак салгын, Эшенкул,
Жеңижоктун кебине.
Калкына катын ырдаса,
Касиет калбайт бегине.
Караламан журт болуп,
Кырсык болор тегине,
Бир касиет кеткен соң,
Болуш, келмеги кыйын эбине!..

Булкулдатпай чыгаргын,
Бул карабет жалапты.
Бул кыялын койбосо,
Бекем кармап бир жерден,

Бизден да кылар талапты.
«Белди» ырдатып жүрөт деп,
Билгендин баары күлөт деп,
Булгайт го сендей манапты?!..

Алкылдатпай айдагын,
Абийири жок жалапты.
Ал кыялын койбосо,
Абийириңди кетирип,
Ар кимге коёр талапты,
«А»ны ырдатып жүрөт деп,
Аңдагандар күлөт деп,
Ардантаар сендей манапты!..

Ар ким укса күлөт деп,
Артынып алып «ошону»,
Дагы ырдатып жүрөт деп,
Арстаның, сага, уят иш,
«А» ны ырдатып жүрөт! деп.
Айттырба, болуш, аныңды,
Ал сындырар шагыңды.
Ар теңтушуң кеп кылса,
«А» байлаар сенин багыңды.
Ал кетирер, болушум,
Аркырап турган чагыңды.

«А» ны айтып ар жерде,
Ар кимге болгон ашына.
Абийириңди кетирет,
Апкелбе, болуш, кашыңа?!.

Көпчүлүк укса күлөт деп,
Көтөрүлүп ошону,
Көп ырдатып жүрөт деп,
Көк жалым, сага, уят иш,
Эшенкул – көт ырдатып жүрөт деп!.
Кеп кылба, болуш, аныңды,
Көт сындырар шагыңды.
Көп теңтушуң кеп кылса,
Кетирер баштан багыңды.
Куп кетирер болушум,
Сенин күркүрөп турган чагыңды!

Көпчүлүккө мактанып,
Көбүнө болгон ашына.
Келтирбе, болуш, кашыңа,
Кесири тиет башыңа!..

Кызыл бетин алынган,
Каңтарып жоолук салынган.
Кара бет кимдин жесири?
Калкына катын ырдаса,
Канына тиет кесири!..
Эки бетин алынган,
Ээгин ачык салынган.
Эри жок кимдин жесири?
Ээлигип катын ырдаса,
Элине тиет кесири.
Эл башкарган өзүңдөй,
Бегине тиет кесири!
Алган эри бар болсо;
Желке чачын жулбайбы.

Желип баскан жалапты,
Жети күн байлап урбайбы.
Жергелүү кытай калың Сол,
Элинде намыс турбайбы.
Жеткилеңи Эшенкул,
Бегинде намыс турбайбы.
Мен дагы Солдун баласы,
Бир аял менен бет кылдың,
Болуш, Сол арбагы урбайбы?!.

Алган эри бар болсо,
Арка чачын жулбайбы.
Ар жүргөн сойкуну,
Алты күнү урбайбы.
Ал ырчыңдын барында,
Артында намыс турбайбы.
Атактуу ырчы Жеңижок,
Акынын кошо булгайбы?!..

Ак куурайдын башына,
Ак соно келип конобу?
Арстанынын алдына,
Алдын тарткан оңобу?
Көк куурайдын башына,
Көк соно келип конобу?
Көк жалынан уялбай,
Көтүн тарткан оңобу?!.

Олуя-Ата базарың,
От жакма кара казаның.
Мен мурунтан билгемин,

Түбүнө – кулдуйтуп сабиз басарын!
Аксыда күрүч көп болот,
Аксакал, кары, жашыңа,
Тартып кетсем эп болот.
Жеңижок ооз тийгизбей кетти деп,
Ошонуку эппи деп,
Аркамдан ушак кеп болот,
Ата салтын куубасам,
Арылбаган кек болот!..

Ушагына калганча,
Ушунун кылган күрүчүн,
Уялбай жүктөп барганча.
Колуңарга суу куюп,
Дасторконду жайайын.
Табак тартып баарыңдан,
«Батаңарды» алайын.
Батасын баары берди деп,
Мактанып элге барайын!..

Түбүнөн майын чыгарган,
Түзүк күрүч болуптур.
Туйгунум, болуш, жегенге,
Кызык күрүч болуптур!

Көчүктөгү кытайга,
Көк табакка салып кой,
Көк жалым, болуш, алып кой!
Ташкаранын элине,
Табактарга жасап кой.
Арт жагында аз калат,

Арстаным, болуш, ашап кой?!.,
Жергелүү Талас журтуна,
Жетпей калып жүрбөсүн?
Жетиген менен Кушчуга,
Өтпөй калып жүрбөсүн?

Беш беренге алып кой,
Беш жилигин салып кой!
Акбай менен Бабырга,
Ал экөөнө кошуп кой,
Кар жилик менен кабырга!
Калганын жеткир, таарынат,
Кудаа-сөөк, тамырга.
Алакчын менен Тубайга,

Артканын жеткир таарынат,
Ай-Тамга, Солто, Тынайга!
Айлыма кайра тартты деп,
Арстаным, болуш, муңайба?!..

Бузбагын элдин үлгүсүн,
Түбүндөгү жиликти,
Болушуң өзү мүлжүсүн!
Башындагы чүкөсүн!
Эшенкулдун баласы,
Мурзакул ойноп, өкчөсүн!
Тишине жумшак чайнатпай,
Карыңа бергин өпкөсүн!
Калың кытай казандын,
Калтырбай түбүн көптөсүн!
Кара беттин палоосу,–
Кен, Аксыга өтпөсүн?!

- деп Жеңижок жооп ырын аяктаганда, Эшенкул болуш: «Жигиттер, барсыңарбы? Тиги кара бетти тартып үйдөн чыкпайсыңарбы?! дегенде эки жигит Наркүлбүбүнү колунан тартып эшикке алып чыгып кетишти дейт. Эшенкул: «Жеңижок, балам, колуңдан келсе, кечир! Кур намысты талашып, бир элди экиге бөлүп, биз ит болдук!» деген экен.

ШЕКЕР КЫЗ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН АЙТЫШЫ

Таласта Кара-Бууранын оозунда Акназар деген бай чоң, той берет. Бул тойго Аксыдан Жеңижок, Нурмолдо, Ныязаалы комузчу да кошо барышат. Той ээлери Шекер деген акын кызды Олуя-Атанын Дунган жеринен алдырып, Жеңижокко айтышка салышат.

Шекеркыз:
Аманбы, акын, Жеңижок,
Акын кыз сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышаарга теңи жок.

Кызып ырдап келгенде,
Кызыл тил кетет какылдап.
Кыйынсынган сендейдин,
Кыйласын жеңгем такымдап.

Эсенби, акын Женижок,
Шекердин сенден кеми жок,
Элден тентип кетипсиң,

Эс, акылың деги жок.
Эр өлтүргөн эмедей,
Эл таштап качтың Аксыга,
Сени ээрчитип барса болот бакшыга!.
Кун төлөгөн кишидей,
Куюгуп качтың Аксыга,
Сени кубалап барса болот бакшыга!..

Ташкара болуш тоюнда,
Жарчы болду деп уктум.
Аңгемени ар элде,
Салчы болду деп уктум.
Эсенаман, Майкөттү,
Экөөбүн катар куруттуң.
Каяша кылган акынды,
Катары менен улуттуң!..
Айтышсам деп жүрчү элем,
Атагың жакшы билчү элем.
Акназар байдын тоюна,
Алып келишти жолуктум!

Санаттан айтар сан ырчы,
Жөн ырдан айтар ар ырчы,
Табышмак айтар чоң ырчы,
Такалбай табар зор ырчы.
Табышмагым таппаса,
Түбүндө барып кор ырчы!
Табышмагың чечерсин,
Табышмагым чечпесен,
Какшаган менен бекерсиң.
Көргүлүгүн көрөрсүң,

Ныязаалы экөөң,–
Аксыга иттей болуп жөнөрсүң?!..

Үйүнөн өлүк чыкпаган,
Ааламда бүтүн бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куудан бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен?

Өөгү бар, жалы жок,
Экөө чыкты, ким экен?
Желмаяндай жүгүрүп,
Желип чыккан ким экен?
Шамалынан бейиштин,
Учуп чыккан ким экен?
Саясынан бейиштин,
Үркүп чыккан ким экен?
Көк өрдөк учуп өтпөгөн,
Көлдүн пири ким экен?
Көк жакалай куш салган,
Эрдин пири ким экен?
Ыркырап ээсин каппаган,
Иттин пири ким экен?
Айланып үйдөн чыкпаган,
Аттын пири ким экен?

Сопу, кожо койлорун,
Союш кылган ким экен?

Тебетейди жоготуп,
Топу кылган ким экен?
Ак таман тору ат баспаган,
Жерде бүтүн бар бекен?
Эр Назарбек чаппаган,
Элде бүтүн бар бекен?
Айыш менен Бүйүшкө,
Ырчы өткөн ким экен?
Айбанаттын баарына,
Сынчы өткөн ким экен?
Паренде менен Чаренде,
Таятасы ким экен?
Таянеси ким экен?
Таап берчи, Жеңижок,
Таба албасаң, эбиң жок?!

–деп табышмак салат экен, айтышка түшкөн Жеңижокко. Ошондо Жеңижоктун Шекер кызга жооп берип турган жери:

Жеңижок:
– Беш уруу Солду унутуп,
Кайда кетти Жеңижок?
Барган киши келбеген,
Жайга кетти Жеңижок.
Конгон чымын учпаган,
Майга кетти Жеңижок?..

Алты уруу Солду унутуп,
Кайда кетти Жеңижок?
Сары алтын Аксы аталган,
Жайга кетти Жеңижок.

Айтышка түшкөн Шекер кыз,
Ашыкканың бекер кыз!
Айтканыңдын эби жок,
Жеңижоктун айтыша турган теңи жок.

Тулпар минип туу баштап,
Туулган жерим Таласта.
Туз насибим бар экен,
Турук кылдым Аксыга!..

Бакшыга барсаң – сен баргын,
Мен бакшыга баргыдай,
Төрөйт белем, Шекер кыз?
Ак бешикке ардактап,
Белейт белем, Шекер кыз?
Сени бакшыга барсаң албаган,
Сенин барбаган жериң калбаган!..

Бүбүгө барсаң- сен баргын,
Мен бүбүгө баргандай,
Төрөйт белем, Шекер кыз?
Эркектерди бүбүңүз,
Өөнөйт бекен, Шекер кыз?
Сени бүбүгө барсаң албаган,
Сенин бүтүн да жериң калбаган!..
Эми, табышмагың чечейин,
Жообун бере кетейин:
Үйүнөн өлүк чыкпаган,
Ааламда бүтүн бир кудай.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,

Куйругу бүтүн куркулдай!
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канаттуу түшпөс астына,
Канатта бүтүн карчыга!..
Өөгү бар, жалы жок,
Экөө чыкты дегениң,

Кош өгүз бакыр эмеспи!
Желмаяндай жүгүрүп,
Желип чыкты дегениң,
Төө бакыр эмеспи!..

Саясынан бейиштин,
Учуп чыкты дегениң,
Карчыга, кыргый эмеспи.!..
Шамалынан бейиштин,
Үркүп чыкты дегениң,
Азиретаалы пайгамбар,
Минген дулдул эмеспи!..

Көк өрдөк сүзүп өтпөгөн,
Көлдүн пири – эр үпүм.
Көл жакалай куш салган,
Эрдин пирин сурасаң,–
Азирет Султан Арипим!

Ыркырап ээсин каппаган,
Иттин пири Мыркытыр!
Айланып үйдөн чыкпаган,
Аттын пирин сурасаң,–
Азирети Камбар Аския!..

Сопу, кожо койлорун,
Союш кылган Шайдылда.
Тебетейди жоготуп,
Топу кылган Шайдылда.
Бозокорду жоготуп,
Сопу кылган Шайдылда!..

Ак таман тору ат баспаган,
Жерде бүтүн Индустан.
Эрназар бек чаппаган,
Элде бүтүн Түркстан.
Айыш менен Бүйүшкө,
Ырчы өткөн Токторбай.
Айбанаттын баарына,
Сынчы өткөн Толубай!

Паренде менен Чаренде,
Таятасы – Тартар куш.
Таянеси – бөдөнө.
Дагы барбы, Шекер кыз?

Табышмагың таптымбы,
Өзүң иттей болуп калдыңбы?!.
Эми акылдаба, Шекер кыз,
Адашкан жериң айтарсың,
Адашкан жерин, айтпасаң,
Артыңа карап кайтарсын.
Адашкан жерин, айтпасаң,

Көтөрүлбө Шекер кыз,
Көргөн сырың айтарсың.

Көргөн сырың айтпасаң,
Көтөрүлбөй кайтарсың.

Жакшы болсоң Шекер кыз,
Калкыңдан бирөө албаптыр,
Сенин эч кадырың калбаптыр!

Ээликпегин Шекер кыз,
Элиңден бирөө албаптыр,
Сенин эч тамтыгың калбаптыр!

Топко чыгып шаңкылдайт,
Бу карабет кимдин жесири?
Мунун калкка тиет кесири?
Бу эри жок кимдин жесири?
Мунун элге тиет кесири!

–деп Жеңижок акын улантып ырдай бергенде, эшиктен эки жигит кирип келип, Шекер кыздын колунан жетелеп эшикке чыгып кетишкен экен.

КОРГОЛ МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

Коргол:
– Аманбы, аба Жеңижок?
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышаарга теңи жок.
Анык булбул экенсиң,
Айдап төккөн чени жок!

Эсенби, аба, Жеңижок,
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элдин анык булбулу,
Элеп төккөн чени жок!..

Жергебиз Кетмен-Төбөдөн,
Жетик акын Өтөгө,
Жетине албай жөнөгөм.
Айлыбыз Кетмен-Төбөдөн,
Артыкча акын Өтөгө,
Ашыгып мында жөнөгөм.

Ата-тегиң Таластан,
Ар санаттан сабатсаң,
Ар дубанга жарашкан.
Акын болор бекемин,
Айтканың угуп жанашсам?

Түпкүлүгүң Таластан,
Төгүп ырдап отурсаң,
Топ жыйынга жарашкан.

Токтолбой ырдаар бекемин,
Таалимиң алып жанашсам?..

Турган жериң Аксы экен,
Турпаты менен жакшы экен.
Жердеген жериң Аксы экен.,
Жергеси менен жакшы экен.
Токтогул келип дос болгон,
Кошулса доошу козголгон.

Көп жомокту жат билген,
Арапча окуп кат билген.
Артык экен өнөрүң.
Керек болду балаңа,
Өзүңдөн нуска көрөрүм.
«Булбулу» деп ырчынын,
Токтогул торгой айтты эле.
Суусамырдын сазында,
Топ дубандын кашында.,
Кара сакал Эшмамбет,
Сизге учурашып кайтты эле

Анда мен эл көзүнө акындай,
Көрүнө элек болчумун.
Алабарман ырчыдан,
Бөлүнө элек болчумун.
Эңсегеним ыр болгон,
Каалаганым Сиз болгон,
Ырдын кенин аяба,
Каалап келген Корголдон!

Жеңижок:
– Кетмен-Төбө кең жерден,
Телегейи тең жерден,
Эстеп келген экенсиң.
Ырга бөлүп санааңды,
Жеңижоктой абаңды,
Балам, издеп келген экенсиң!..

Жол жоргоңду жаңылбаң,
Мүдүрүлбөй кагылбай,
Салып калган экенсиң.
Токтогулдун төп ырын,
Эшмамбеттин эп ырын,
Алып калган экенсиң!

Бышыбайт башың согулбай,
Жүрүп калсаң колумда ай,
Үйрөтөрмүн сонунду ай!
Чатыштырып ырдаймын,
Саятчынын торундай,
Билерсиң, балам, соңунда ай!..
Эми, балам, айтарым:
Эсиң болсо байкагын,

Ырды «Жер байынан» баштагын!
Билгениңди так айтып,
Айтыштардан сак айтып,
Кармашкандан качпагын!..

Бизден мурун тарыхтан,
Ырын төгүп жарыткан,

Токторбай өткөн ырчыдан!
Айбанаттын баарына,
Айтылып жүрөт дагы да,
Толубай өткөн сынчыдан!..

Он сегиз миң Ааламды,
Жер жүзүндө адамды,
Кошуп айтсаң, бир кызык!
Бутактатып, көбөйтүп,
Элди шаңга бөлөнтүп,
Созуп айтсаң, бир кызык!..

Адам-Ата, Умайдан,
Түпкүлүгү кудайдан,
Төгүп айтсаң, бир кызык.
Жер үстүндө нааданды,
Жалкоо, начар адамды,
Сөгүп айтсаң – бул кызык!..

Аксы менен Таластын,
Көкчө менен Манастын,
Жөнүн айтсаң – бир кызык!
«Жаныш-Байыш», «Курманбек»,
Эрдиктери мындай деп,
Көбүн айтсаң – бул кызык!..

Жаман, жакшы адаттан,
Терме менен санаттан,
Калпып айтсаң-- бир кызык!
Дүйнөнүн пинаа болгонун,
Жылдыз көккө толгонун,
Камтып айтсаң – бул кызык!..

Ай, жылдызы жаркырап,
Нурун төккөн баркырап,
Айтар болсоң жылдызды айт!
Түпкүлүгүн ойлогон,
Туулган жерин коргогон,
Түпкү атабыз кыргызды айт!

Бечелдин иши курулбайт,
Чечендин сөзү бузулбайт,
Байкагам, балам, турмушта.
Жеңилсе түшүп атынан,
Түшүрбөй курун мойнунан,
Баалашкан сөздү кыргызда!..

Жыгылсаң туруп кетерсиң,
Байлаган болсо чечерсиң,
Чыгарсың орго малынсаң.
Байлагандай кете албай,
Сөз түйүнүн чече албай,
Балам, өлгөнүң сөздөн чалынсаң!..

Жамандардын каарынан,
Замананын тарынан,
Турук кылдым Аксыга,
Өлмөйүнчө кор болбойт,
Маңдайында шор болбойт,
Канатташ жүрсөн, жакшыга!..

Алмасы чирип көң болгон,
Жаңгагы чирип дөң болгон,

Сары алтын Аксы жер ушул!
Күлүгүн күндө таптаган,
Тайганын ууга маштаган.
Өтө абаңдын эли ушул!..

Келипсиң ырдап алыстан,
Кубандым ырдап таанышсаң,
Учурашкан кез ушул!
Балам, айтканыма көңүл бур,
Кол тийгенде келип тур,
Сага айта турган сөз ушул!..

– Ошондон баштап Жеңижок абам менен кол үзүшпөй катташып жүрдүм. Женижок деген бир шыбакты эт бышканча сүрөттөп бүтпөгөн нөшөр акын экен, мен анысын билбей эле ырдашып жүрө бериптирмин, кагылайын! Кийин Өтө абамдын көзү өткөндө келсем, тууган уруктары жөнөтүшпөй бир кыш алып жүрүштү. Кез-Арттык кашкатаман туугандар бир төө согоп беришти, ошол төөнүн эти түгөнгөндө кеттим, мага эч жерде төө союп сыйлашкан эмес, Өтө абамын элине ыраазымын деген экен кайран Коргол.

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН БАРПЫНЫН УЧУРАШКАНЫ

(1-ТҮРҮ)

Жеңижок:
Искескен менен Бүргөндү,
Кесип келдиң Барпы акын
Канча бир элди аралап,
Өтүп келдиң Барпы акын.
Базар-Коргон, Тентек-Сай,
Жайдан келдиң Барпы акын
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң Барпы акын?
Сол көзүңдү ачпастан,
Жуумп келдиң Барпы акын.
Жеңижокту жеңем деп,
Кууп келдиң Барпы акын!..

Барпы:
Жалал-Абад жол тартып,
Жөнөп келдим, Жеңижок.
Жакшылардан ажырап,
Бөлөк келдим, Жеңижок.
Акындыгың эшитип,
Сага келдим Жеңижок.
Сол жак көзү жумулган,
Мени көрүң Жеңижок.
Көрүп кетем Майлы-Сай,
Жолуңузду Жеңижок.

Сынап кетем байма-бай,
Чоңуңузду Жеңижок.
Көрүшөлү канеке,
Колуңузду Жеңижок?

Жеңижок:
Айтышар болсоң мынакей,
Менин колум Барпы акын.
Адаштырат сендейдң,
Менин колум Барпы акын.
Жайып койдум алдыңа,
Темир торум Барпы акын.
Карала напти жибек тон,
Кийип келдиң Барпы акын.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдиң Барпы акын.
Султан Казак болуштун,
Сүлпөтүн сен билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр,
Үлпөтүн сен билбейсиң.
Чучук каптап алдыңа,
Коёр бекен Барпы акын?
Ала тайың кечинде,
Соёр бекен Барпы акын?
Төрт кароол бир жигит,
Сабаар бекен Барпы акын?
Бүгүн атын, казанда,
Кайнар бекен Барпы акын?
Ээриңди көтөртүп,
Айдар бекен Барпы акын?
Эки колуң артыңа,

Байлар бекен Барпы акын?
Эки көзүң ботодой,
Жайнар бекен Барпы акын?

Барпы:
Карала напти жибек тон,
Кийип келдим Жеңижок.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдим Жеңижок.
Жолоочудан ат сурап,
Жору бекен болушуң?
Жалгыз атты жаргыдай,
Таскарабы болушуң?
Таамай элдин ичинде,
Маскарабы болушуң?
Алыстан келген мейманды,
Билеалбайбы болушуң!
Ырчынын атын союшка,
Уялбайбы болушуң?
Ат үстүндө дардайып,
Теминет го болушуң!
Күндө эт жесе чардайып,
Семирет го болушуң!
Ал атымдын казысын,
Чайнагыдай болушуң,
Ууру белем колумду,
Байлагыдай болушуң.
Күнайым жок артыма,
Айдагыдай болушуң,
Сына турган белим жок,
Корко турган жерим жок!

Жеңижок:
Баятан айткан сөзүмө,
Капа болбо чырагым.
Жүрөгүңдү чыгарып,
Бир аз сени сынадым.
Өйдө өтөт боз дөбөт,
Ылдый өтөт көп дөбөт?
Эки дөбөт айрымын,
Акыл менен ким бөлөт?

Барпы:
Өйдө өткөн боз дөбөт,
Амал болот Женижок.
Ылдый өткөн көк дөбөт,
Шамал болот Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот Жеңижок!

Жеңижок:
Дүнүйөдө бирөө бар,
Турбай кетет жолунан.
Бөлөк жакка өзүнө,
Бурбай кетет оңунан,
Бул эмине болучу?

Барпы:
Өзүң айткан касиет,
Адашпаган оңунан.
Тайгылбаган жолунан,
Күндүн көзү Жеңижок.

Шуну чечпей такалса,
Болбойбу Барпы эби жок!

Жеңижок:
Кыйын жерде кез билген,
Кысталышта сөз билген.
Калышпайсың, карагым,
Ак таңдай акын эстүүдөн,
Ошо күндөй жүргүн жолуңда
Акындын салттын оңунда...

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН БАРПЫНЫН УЧУРАШКАНЫ

(2-ТҮРҮ)

Жеңижок:
Жака-белден кеп уктум,
Жаңыбайдан кеп уктум.
Жалал-Абад, өзгөндөн,
Ырчы келди деп уктум.
Ысмыңды Барпы деп уктум.
Ырыңды уккан адамдын,
Жазылат жарпы деп уктум.
Көрүмүң кыргыз баласы,
Көзүңдүн бар чаласы.
Караңгыга кабылсаң,
Кайда барып коносуң?
Калың кыпчак ичинен,
Кайсы уруудан болосуң?
Жалал-Абаддын – Чаткалдын,
Ортосу канча жол болот?
Кайсы эгин аз болот?
Кайсынысы мол болот?
Кайсы уруу оң болот?
Кайсынысы сол болот?
Айрып берчи арасын?
Айтып берсең аныктап,
Агаңдан бата аласың.

Кемпир-Абад, Акманды,
Кезип келдиң, Барпы ырчы.
Кайсы элдин кандай салты бар,
Сезип келдиң, Барпы ырчы.
Базар-Коргон, Тентек-Сай,
Жайдан келдиң, Барпы ырчы.
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң, Барпы ырчы?
Жалал-Абад, өзгөнгө,
Туруп келдиң, Барпы ырчы.
Сол жак көзүң ачпастан,
Жуумп келдиң, Барпы ырчы.
Жеңижоктун кабарын, –
Угуп келдиң, Барпы ырчы.

Барпы:
– Ат бастырып атайы,
Кайдан келдим, Жеңижок?
Жалал-Абад, кең Чаңгент,
Жайдан келдим, Жеңижок?
Барчыны зоодо шаңшыган,
Булбулу бакта таңшыган.
Анжияндык калкыман,
Ыстык салам айтамын.
Орозалы, Бекназар,
Өзүңүзгө бир катар.
Нишан ырчы, Жаңыбай,
Жаңшаганда чер жазар.
Топчубай менен көр Жолдош,
Катышпаган той болбос.
Ошолордун атынан,

Ыстык салам айтамын!
Калың кыпчак ичиден,
Уруумду – Төөлөс дейт.
Төрүн жоого бербес дейт.
Жалал-Абад, Чаткалдын,
Ортосу он күн жол болот.
Бүтүн багыш оң болот,
Бүтүн саруу сол болот.
Күрмөктө түшүм аз болот,
Күрүчтө түшүм мол болот.
Кыргыздан чыккан акын деп,
Казалы элге макул деп.
Өзгөн деген жеримден,

Жөнөп келдим, Жеңижок.
«Жакшылардан» ажырап,
Бөлөк келдим, Жеңижок.
Угузууга ыр жүктөп,
Ала келдим, Жеңижок.
Акындыгың эшитип,
Сага келдим, Жеңижок.
Сынап кетем байма-бай,
Чоңуңузду, Жеңижок.
Көрсөтүңүз Барпыга,
Жолуңузду, Жеңижок?
Көрүшөлү, канаке,
Колуңузду, Жеңижок?!..

Жеңижок:
– Көрүшөр болсоң – мынакей,
Менин колум, Барпы ырчы.

Адаштырат сендейди,
Менин жолум, Барпы ырчы!
Жайып койдум алдыңа,
Темир торум, Барпы ырчы!
Күкүктөй эргип ырдасам,
Көпчүлүк жыйын бөлүнөт.
Сурооого жооп кайтардың,
Сыягың ырчы көрүнөт.
Адаштырып ырдасам,
Адашпадың жолуңдан.
Чынын билип отурам,–
Чыгыпсың кыпчак тобуңдан.
Нышан менен Бекназар,
Катар ырдап чыкты эле.
Көк жаңыртып добушу,
Көп ырчыдан мыкты эле.
Карала напти жибек тон,
Кийип келдиң, Барпы ырчы.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдиң, Барпы ырчы.
Султан, Казак болуштун,–
Сүлпөтүн сен билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр,
Үлпөтүн сен бербейсиң,
Астында ала тайыңды,
Соёр бекен, Барпы ырчы?
Чучук каптап өзүңө,
Коёр бекен, Барпы ырчы?
Төрт кароол, бир жасоол,
Сабаар бекен, Барпы ырчы!
Ээриңди көтөртүп,

Айдар бекен, Барпы ырчы.
Эки колун, артыңа,
Байлар бекен, Барпы ырчы.
Жалгыз көзүн ботодой,
Жайнар бекен, Барпы ырчы?..

Барпы:
– Карала напти жибек тон,
Кийип келдим, Жеңижок.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдим, Жеңижок.
Жолоочунун атын жеп,
Жору беле болушуң?
Талагандай тайымды
Таскарабы болушуң?
Калың элдин ичинде
Маскарабы, болушуң?
Алыстан келген мейманды,
Билалбайбы, болушуң!
Ырчынын атын союштан,
Уялбайбы, болушуң?
Ат үстүндө дардайып,
Теминет го болушуң.
Күндө эт жесе чардайып,
Семирет го болушуң.
Ала тайым казысын,
Чайнагыдай болушуң.
Ууру белем, колумду,
Байлагыдай болушуң.
Күнайым жок артымда,
Айдагыдай болушуң.

Кейишке башың түшөрүн,
Билгеним жок, Жеңижок?
Келинининн койнуга,
Киргеним жок, Жеңижок!
Азапка башым түшөрүн,
Билгеним жок, Жеңижок.
Аялынын койнуга,
Киргеним жок, Жеңижок!
Сына турган белим жок,
Корко турган жерим жок!..

Жеңижок:
– Ала-Бука, Кызыл-Жар,
Аксы, Чаткал жерим бар.
Алты уруу саруу, көп мундуз,
Аттуу, баштуу элим бар.
Башкарып турган жыйынды,
Султан, Казак бегим бар.
Ушул топтун башчысы,
Ушул топко чогулду,
Жаман менен жакшысы.
Кейишке башың түштү деп,
Айтканым жок, Барпы ырчы.
Келинине келди деп,
Керексиз сөздү келжиреп,
Жатканым жок, Барпы ырчы.
Келинге келсең кармашар,
Келтектешип сабашар.
Кесир сүйлөп олойбо,
Кектешем деп торойбо!..
Кайгыга башың түшөрүй,

Айтканым жок, Барпы ырчы!
Катынына барды деп,
Кайдагы кепти келжиреп,
Жатканым жок, Барпы ырчы!
Катынга барсаң кармашар,
Кайраттуулар сабашар.
Калтыс айтып оройбо,
Кармашам деп, торойбо!..
Балам жүрөгүңө кол салып,
Бир аз сени сынадым.
Баятан берки сөзүмө,
Капа болбо, чырагым.
–Өйдө өтөт көк дөбөт,
Бул эмине болучу?
Ылдый өтөт боз дөбөт,–
Ал эмине болучу?!.

Барпы:
Өйдө өткөн көк дөбөт –
Амал болот, Жеңижок.
Ылдый өткөн көк дөбөт,–
Шамал болот, Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот, Жеңижок!..

Жеңижок:
–Бул дүйнөдө бирөө бар,
Бурулбай кетет жол менен.
Казганактап турган жан,
Кармай албайт кол менен.
Бул эмине, Барпы ырчы?..

Адашпаган жолунан,
Ар бир иши оңунан,
Бул эмине, Барпы ырчы?
Бир-бирине кошпой айт,
Басар жолун тоспой айт?
Жик-жигинен айрып айт,
Жол-жобосун кайрып айт?

Акындыгың билейин,
Акыным деп жүрөйүн.
Асы сөздү терейин,
Адилет баа берейин!..

Барпы:
Бул дүйнөдө бирөөң –
Кармалбаган кол менен,
Кадам койгон оң менен.
Кадиксиз жүргөн жол менен.
Күн эмеспи, Жеңижок!
Актык ишти жактаган,
Аруулукту сактаган,
Адилет сөздү сатпаган,
Дил эмеспи, Жеңижок!
Шуну чечпей такалса,
Болбойбу Барпы эби жок!

Жеңижок:
Кыйындыкты тез билген,
Кысталышта сөз билген.
Ак таңдай асыл акындан,
Калышпайсың, Барпы ырчы.

Ар дайым болсун оюңда,
Акындык салтын оңунда,–
Арыштайсың, Барпы ырчы!..

АКЫНДАРДЫН АКСЫДАГЫ АЙТЫШЫ
(Токтогул, Коргоол, Жеңижок)

Жеңижок:
Ташкенге барсаң бара бер,
Тайгандай чуркайт карагер.
Таалайыңа туш келди,
Тартынбай атың чаба бер?

Коргол:
Тайлагын коюп, Туратбек,
Тартайган төөнү мага бер?

Токтогул:
Коконго барсаң бара бер,
Коёндой ыргыйт Карагер,
Кор кылбайт атың барында,
Коного байлап чаба бер!

Коргол:
Колуң ачык Туратбек,
Коржойгон төөнү мага бер?

Жеңижок:
Букарга барсаң бара бер,
Буйдалбай чыгат Карагер.

Баш байгеси сеники,
Буюрганын ала бер?..

Коргол:
Булбулдар сайрап куру калсын,
Буйлалуу төөнү мага бер?

Токтогул:
Алайга барсаң бара бер,
Арыштап чуркайт Карагер.
Айтылуу күлүк ат экен,
Ардактап багып ала бер?

Коргол:
Акындар ырдап албасын,
Атан төөнү мага бер?

Жеңижок:
Самаркан барсаң бара бер,
Сай күлүгүң чаба бер.
Саратанда курутпай,
Салкын жерде бага бер!

Коргол:
Сайрашып булар кур калсын,
Саксайган төөнү мага бер?

Токтогул:
Наманген барсаң бара бер.
Намыска чуркайт Карагер.
Нааразы болбойт Туратбек,
Нар жагын санап ала бер?

Коргол:
Намыстуулар албасын,
Нарбуураны мага бер?

Жеңижок:
Кашкарга барсаң бара бер,
Кадиксиз чуркайт Карагер.
Каалап берсе байгесин,
Калтырбастан ала бер?

Коргол:
Капа болбой Туратбек,
Каржайган төөнү мага бер?

Токтогул:
Маргалаң барсаң бара бер,
Маралдай чуркайт Карагер.
Маарага чыкса жаныбар,
Мааратпай коюн ала бер?

Коргол:
Мага бербесең Туратбек,
Мааратып алып кала бер!

Жеңижок:
Куюндан бүткөн мал экен,
Куйрук, жалы төгүлгөн.
Канаттуу куштай зыпылдап,
Кайрыган жерден бөлүнгөн.

Коргол:
Саяпкери жакшы экен,
Сактасын кудай өлүмдөн!

Токтогул:
Топ күлүктүн ичинен,
Тоо торудай көрүнгөн.
Топту жарып, байге алды,
Тоскоол-Ата көлүңдөн!

Коргол:
Толкуган элдин ичинде,
Тоссун кудай өлүмдөн!

Жеңижок:
Сай күлүктүн ичинен,
Сараладай көрүнгөн.
Сактады деп намысты,
Саруу элим көбүргөн.

Коргол:
Сайрап мактай калдыңар,
Сактасын кудай өлүмдөн!

Токтогул:
Кайыңды, Шумкар, Кум-Белдин,
Капталын оттоп семирген.
Куп сууган кези экен,
Куландай болуп элирген.

Коргол:
Саяпкерлер көп чыгат,
Саруу, багыш элимден.

Жеңижок:
Өөдөгө салса ноюбас,
Өкүм күлүк сыягы.
Өзөнгө салса тайгылбас,
Өткүр экен туягы.

Коргол:
Өзгөчө мындай күлүктү,
Өзгөгө бирөө кыябы?

Токтогул:
Күнчүлүк жерге жеткирбес,
Күлүк экен чынында.
Куп келтирип ырдайлык,
Калсын деп аты кылымга!

Коргол:
Бизге байгесин берсе болгону,
Болсо дагы ырымга!

Жеңижок:
Аттын ээсин сурасаң:
Аксы болот турагы.
Үстүндөгү чабандес,
Ушул элдин чырагы.

Коргол:
Акылың бар, Туратбек,
Айласын кандай кылалы.
Алдыма жакын кел бери,
Акылдашып туралы.

Токтогул:
Жанымда турат чакчайып,
Жатындашы Нуралы.
Аркасында бар бекен,
Асырап баккан кунаны?

Коргол:
Бар болгондо кунаны,
Буларың көңүл бурабы?

Жеңижок:
Өткөн жылы жайында,
Өзүм жүргөн айылда.
Ал кунанды мактаган,
Көздүү сынчы Шайылда.
Аксылыктарга билгизбей,

Токтогул:
Албайсыңбы сатып тайында?
Сайрап турат жубарымбек,

Жеңижок:
Сага көрүп камылга.
Баарынан мурда жетесиң,

Коргол:
Байгелүү болгон маалында.
Көрөгөндүк белгиси,
Көзүңдүн турат агында!

Коргол:
Жеңижок менен Токтогул,
Жетпесе байге таарынба!

Токтогул:
Байгенин башын алам деп,
Бакылдап, балам, жулунба.
Уйку көрбөй таптаган,
Ушул төөнү сен алсаң,
Убал болор чынында!

Коргол:
Эртеден бери кыйкырып,
Бекерге ырдап нетебиз.
Бербесе байге бербесин,
Токтогул жүргүн, кетебиз?

Жеңижок:
Ыгы жок сурап, пас болуп,
Ырчыларга бер десең,
Ыксыз болор мунуң да.
Жаш кезиңден суранып,
Балам, жайсыз жерге урунба?!.

Коргол:
Короосун малга толтуруп,
Канча жолу байге алган,

Карагер чыккан мурун да.
Кыдыр даарыган Муратбек,
Кыйналбайт мындай чыгымга!.

Токтогул:
Айып көрбө, көпчүлүк,
Анча-мынча тамаша,
Акындардын ырында.
Каргадай болгон, Корголум,
Төөсү эмес, күлүктүн,
Төлөп берет кунун да!..

Жеңижок:
Такшалсын деп жүрөбүз,
Таланттуу өткүр баланы.
Жеңижок менен Токоңдой,
Жетилсе өсөт кадамы.

Коргол:
Эс тарткан кезден ээрчидим,
Эки бирдей аганы.
Кайда барсам бел болуп,
Кара тоодой карааны.
Алыска койсо марасын,
Аттардын чыкпайт жаманы.
Төөсүн берсе Туратбек,
Катыны туубай калабы,?!.

Жеңижок:
Аның ырас, Корголум,
Дүнүйөгө кызыгып,

Алкымдан кетчү болбогун.
Ач калат белең эл барда,
Алды, артыңды ойлогун.
Устаттык кылып кеп айттым,
Ушул жагын ойлогун?!.

НУРМОЛДО, ЖЕҢИЖОК, БАРПЫНЫН ТОЙДОГУ АЙТЫШЫ

–Илгери Аксынын Кызыл-Жарынын Кароо деген жеринде Ташкул деген бай той берип калды. Тойго Аксынын Авлетиминен Сулайманкул датка, Кара-Суудан Алишер казы, Баялы бий, Садыр бий, Жеңижок, Азилбек, Жээнмырза деген ырчылар, Тегенеден Осмонбек болуш, Малгандыдан Субан болуш, Ныязаалы комузчу, өнөрпоздор болуп топурап келип түшүп калышты.

–Анжиян жаккы кыргыздардан: жедигерлик Семетей болуш, баштаган чангенттик Нишанбай бий, Багыштагы Түлөкө бий, Чөкөтай, Жолдош деген байлары менен Барпы деген акыны менен булар да тойго келип, түшүп калышты.

Той башталаарда той ээси Ташкул бай: «Жеңижок Нурмолдо экөөбүңөр азыртан баштап, тойго жарчысыңар, ырыңарды баштагыла!» дейт экен.

Нурмолдо той ээси Ташкул байдан баштабастан, Сулайманкул даткалар отурган жакты карап:

– Аргымак аттай арыштап,
Атан төөдөй даткам ай!

–дегенинде эле Жеңижок сөздү илгиртпей илип алып:

– Асылым, датка төрөнү,
Айбанга теңеп айтасың.

Айнып кеттиң, Молдоке,
Аркаңды көздөй кайтасың!..
Төрөдөй айкел адамды,
Төөгө теңеп айтасың.
Дөөрүп кеттиң, Нурмолдо,
Төмөндү көздөй кайтасың!..
Атан төөдөй деп айтып,
Адамды дагы кордойбу!
Аксакал болгон чагыңда,–
Абайлап айтсаң – болбойбу?!.
Ажынын уулу даткам ай,
Айбатың элден башкам ай.
Сулайманкул даткам ай,
Сымбатың журттан башкам ай!
Аксыдан чыккан даткасың.
Азыркынын Манасы,–
Акының кантип айтпасын!
Жеримден чыккан даткасың,
Жергелүү элдин Кошою,–
Жеңижок кантип айтпасын!..
Кокондон келген төрөлөр,
Кол куушуруп, кол берген.
Кошойдой журттун башчысы,
Кожодой сыйлап, жол берген!
Анжияндын акими,
Алдыңа келип, кол берген.
Акбалтадай кадырлуу,–
Айбыгып, сыйлап жол берген.
Наамарттык кылбаган,
Наманген беги сыйлаган.
Таш боордук кылбаган,

Ташкендин беги сыйлаган.
Каранын каны атанган,
Кароодон киши жалтанган.
Ажынын уулу даткам ай,–
Ашып түштүң – атаңдан!..
Алтынын кумдай күрөгөн,
Алышкан душман жүдөгөн.
Алты канат үйүнө,–
Ажылар келип түнөгөн.
Арстандын бири Ташкул бий,
Азуусун Айга бүлөгөн!..
Күмүшүн таштай күрөгөн,
Күрөшкөнү жүдөгөн.
Күн тегерек үйүнө,–
Кожолор келип түнөгөн.
Күлүстөн эрсиң Ташкулум,–
Күнгө бир тишин бүлөгөн!..
Алтынына кап толгон,
Алышканы сап болгон.
Ар жамандар жат болгон.
Ажылар конуп үйүнө,–
Ар убак көөнү шат болгон!..
Күмүшүнө кап толгон,
Күрөшкөнү сап болгон.
Көп жамандар жат болгон.
Кожолор келип үйүнө.–
Көп убак көөнү шат болгон!..
Аргымагы туйлаган,
Ар жакшыны жыйнаган.
Алтыны капка сыйбаган.
Аксы, Талас элине,–

Атактуусуң кыйладан!..
Күлүгүң тушта туйлаган,
Көп жакшыны жыйнаган.
Күмүшү капка сыйбаган,
Күлдү кыргыз журтуна,–
Күлүстөн эрсиң кыйладан!
Күлүгүң коштоп чабылган,
Кудай деген күндөрү,
Күнүгө байлык табылган!..
Аргымагың чабылган.
Аллам берген күндөрү,–
Ар күнү байлык табылган!..
Жериңдин аты – Кызыл-Жар,
Жеринен кетпейт кызыл нар.
Жердеген жериң Кароо дейт,
Төөңдүн өзү миң болгон,
Дөөлөттүү сендей ким болгон!..
Чертишемин дегендер,
Чениңе келбей тим болгон!..
Баш жагы кенен Чап болгон,
Басташкан душман жат болгон.
Кырк-Уул, Тубай, Баргылар,
Бейиштей жерди жердеген,
Байкатып айтсам багы бар!..
Аксыны түгөл бийлеген,
Аңдышкан душман тийбеген.
Каарына алганда,–
Ким экен коркуп сийбеген?!..
Сулайманкул даткам бар,
Баялыдай бийим бар.
Башында бар дөөлөтү,–

Булардай болгон кимиң бар?!..
Алибектин беш берен,
Аргымак тандап кермеден.
Арыстандын бири бу дагы,
Алышып пенде жеңбеген,
Азыр келди биз менен!..
Күлүгүн таптап окшотуп,
Саяпкерин коштотуп.
Ташкул байга арнаган,–
Кошумчасын топтотуп.
Эр эңишке эр алып,
Эр сайышка шер алып.
Ач, айкырык чуу менен,
Айгайлаган дуу менен.
Буларда мында келишти!..
Тегенени жердеген,
Тегин эмес, эр деген.
Орчундуу манап Осмонбек,
Ордолуу шаар болгон бек.
Кадырлуу Аксы, Таласка,

Садыр, Субан баш болуп,
Келип турган кезеги,–
Өзүңүздөй Манаска!..
Арыстаным Бекмурат,
Аксыны сурап жеп турат.
Сурунайын тарттырып,
Сымбатын журттан арттырып,
Керинейин тарттырып,
Келгенди таң калтырып.
Баары келди тоюңа,
Байкатып салам, оюңа!..

Атагың кеткен Алайга,
Даңкың кеткен далайга.
Аксакалы жайкалган,
Ар дубанды жайгарган,
Башчың келип турасың.
Кышкы отунду жыйдырып,
Көңүлүндү тындырып.
Кем-каржыңды таптырып.
Калбайлы деп суука,
Тегирменин тарттырып.
Койкойтуп күлүк жетелеп,
Колуна кушун кондуруп,
Үндөкө салып бөпөлөп!
Караламан калың журт,–
Калкым келип турасың!..

деп Жеңижок көпкө созуп барып басылды. Ошондо жедигерлик Семетей болуш Сулайманкул даткага карап: «Даткам, той башталгандан бери Жеңижоктун ырын угуп турабыз, биринчиден, Жеңижок эс алсын, экинчиден, Жалал-Абад, Өзгөндөн Түлөкө бий, Чөкөтай, Жолдош, деген байлары Нишанбай бийи менен Барпы деген акынды кошо алып келишиптир, Жеңижоктун жанында отурат, ага да нөөбөт берелик, экөөбү эски тааныш экен, айтышса айтышып, жеңишсин! Байгесини берелик деп Семетей болуш жанынан он сом чыгарып, дасторкондун үстүнө ортого таштайт экен. (Ал убакта беш сомго бир жакшы ат келчү экен!) Отургандар да андан кем эмес ортого пул ташташат. Болжолдо он беш аттын пулундай акча үйүлдү дейт. Семетей болуш Барпыга карап: «Балам, Барпы, кезек сеники, башта!» дегенде Барпы: «Болуш, улуулата келсин, Жеңижок акын таш койсо таш коёюн, кыш койсо – кыш коёюн» дегенде Сулайманкул датка «Андай болсо,

Жеңижок, сен баштай бер!» деп уруксат берип жиберди дейт. Ошондо Жеңижоктун комузун күүлөп баштаган жери:

Жеңижок:
Жети кабат Асманды,
Жайгаштырган ким экен?
Жансыз жаткан Жер бетин,
Жашыл кылган ким экен?
Жер, Ааламды суктантып,
Асыл кылган ким экен?
Жердин бетин кут кылып,
Жер бетине жуп кылып,
Жан жараткан ким экен?..
Тамашасы керемет,–
Таңдандырган ким экен?
Бирде Күндү көрсөтүп,
Кайра Түндү көрсөтүп,
Кыймылдаткан ким экен?
Абад кылып гүлдөтүп,–
Шаңдандырган ким экен?..

Барпы:
А, жети кабат Асманды,
Жайгаштырган бир кудай.
Жердин бетин кут кылып,
Жер бетиге жуп кылып,
Эркек менен ургаачы,-
Экөөбүнү туш кылып,
Бириге-бирин жуп кылып.
Эл жараткан бир кудай.
Тамашасы керемет,–

Таңдандырган Жер болот,
Бирде Күндү көрсөтүп,
Кайра Түндү көрсөтүп,
Кыймылдаткан Жер болот!..
Абад кылып гүлдөтүп,
Шаңдандырган эл болот!..

Жеңижок:
Асман, Жердин арасын,
Алыс кылган ким экен?
Күн нурун көктөн чачтырып,
Калыс кылган ким экен?
Боло турган тагдырды,
Турмуштагы жазмышты,
Көрүп турган ким экен?
Акыл менен чечмелеп,
Бөлүп турган ким экен?
Буйругуна Жазмыштын,
Көнүп турган ким экен?
Азезилди таш менен,
Уруп турган ким экен?
Мусулмандын көңүлүн,–
Буруп турган ким экен?..

Барпы:
А, асман, Жердин арасын,
Алыс кылган бир кудай.
Күн нуруну теккиз тийгизип,
Калыс кылган бир кудай.
Боло турган тагдырды,
Турмуштагы жазмышты,

Көрүп турган бакшы дейт.
Буйругуна жазмыштын,–
Көнүп турган пенде дейт.
Азезилди таш менен,
Уруп турган паришта.
Мусулмандын көөнүнү,
Буруп турган бейиш да.
Шуну Барпи чечпесе,
Жуда болот кайиш да!..

Жеңижок:
Шыбактуу Жерди жайлаган,
Шынаарлап көктө сайраган.
Дарака барып конбогон,
Кыш түшсө таштап кетпеген,
Куш чечени кайсы экен?..
Токойлуу жерди жайлаган,
Толукшуп жайда сайраган,
Топурак жерди баспаган,
Кептин баары ушунда,
Кайып болгон кышында,
Куш акыны кайсы экен?!.

Барпы:
Шыбактуу жерди жайлаган,
Шынаарлап көктө сайраган.
Дарака барып конбогон,
Кыш түшсө таштап кетпеген.
Куш чечени торгойдур,
Чечпеген шуну оңбойттур!
Токойлуу жерди жайлаган,
Толукшуп жайда сайраган.

Топурак жерди баспаган,
Гаптин баары ушунда,
Гайып болгон кышында.
Акын булбул өзүдүр.
Анжияндык Барпи акын,
Таап айткан сөзүдүр!..

Жеңижок:
Кара-Тоонун төбөсүн,
Кар басканы не болот?
Кайнар булак кашатын,–
Суу басканы не болот?
Кырка турган катар таш,
Ураганы не болот?
Түбү менен чынардын,–
Сулаганы не болот?
Кара-Тоонун башынан,
Күнүң батты не болот?
Ала-Тоонун башынан,
Айың батты не болот?..

Барпы:
Кара-Тоонун төбөсүнү,
Кар басканын сурасаң,–
Кара болгон чачыңдын,–
Ак болгону эмеспи!
Кайнар булак кашатың,–
Суу басканын сурасаң,–
Аккан көз жаш эмеспи!
Кырка тизген катар таш,
Ураганын сурасаң,–

Тиш түшкөнү эмеспи.
Түгү менен чынардын,–
Сулаганын сурасаң,–
Арка болгон атаңдын,
О дүйнө көздөй жол тартып,
Жөнөгөнү эмеспи!
Кара-Тоонун башыдан,
Күнүң батты дегенин,–
Кадырлап баккан атаңдын,
Аттанганы эмеспи!
Ала-Тоонун башыдан,
Айың батты дегениң,–
Ак сүт берген энеадин,–
Аттанганы эмеспи!..

Жеңижок:
Баракелде, Барпы ырчым,
Баа жетпеген сарт ырчым.
Узатайын арылап,
Угуп туруп, тап ырчым!
Азыр көңүл бургунуң.–
Аяр болуп тургунуң.
Адамзатты жаса деп,
Айтыптыр ким буйругун?..
Аны кимдер жасады.
Акыл менен туйгунуң?
Адамдын насил, заты ким?
Перишгелер аты ким?
Турган жери каерде?
Кылган иши не болот?
Кантип жүрөт бу жерде?

Көрүнөбү көзүңө?
Адамдардын сүйлөшкөн,
Түшүнөбү сөзүнө?
Адам-Ата, Обо-Эне,
Неге айдалды бейиштен?
Жылан менен тооз куш,
Жазаланды неликтен?..
Ушулардын баарына,
Шайтан кантип жетишкен?
Пайгамбарга жиберген,
Кудайдын ким элчиси?
Ар адамга ырыскы,
Ким болуптур бөлчүсү?
Кудай менен сүйлөшүп,
Келген киши ким экен?
Жакын туруп көзмө-көз,
Көргөн киши ким экен?
Курани карим китепти,–
Жазган киши ким экен?
Касиеттүү Медийна,
Салган киши ким экеи?
Өлгөндөрдүн жандарын,
Алып жүргөн ким экен?
Сандыгына чогултуп,
Салып жүргөн ким экен?
Жаан берип турсун деп,
Булутту ким жаратты?
Дүйнө жүзүн кыдыртып,
Шамалды ким таратты?
Ай, Күн, жылдыз, Асман, Жер,
Буларды ким жаратты?

Учсуз, түпсүз асманга,
Жылдызды ким таратты?
Түнү менен издешип,
Табышпаган ким экен?
Өз баласын башкага,
Табыштаган ким экен?
Айта берсем кеп менен,
Бардык нерсе чек менен.
Бирисиз бири күн көрбөйт,
Бул эмине кеп деген?..
Болсун үчүн тирилик,
Тынбай иштеп жүгүрүп.
Башкарып турган каны бар,
Башкача күчтүү алы бар.
Биригишип жашаган,
Мактай турган жагы бар,
Ушул кайсы жаныбар?..
Өздөрүнчө тили бар,
Өчөшүп тийсең бирине,
Өчүн алар жини бар.
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Өкүмдүгүн билип ал,
Ошол кайсы жаныбар?..
Бир жубу өлсө, бир жубу,
Өлүп жүргөн кайсы экен?
Баш, аягын жыйнабай,
Желип жүргөн ким экен?
Дүйнө сырын чечмелеп,
Берген китеп кайсы экен?
Он сегиз миң Ааламды,
Ою менен имерип,

Бийлеп турган ким экен?..
Күшүлдөгөн деңиздин,
Күчтүү жери кайда экен?
Көк тиреген тоолордун, –
Бийик жери кайда экен?..
Бүт бардыгы каяктан?
Айбанатты бийле! деп,
Алла кимди жараткан?
Адамзаттын денеси,–
Эминеден жаралды?
Ай, жылдыздар көк бербей,
Айтчы, кантип таралды?
Ажыратып айтып бер,
Адам менен арамды?
Буйрук, тагдыр деген бар,
Бул эмине болучу?
Кордук, зордук деген бар,
Ал эмине болучу?
Байгамбардан канча өткөн?
Саабалардан канча өткөн?
Тозоктун кандай белгиси?
Жаннаттын барбы белгиси?
Азамат эрде намыс бар,
Аккан сууда алыш бар.
Айтып берчи, карагым,
Куранда канча парыз бар?
Исламда канча парыз бар?
Ишенбесең намыс бар!
Ыйманда канча парыз бар?
Ынанбасаң – намыс бар?
Намазда канча парыз бар?

Начар билсең – намыс бар?
Амру маруп деген бар,
Илимде канча парыз бар?
Накый-мункер дегенде,
Оокатында канча бар?
Гусулда канча парыз бар?
Дааратында канча бар?
Таямумда канча бар?
Тамырын таап, айтып бер?
Туура жооп, кайтып бер?
Туш-тушунан көрүп бер?
Туура болсун бөлүп бер?
Алың жетсе айтып бер?
Азыр жообун кайтып бер?
Аныктап баарын көрүп бер?
Акылга салып, бөлүп бер?..

–деп Жеңижок ырын токтотот экен. Эл Барпыны кандай жооп берет деп күтүп калышат. Ошондо Барпы чөгөлөй олтура калып, эки колун бооруна алып: «Кечиресиздер агайиндер, мен Жеңижоктун ырына, табышмагына жооп бере албаймын, мусулманчылыка окуган эмес элем, илимим жок! Туура эмес жообуну берсем кудай алдында, эл алдында шарият илими уруп кетет!.. Мен жооп бербей як жеңилдим! - деди.

Ошондо Сулайманкул датка: «Эми Жеңижок, бу Барпы деген ырчың жооп бере албастан жеңилдим» деп элдин көзүнчө мойнуна алып атыры, анысына ыракмат!

Ушундай кыйын суроолорду берген сага да ыракмат, энди, Барпы балам жеңилди деп ортодогу бөлүнгөн акчаны сага берип кете берсек деле туура болот эле, бирок, сенин өзүңдүн ырыңа өзүң кантип жооп бериңди укпаса бул элдин мооку канбай турат! өзүң жооп бер, сөз сенде! деди. Анда Жеңижок элди

кыдырата бир көздөн өткөрө карап: «Жакшы болот, агайиндер, өз табышмагымды өзүм жандырып бербесем ар ким ар кандай ойдо калышы мүмкүн, табышмакты жараткан адам чечпей калмак беле! Бирак, Барпы балам, деле жакшы ырчы, мен да көктүгүмдү карматып, катуурак кетип калдым окшойт! Анткени менен Жеңижок – Барпы эмес! Барпы-Жеңижок эмес! Булбулдун тили – торгойдо эмес, торгойдун тили – күкүктө эмес! Ар кимиси өз-өз тилинде жакшы. Ар биринин өзүнө ылайык орду бар эмеспи! Эмесе, өзүмдүн суроомо өзүм жооп берейин деп Женижоктун ырдап турган жери:

– Буйругу менен Алланын,–
Жабраил периште,
Арафаттын тоосунан,–
Уруксат алып кудайдан,–
Адам жасап ылайдан.
Жан киргизген эмеспи!..
Ошол Адам-Атанын,–
Кабыргасын чыгарып,
Обо-Эне жасап келтирип,
Чебердигин билгизип,
Ичине нурду киргизип;
Ал киргизген эмеспи!..
Жүрөктөрүн соктуруп,
Кан жүргүзгөн эмеспи!
«Раббил Алла» дегенде,
Адам-Ата, Обо-Эне
Тура келген эмеспи!
Алла-Таала көңүлүн,–
Бура келген эмеспи!
Адам-Ата, Обо-Эне,
Бейиштин төрүн жай кылды

Бейиште неге болот деп,
Көрө албай шайтан кайгырды!
Жети кабат бейишти,
Жылан, тооз кайтарды.
Алтын берип экөөнө,–
Минтип шайтан алдады.
Бейиштин кирип ичине,
Обо-Энеге жегин деп,
Ооз тийип көргүн деп,
Буудай берди кичине.
Обо-Эне бейиш булгаптыр,
Оңдуу жумуш кылбаптыр!
Каары келип кудайдын.,
Адам-Ата, Обо-Эне,–
Экөөбүн катар айдаптыр!
Тындырып көөнүн жайлаптыр!
Кудай кармап жыландын,
Кырк бутун шыпыра чаап кесиптир.
Кароолчусу бейиштин,-
Түбүнө минтип жетиптир.
Кырк буттан жылан ажырап,
Бутсуз сойлоп кетиптир!
Ар жерге тууп, карабай,
Тооз куш болсо тентиптир!
Жылан менен тооз куш,
Жаза алышкан ушундай,
Жалганы жок кымындай!..
Уламадан уланып,
Бизге жеткен бузулбай.
- Периште нурдан жаралган.
Кудайымдын кулдары,–

Бирок көзгө көрүнбөйт,
Кызмат кылган бу дагы!
Ар пенденин күнөөсүн,–
Жазып жүргөн ушулар:
Кыямат күнгө жеткенче
Ташып жүргөн ушулар.
Кудайдан пайгамбарларга,
Болуп турган элчиси,–
Азирети Жабраил!
Ырыскы бөлгөн пендеге,
Өз мөөнөтүн өткөрбөй,
Бир жерге катып, жашырбай,
Керек болгон учурда,
Бир тамчысын калтырбай,–
Өкүм кылган булутка –
Азирети Микаил!
Пенделердин жандарын,–
Ала жүргөн ким десең,–
Азирейл эмеспи!
Пенделердин жандарын,–
Сандыгына чогултуп,–
Сала жүргөн ким десең,–
Исрафиил эмеспи!..
Калами шарип – улук сөз,
Кудайдан келген ыйык сөз.
Кудай досу – Мухаммед,
Барып келген эмеспи!
Бир барагын жоготпой,
Ыйык куран китебин,–
Алып келген эмеспи!..
Жаан болуп турсун деп,

Булутту кудай жаратты.
Дүйнө жүзүн кыдыртып,
Шамалды кудай жаратты.
Ойлоп пенде чечпеген,
Амалды кудай жаратты.
Ай, Күн, жылдыз, Асман, Жер,-
Баарын кудай жаратты!..
Түнү менен издешип,–
Табышпаган Итак менен Сүтак дейт,–
Өз баласын башкага,
Табыштаган күкүк дейт.
Айта берсек кеп менен,
Бардык нерсе чек менен.
Бирисиз бири күн көрбөйт,–
Жамгырсыз Жер көгөрбөйт,
Күндүн алтын нурусуз,-
Сулуулука бөлөнбөйт!..
Токой кыйсай, – суу болбойт,
Көл соолсо – куу болбойт!
Кийиги болбой тоо болбойт,
Бешенеде болбосо,
Пейили жаман оңолбойт! –
Башкарып турган каны бар,
Башкача күчтүү алы бар.
Ынтымактуу жашаган,
Үйрөнө турган жагы бар.
Муну кайсы десеңер,-
Бул – кумурска жаныбар!..
Топтолушуп жашаган,
Тили бар десең – тили бар,
Тийип койсоң уюка,-

Топтолуп кубар жини бар!..
Азыр айтам – билип ал,
Аары деген жаныбар!..
Бир жубу – өлсө, бир жубу,
Өлүп жүргөн куу болот.
Баш аягын жыйнабай,
Желип жүргөн суу болот!..
Дүйнө сырын чечмелеп.,
Берген китеп куран дейт!
Он сегиз миң Ааламды,–
Бийлеп турган кудай дейт!
Мухиттеги толкундун,–
Күчтүү жери – түбүндө.
Ыйманы бар пенденин,–
Жакшы иш келет түңүлбө!..
Адамзаттын денеси. –
Ак турпактан жаралган,
Акырындап көбөйүп,
Ар тарапка таралган.
Союлган мал адал дейт,
Союлбаган арам дейт.
Унутулат жакшы иштер,
Унутулбайт жаман дейт.
Буйрук, тагдыр деген бар,
Бешенеңден көрөсүң.
Тагдыр жазса айла жок,–
Аргасыздан көнөсүң.
Ооруганы жаныңдын,–
Ошол кордук эмеспи.
Кара ниет адамдын,–
Иши зордук эмеспи!..

224 миң пайгамбар,
Булар өткөн эмеспи!..
Бул дүйнөдө ким калган?
Баарын жалмап, шыпырган,
Сен экенсиң, шум жалган!..
Күн менен Түн алмашып,–
Өтүп келген эмеспи.
Өмүр көчү токтобой,–
Көчүп келген эмеспи.
Эмгектенип адамдар,
Энчи табат эмеспи,
Оозун ачып жалкоолор,–
Куру калат эмеспи.
Жер жүзүнө жалгыз Күн,–
Нурун чачат эмеспи!..
Тозоктун кайсы белгиси?
Тоңдуруп суук кыш келди,
Тозоктон ушул – бир белги!..
Жаннаттын кайсы белгиси?
Жайнатып жазда гүл берди,
Жаннаттан бул – бир белги!..
Алсыздарда арыз бар,
Айтып берем, чырагым,–
Куранда канча парыз бар?
Экинчи жолу жолуктук,–
Экөөбүздө намыс бар.
Тил жүгүрүк, ой күлүк,-
Оңой ырчы болбойсуң,-
Жетилерсиң сен жүрүп!
Парыздын баары кырк болот,
Айтпасам көңүл бук болот.

Исламда болот беш парыз,
Илгиртпей айтам байкаңыз.
Биринчиси – ыймандыр.
Мусулман кызмат кылгандыр.
Экинчиси намаздыр,
Шайтанды кудай көрсөтпө.
Жолуктурбай адаштыр!..
Үчүнчүсү зекеттир,
Үйдөгү мал, даныңдан,-
Үлүшүн бөлүп береттир.
Төртүнчүсү орозо,
Бир ай кармап туптуура,-
Мамиле кыл ошого!
Бешинчиси ажылык,-
Барып келгин Мекеге,
Болсо жолго каржылык!
Ыйманда бар жети парз;
Биринчиси бул сенин,-
Алла-Таала кудурет,
Бардыгына ишенгин!
Экинчиси – периште,
Жардамы болот көп иште!..
Үчүнчү келген кезекте,
Ишенгиниң ишиңе,-
Курани карим китепке!
Төртүнчү келген кезекте,
Пайгамбардын бардыгы,
Болсун дайым эсиңде!..
Бешинчи келген кезекте,-
Кыямат кайым болот деп,
Болсун дайым сезимде!..

Катарынан адашпа,
Он эки парз бар намазда!
Бир парзы болот илимде,
Берилгин илим-билимге!
Болсун дайым дилиңде!
Амри маруп бир парыз,
Аткарбасаң буларды,
Акыры кийин жагында,
Абыдан болот чоң, наалыш!
Оокатта эки парыз бар,
Ойго албай койсоң парыз бар,
Адал менен арамды,
Ажыратып тааныш бар!
Келип жеттик гусулга,
Үч парыз бар ушунда.
Тааныштырып айтабыз,
Таямумда төрт парыз,
Бардыгы болду кырк парыз!

– деп Жеңижок жообун бүттү. Акындын тапкычтыгына, ырдаганына таң беришип, күтүрөгөн көпчүлүк сүйлөшүп турушту...

ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

Токтогул:
Орозалы, Мамыр ай,

Жеңижок:
Келип калдык тоюңа ай.

Токтогул:
Бузурманкул, Сартбай ай,

Жеңижок:
Мурунтан атын айтпай ай.

Токтогул:
Кең Жүзүмжан, Жүзүмжан,
Жерин айтсак болбойбу?

Жеңижок:
Түпүрөгөн жети уруу,
Элин айтсак болбойбу?

Токтогул:
Жаңгактары шакылдап,
Түшүп турган жер экен.

Жеңижок:
Алмуруту жүрөктөй,
Бышып турган жер экен.

Токтогул:
Алмалары топулдап,
Түшүп турган жер экен.
Алчасы кыздын бетиндей
Бышып турган жер экен.

Жеңижок:
Жүзүмдөрү салбырап,
Түшүп турган жер экен.

Токтогул:
Ак көпшөктү көп ичип,
Атакулдун курсагы,
Шишип турган кези экен

Жеңижок:
Койдон козу кактырган,
Кол тийгизбей бактырган,
Эчкиден улак кактырган,
Эшенден тумар тактырган,
Эч кимге бербей бактырган.
Айыл башы Алтынай,
Керимсалдай Кенжекан,
Моймолжуган Моймолжан.
Секирим баскан Зейнепжан,
Кыялы жакшы кызыл гүл,
Сарамжалдуу Сайкалжан,
Кишиликтүү Кишимжан.
Канчалык айтсак түгөнбөйт,
Касиеттүү Жүзүмжан.

ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН ТОЙДОГУ ТАМАШАСЫ

Токтогул:
Көңүлүң сүйгөн адамды
Мактоого тилиң так келет.

Эшмамбет:
Жүрбөйсүңбү, ой Токо?
Тигини барып мактасак,
Байгебизди нак берет.

Токтогул:
Дилиң сүйгөн адамды,
Ырдоого тилиң так келет.

Эшмамбет:
Ошону барып ырдасак,
Байгебизди бат берет.

Токтогул:
Ырдабай жатып эч нерсе,
Байгеге көөнүң бурбагын.

Эшмамбет:
Мактоо сүйөр киши окшойт,
Көрбөйсүңбү турганын.

Токтогул:
Ана, балам, кел, жүрү,
Бул турган элди ырдайлы.

Эшмамбет:
Камдаганың албастан,
Бекерге ыза кылбайлы,

Токтогул:
Башканы, балам, коё тур,
Кашканы минип кайкайган,
Март жигитти ырдайлы.

Эшмамбет:
Токомдун досу көрүнөт,
Сарт жигитти ырдайлы.

Токтогул:
Мүчөлөрү келишкен,
Балбан жигит көрүнөт.

Эшмамбет:
Бет алганын жай кылган
Албан жигит көрүнөт.

Токтогул:
Аты менен топ жарып
Барган жигит көрүнөт.

Эшмамбет:
Түрүнө карап «балбан» деп,
«Топ жарып байге алган» деп
Байкабастан ырдадык,
Адегенде жыгылып,

Эси чыгып жалтактап,
Калган жигит көрүнөт.

Токтогул:
Уялып кетип жаш бала,
Ырына көңүл бурбады.

Эшмамбет:
Ырдадың эле балбан деп,
Балбандардын баарысы
Мактоо сүйлөр эл болот.
Балбан болсо тууганың,
Канакей карап турганы?

Токтогул:
Турбаса, мейли турбасын
Ырдай бергин башканы.

Эшмамбет:
Мактап жатсак балбан деп
Баландын жокпу качканы?

Токтогул:
Бир адам эмес, Эшмамбет,
Ырыбызды угууга
Чогулган кошун эл керек.

Эшмамбет:
Качып кеткен баланы
Түрткүлөп жатат бир киши,
«Буларга байге бербе» — деп.

Токтогул:
Бербесе, мейли бербесин.
Калың топту аралап
Тараталы кумарды.

Эшмамбет:
Артымдан калбайт сагалап,
Сабаганы жүрөт бейм,
«Кой» десеңчи буларды.

Токтогул:
Сабабайт сени, Эшмамбет,
Коркпостон, балам жүрө бер.

Эшмамбет:
Аялдарды аралап.
Бардым эле дөбөгө.
Болгон окшойм күнөөкөр.

Токтогул:
Эки көзүң алактап,
Коркок болчу мүнөзүң.

Эшмамбет:
«Качан сабап коет?» — деп,
Опколжуп турат жүрөгүм.

Токтогул:
Коркпостон, балам жүрө бер,
Бастырып жүргөн бул жерде
Көпчүлүк элдин бирисиң.

Эшмамбет:
Ушундай да «кой» деп кой,
Жабылып мени сабашса,
Кой, демексиң кимисиң?

ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН ЭШЕН КАЛПАЛАРГА КАРАТА ЫРДАГАНЫ

Токтогул:
Айгыр, кочкор айдаган,
Теке менен букасы
Суусамырды жайлаган,
Азирети эшендер
Кемибептир пайдадан.
Кетте, кичик кошулуп,
Кекиртеги созулуп,
Кер жорго минип алдыңда,
Келаткан экен озунуп,
Келтирип соогат сурачы,
Эшмамбет, эки колду куушуруп.

Эшмамбет:
Ассалому алейкум,
Ак селделүү калпабыз.
Ак теңгеге толгон бейм,
Асынып келген калтаңыз.
Ак шарият пири деп,
Алдыңан салам айтабыз,
Акындар ырдап келгенде,
Аздыр-көптүр байкаңыз

Токтогул:
Шариятта, Эшмамбет,
«Кулмун» десең береби?
Кол куушуруп алдыңа,
Турдум десең береби?
Соогатыңа чубалтып,
Селде берип жүрбөсүн?
Же болбосо жанынан
Теңге берип жүрбөсүн?
Кошо чечип берет дейм
Кийип турган күрмөсүн?
Кара тилди безечи,
Кантип эшен сүйбөсүн?
Айдай албай баратат,
Айгыр, кочкор дүйнөсүн.
«Хаммасын бүт алгын» — деп,
Марттык кылып жүрбөсүн?
Элге бүтүн тараптыр
Эшендин берген топусу,
Эми бермек болду бейм,
Эки-экиден сүйлөшүп,
Ийкеңдеп турат чокусу.

Эшмамбет:
Ийкеңдетсе береби
Экиден бизге допусун?
Ишара кылып жатпайбы,
Алдына ийкеп чокусун.
Мурут болгон калпа көп
Биздин Кетмен-Төбөдө.
Эшендин оюн байкасам,

Дүнүйө кызык жөн эле.
Бизге бербейт, Токтогул,
Акарат кылба төрөгө
Андан көрө баралы,
Аштан, тойдон калалы,
Айлыбызга баралы,
Аттын майын алалы,
Тамашага баралы,
Тапканды бөлүп алалы.
Коңур-Өгүз жеринде.
Өйүзгү саяк элинде
Эл чогулуп конот дейт,
Эртең аш кеңеши болот дейт,
Коногун алып бөлөт — дейт
Ырчысын ылгап көрөт —дейт.

Токтогул:
Жүрсөң, жүргүн, кетели,
Эшенди тооруп нетели,
Ушулардан эч кимдин
Узарбаган этеги.

ПАПЫ КАЛПА
(ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТ)

Кетмен-Төбөнүн Торкен деген жеринде Жайлообай деген той берет. Бул тойго Токтогул менен Эшмамбет барышат. Папы деген калпа дагы барат. Папы калпа өзүнүн митаамчылыгы, калптыгы менен өзүн «олуямын» деп жар салып жүргөн. Ал өзүнүн оору экендигине карабастан айылдагы келиндерге, жаш балдарга дем салам деп алардын оозуна түкүрүп, далай таза кишилерге оорусун жугузган. Мына ушул Папы калпа ырчылар жөнүндө укмуштуу ушактарды жүргүзөт.

— «Ырчы шайтандын канаты, ырчыга бергендер акыретте өзүңөрдү жылан болуп чагат, берсеңер: «калпа, молдолорго гана бергиле» — деп элди ырчылардан жат кылууга тырышкан. Калпаны манаптар, бийлер кубатташкан. Калпанын айтып жаткан ушагын Токтогул менен Эшмамбет угуп турушат да, калпа сөзүн бүткөндө эки ырчы тыштан мына минтип ырдап коё беришет:

Токтогул:
Калбырың бар калпам ай,
Калктын пулун кызганган
Эшмамбет:
Аңырайган маңкам ай.
Токтогул:
«Ээси бар» киши калпам ай,
Эшмамбет:
Элдин малын кызганган
Этексиз чирик маңкам ай.
Токтогул:
Бали «рахмат» калпам ай,

Эшмамбет:
Байлардын пулун кызганган
Баркы кеткен маңкам ай.
Эшмамбет:
Үргүлөйсүң калпам ай,
Токтогул:
Үйдө туруп казганган
Үңүрөйгөн маңкам ай.
Эшмамбет:
Кара үңкүрдө курбу жок,
Токтогул:
Калктын пулун аяган
Калпа акемдин мурду жок.

Калың эл дуулдап кулүштү. — Койгула калпага шек келтирбегиле» — деп, Эшмамбетти бирөө жетелеп кетти. Токтогул ансайын күчөп ырдай берди:

Тескейде теке тарпыны
Теңирим кушка жем кылган.
Теңирейтип мурдуңду
Теңтушуңдан кем кылган.

Курбуда теке тарпыны
Кулаалы кушка жем кылган,
Курттүгөтүп мурдуңду,
Курдашыңдан кем кылган.

Чымчууга келбейт мурунуң,
Чымын-чиркей таласа
Чыңырып ыйлап, курудуң.

ТОКТОГУЛ, ЭШМАМБЕТ МЕНЕН КОРГОЛДУН ЭШЕНГЕ ЫРДАГАНЫ

Түлөкө деген бийдин ашында, көп жыйындын кашында Барпы деген калпа дубаналарын оң-сол кылып, өзү ортосуна олтурган экен. Ал өзүнчө эл ырчылары жөнүндө наалый берет. Ошондо Коргол калпага карап:

– Калпам, ырчыга көп асыла бербе. Көрөсүң — дейт. Анда калпа болбойт:

– Ырчыга берген дүнүйө тигил дүйнөгө барганда өзүңдү чаян, жылан болуп келип чагат. О, ырчыга эчтеме бербегиле, дей берет.

Коргол Токмок уруусундагы Шатманаалыныкына чаап барат: Ошо жерде Токтогул менен Эшмамбет комузуна кыл такканы жатыптыр. Коргол учурашып болуп:

– Барпы калпа кутуруп жатат, толгон элге бизди жамандап, ырчылар шайтан деп жатат, - дейт. Бир аздан кийин Барпы калпанын кашына ырчылар келип, үчөө сабакташып ырдап киришет.

Токтогул:
Эй, кагылайын калпам,ай
Кара тыйын таба албай,
Калктын пулун кызганат
Бул каңырайган маңкам ай.

Эшмамбет:
Эң, үлбүрөгөн, калпам ай,
«Үф» деп элди алдаган
Үңүрөйгөн манкам ай.
Атала жарма таба албай

Айылдын баарын кыдырган,
Аңырайган маңкам ай.
Эй, калпам,
Атыңдан түшпө жөөлөп,
Алтымыш чымын, сексен курт.
Мурдуңду алты жыл жеген ээлеп...

Коргол:
Эй, Калпам,
Кармоого келбейт мурунун,
Күнөөсүздү айыңдап,
Кашайгыр эми курудуң,
Иттей болуп улудуң.
Аска бекен, шар бекен,
Алдың терең жар бекен?
Алтымыш курттан бошотуп
Аларга адам бар бекен?
Калпамдын бейли тар экен
Кашка чымын шордуудан,
Калкалар адам бар бекен?
Акындарды айындап,
Төлөкөнүн ашында,
Алты уруу журтка шерменде,
Кайсы урматын калды экен?
Түгөнбөгөн Шамшыкал
Туздун кени жерде экен.
Качырдай болгон ант ургур,
Калптын баары сенде экен.
Абалтан бери колдогон,
Аш-тойдун көркү элде экен.
Адамды жолдон азгырган
Азаптын баары сенде экен.

Өлгөн жерден пул алган,
Өлө турган кишидей
Өңү жездей кубарган,
Кернейдей болгон ант урган.
Көрүп келсең эгер сен
Жети тозок, гүл бейиш
Чечип айтчы кайда экен?
Жетелешип чоңойткон,
Жеңе-желпиң бар бекен?
Алдейлешип чоңойткон
Ата-энең турса көрдүңбү?
Бейиш жакшы кел дешсе.
Бармак болуп келдиңби?
Эшегиң минип койкоюп,
Эшен экөөң бара бер,
Жети катар бейишке,
Жай салдырып ала бер!
Жай бербесе бейиштен
Сага
Жардам болбойт периштең.
Жаныңды жеп жабырап
Жалган айткан сен жаман.
Сендей жамачы мурун калпага
Жарым сом берген эл жаман.
Ак кишини айыңдап
Каргаша кылган сен жаман,
Калпыңды билип олтуруп,
Сага
Кара улак берген эл жаман.

Ырчылардын тилине уугуп, элге күлкү болуп, калпа качып кетет.

ТОКТОГУЛ СИБИРДЕН КЕЛГЕНДЕ ЭШМАМБЕТ ЫРЧЫ МЕНЕН УЧУРАШКАНЫ

(I түрү)

Эшмамбет:
Кунандын оозун керген бейм?
Кудайым чындап берген бейм?
Куюгуп кетип жок болгон
Кургурум Током келген бейм?
Кубанышып бир өскөн
Булбулум Током келген бейм?!

Аргымак оозун керген бейм,
Аябай кудай берген бейм?
Айдалып кеткен Сибирге,
Акын Током келген бейм?
Акындыгы кыргызга
Маалым Током келген бейм?!

Телгүрөң оозун керген бейм?
Теңирим чындап берген бейм?
Тентип Сибирь айдалган,
Тепки жеп колу байланган,
Теңтушум Током келген бейм?!

Каранын оозун керген бейм?
Каардуу торго камалган,
Кара жол Сибирь айдалган,

Кара жаак, кайкы тил,
Кайраным Током келген бейм?!

Күлүктүн оозун керген бейм?
Күнадыр келип кармаган,
Күйүттүү күнгө зарлаган,
Күмүш жаак, күлүк тил
Күкүгүм Током келгенбейм?

Буурулдун оозун кергенбейм?
Бу кудайым чындап бергенбейм?
Мусапыр болуп айдалган,
Бурулуп колу байланган,
Булбулум Током келгенбейм?
Бурулушта чарчабас
Дулдулум Током келгенбейм?!

Торунун оозун кергенбейм?!
Толгонуп колу байланган,
Топ солдаттар айдаган,
Торгоюм Током келгенбейм?!

Кара чепкен, кыйма тон,
Кийген Током келгенбейм?
Камакта туткун көп жылы
Жүргөн Током келгенбейм?!

От араба, машине,
Минген Током келгенбейм?!
Залимде туткун көп жылы
Жүргөн Током келгем бейм?!

Зар кайгыда, түрмөдө
Жаткан Током келгенбейм?
Саабалар жар болуп
Баккан Током келгенбейм?!

Үркүттөгү түрмөдө
Жаткан Током келгенбейм?
Үстүртөн кудай жар болуп
Баккан Током келгенбейм?!

Маскөөдөгү түрмөдө
Жаткан Током келгенбейм.
Баабединдер жар болуп
Баккан Током келгенбейм.

Итке салган чанага
Түшкөн Током келгенбейм?
Ичкиликте кара чай
Ичкен Током келгенбейм?!

Кайнап күйүп, чок болгон,
Кайгылуу күнгө токтолгон,
Каардуу торго чалынып,
Кармалып кыйноо сот болгон.

Күйүп-жанып чок болгон,
Күйүттүү күнгө токтолгон,
Күкүктөй болгон алтын баш,
Күнадыр сурап сот болгон,
Өчкөнүм кайра өнгөнбейм?
Өлдүбү деп түңүлгөн
Өнөрпоз Током келгенбейм?!

Бугуга салган чанага
Түшкөн Током келгенбейм?
Мусапыр болуп кара чай
Ичкен Током келгенбейм?!
Адты жылы пияда
Баскан Током келгенбейм?
Алтындын кенин талкалап,
Казган Током келгенбейм?
Ак падыша залимге
«Жазган», Током келгенбейм?!

Жети жылы пияда
Баскан Током келгенбейм?
Жездин кенин талкалап,
Казган Током келгенбейм?
Жергилүү калың элинен
Азган Током келгенбейм?
Жети жылы мээнет, шор,
Тарткан Током келгенбейм?!
Күнү-түнү пияда
Баскан Током келгенбейм?
Күмүштүн кенин талкалап,
Казган Током келгенбейм?
Губернатор залимге
«Жазган», Током келгенбейм?

Жайы-кышы пияда
Баскан Током келгенбейм?
Жамбынын кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?

Жарым падыша залимге,
«Жазган», Током келген бейм?

Түрмөдө төктүң жашыңды,
Тууганга тирүү жеткирди.
Тутулуп кеткен башынды,
Айдоодо төктүң жашыңды,
Асырап тирүү келтирди
Алмадай азиз башыңды.

Барып келдиң Маскөөгө,
Туруп келдиң Үркүткө,
Туткун болдуң көп жылы
Тумшугу кандуу бүркүткө.
Кармалып кеттиң кар болуп,
Калкыңа жетпей зар болуп,
Кайтып келдиң, Токтогул,
Капсылазым[1] жар болуп.
Үркүттө жүрдүң кар болуп,
Үйүңө жетпей зар болуп,
Кайрылып келдиң, Токтогул,
Үстүртөн кудай жар болуп.

Камакка түштүң кармалып,
Калкыңа жетпей зарланып,
Кайтып келдиң, Токтогул,
Карчыга куштай айланып.

Түрмөдө жаттың байланып,
Тууганга жетпей зарланып,
Тууруңа кондуң Токтогул,
Турумтай куштай айланып.

Жер тамда жаттың байланып,
Жериңе жетпей зарланып,
Жете келдиң, Токтогул,
Жетигендей айланып.

Түрмөдө жүрдүң алдырап,
Тууганга жетпей дабдырап,
Тумшугу жок солдаттар
Туура кылыч көтөрүп,
Туруп кадам бастырбай,
Тушуңда турду балдырап,
Туткунда жүрдүң, Токтогул,
Туйгундай көзүң жалдырап.

Жер тамда жаттың алдырап,
Жериңе жетпей дабдырап,
Жерге кирген солдаттар
Жети кадам бастырбай,
Жез пайнек кылыч көтөрүп,
Желкенде турду балдырап,
Жете албадың элиңе,
Жетимдей көзүң жалдырап.

Айдоодо жүрдүң алдырап,
Ага-ини көрбөй дабдырап,
Айбаалыдай солдаттар
Алты атар мылтык көтөрүп,
Алты кадам бастырбай,
Аркаңда турду балдырап,
Амалың жок ошондо
Айнектей көзүң жаддырап.

Ак кагазга чийилип
Сөзүң келди, Токтогул,
Ак панардай жалтырап,
Көзүң келди, Токтогул.
Аманыңды сурачу
Кезим келди, Токтогул.

Ак карагай тилгирем
Кайсы шаардан кактыңыз?
Ак падыша залимге,
Кай себептен жактыңыз?
Абалдан ишиң ак экен,
Ачылыптыр бактыңыз,
Ачылгандын белгиси
Айланып элди таптыңыз.

Тилгиремдн сым тирөөч,
Кайсы шаардан кактыңыз?
Зили бузук залимге,
Кай себептен жактыңыз?
Түбөлүк ишиң ак экен,
Ачылыптыр бактыңыз.
Ачылгандын белгиси
Түзүлгөн элди таптыңыз.
Боз шапке менен, боз кемсел
Казанадан кийдиңнз,
Порумдуу элден ажырап,
Бозоруп кайда жүрдүңүз?
Көк шапке менен көк кемсел
Казанадан кийдиңиз,
Көркөмдүү элден ажырап,
Көйкапта кандай жүрдүңүз?

Жылаңаяк, жылаң баш,
Басканың айт, Токтогул,
Жыты сасык түрмөдө
Жатканың айт, Токтогул.
Алты сай бараң, ак келте
Аткаңың айт, Токтогул.
Ат боорунан кара кан
Чачканын айт, Токтогул!
Аманат жаның саламат
Кайтканын айт, Токтогул!

Этеги жок, чолоктон
Кийгенин айт, Токтогул,
Эртели-кеч жөө басып
Жүргөнүң айт, Токтогул.
Тогуз жыл жаттың түрмөдө,
Билгениң айт, Токтогул.
Күнөөсү жок жалынга
Күйгөнүң айт, Токтогул.
Көзүңдү ирмеп уктабас
Түндөрүң айт, Токтогул.
Итке араба, чананы,
Салганың айт, Токтогул.
Илдеттүү күнгө жолугуп,
Калганың айт, Токтогул.

Атка араба, чананы,
Салганың айт, Токтогул.
Азаптуу күнгө жолугуп,
Калганың айт, Токтогул.
Алыста жүрүп зарланган

Арманың айт, Токтогул.
Маскөөдөгү түрмөдө,
Жатканың айт, Токтогул,
Балдырашып солдаттар,
Чапканын айт, Токтогул.
Барса келбес сапардан,
Кайтканың айт, Токтогул.
Кара башыл ак токту
Карышкыр жесе койдо жок,
Кармалып кеткен залимге
Кайрылат деген ойдо жок.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Берекеси тең жерден,
Өзүң менен айдалган,
Өлүмгө колу байланган,
Алтымыш эки кишинин
Адатын айтчы, Токтогул!
Аманы канча калды экен,
Санатын айтчы, Токтогул!
Тутулуп кеткен көп киши
Адатын айтчы Токтогул.
Тирүүсү канча калды экен,
Санатын айтчы, Токтогул!
Тутулуп кеткен көп киши
Адатын айтчы, Токтогул!
Тирүүсү канча калды экен,
Санатын айтчы, Токтогул!
Өзүң менен кеткендин
Адатын айтчы Токтогул!
Өлгөнү канча болду экен,
Санатын айтчы, Токтогул!

Сагызгандын уясын
Салганын айткын, Токтогул,
Самарда өлгөн муңдуунун
Калганын айткын, Токтогул.
Саламат келдиң өлүмдөн,
Арманың айткын, Токтогул.
Сагызгандын уясы
Сайда калды, Токтогул.
Сарыалалуу калың мал
Байда калды, Токтогул,
Зарландырып залимдер,
Айдап алды, Токтогул,
Зарланышкан муңдуулар
Кайда калды, Токтогул?
Көгүчкөндүн уясы
Көлдө калды, Токтогул,
Көк алалуу калың мал,
Байда калды, Токтогул,
Көп солдаттар имерип
Айдап алды Токтогул,
Көп жолдошуң ажырап
Кайда калды, Токтогул?

Боор толгон калың эл,
Байда калды, Токтогул.
Бозортуп солдат барыңды
Айдап алды, Токтогул.
Молдосан менен Карабаш
Кайда калды, Токтогул?
Курбу толгон калың мал
Байда калды, Токтогул.

Куу солдаттар имерип
Айдап алды, Токтогул.
Кулумбай, Мамыр, Курама,
Кайда калды, Токтогул?
Айдыраалы айдалган.
Тирүү бекен, Токтогул?
Аман-эсен көрүшөр
Күнү бекен, Токтогул?
Андаштын эки баласы —
Супатай менен Сары эле,
Супатай өлдү деп уктум,
Сарысы тирүү бар беле?

Акыреттик жан досум,
Аман бекен а деле?
Аман болсо сенчилеп
Качан келер чагы эле?
Шадыбек калды кай жерде?
Кармалып барып Токтогул,
Карып болдуң аерде.

Букаранын мыктысы,
Бир тараптын ыктуусу,
Көкүмбайдын көк жалы,
Чөк такыя балдары,
Көрдүң бекен, Токтогул,
Курама менен Мамырды
Куштай торго түштү эле
Сураганым табирби?

Бекеттерден айдалган,
Бекилип колу байланган,

Баратаалы, Салбанды
Көрдүң бекен, Токтогул,
Кыдыраалы балбанды?
Уктуң бекен, Токтогул,
Ошолордон арманды?

Сарбагыштан беш киши,
Сапаты менен айдалган.
Залимдер кылып бир канча
Букарадан байланган.

Көрдүң бекен, Токтогул,
Көк-Арттан кеткен Чыйбылды?
Күнадир келип кармаган
Күмүш боолуу туйгунду.

Жетим бала, тул катын
Арзын айтып даттанды,
Айдалып кеткен баласын
Эмдигиче таппады.
Куттуу болсун, Токтогул,
Жаныңдын тирүү кайтканы...

Теңтуштарың өлгандө,
Көрдүң бекен, Токтогул?
Терең көрүн кең казып,
Көмдүң бекен, Токтогул?
Тентип жүрүп азапка,
Көндүң бекен, Токтогул?

Курдаштарың өлгөндө
Көрдүң бекен, Токтогул?

Куран окуп, кутпа айтып,
Көмдүң бекен, Токтогул?
Тардыр жазган жазууну
Көндүң бекен, Токтогул?
Айдалгандар өлгөндө,
Көрдүң бекен, Токтогул?
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Көмдүң бекен, Токтогул?
Айдоодо жүрүп азапка,
Көндүң бекен, Токтогул?

Ажыдаарга арбалган,
Ак капканга кармалган,
Алтымыш эки азамат
Кай жерде өлдү, Токтогул?
Ал мусапыр карынты
Кимдер көмдү, Токтогул?

Кара топчу бойдо жок,
Кармалып кеткен кургурум.
Кайрылат деген ойдо жок.

Кызыл топчу бойдо жок,
Кыйноого кеткен Токтогул
Кылчаят деген ойдо жок.

Ага-иниге айттың саламды,
Аралап келдиң Токтогул.
Анжиян шаар калааңды,
Аман көрдүң, Токтогул,
Аркаңда жалгыз балаңды.

Келтирип айттың саламды,
Келип көрдүң, Токтогул,
Кетмен-Төбө калааңды.
Келип сүйдүң арман жок
Керээзиң жалгыз балаңды.

Кулпунтуп ачып багыңды,
Курсант кылды жаныңды.
Куп дөөлөтүң бар экен,
Кучактадың жарыңды.
Кол кармашып көрүштүм,
Курбулугум тааныльды.

Асырап келдиң саламат
Бир чымындай жаныңды.
Аман көрдүң, Токтогул,
Алганың Тотуй жарыңды.
Теңселишип бир өскөн
Теңтуштугум тааныльды.

Жети-Суу менен Жерге-Тал.
Жериңе келдиң, Токтогул,
Жети уруу саяк, көп сарттар,
Элиңе келдиң, Токтогул.
Жер сагынып, эл самап,
Демине келдиң Токтогул.

Кайырма менен кең Арым,
Жериңе келдиң, Токтогул.
Калың сарттар көп багыш
Элиңе келдиң, Токтогул.

Кадимкидей кайгысыз
Демиңе келдиң, Токтогул
Кайгы-зарын сурачу
Эбиңе келдиң, Токтогул,
Имерилип турамын,
Ишене албай сурадым.
Токтогул, сени көргөнүм,
Өңүм бекен, түшүмбү?
Өлүмгө кеткен кишимби?
Чын Токтогул, сен болсоң,
Өрттөбөй айткын ичимди?
Кадик кылып турамын,
Кайта баштан сурадым,
Капилет көргөн түшүмбү?
Кан соруучу залимге
Кармалып кеткен кишимби?
Чын Токтогул, сен болсоң,
Кайгыртпай айтчы ичимди!
Анык болсоң, Токтогул,
Ачыптыр кудай жолуңду.
Арылткан экен шоруңду.
Аттан түшчү, Токтогул,
Бир кармайын колуңду.
Аттан түшчү көрөйүн,
Алкымыңдан өбөйүн.
Коё бербей карышып,
Коюн-колтук алышып,
Кучакташып турайын.
Аман-эсен келдиңби,
Куюгуп кеткен жубайым?
Ал-абалын сурайын,
Айкалышып турайын.

Аман-эсен келдиңби,
Айдалып кеткен жубайым?

Токтогул:
Амансыңбы, карагым?
Азыраак айткан сөзүңө
Алсырап кетип барамын.
Эч кабарын албапсың,
Имерилип барбапсың,
Өлгөндө турпак салбапсың,
Аркамда жалгыз баламын.
Эсенсиңби, карагым?

Элдир-селдир сөзүңө
Эзилип кетип барамын,
Эч кабарын албапсын,
Имерилип барбапсың,
Үстүнө турпак салбапсын
Эрмегим жалгыз баламын.
Туулбасаң да, Эшмамбет,
Тутунгандай бала элең!
Мен тутулуп кеткенде,
Туурумда калган жан элең.
Имерилип барбапсың,
Энемден кабар албапсың,
Иниңе турпак салбапсың.
Мен кеттим колго тутулуп,
Сен келипсиң, Эшмамбет,
Койчулуктан кутулуп,
Комуз чертип ар кайда
Ырдап жүрсүң кутуруп.
Малайлыктан кутулуп

«Манаптардын алдында
Мактап жүрсүң кутуруп».
Калайык калкым күлсүн деп,
Капастан келген Токоңдун
Кайгы-зарын билсин деп,
Көөнүңө алба, Эшмамбет.
Айтып ийдим ар кыл кеп.
Калк угар кызыл тилимди,
Кадырымды сураган,
Кара жашы кулаган,
Кара жаак инимби?
Башта жөнөкөй ырчы экенсиң,
Эми кадырың көпкө билинди.
Эл угар кызыл тилимди,
Эсендигим сураган,
Эки көздөн аккан жаш
Эки беттен кулаган,
Эшмамбет кичүү инимби?
Элдир-селдир экенсиң,
Эми элиңе дайнын билинди.
Жанымда бирге жүргөнсүң,
Жазганымды сурадың,
Жайы-кышы пияда
Басканымды сурадың.
Жамандык менен жакшылык
Тартканымды сурадың.
Жамбынын кенин талкалап,
Казганымды сурадың.
Айдоого бирге баргансып
Азганымды сурадың.
Алты жылы пияда
Басканымды сурадын.

Азап менен мээнет шор,
Тартканымды сурадың.
Алтындын кенин талкалап
Казганымды сурадың.
Кармалып бирге баргансып
Азганымды сурадың.
Караңгыда пияда
Басканымды сурадың.
Кайгы менен мээнет шор
Тартканымды сурадың.
Калайдын кенин талкалап
Казганымды сурадың,
Ак эшендин ишинен
Алтымыш эки кишинин
Адатын менден сурадың.
«Аманы канча калды?» деп
Санатын менден сурадың.

Өзүм менен кеткендин
Адатын менден сурадың
“Өлгөнү канча болду?» деп,
Санатын менден сурадың.

Сагызгандын уясын
Салган жерин сурадың.
Сапарбай менен Кыпчакбай
Калган жерин сурадың.
Саламат келген Токоңдун
Барган жерин сурадың.

Көгүчкөндүн уясын
Салган жерин сурадың,

Көп муңдуунун кырылып
Калган жерин сурадың.
Көзү келген Токоңдун
Барган жерин сурадың.
Алтымыш эки кишиден,
Айдалган элдин ичинен:
Кутубай, Бакай, Качканак,
Качып чыккан баштараак,
Муратаалы, Муразбек
Мурун качып келди эле,
Аркасынан Кулданбай
Куба качып келди эле.
Ошонун баары залимге
Кылмыш кылган эл беле?
Муратаалы эр эле
Кас санаган душманга
Оозун ачкан бөрү эле.
Бу да калды Маскөөдө,
Мусапырлар кырылып,
Жуда калды Маскөөдө.
Молдосан менен Карабаш
Айдалып бардык аралаш,
Жолдоштордон айрылып,
Бетимди жууду кара жаш,
Мунун баарын айтпасам,
Муңдуулугум жарабас.
Биз алыска барганда,
Булар да өлдү арманда.

Айдыраалы артымда,
Өзүм менен бир келди,
«Амандашып келгин» деп,

Астыртан мени жиберди.
Ал киши да аз күндө
Аралап көрөт силерди.
Айдоодо жүргөн Токоңду,
Ага-иним, тузуң имерди.

Андаштын уулу Сары эле,
Айдалып барган а деле.
Колунан көөрү төгүлгөн
Усталыгы бар эле.
«Чоюн башты куйду» деп,
Найзалык жыгач кыйды деп,
Урушууга камынып,
Жарактын баарын жыйды деп.
Айдатып ийген залимдер
Бечара уста Сарыны,
Сары бар тирүү Сибирде,
Мен өңдөнүп карыды.
Анын да өттү кайгыда
Өмүрүнүн жарымы.

Сары калды сактанып,
Залимден күйгөн тапталып,
Келсем деген ою бар
Падышадан акталып.
Калың топтун жартысы
Кара дарга асылган,
Калган элдин баарысы
Жыйырма беш жылдан жазылган.

Букара элден тың чыккан,
Бир тарабын тынчыткан.

Курама менен Мамырды,
Саратүпкө барганда.
Салды өлүм амырды.
Сар оору болуп айдоодо
Тарттык далай жабырды.
Бекеттерден айдалган,
Бекилип колу байланган,
Сен сурадың, Эшмамбет,
Баратаалы, Салбанды.
Көңүлгө алып сурадың
Көмүлбөй жолдо калганды.
Бир солдатты өлтүрсө,
Атып ийген болучу
Кыдыраалы балбанды,
Кызыл өрттөй залимден
Кыбырарга ал барбы?..
Көйкапка кеткен кургурду.
Көрүп жүрдүк өлгөнчө.
Көк-Арттан барган Чыйбылды.
Айдалып кетип баратып,
Жолдо калды өлгөндөй,
Жору, кузгун жеди окшойт,
Адам чыкпай көмгөнгө.

Адигине Өмүрбек
Сексен бир жашка барыптыр,
Сакалында кара жок,
Куудай болуп карыптыр.
Карыны жаштай кыйыктап,
Падыша залим тарыптыр
Алты жашар баладай,
Акылынан таныптыр.

Анын да сөөгү көмүлбөй,
Ара жолдо калыптыр.

Теңтуштарым өлгөндө,
Көргөнүм жок, Эшмамбет.
Терең көрүн кең казып,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.
Азаматтар өлгөндө,
Көргөнүм жок, Эшмамбет.
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Айпооч салып, белин бууп,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.
Көрөйүн деп сурансам,
Көрсөтпөдү көзүмө,
Кулак салбайт залимдер,
Мусапыр, муңдуу сөзүңө.

Кайран эрлер өлгөндө,
«Кандай неме өлдү» деп,
Кабакка сүйрөп койду окшойт,
Карга, куз, ит-куштар,
Тарпын талап тойду окшойт...
Катуу турмуш курусун,
Как ушундай болду окшойт…

ТОЙДОГУ АЙТЫШ
(Карамырза менен Токтогул)

Нусуп ажы деген той берди. Анжиян, Арканын акындары бүт келишти. Аксыдан Жеңижок, Анжиян жактагы кыргыздардан: атактуу ырчы Бекназар жана Карамырза, Кара, Жолдош дегендер. Кетмен-Төбөдөн: Токтогул, Эшмамбет, Курман, Жаңыбай, Накен, Жолой жана мен. «Ушул тойдо ырчыларды айтыштырат» деген кабар айылдан айылга тараган болучу. Эл чогулуп келгенден кийин жыйырмадан ашуун ырчылар даярданып калдык. Ошондо бир жак көзүн ак жаап калган, карылыгы жеткен Накенди карай Карамырза минтип ырдап калды:

Карамырза:
Карыя Накен, карыпсың,
Карылыкка барыпсың.
Карылыктын үстүнө
Ак көз болуп алыпсың.
Сол көзүңдөн ажырап,
Сокур болуп калыпсың.
Колуң кетпей тырманып,
Котур болуп алыпсың.
Оң көзүңдү, Накеним,
Окура басып калыптыр.
Оозуңда бүдүр тиш калбай,
Азуусунан чалыптыр.
Карыганча топко ырдап,
Акылынан таныптыр.
Топугуң кеткен, Накеним,
Тойго ырдайсың күнүгө,

Тоголонуп атыңдан,
Кулап өлбө түбүндө.
Алдыңда кызыл атыңдын
Жалын бештен өрөсүң.
Жыргап жаткан элиңдин
Жыйынын кантип көрөсүң?
Жалгыз көзүң карайлап,
Жардан учуп өлөсүң,
Таалайың качып, Накеним,
Тарыган го мүнөзүң?
Алтымышты ашканча,
Өлбөй неге жүрөсүң?
Оозуңда жалгыз тишиң жок,
Оңураңдап ырдайсың.
Өнөрүңө ишенип,
Өлмөйүнчө тынбайсың.
Жайлуу жерге барганда,
Жалгыз көзүң ымдайсың.
Тишиң түшүп, тил калган,
Эби келбейт сүйлөөгө,
Эмдигиче өлбөйсүң,
Пул бердиңби дүйнөгө?

Карамырза Накенди шылдыңдап ырдап басылганда, Токтогул, биринчиден, Накендин көңүлүн көтөрүп, экинчиден, ынтымак болсун деп ырдады:

Токтогул:
Анжияндык, аркалык,
Баш кошконун айталык.
Алышкан итче кабышпай,
Аман-эсен кайталык.

Карамырза, сөзүңдүн
Калтысы чыкты байкалып.
Тегерете тийиштиң
Тебеген чалпоо жылкыдай.
Карамырза, качырып,
Каптай кирдиң тынчыбай.
Кадырлашсаң болбойбу,
Кабыргадан чымчыбай?
Амандыкка келишпей,
Азоо аттай тебишпей,
Асыла кетсең жакшыбы?
Ак сакал Накен карыя
Акын эмес, бакшыбы?
Карамырза акындын
Бул эмне какшыгы?
Ызатың жок, сыйың жок,
Ыркыраган иттейсиң.
Өтпөс өч, кетпес кек бардай
Жетимиште атаңды
Жерге тирүү көмдүңбү?
Жергелүү элдин карысын
Желмогуздай көрдүңбү?
Алтымышта энеңди
Көргө тирүү көмдүңбү?
Арканын Накен карысын
Албарстыдай көрдүңбү?
Ата-энеңден кутулуп,
Анан мында келдиңби?
Атаң менен энеңди
Өлтүрүп келген баштанып,
Жапыраңдап ырдайсың

Уруулуу элди башкарып,
Урматты, сыйды билбейсиң,
Опураңдап какшанып.
Эр азамат салышып,
Жан аябай жоодо өлгөн,
Акылы толук азамат
Адам уулун тең көргөн.
Ажалы жетсе, кээ бирөө
Агыны катуу сууда өлгөн.
Кээ адамдын өмүрү
Узун жашап, күн көргөн.
Оору болуп онтолоп,
Кээ бир адам үйдө өлгөн.
Ажал жетип, кээ бирөө
Зоодон кулап, жарда өлгөн.
Анда бирөө жыргаса,
Мында бирөө зар көргөн.
Абалтан адам өлбөсө,
Атаңдын кана атасы?
Дүнүйө мүлкүң тозбосо,
Тонуңдун кана жакасы?
Эзелден адам өлбөсө,
Энеңдин кана энеси?
Сынбас-бүлбөс бар бекен
Бу дүйнөнүн чегеси?
Ойнойт десем, чындадың,
Олутун таап ырдагын.
Оң менен солду ырдаган
Орошон Токоң мындамын.
Тамаша десем, чындадың,
Дайынын таап ырдагын.

Далай жерди арыткан
Даңктуу Токоң мындамын.
Кажашам деп ойлобой,
Карамырза, тыңдагын!
(Ынтымак жакшы, ырк жакшы,
Ынтымактуу журт жакшы.
Кош айтышып сыйлашып,
Тараганың куп жакшы.
Өлүп кетсек бирибиз,
Өкүнүшөр ый жакшы.
Тирүү болуп көрүшсөк,
«Сиз», «биз» деген сый жакшы.
Орусия элинде,
Сибирдин түндүк чегинде,
Көйтүн менен Забайкал,
Көргөнүм айтам кулак сал.
Аралап көрдүм далайды,
Бириңди-бириң жат көрүп,
Сүйбөгөнүң жарайбы?
Ыркырабай, ырчылар,
Ынтымактуу тарайлы.
Катынды мээнет чырмаса,
Эри өлүп кара жамынат.
«Кара жолтой болду» — деп,
Үстүнө ушак жабылат.
Кушту мээнет чырмаса,
Жердеги торго чалынат.
Момунду мээнет чырмаса,
Залим менен дос болот.
Бардык малы түгөнүп,
Анын зайыбы үйдөн козголот.

Жылкыны мээнет чырмаса,
Үйрүнөн жалгыз бөлүнөт.
Таппай калса ээси,
Тарпы калат бөрү жеп.
Эчкини мээнет чырмаса,
Тыйтак болуп, эт кетет,
Кала берсе басалбай,
Кашкулак басып жеп кетет.
Баланы мээнет чырмаса,
Жетим калып, таз болот.
Жетилгиче «шүмшүк» деп,
Жеңелери кас болот.
Атты мээнет чырмаса,
Алдыңкы буттан басынат.
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат.
Ырчыны мээнет чырмаса,
Бирине-бири асылат.
Ушуну менен, акындар,
Токоңдун сөзү басылат.

Бардык ырчылар бул сөздү жүйө көрүшүп, оройлук кылган Карамырзаны аябай жектешти.

ТОКТОГУЛ, АЛЫМКУЛ, АКЫШ ЖАНА СУЛАЙМАН

Бир жылы күзгө жакын Токтогул биздин үйгө келип калды. Биздин элди Акбай-Бабыр дечү. Ошол айылда көптөн бери кушчу элинен келген Сулайман деген ырчы жүрөр эле. Токтогул келгенде Сулайманды да үйгө чакыртып алып, Токтогул менен бирге айыл аралап, Сулайман экөөбүз да аттандык. Бара жатып, там салган бир топ адамдарга жолуктук. Алар бизди көрө коюшуп алдыбыздан тосуп чыгышты. Бул жерде турган Боромбай деген киши Токомдун бир-эки ооз ырдап коюусун суранды. Токтогул: — Кана, балам Алымкул, баштачы? — деди мага карап.

Алымкул:
Көп жерден жыгач тандатып,
Алып жаткан турбайбы.
Көркү сонун ак тамды,
Салып жаткан турбайбы.

Токтогул:
Узун менен кыскасын,
Улап жаткан турбайбы,
Устундарын кадача,
Кынап жаткан турбайбы.
Чоң устасы Ныязмат,
Улам көрүп бир жерин,
Сынап жаткан турбайбы.

Алымкул:
Колундагы байтеше,
Курчтук кылат алмастан.

Иштей бергин усталар,
Кайратыңдан талбастан.
Көргөн кезде силерди,
Көңүлүм толкуйт ырдасам.

Токтогул:
Усталар сени мактадым,
Угуп сөзүм тыңдасаң,
Абдан сонун болбойбу,
Асемдеп жакшы сырдасаң,

-деп Током ырдагандан кийин нарыраак бастырып барды. Бурчта кичинекей дүкөндө иштеп турган, өзү өзбекке окшош кара сакал адамды көрүп:

— Бу ким? — деп менден сурады.

— Бердикожо деген ушул, дедим мен. Током эми мага кайрылды да, ырда Алымкул дегендей белги берди:

Алымкул:
Бердикожо байым ай,
Печеттелген чайың ай.
Бир теңгеден канты бар,
Миң тиллалык баркы бар,

- деп мен ырдап бүткөндөн кийин, Бердикожо кагазга оролгон кантты ызаат менен Токтогулга суна берди. Анда Током:

Кадырды билген эр экен,
Кантын ала жүгүргөн.
Кедейлердин ичинде,
Мына ушундай марты бар-деп ырдады.

Мындан кийин «Атыбызга сулудан жем берип, орто орум бедеден чөп бере турган, өзүбүзгө май аралаштырып эт бере турган, тойгонуңча же деп көп бере турган адам барбы?» -

деп Током бизден сурады. Сулайман экөөбүз кеңешип туруп, Токтогулду Баймурат дегендикине алып бардык. Биз баратканда Баймурат эшигинин алдында туруптур.

- Кана баштагыла! — деди бизге.

Сулайман:
Ассалоомалейкум,
Амансыңбы, Баймурат?
Кедей да болсо мыкты экен,
Самоорунда чай турат.
Төркү тамдын ичинде,

Сүрсүгөн аппак май турат. Мээнеткеч киши көрүнөт, Мейманга бөлөк жай турат

Алымкул:
Мейманканаң бер жакта,
Сарайың турат ар жакта.
Саманканаң бул жакта,
Тегирменің тыякта,
Аттарга белен турбайбы,
Чөбү менен акыры.
Алымкул менен Сулайман,
Эл ырчысы Токоңду,
Ээрчитип келе жатыры.
Келишкен экен короосу,
Кенен пейил меймандос,
Өзү кедейдин экен баатыры,—
дедим.

Биз Баймураттыкына барып калдык. Аңгыча аркы өйүздөн элечегин мыкты оронгон, каптын түбүнө бир нерсе салып көтөрүп алган Акыш деген келин келип калды. Баймурат

Акышты көрүп: — Мына Акыш да келип калган турбайбы! Кана, Акыш, кырманчыларга бир нерсе айтып жибер! - деди.

Акыш;
Төрт иликти колго алып,
Сапырганга береке.
Төмөн жактан шамалды,
Чакырганга береке.
Кайың күрөк колго алып,
Сапырганга береке.
Кыбыладан шамалды,
Чакырганга береке.
Күрөгүңдү колго алып,
Турганыңа береке.
Күзгүдөй болгон туптунук,
Кырманыңа береке,
Кырдай болуп үйүлгөн,
Даныңызга береке.
Кызмат кылып иштеген,
Барыңызга береке.
Суу боюнда көгөргөн,
Жалбызыңа береке.
Ар бирөөсү казандай,
Дарбызыңа береке.

Баймурат Акыштын ырын угуп үйгө кирди. Мен да үйгө кирип эч нерсе көрбөгөн кишидей болуп Токтогулдун жанына барып олтурдум. Аңгыча Акыш да кирип келди. Ал Токтогул менен кол алышып учурашты. Сулайман мага Акышты көрсөтүп: -Токомо бир нерсе айтайын деп келсе керек - деп, шыбырады. Көрсө Сулайман мындан мурда да Акыш менен жайлоодо эки жолу беттешип калыптыр. Токтогул Акыштын акын экенин билбестен эле комузун алып ырдай баштады.

Токтогул:
Кече эле көздөн жаш аккан!
Этегиме төгүлүп,
Эли жок ээн талаада,
Эскирип кетти кайран баш.
Элиңе келген Токоңду,
Көрөйүн деп келипсиң,
Эсенсиңби карындаш?
Акбай-Бабыр элиңиз,
Акылдуу келин келиңиз!
Аман-эсен жүрөбү,
Арзыган курбу теңиңиз?
Караган көз тойгудай,
Камчы саптай белиниз.
Кара жаак жез таңдай,
Калк ырчысы Токонду,
Калкыңа келди көрүңүз.
Ак жерден башым кармалып,
Мен айдалып кеткем алыска.
Алдына чыккан жан элем,
Ар жерде болгон жарышта.
Ага-ини тууган болгон жок,
Ажыратып калышка,
Азамат бала жок эле,
Артымдан издеп барышка.
Курбу-курбу, курбуңуз,
Куюлуп түшкөн мурдуңуз.
Айлыңа келген Токоңо,
Амандашып турдуңуз.
Уга салып келгениң,
Умтулуп салам бергениң,

Акылдуу келин экенсиң,
Урматка жатат мунуңуз.
Эсил жан бир күн бөлүнөр,
Элде калсын белгибиз.
Мен кармалып алыс жүргөндө,
Караңгы тамга киргенде,
Туулуп өскөн Ала-Тоо,
Жеримди эстеп сагынгам.
Каалап алган ак Каныш,
Теңимди эстеп сагынгам.
Таасын күлүк жан элем,
Талбай топко чабылган.
Эскирсем да кыргызга,
Экинчи кайра табылгам.
Катарлай өсүп чоңойгон,
Урааны кыргыз өскөн журт,
Элимди эстеп сагынгам,
Айттырбай туруп сыр чечкен,
Айныбаган бир сөздөн,
Акылы бүтүн өзүндөй
Келинди эстеп сагынгам.
Топчубайдын ордуна,
Топудай болгон Алымкул,
Таластан тапкан табылгам.
Каралдымдан кем көрбөй
Ээрчитип чыктым жакыдан,
Аз күндө кетем, карындаш,
Акбай менен Бабырдан.
Аймагын көрсөм дечү элем,
Ала-Тоо кыргыз элимдин,
Айтканын уксам дечү элем,
Алдымдан тоскон келиндин

Азапта өтүп баратат,
Азыркы жаштык өмүрүм.
Чырак болбойт өчпөгөн,
Чынар болбойт кеспеген.
Карындаш, сиздей күлгүндү,
Камакта жүрүп эстегем.
Кадырды билер жаш болсо,
Кайгысын ачат көңүлдүн,
Канттай ширин сөз менен
Карылык кармап калса да,
Адамдын кароосу калбайт көз менен.
Капканга белим чаптырбай,
Кайра келдим кыргызга,
Каарынан калып өлүмдүн,
Карысам да калкыма,
Булуттан чыккан жылдыздай,
Жарк дей түшүп көрүндүм.
Кадырын көрүп кубанып,
Кайратым толуп чыңалып,
Калган сөздүн нускасын.
Каалаган элге чыгарып.
Жүзүн көрүп олтурмун,
Карындаш, сендей келиндин,

— деп Током ырдап бүтүп, комузун колуна кармап олтурганда келин ырдап калды. Анын ырчы экенин мурда билбеген Токтогул кичине чочугандай, комузун мага берди да, жазтыкты чыканагына коюп, келинге ырдады:

Акыш:
Ар адамды ар башка,
Жасайт экен кудайым.
Жайымды билбей күндө урат,

Жактырып тийген жубайым,
Жазылбайт көөнүм кападан,
Жашымдан тарттым убайым,
Кара жаак, жез таңдай,
Калкыма Током келгенде,
Капкандап кармап койсо да,
Кантип келбей турайын.
Айылым жакын өйүздө,
Угуп келдим кабарды
Айта албайт экен эркекче,
Аял калкы саламды.
Жаныңа кошуп алыпсың,
Жаш Алымкул баланды.
Укканда Токо, кубандым,
Урматтап айткан кебиңди.
Укканда капа болгонбуз,
Айдалып кеткен жөнүңдү.
Жарк этип, жарык тийгендей,
Жаңыдан көрдүм көзүңдү.
Кантип кадыр кылбайын,
Калк сүйгөн Током өзүңдү.
Аралап келген экенсиң,
Акбай-Бабыр элимди.
Карыдым деп ойлонуп,
Токо, капаланттың көңүлдү.
Кары эмессиң жаштайсың,
Узак сүргүн өмүрдү.
Эки эли тилин сайратып,
Эл багына табылган.
Көрбөгөн келин-кыздарың,
Келсе экен деп сагынган.
Айлыңдан кайра кеткенче

Аялмын жөнүм келишпейт,
Эркек болсом этектеп,
Токо, кетпейт элем жаныңдан.
Бакка конгон булбулдай,
Баса албадым таранып.
Төрөлүпмүн энеден,
Бактысыз болуп жаралып.
Билбеймин кандай өткөнүн
Гүлдөгөн жаштык балалык.
Балдай ширин нечен сөз,
Ичимде калды камалып.
Акыштын айткан кеби деп,
Калбады элде таралып.
Ушуну укса дагы урат,
Өзүм да Өлмөк болдум каржалып.
Үйгө барсам күйөөвүм,
Урамын деп октолот.
Жүрө албадым элге тең,
Жүрөк күйүп чок болот.
Булбулдай болгон жаш кезим,
Буулуп жүрүп жок болот.
Колуңдан келсе урба деп,
Койдуруп кет ининди.
Айтайын деп келгемин,
Көңүлдө кайгы, киримди.
Угузбай ичке кармадым,
Угумдуу болгон үнүмдү.
Убайым менен соолуттум,
Ачылган кызыл гүлүмдү.

Жан чиркин ширин турбайбы,
Жазыгы жок өлө албайм.

Аял-эркек баш кошсо,
Арасына келе албайм.
Алтындай ширин сөзүмдөн
Азыраак сүйлөп бере албайм.
Булбулдай тилин сайратып,
Эрмеги болдуң элиңдин.
Колуна комуз алганда,
Коштогон аттай элирдиң.
Колуна түшпөй келипсиң,
Коркунуч ажал өлүмдүн,
Көңүлүн ачып кубанттың,
Кор болуп жүргөн келиндин,
Жарыкка бетин ачып кет,
Жашырып жүргөн кебимдин.
Аралап конгон булбулсуң,
Ачылган бактын гүлүнө.
Уккан адам толкуган,
Укмуштай ширин тилиңе,
Көңүлүм ачып жаркылдап,
Көрсөм дейм сени күнүгө.
Кош добуш чыгып шаңкылдап,
Комуздан черткен күүң жаш.
Комуз менен бир чыккан,
Коңгуроодой үнүң жаш,
Сан жыйында эргиген,
Сайраган булбул тилиң жаш.
Элдин эркин булбулу
Эркиңче сайрап жүрө бер,
Токо, эсен болсун алтын баш.
Укмуштуу келин экен деп,
Токо, чочутпагын көңүлдү.
Айтып өттүм бир катар,

Армандуу ички кебимди.
Алымкул болсо жаш бала,
Токо, Сулайман билет жөнүмдү.
Током капа болбосун,
Эми мен токтотоюн кебимди.

Акыш ырдап бүткөндөн кийин, Током силер бирдеме дебейсиңерби дегендей Сулайманды карады. Өзү кайрадан келинге ырдашты ылайыксыз ойлодубу же Сулайман экөөн сынагысы келдиби айтор, Акышка беттеп ырдаган жок. Ошондо Сулайман комузун колуна алып, Акышка карап ырдады:

Сулайман :
Атагы чыккан Токомдун,
Ак калпак кыргыз элине.
Аял-эркек бүт кумар,
Алтындай жүзүн көрүүгө.
Эшикте жүрөт кыз-келин,
Эбин таппай кирүүгө.
Уялбайсың Акыш сен,
Уйча сүзүп эшикти,
Токомо унчукпай кирип келүүгө
Мен да кыйкырчу элем кырдансам.
Кызыл өрүк комузга.
Кыйкырып добуш үн салсам,
Атым ырчы Сулайман,
Айтуучу элем чыңдаңсам.
Акыш, сага не болмок,
Атагы чыккан Токомдун,
Алдына келбей тим калсаң?
Кабары кеткен Токомдун,
Казак, кыргыз элине.

Азыр келип олтурат
Акбай-Бабыр элине.
Жөн келген неме экен деп,
Ырдады Током көргөндө.
Током да сенден чочуду,
Токтолбой сүйлөп бергенде.
Айлыбыз бирге аралаш,
Билемин Акыш келинди.
Жаңы көргөн Токомо
Не болот айтсам жөнүңдү.
Билип кетсин Токтогул,
Сенин ата тегиңди.
Кетмен-Төбө, Шамшыкал,
Кен түгөнбөс туз эле.
Угуп кой Токо, бул Акыш,
Үркүмбайдын кызы эле.
Алган теңи Сүйүнаалы,
Акыш келин ушу эле.
Жанагы айткан сөзүмдүн
Жалган жери бар беле.
Туйтаман албай койгон соң,
Сени Сүйүнаалы алды эле.
Ачууланба Акыш сен,
Билгиздим бир аз жөнүңдү.
Аралаш өскөн жан элек,
Өзүңө кезек барганда,
Айтарсың билип кебиңди,

— деп Сулайман ырдап бүттү. Сулайман ырдап жатканда Акыштын өңү тез-тез бузулуп, ачуусу келип турду. Төрдө жамбаштап жаткан Токтогул: - Сен ырдачы дегендей мага карады.

Алымкул:
Жаркылдаган Акышты,
Жаңы көрүп турубуз.
Жакшы эмес, Суке жанагы,
Баштап айткан ырыңыз
Турган жерден жамандап,
Тууралык эмес мунуңуз.
Кеги бар киши өңдөнүп,
Келишпейт ушул чырыңыз.
Бириңе-бириң маалимдер,
Жаман-жакшы сырыңыз.
Оройлуктан пайда жок,
Орунсуз ишке урунуш.
Акыштын ырчы экенин,
Сыртынан угуп билемин.
Алды менен баштадың,
Ажырашкан күйөвүн.
Каркырадай Акыштын
Капа кылдың жүрөгүн.
Кордогончо аялды,
Колуңдан келсе сүрөгүн!
Мен ырдап бүткөндөн кийин Акыш ырдады,

Акыш:
Айлыңа Током келди деп,
Ар кимден уктум кабарды.
Атым аял болгон соң,
Айта албадым саламды.
Ортодон тосуп Сулайман,
Буздуң бир топ санааңды.
Ачыкка жолдош боло албайт,
Түбү туюк караңгы.

Ким көрбөйүн деп ойлойт,
Булбулдай чечен адамды.
Токомду көрөм деп келсем,
Тосо калып ортодон,
Сулайман болдуң аралжы.
Ашыкпай бир аз тура тур,
Мен айтайын Сулайман,
Сенин да ата-бабаңды.
Талпылдап жетпей кулалы,
Талдан шумкар учканда,
Элин коргоп эл чыгат,
Эрегишкен душманга.
Толуп жүргөн ырчылар,
Токтогул болот устаң да.
Кебин Током аябайт,
Кез келсе келин-кыздарга.
Торпоктой жонуң көрсөтүп,
Сулайман, Токомду менден кызганба,
Жаш кезимден калтрбай,
Жаман айттың кебиңди.
Жаңы көргөн Токомо,
Жамандайын дединби?
Урматтуу Током олтурса,
Уялттың мендей келинди.
Уруксат болсо Токомо,
Мен да айтайын кебимди.
Алдырам кантип Сулайман,
Айтышкандан кегимди.
Атагы чыккан Токомо,
Айтайын билген жеримди.
Сыртыңды салып сыйлашпай,
Сый кишинин алдында,

Суке, сыйыртмак болдуң териңди,
Бараңга салган окко окшоп,
Өйдөлөйсүң бул жерде.
Өзүңдөн башка жокко окшоп,
Ширеси кетип сүзүлүп,
Кургаган кебек топко окшоп.
Толуп жатат ырчы көп,
Токомо кайдан тең келсин.
Акшыңдаба Сулайман,
Акышты качан жеңгенсиң?
Каратал, кушчу калкыңдан
Каракол, Кең-Сай калкымдан.
Карызыңа чыдабай,
Качып мында келгенсиң.
Бөксөдөн качып ылдыйлап,
Биздин элди тапкансың.
Минип жүргөн атыңды,
Көкбөрүгө чапкансың,
Жалгыз атыңды өлтүрүп,
Жалдырап жөө баскансың.
Ээр, токумуңду кучактап,
Кара жолдун боюнда,
Кайырчыдай жалдырап,
Кара-Алмада жаткансың.
Агыштын уулу Алтынбай,
Ат берген сендей эсерге.
Кан жайлоонун башында,
Жолуктуң безгек кеселге.
Каракер минип чалкалап,
Байыпсынбы, Сулайман!
Калтыратма безгектен,
Айыктыңбы, Сулайман?

Жүүнүң бошоп безгектен,
Жүдөдүңбү, Сулайман?
Жатсаң-турсаң жаныңды,
Тиледиңби Сулайман?
Калкасы тиер бекен деп,
Тойгонбайдын төрт терек,
Түнөдүңбү, Сулайман?
Төрт теректи кучактап,
Таң атканча бышактап,
Төрт күнү түнөп жатсаң да,
Жапан чыккан тал болот,
Жаныңа жардам кыла албайт,
Таап дары издебей,
Талаага талга сыйынып,
Жаткандан Сукем уялбайт.
Элиңе батпай жүрөсүң,
Эмне болду тапканың?
Энчилеген үйүң жок,
Элдин айлы жатканың.
Өз айбыңды билбестен,
Өйдөсүнүп мактандың.
Карды тойсо кубанып,
Сен бир каңгырап жүргөн акмагым!
Айдап жүргөн малың жок,
Арыктын жээгин көгөртүп,
Атайын тиккен талың жок.
Кыйкырба курбу, Сулайман,
Койнуңда жаткан жарың жок.
Бир күнү безгек оорусаң,
Билегиң кармар табың жок.
Чымчылаша тийишип,
Чырдаша бербе дайны жок.

Мен да билем айбыңды,
Калыс бол, Токо, утуп тур,
Калтырбайын дайныңды.
Кабарын айтчы угайын,
Калың берген кайныңды.
Эски тартып калганда,
Каңгырап жалгыз жүргөнчө,
Кайрадан алгын Сулайман,
Кушчуңдан калган зайбыңды.
Жөн сүйлөбөй жөөлүдүң,
Суке, мен жөөлөшүүдөн каламбы?
Көрөйүн деп келгенмин,
Талга конгон булбулдай,
Талыкпаган дулдулдай,
Таасын күлүк адамды.
Кичинекей Алымкул,
Токо, ээрчитип жүргөн баланды.
Чабыттап алат торгойду,
Чабыттап учкан жагалмай.
Эркин кыргыз элине,
Током, эрмек болуп жаралды ай!
Алдында Током турган соң,
Ары жагына бара албай,
Акбай менен Бабырда
Аралашып бир жүрдүң.
Адегенде Сулайман.
Айбымды айтып бүлдүрдүң.
Акылыңдын жогунан.
Өз жөнүңдү билдирдиң.
Экөөбүздүн чатакты,
Сен айтпасаң ким билсин.
Көңүлүң менден калган жок,

Көп тийишпей жөн жүргүн.
Сыначы, Токо, өзүңүз,
Сулайман, менен келинди.
Жалаң ырчы мен эмес,
Энди токтотоюн кебимди.
Айылда биз го биргебиз,
Арбыта түшүп калтырбай,
Айта албай калдым белгимди.
Айтышмак болсоң мен даяр
Суке, алдырбайм сага кегимди.

деп Акыш бүттү, Токтогул мага: - Алымкул, комузуңду алып ырда! - деди.

Алымкул:

Токомду көрөм деп келсе,
Тосоттон Суке, сүйлөйсүң.
Топко ырдачу киши экен
Тоо-талаага сүйрөйсүң.
Айткан сөзүн карачы,
Акындыгын билбейсиң.
Жашык темир кесеби.
Жалындай болот миздүүнү,
Жарым жан киши чыга албайт,
Жаадай катуу күчтүүнү.
Токтогулдун үстүнө
Оңой киши киреби?
Калкың укса жадабайт
Токо, канттай ширин кебиңден.
Аз күндө кетет бул Током
Акбай-Бабыр элимден.
Алымкулдай баланды
Токо, унутпагын көңүлдөн.

Азыраак чочуп калдыңыз
Алдыңа келген келинден.
Учурашып кол берип,
Көрөм деп келген көзүңдү,
Угайын деп келиптир,
Сиздин балдай ширин сөзүңдү.
Оозун ачып ырдатпай,
Олтурган элге тыңдатпай.
Орго салган немедей,
Күйөвү кылып кесирди.
Жарыкка чыкпай бир күнү.
Жаш кезинде эзилди.
Жаман күйөсүн чакыртып,
Ток, айтып кет калыс сөзүңдү.
Жолукбаптыр бул жеңем,
Жолун аччу кишиге.
Алган эри баа бербейт,
Алтындай кымбат ишине.
Капкан салып ырдадың
Суке, калтардын баскан изине.
Кор болду Акыш чайналып.
Бир корс кыялдын тишине, — деп мен ырдадым

Менден кийин Током калыстык катарында ырдады:

Токтогул:
Акыш менен Сулайман,
Айтканын уккун калыстын,
Кектешип жүргөн немеден,
Далай жерге барыштың.
Жаш кезден берки сөздү айтып,
Жакалашып калыштың.
Арачылык кылууга,

Айлыңда эмес, алысмын.
Чыкканың ал дээр байге жок,
Чырлашпай энди табышкын.
Туура көрдүм келинди,
Көрөйүн деп келиптир,
Токтогул деген жөнүмдү.
Айтышканда Сулайман,
Жеңе албайсың келинди.
Чекчеңдей бербе куру эле,
Чекилик сенде көрүндү.
Алды менен Акыштын,
Айбын айттың, туура эмес.
Чу деген жерден адаштың,
Бул айтканың ыр эмес.
Аялды дайым сыйлай бил,
Сага айткан акыл бир кеңеш.
Байкап ырда Сулайман,
Басылып калчу мен эмес.
Алдыңдагы Акыштан,
Акындыгың өйдө эмес.
Айтканың байкап олтурдум,
Аялдан чыккан ырчы эле,
Акыш да Чата кыздан кем эмес.
Жактырдым келин өзүңдү.
Жакшы экен уктум сөзүңдү.
Жарыкка сөзүң чыгарбай,
Күйөвүң кылса кесирди.
Кулак салгын Сулайман,
Ушул айткан тилиме.
Менден салам айтып кой,
Акышты алган ииме.
Сайрай турган булбулду.

Жайкалган бактын гүлүнө.
Саргайып камап жүрүптүр,
Чүнчүбөйбү бул келин,
Жаңжал кылса күнүгө.
Тоскоол болуп тоспосун,
Торгойдун ширин тилине.
Баарына айтып кетүүгө,
Бара албай калдым үйүнө.
Айлыбыз алыс, келе албайм,
Аралаш болуп жүрүүгө.
Дайындап кетем Акыш жан,
Сулайман ырчы иниме.
Барып айткын Сулайман,
Акыш менен күйөөсүн
Баш коштуруп үйүндө.
Кара жер бетин суу кылат,
Кары эрисе мөңгүнүн.
Жардамы болбойт эгинге
Жайында жааган мөндүрдүн.
Кашымдагы Сулайман,
Каркырадай Акышка,
Капталдабай жөн жүргүн!
Токтогулдун сөзү деп,
Дайындап кетти өзү деп,
Токмоктоп жүргөн күйөөсүн
Токтоолукка көндүргүн.

Эскертүүлөр

1. **Адат-салт айтыштары, тамсил айтыштар –** “Айтыштар” жыйнагынан алынды. Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I, II томдор, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.

2. **“Арстанбек менен Каңтарбайдын айтышы”, “Арстанбек менен Чоңдунун айтышы”, “Арстанбек менен Сүйүмбайдын айтышы”, “Арстанбек менен Жеңижоктун учурашканы**” - Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган «Арстанбек» аттуу китептен алынды. Китептин автору Батма Кебекова. Бишкек: «Илим», 1994.

3. **Айтыке менен Бекмураттын (Балык) айтышы –** 1940-жылы жазылып алынган. “Балык акындын ырлары” деген папкада. 1923-жылы К.Мифтаков жазып алган. Кол жазмалар фондусунда (инв. 250 (461) сакталып турат.

4. **Чоңдунун Айтыке менен саламдашуусу** - Залкар акындар (Музооке, Айтыке, Коргоол, Эшмамбет). 4-том, -Бишкек: “Шам”, 2006, 32-39-беттер.

5 **Назар менен Солтобайдын айтышы** - “Эл акындарынын өмүр баяны” деген папкада. Кол жазмалар фондусунда (иив. 98 (300) сакталып турат.

6. **Эсенаман менен Жеўижок –** Эл арасына кеўири таралган, ар тарабы келишкен, мыкты айтыштардын катарына кирет. Кезинде ТАИ тарабынан даярдалып чыгарылган. («Айтыштар», 1-том, Фрунзе, «Кыргызстан», 1972) китептин материалы менен Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын мектеп мугалими Турусбек Малабековдун текстти кошум-чаланып даярдалды. «Жеўижок» (1982) жыйнагындагы саясатка байланыштуу кыскартылган бир аз жерлери, бул басылышта кайра толукталды. Азыр кол жазмалар фондусунда Ш. Їмєталиев (Инв. № 561), Т. Абдыракунов (инв. № 555) жыйнаган материалдар сакталып турат. Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

7. **Эсенаман менен Чоңду** - Залкар акындар (Калмырза, Чоңду, Эсенаман, Үмөталы). 1-том, -Бишкек: “Шам”, 1998, 169-173-беттер.

8. **“Нурмолдо менен Нурбайдын айтышы (Замана)», «Бир алла», «Мухаммет пайгамбарым», «Нурмолдо менен Токтогулдун айтышы”** – Нурмолдо. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагынан алынды. Бишкек, 2003-жыл.

9. **“Найманбай менен Токтогул (I түрү)», «Найманбай менен Токтогул (II түрү)”** – Буга чейин Токтогулдун чыгармаларынын жыйнактарына (Токтогул. – Фрунзе, “Адабият” 1989, Токтогул. “Учкун” басмасы, 1964, Токтогул. Ырлар, термелер, айтыштар. 2014), “Айтыштар” жыйнагына (Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I, II томдор, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл) жарыяланган.

10. **“Найманбай менен Калмырза”** -“Айтыштар” жыйнагынан алынды. Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I том, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.

12. **Жеңижок менен Токтогул** - Токтогул Сибирден качып келгенден кийин, Аксынын Кара-Суу кыштагына барып Жеўижокко учурашып, ушул ырды жаратышкан. Бул учурашуу ыры Аксы районунун Авлетим кыштагынын тургуну Бєрїкул Алыбай уулунан 1971-жылы 19-ноябрда жазылып алынган. Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

7. **Жеңижок менен Нурмолдо** – Фрунзе шаары (азыркы Бишкек) шаарынын тургуну, акын Абды Байсалбаевден 1971-жылдын 24-июнунда жазылып алынган. Кол жазмалар фондусунда (иив. 5195) сакталып турат. Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

8. **Жеңижок менен Наркүлбүбүнүн (Рыскүл) айтышы** - Элге кеўири тараган айтыштардын бири. Окурмандарга сунушталып жаткан вариант Аксы районунун Жїзїм-Жан кыштагынын тургуну. 1947-жылы туулган Бабакулов Дуулаттын

1991-жылдын 17-сентябринде А. Жусупбековго берген кол жазмасынын негизинде берилди. (Жалпы окурмандарга ылайыкталып, айрым бир єтє кордогон ыр саптары, богооз айтылган сєздєрдї кыскартууга туура келди.). Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

9. **Шекер кыз менен Жеңижоктун айтышы** - Аксы районундагы Авлетим кыштагынын тургуну 80 жаштагы Бєрїкул Алыбаевден 1967-жылдын 19-ноябрында жазылып алынган. Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

10. **Коргол менен Жеңижок** - Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну 64 жаштагы Сатканбай Керимкул уулунан 1965-жылдын 24-мартында жазылып алынган. Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

11. **Жеңижок менен Барпынын учурашканы** (1-түрү) – «Ала-Тоо» журналынын 1962-жылдын №2 санына жарыяланган.

12. **Жеңижок менен Барпынын учурашканы** (*2-түрү*) – Сузак районунун Чөкө-Төбө кыштагынын тургуну 76 жаштагы Ынак Исман уулунан 1983-жылдын 18-августунда жазылып алынган. Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

13. **Акындардын аксыдагы айтышы** – Буга чейин «Коргол» китебине (Бишкек, «Адабият» басмасы 1993, 2013-ж), “Токтогул” жыйнактарына (Фрунзе, 1989, Бишкек, 2014) жыйнактарына жарык көргөн. Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

14. **Нурмолдо, Жеңижок, Барпынын тойдогу айтышы** - Бул айтышты Аксы районунун Кєпїрє- Башы айылынын тургуну, Жеўижоктун коўшусу Алымкулов Рысалыдан, кызы Рысалиева Шарипа жазып алган. Бул текст «Ош жаўырыгы» гезитине 1996-жылдын 19-сентябрындагы санына жарыяланган.

Бул жыйнакка Залкар акындар (Жеңижок) китебинен алынды. (2-том, -Бишкек: “Шам”, 2006.)

15. Токтогул менен Эшмабеттин тойдогу тамашасы - “Айтыштар” жыйнагынан алынды. Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I том, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.

16. **Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен**

учурашканы – Буга чейин Токтогулдун чыгармаларынын жыйнактарында жарык көргөн. Бул жыйнакка Токтогул. Тандалмалар (2014) деген китептен алынды.

17. **“Токтогул менен Эшмамбеттии Эшен капаларга карата ырдаганы», “Папы калпа”, “Токтогул, Эшмамбет менен Корголдун Эшенге ырдаганы**” - “Айтыштар” жыйнагынан алынды. Түзгөн А.Токомбаева. Фрунзе, I, II томдор, Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1972-жыл.

18**. Токтогул, Алымкул, Акыш жана Сулайман –** Бул ыр 1957-жылы “Ала Тоо” журналынын 8 санына, Токтогул. Чыгармаларынын 2 томдук жыйнагына (Фрунзе, 1989), Кезинде ТАИ тарабынан даярдалып чыгарылган. («Айтыштар», 1-том, Фрунзе, «Кыргызстан», 1972) жарыяланган. Жыйнакка “Айтыштар” китебинен алынды.

19. **Тойдогу айтыш –** Бул ыр Калыктын 1939-жылы жазып тапшырган циклдерине кирет. 1940-жылы “Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери деген китепке “Тойдогу тамаша” деген ат менен басылган. Буга чейин Токтогул. Чыгармаларынын 2 томдук жыйнагы. (Ф., 1989, Токтогул. Тандалмалар 2014) деген жыйнактарга жарыкка чыккан. Бул топтомго Токтогул. Тандалмалар (Түзг. А.Акматалиев, О.Сооронов – Б., 2014) деген китептен киргизилди.

МАЗМУНУ

Баш сөз.....3
АДАТ-САЛТ АЙТЫШЫ.....9
Байдын кызы менен жардынын кызы.....10
Акыйнек.....16
1. Багыштын кызынын айтканы.....16
2. Торуктун кызынын жообу.....18
3. Күчлүктүн кызынын айтканы.....20
4. Чурчаардын кызынын жообу.....22
5. Жети-кенттин кызынын айтканы.....24
6. Чериктин кызынын жообу.....26
7. Саруунун кызынын айтканы.....27
Бай кызы менен бакыр кыз.....29
Эркек бала менен кыз бала.....38
Күйөө менен колукту.....41
Жигит менен келин.....48
Кайнага менен келин.....60
Оторбай, Байтөктүн Алымкан менен айтышканы.....63
Айгандын баласы өлгөндө бука ырчынын табышмактуу
угузганы (I түрү).....68
(II түрү).....70
Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы.....72
Байгабыл менен Чата кыздын айтышканы.....79
Кыз менен жигит.....86
Кыз менен жигит.....89
Жигит менен келин.....93
ТАМСИЛ АЙТЫШТАР.....97
Сары эчки менен ээси.....98
Куба кой менен ээси.....100
Кара кашка менен Осмон.....111

Чыйырчык менен таранчы.....117
АКЫНДАР АЙТЫШЫ.....124
Арстанбек менен Каңтарбайдын айтышы.....125
Арстанбек менен Чоңдунун айтышы.....141
Арстанбек менен Сүйүмбайдын айтышы.....158
Арстанбек менен Жеңижоктун учурашканы.....183
Айтыке менен Бекмураттын (Балык) айтышы.....203
Чоңдунун Айтыке менен саламдашуусу.....206
Назар менен Солтобайдын айтышы……...……...……..212
Эсенаман менен Жеңижок.....213
Эсенаман менен Чоңду.....242
Нурмолдо менен Нурбайдын айтышы(Замана)….....248
Бир алла.....268
Мухаммет пайгамбарым.....275
Нурмолдо менен Токтогулдун айтышы.....297
Найманбай менен Токтогул (I түрү).....308
Найманбай менен Токтогул (II түрү).....310
Найманбай менен Калмырза.....313
Найманбайдын Эшмамбет менен айтышканы……...…..315
Жеңижок менен Токтогул.....319
Жеңижок менен Нурмолдо.....330
Жеңижок менен Наркүлбүбүнүн (Рыскүл) айтышы.....338
Шекер кыз менен Жеңижоктун айтышы.....352
Коргол менен Жеңижок.....360
Жеңижок менен Барпынын учурашканы (1-түрү).....366
Жеңижок менен Барпынын учурашканы (2-түрү).....371
Акындардын аксыдагы айтышы.....379
Нурмолдо, Жеңижок, Барпынын тойдогу айтышы.....387
Токтогул менен Жеңижок.....410
Токтогул менен Эшмамбеттин тойдогу тамашасы……...412

Токтогул менен Эшмамбеттин Эшен калпаларга карата ырдаганы …….....416
Папы калпа (Токтогул менен Эшмамбет) ...….....419
Токтогул, Эшмамбет менен Корголдун Эшенге ырдаганы.....421
Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашканы (I түрү)….....424
Тойдогу айтыш (Карамырза менен Токтогул) 446
Токтогул, Алымкул, Акыш жана Сулайман.....452
Эскертүүлөр.....473

Адабий-көркөм басылма

“АЙТЫШ” СЕРИЯСЫ

АЙТЫШ
I ТОМ

Адат-салт айтыштары
Акындар айтышы:
Арстанбек, Айтыке,
Чоңду, Эсенаман,
Найманбай, Нурмолдо,
Жеңижок

Түзгөн: А.Акматалиев, М.Көлбаева

Техникалык редактор: Тойчубек кызы Жазгүл
Терген: М.Көлбаева,
Калыпка салган У.Мурзабеков
1-коректура М.Мукасов
2-коректура Тойчубек кызы Жазгүл

Басууга кол коюлду 07.12.2015-ж. Офсет басмасы.
Офсет кагазы 80 гр. Көлөмү 11.25 басма табак.
Ченеми 60х84 1/32. Буйрутма № 41. Нускасы 575 даана.
Имак Офсет басмаканасында басылды.